КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

*«Окурмандын китеп текчеси»* *сериясы*

31-том

# СҮЙҮНБАЙ ЭРАЛИЕВ

Академик Абдылдажан Акматалиевдин
жалпы редакциясы астында

Түзгөндөр: *Абдылдажан Акматалиев*
*Айнура Кадырманбетова*

БИШКЕК
«ТУРАР» – 2018

УДК
ББК

Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы (2014-ж. 2-июнь, № 119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (2015-ж. 6-апрель, № 151-б.) негизинде жарык көрдү.

Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды.

Редколлегия:

Акматалиев А.А.
Байгазиев С.О.
Жайнакова А.Ж.
Маразыков Т.
Мусаев С.Ж.
Садыков Т.
Токтоналиев К.Т.
Эркебаев А.Э.

«Окурмандын китеп текчеси» сериясы: 31-том. **Сүйүнбай Эралиев** / *Түз. А. Акматалиев, А. Кадырманбетова.* – Б.: «Турар», 2018. – 632 б.

ISBN

Китепке С.Эралиевдин тандалган ырлары, поэмалары топтолду.
Китеп жалпы окурмандарга арналат.

УДК
ББК

ISBN

© КР УИА, 2018
© «Турар», 2018

## СҮЙҮНБАЙ ЭРАЛИЕВ

***(1921–2016)***

Кыргыз Эл акыны, Кыргыз Республикасынын Баатыры Сүйүнбай Эралиев 1921-жылы Талас областынын Талас районундагы Үч-Эмчек айылында жарык дүйнөгө келген. Болчок акын бала күнүнөн чыгармачылыкка жакын чөйрөдө чоңойгон. Акын «Кошойдун жери» поэмасынын кириш бөлүгүндө өзүнүн балалыгы жөнүндө төмөндөгүдөй маалыматтарды берет: «Мен көбүнчө таййатам менен тайэнемдин колунда жүрүп чоңойдум. Таййатам Атай Оогонбаевге күү үйрөткөн чоң комузчу эле, эскиче кат билгендиктен аны айылдагылар «молдоке» же «Орозбай молдо» деп коюшчу. Ошол кездеги мыкты комузчу, ырчылар, кыякчы, сурнайчылар биздикине көп келишчү. Алардын бири Кошой деген ырчы болчу». Автобиографиялык мүнөзү бар бул поэмадан, акындын тестиер чагында көзү азиз акын Кошой канчалык күчтүү таасир бергендигин байкоого болот. Ошондой эле акындын эскерүүлөрүнөн белгилүү болгондой, мектепте адабият сабагын окуткан мугалими чыгармачыл ишке ышкыбоз болуп, балдарды уйкаштырып ыр жазууга көнүктүрүүгө көп көңүл бөлчү экен. Табияты чыгармачылыкка жакын С.Эралиев окуучулук күндөрүндө А.Токомбаев, Ж.Бөкөнбаев, А.Осмонов сыяктуу көптөгөн акындардын ырларын да зор ынтызарлык менен окуп жүрөт. Поэзияга болгон мына ушундай ыкластуу мамиле андагы акындык шыктын ойгонушуна өбөлгө түзөт. Ал

алгачкы үйрөнчүк ырларын 1939-жылдан тартып мезгилдүү басмаларга жарыялай баштайт.

С.Эралиев 20 жашында Ата-Мекендик согушка аттанып, 1944-жылы майдандан жарадар болуп кайтат.1944–1951-жылдары Талас областтык «Ленин туусу» гезитине жоопту катчы болуп эмгектенет. 1951–1955-жылдары Москвадагы жогорку партиялык мектепте окуган. 1955-1959-жылдары «Кыргызстан пионери» газетасынын редактору, 1959–65-жылдары Кыргызстан жазуучулар союзунун секретары, 1965–67-жылдары Москвадагы жогорку адабий курста угуучу, 1967–84-жылдары Кыргызстан жазуучулар союзунун адабий кеңешчиси болгон.

Акындын алгачкы ырлар жыйнагы 1949-жылы «Биринчи жаңырык» деген ат менен жарык көргөн.1950-жылы «Тууган жер» аттуу экинчи жыйнагы жарык көрөт. Областтык гезиттин жооптуу катчылык милдетин аркалап, көпчүлүк энергиясын журналисттик ишке жумшаган, чыгармачылык жактан да тажырыйбасы чектелүү С.Эралиев алгачкы эки жыйнагы менен өзүнүн оригиналдуу акындык жүзүн көрсөтө алган жок. Акын А.Твардовскийдин «Василий Тёркин» поэмасын которууда (1956) чыгармачылыктын чоң бир мектебинен өткөндөй болот. Анын 1958-жылы жазылган «Ак Мөөр» поэмасы өз убагында кыргыз поэзиясындагы чоң жаңылык болгон. Кыйла романтикалык эргүү, акындык чоң даярдык менен жазылган бул поэма аркылуу С.Эралиев кыргыз поэзиясына жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачкан. Поэманын ритмикасы, поэтикалык ыкмалары, уйкаштык системасы жаңылык тартуулап, көркөм сөз каражаттарынын эмоционалдык экспрессивдүүлүгү, тузүлгөн мүнөздөрдүн ачык, дааналуулугу, терең психологиялуугу менен окурмандардын көңүлүн буруп, адабий коомчулуктун жакшы баасына татый алды. Ал эми 1964-жылы жарык көгөн «Өмүрлөргө, жылдызларга саякат» поэмасы менен

акын кыргыз поэзиясындагы дагы бир жаңы бийиктикти багынтты же бул поэма, Ч.Айтматовдун сөзү менен айта турган болсок, «кыргыз поэзиясындагы жаңы жээктин ачылышы» болду.

«Жылдыздарга саякат» эркин ыр формасында жазылган. Поэманын идеялык тематикалык мазмуну лирикалык каармандын эркин ой жүгүртүүлөрү, монологдору формасында чагылдырылгандыктан, андан улуттук лироэпикалык жанрларда буга чейин болуп келген ырааттуу өнүктүрүлгөн окуялардын сюжетин, каармандардын реалисттик пландагы психологиялык мүнөздөмөлөрүн кезиктирбейбиз. Поэмада ой, образдар өзгөчө метафоралуу, символикалуу планда түзүлүп, шарттуу мүнөзгө ээ. Поэманын негизги каармандары экөө: лирикалык каарман-космонавт жана анын энеси. Лирикалык каарман өтө кеңири жалпыланган, бүткүл адамзатты персонификациялап турган символдук образ болсо, Эне-жалпы Жер-Эненин образы сыпатында. «Жылдыздарга саякат» поэмасы С.Эралиевдин чымырканган изденүү жолунда тапкан принциптүү чыгармачылык ийгилиги болду. Ал тематикалык жагынан да кыргыз поэзиясына жаңыча бир көрүнүш катары кирди. С.Эралиевдин соңку бир нече поэмалары: «Жол», «Ак жыттар», «Мезгил вокзалы», «Кесиринсан» да эркин ыр формасында жазылып, өзүнүн жаңычыл-идеялык табылгалары менен улуттук поэзиянын көркөм-поэтикалык арсеналын байытууга олуттуу салым кошо алды.

Албетте, С.Эралиевдин новатордугун, поэтикалык табылгаларын жалаң эле анын эркин ыр формасында жараткан чыгармачылыгына байлап коюга болбойт. С.Эралиев салттуу уйкаштык формада мыкты поэтикалык чыгармалардын үлгүлөрүн жараткан акын. Анын «Жаңыл Мырза» поэмасы кыргыздын даңазалуу баатыр кызынын өмүр таржымалына арналган чыгармалардын ичинен көрүнүктүүлөрүнүн бири.

С.Эралиевдин лирикасынын тематикалык, идеялык-эстетикалык диапозону кең. Ал эмгекти, эл, жердин гүлдөгөнүн, достукту, сүйүүнү, кыргыз калкынын кең пейил меймандостугун, тоосун, суусун миң түрлүү күүгө салып, окурмандары менен бөлүштү.

С.Эралиев улуттук көркөм котормо өнөрүнө да зор салым кошкон. Ал А.Твардовскийдин көлөмдүү «Василий Тёркин» поэмасынан сырткары У.Уитмен, Р.Тагор, С.Есенин, Ф.Шиллер, Р.Рождественский, Э.Межелайтис жана башка акындардын чыгармаларын, о.э каракалпак эл дастаны «Кырк кызды» кыргызчалаган. Анын чыгармалары көптөгөн чет тилдерге которулган.

## *ЫРЛАР*

***1947***

### ЭНЕМЕ

Тогуз ай бою көтөргөн,
Толгонуп күндү өткөргөн.
Түйшүктү тартып муңайып,
Түн уйкусун төрт бөлгөн.

Арылбай башы эмгектен,
Ар убак бешик терметкен.
Бооруна кысып көтөргөн:
«Болсо, – деп, – жигит эр жеткен».

Жалбарып күндө жыттаган,
Жанымдан карыш чыкпаган.
Көрүнбөй кетсем алыска,
Көз жашын төгүп сыздаган.

Ардагы күчтүү энекем,
Азамат болду «берекең».
Кадырыңа кантип жетмекмин
Карзыңды актап бербесем.

## ЖҮГӨРҮ

Калың чыккан калдайган көп жалбырак,
Канбайт моокуң карасаң да жалдырап.
Кыздар кийген шайы сындуу шоодурап,
Кыялыңды кыйла жерге оодурат.
Кетмен алып, арыгына суу салып,
Арасынан эжем күлөт жоодурап.

## КЫРМАНЫМ

*(Кырманчынын ыры)*

Ай тегерек кырманым,
Айтсам көпкө жыргалың.
Кызуу эмгек маалында
Кырдай кызыл жыйнадым.

Тегиз, таза кырманым,
Тетиги түздүн, жылганын –
Бастырып алып буудайын,
Бакалын бөлөк ылгадым.

Өзүңдө күздү өткөрдүм
Түн салкынын көп көрдүм.
Өрнөктүү колхоз наамынан
Өлкөмө эгин көп бердим.

Эмгек күнгө эл алды,
Эми үч кампа бүт калды.
Барк кыламын өзүңдөй,
Байлык кенчи – кырманды.

*1949*

## ЖАЙКЫ ТҮН

Алда кайдан көз кысып жылт-жылт этип,
Арбашкансып жер менен сырга бекип,
Асман толуп көрүнгөн көп жылдыздын
Арасында ай калкып барат кетип.

Бардыгы тынч, талаа уктап, тоо үргүлөп,
Бак-дарактар дүмпүйүп турат түнөп.
Ташып аккан дайранын сүрдүү үнү,
Тараткансыйт ай нурун коштоп, сүрөп.

## ЧОЛПОН

Асмандын чети түрүлүп,
Аз-аздан барып таң атса,
Чыйрыгып булут сүрүлүп,
Суюлуп жылдыз баратса.

Байкаймын, дайым турасың
Балбылдап чыгыш тарапта.
Жеткенче бардык кубатың
Талбайсың мени карап да.

Бар сындуу сүйүү сырлары
Көз ымдап көктө күлөсүң,
Мен сүйгөн кызга мындагы
Окшошот бардык мүнөзүң.

***1950***

## МЕКЕНИМ

Батышка айдап, жоо кошунун талкалап,
Басып өттүм Европанын көп жерин.
Бирок дайым ойду бөлүп сен тарап,
Улам мени, сагындырдың, Мекеним.

Сүйүү күчүн сага арнап ар дайым,
Өз жанымдан ысыгыраак сеземин.
Качан болсо, кызматыңа мен дайын,
Карегимдей Ата-Журтум, Мекеним!

## КАРАБА

Сезимиңе жоктон сүйүү жаратып,
Сен өзүңдү көп кыйнаба, садага.
Көргөн жерде ичке жалын таратып,
Көз кылгыртып кереметтүү караба.

Болбос жерден санаа тартып, муңайып,
Кайра-кайра каттар жазба жана да.
Тагдыр буга кыйгач түшсө кимде айып?
Талдоосу жок, таарынычтай санаба.

## ЖАШТЫК

Мезгил учат, күндөр өтөт көрүнбөй,
Кербендердей, тизмегинен бөлүнбөй.

Жаштык деген жаркылдаган нерсе экен,
Толкуну көп кыргыз тоонун көлүндөй.

Жылдар сызат, сырттын соккон желиндей
Сыр билгизбей, сапарынан эринбей.
Өмүр чиркин өзгөрүлгүч нерсе экен,
Өлчөмүндө туралбаган төгүлбөй.

Бул турмушта жыргал болду билгеним,
Балын сордум, жыттап жыпар гүлдөрүн.
Алда кайдан бүлбүлдөгөн шамга окшоп,
Алыс узап калды жаштык күндөрүм.

Бул заманда буудан болуп мингеним,
Көңүл жаркып, көрдүм турмуш күрдөөлүн.
Жанган оттой, жааган күндөй жаштыктын
Качан колдон төгүлгөнүн билбедим.

## ЖАШАЙ БЕРЕТ

Акылман – эртеңкисин даана билер,
Ашкан эр душманына октой тиер,
Уккандын оюн бийлеп, эркин иер
Комузчу, ырчы, обончу – ченсиз чебер
Элим деп элжиреген жүрөк анда,
Билсең айт, дагы акынга жетпейт нелер?

Ташыса Ысык-Көлдөй ташкыны бар
Таланттан Токтогулга ким тең келер!
Эмесе «Жаш кыялы», «Алымканы»
Кылымдап кыргызында жашай берер.

## АТАЙДЫН ЭСТЕЛИГИНЕ

Кабарды кайран Атай өттү деген
Кайталап канча жолу уккан менен,
Анык деп ага жүрөк ишенбеген
Бирок да, жазмыш жолу күчтүү белем.

Шаңшыган, Ала-Тоонун күкүгү элең,
Кол ойноп, комуз кылы титиреген.
Кезексиз кете бердиң сапар тартып,
Курч талант, өткүр жүрөк күчүң менен.

Жаркылдап эл ичинде болуп бирге
Өмүрдүн дагы ыраатын көрсөң эмне?!
Ийиктей чимирилген кол байланып,
Илинип комуз калды керегеңде.

Жок, Атай,
Сен тирүүсүң,
Өлгөн жоксуң,
Замандын жүз жыл мурда жолун тостуң.
Кыргызда ким укпаган, ким сүйбөгөн,
Күүлөрүн «Маш Ботойдун», «Күйдүм чоктун!»

## БӨБӨК

Аппак бала, айдай, күндөй кыз төрөп,
Ардагым деп, жылдызым деп бөпөлөп.
Асыраган апаларга ыракмат,
Ак сүтүнө кызматыбыз жете элек.

Жайдын күнкү жаңы туугаН айга окшоп,
Жарык нурга жаңы келген жаш бөбөк.
Дүйнө таанып, бышса турмуш отуна,
Бизден алып өмүр жүгүн көтөрөт.

*1959*

## БИЙИКТЕ

Өткөн жерби кайберендин буту аттап,
Өр таянып, тоолор тоого бутактап,
Колтук керсе чокулардан чокулар,
Көзгө илээшпей көктөн чыгат учу аппак.
Чептей сүрдүү зыңгыраган аскалар,
Желдей жеңил булуттарды кучактап,
Өөп-жыттап, ашыгындай түнөтүп,
Атар таңда кайра узатат ызааттап...

Мөңгү жибип, ашуулардан ала жай,
Булак чуркайт шагылдарды аралай,
Асманында бүркөө түндөй булуттар
Алыс кетпей алда неге каралай,
Жай каалгып көчүп жүрүп, заматта
Жаз жамгырын самсаалатып салаалай,
Төгүп жатып токтой калат томсоруп,
Ыйлап-ыйлап тып басылган баладай.

Бирде элөөрүп, бирде кайра шалдырап,
Тоо шамалы жүрүшүн дем алдырат,
Жашыл беттин кыл кыягы өңдөнөт,
Бирде шырт деп бирде кайра калдырап,
Чөп түбүндө этегинен желпилип,
Улам  күчөп күүгө келген жалбырак.
Гүл кучактап көпөлөктөр чарк урат,
Ал да өзүнө жан жыргатар шаң курат...

***1961***

**АЛА-ТОО**

О, Ала-Тоо, Ала-Тоо!
Терметилген бешигим,
Сенде туулуп, сенде өсүп,
Ачтым дүйнө эшигин.

Уркуюп учу бөлүнгөн,
Булутту тешер миз сенде,
Тулаңы бутка өрүлгөн
Түгөнгүс мейкин түз сенде.
Ажайып окшоп көрүнгөн,
Айдың чалкар көлүңдөн,
Ак куулар көлбүй сүзгөндө.
О, Ала-Тоо, Ала-Тоо!..

Өрт аралап, ок жандап,
Ой-санаам тынбай бир жерге,
Эл жүгүн жонго аркалап,
Мен кыргында жүргөндө:
«Кыйын го, дедим, бөлүнгөн».
Көп жолу болуп жарадар,
Көп ирет калып өлүмдөн,
Өзүмдөй сени сыйладым,
Сагынсам келип ыйлагым.
О, Ала-Тоо, Ала-Тоо!..

Ошондо келчү элесиң,
Сылаган окшоп чачымдан,
Анткени, ыйык Энесиң...
Аптапты айдап качырган,

Суу болсом сага чачылган.
Аяздуу кышта сен үчүн
Гүл болуп турсам ачылган
О, Ала-Тоо, Ала-Тоо!…

* * *

Мезгил – китеп, али окулуп бүтпөгөн,
Күндөр, күндөр – анын жазган барагы.
Жаңы бетин кечээ биздер күтпөгөн,
Турмуш бүгүн шарт-шурт ачып карады.
Караганда бүлбүл этип көрүндү –
Ай менен Жер – ушул эки араны,
«ВОСТОК» минип өлчөп койгон замандын,
Бир кылымга эрте кеткен карааны.

## ЫСЫК-КӨЛ

Ысык-Көл, күзгү десем көл экенсиң –
Көк буурул толкундарың жөнөтөсүң…
Бир келип бетин жууган жаш сулуунун
Көрөм да сенде калган көлөкөсүн.
Бириңден-бириңди айрып бөлбөй туруп,
Боорума кысып кетким келет өзүм…

## ТОО СУУСУ

«Чү» деген жерден шар атып,
Куркурап кетип баратып,
Сүрдүгүп ташка жыгылып,
Сымаптай «жашы» сыгылып,
Кайрадан тура жүгүрүп,
Арыштан-арыш таштаса,

Аркардай бели бүгүлүп,
Кашатын кажап чойгулап,
«Даңканы» ташты койгулап,
Өткөөлсүз жерге өчөшүп,
Өзүнүн нугун ойгулап,
Кур болуп тоого курчалып,
Кыр ашып кетип баратат,
Кыйкырып ызы-чуу салып
Аңгырап кетип баратат,
Айтпасын түздөр: «Суусадык!»

## АК-БУУРА

*(Азил)*

«Күрпүлдөйт деп Ак-Буура,
Шарпылдайт деп Ак-Буура»,
Түптүү таштан түк койбой,
Түрмөктөнүп актыра,
Мактайт оштук акындар,
Барсак баары калп тура:

Арыктаган «ботодой»
Арыгында кылдырап,
Араң агат Ак-Буура
Андан көрө береги
Талас дайра алп тура!

* * *

Коңур күздө жетимсиреп көл бою,
Карагансыйт кашка жолдон көзү өтүп:
Болсо дейби баягыдай эл коюу...
Ээн калган кайыктарды күзөтүп,

Талдар турат, турган талдар миң андай.
Кечте алардан жылып келген көлөкө,
Кайыктарга минебиз деп, мине албай,
Жакалашып жаткан окшойт жел экөө.

**ТЕРЕКТЕР**

Табият жерге бөлдү энчи,
Ак карын гүлгө алмашып:
Туландан кийип белдемчи,
Тизеден сууну жалдашып,
Жайылып жашыл чатыры,
Ак терек – кыздар көйкөлөт,
Жандасаң бурк деп атыры.
Жел гана жумшак сөйкөнөт,
Тийишип мүмкүн жатыры?!

**ЭЛЕС**

Ак кылычтай аркы-терки чабылган,
Кайра-кайра жарк-журк этти чагылган,
Тең бөлүнүп калды көктүн чүмбөтү,
Ар жагынан жоодурады Күн бети –
Азыр мына бырс деп күлүп ийчүдөй,
Сахна ачылып, чыга калган бийчидей.

**САГЫНДЫМ**

Жашырбайм, ырас, ырас сагынганым,
Жаштыктай жалт-жулт эткен чагылганын,
Кеч курун шыгыраган кум мисалдуу,
Койлордун маарап төштөн агылганын.

Гүл-сайма кулпурушкан теребелин,
Үйрүлүп жылкы уктаган желелерин,
Сагындым, эми алыста жүрөбү эсен,
«Чечек», деп шыңкылдашчу жеңелерим?

Булутсуз тыбыраган жамгыр ырын,
Жан сүйгөн сууларынын жаңырыгын,
Сагындым –
Анда жүргөн малчыларды,
Сагындым, түтөгөнчө каңырыгым...

## ТООДОГУ КЕЧ

Арчалар жибек чачын желге тарап,
Кеч жаңы тоо арасын аңтарганда,
Жылкылар өзөн менен өрдөп барат,
Чыйрыккан ат тыбырап каңтарганда.

Боз үйлөр көк түтүнүн бүркүп көккө,
Жарк этти – жылдыз кирип эми эсине.
Тоо жаттап улар куштун үнүн көпкө,
Шыңкылдап кыз асылат жеңесине...

* * *

Ысык-Көл боорум менен бир бүткөнбү,
Кош эми, жөнөйм десем дүргүп келди.
Аттиң ай, ушул ойноок толкундардын,
Болсомчу жок дегенде бир бүктөмү.

Көл калды... кайра айланып көрөм келип,
Көл калды, коюу тартып тереңденип,
Асмандын кулап жаткан бир сыныгын,
Алдейлеп бооруна алган жер өңдөнүп.

## КҮНДҮН ЖЕЛЕСИ

Баладай ыйлап жатып булут улуп,
Басылды улутунуп – улутунуп,
Соңунан жашыл-кызыл желе түштү,
Бир калган буюм сындуу унутулуп.

Карасам күндүн ошол желесине,
Кылт этип келе калдың сен эсиме.
Анткени, дал ошондой жоолук салып,
Турду элең таанышканда мен өзүңө.

## СЕНИН МҮНӨЗҮҢ

Кээ күнү кезиктирем көздөрүңдөн,
Ак кыштын албууттанган бороошосун.
Аңгыча жарк деп, кайра өзгөрүлгөн
Жаз көрөм –
Баары кымбат мага ошонуң...

## КЕЛЕСИҢБИ

Сен барда,
«Шайырсың» дейт эл өзүмдү,
Сен жокто:
«Бир ал үчүн өлөсүңбү!..» –
Дешкенде,
Жалгыз үйдө жатып алып,
Баладай
Эркелетем элесиңди...
Мынча эле
Зарыктырып, мөгдүрөтпөй,
Жан эркем,
Келесиңби, келесиңби?..

## ЫРЫН УК

Булбулдун жакшы ырын ук, жакшы ырын ук,
Укканда эске салып турат баарын,
Жылдардын арасына жашырынып,
Бир калган жаштык-сүйүү курактарың.

Жалындуу көз караштты ошондогу,
Бир бассаң – далдалаган дарактарды,
Жүрөктүн кеч болгон соң бошонмогу,
Кат берип, тең эскирткен барактарды.

Айылдын ар жагында жумшак түнгө,
Акырын ороп коюп өзүңөрдү,
Ай, жылдыз жаткан кезде жуушап бирге,
Астында ант кылышкан сөзүңөрдү

Эстетет... таарынууну, табышууну,
Уйкусуз мүнөттөрдү, санаа баскан,
«Келсе», деп анда күткөн дабышыңды,
Жаз жытын, бойдо калган тарабастан.

Булбулдун жакшы ырын ук, жаш ырын ук,
Укканда эске салып турат баарын.
Жылдардын далдасына жашырынып,
Бир калган жаштык-сүйүү курактарың.

## ЖАЗ КЕЛЕМИН, КҮЗ КЕЛЕМИН

Көлгө мен жаз келемин, күз келемин,
Көбүнчө төрт сабак ыр издегеним.
Келбесем сагынгансып калам көпкө,
Жээгинде шапар тепкен кыз-келеңин.

Азыр да олтурамын кылаасында,
Августтун үлп этпеген ылаасында.
Жан сүйгөн жароокердин колдору окшоп,
Сыласа көл шамалы сыласын да!

Шырп этип, өйдө жагым, ылдый жагым,
Тийишип ойноп турган ылгый агым.
Жактырам көл жүзүнүн түш мезгилде
Уялчаак кыздан бетер кылмыярын.

...Күн батат, көл бетинен тайып нары,
Эл тарап, ээн калып кайыктары.
Байкалат суу үстүндө дир-дир этип,
Жылаңач жылдыздардын кайыкканы.

А кечте көл өзгөчө жүрдөөк келет,
Түнөргөн толкундарга түрмөктөлөт,
Дүркүрөп чабуул коюп, барат ана,
Жээктер жүрбө өпкөлөп, жүрбө өпкөлөп?!

Жок, – алар чегинүүдөн ары белем,
Жулкушуп чарчаганда аны менен,
Күшүлдөп, үшкүрүнүп, ооналактап,
Көл эмес, дөө жаткансыйт жаны менен.

Мен көлгө жаз келемин, күз келемин,
Көбүнчө төрт сабак ыр издегеним,
Келбесем сагынгансып калам көпкө,
Жээгинде шапар тепкен кыз-келеңин.

## ЖАЗ

Таңында араң токтоду
Түн бою жамгыр чыпкалап...

Үргүлөп турат ноктолуу
Бедеге тоюп чыккан ат.
Терезең ачсаң бурк этип,
Жаш чөптүн жыты жыттанат.

Жоодурап карап күн бери,
Өрүшкө барат кой, мына.
Торгойдун таттуу үндөрү
Төгүлүп кирет койнуңа.
А балдар ойноп жүрүшөт
Асылып жаздын мойнуна...

## АЛАЙКУ

Ал жактын адыр, жондору,
Алп окшойт жаткан комдонуу,
А мүмкүн алар ырлардын,
Кылымдар койгон томдору.
Шаркырап аккан суусу, анда,–
Комузбу, токсон тогоолуу?!

## СУЛУУ КӨРДҮМ

Сулуу көрдүм, туугандар:
Арка чачы алты өрүм,
Алтоосу да гүлдөрдөн,
А жылмайып күлгөнүн,
Асмандагы Күн берген.

Сулуу көрдүм, курдаштар:
Суудан шуру тагынган,
Көйнөктөрү – көк тулаң,
Ленталары – чагылган,
Жарк-журк эткен көктө улам.

Сулуу көрдүм, теңтуштар:
Тигинекей, карагын,
Олтурат арык боюнда,
Жанына коюп тарагын,
Жакында чыгар оюнга?..

– Оюнга чыгат, тосуп ал,
Жаз деген болот, досум ал...

## ТҮШ ЖОРУУ

– Жеңеке, түшүм жоручу:
Жеткидей жерге кол учу
Турналар түшүп жатыптыр
Бул эмине болучу?

Кабарчы дешет турнаны,
Качырып, бийкеч, урба аны–
Алардай болуп бир күнү,
Ашыгың келе турганы!

* * *

Сырларды козгоп кайдагы
Тарасак таңга аз калып,
Чарчаган белем ай дагы,
Асканын мизин жазданып,
Үргүлөп калган назданып...

## КҮЛҮКТҮН ЧАБЫШЫ

Түйүнчөк болуп түйүлүп,
Түпкүчтөй бели ийилип,

Тизгинди жулкуп алганда,
Тебетей артка кийилип.

Куюндан бетер закымдап,
Куюшкан жондо чакылдап,
Чөбүттө сүзгөн көбүктөй,
Чөмүлүп терге такым жак.

Жетпесе жерге туягы,
Жел менен учат сыягы,
Козголо түшүп тим болот,
Конуштун кара кыягы.

Жакада шамал дирилдеп,
Жал-куйрук учуп бириндеп,
Ташыган өңдүү кара жер,
Дайрадай артка күрүлдөп.

Качантан мындай буулукту,
Капшыра тиштеп суулукту,
Калкылдап кетип баратат,
Канаттуу мал го шумдуктуу

* * *

Жатышат жалбырактар кулап түшүп,
Жок алар, суу жүзүнө минип алып,
Кайдадыр кетип барат жыла сүзүп.
Жылгада жалаң этке жабары жок,
Чекилдеп ыйлап турат булак үшүп...

Чиркин ай!.. Менин дагы өмүр күзүм,
Келсе экен тура түшүп, тура түшүп?!

## АКЫНДЫН ЭСТЕЛИГИНЕ

Алп экен го оору акын Осмонов,
Түпкүрдөгү ойлоруңду козголоп!
Эми ачсаң да барактарын кээ күндө,
Көл шарпылдап аны менен тең үндө,
Жүргөн окшойт толкундарын тосмолоп.

Бергенине биз болчу элек ыраазы.
Эрте өчтү, жүрө турбай бир азы.
Балким достор, бардыр дале көөнүңдө,
«Көзүм өтсө, көлдүн салкын жээгинде,
Жатсам уктап?» деп калтырган мурасы?

Аткардыкпы ал керээзин биз анын?..
Кош бол акын, назик үндүү музаңын,
Жанды эритип, ойноп шыңгыр кагышын,
Же болбосо, «чапкан боз ат» дабышын,
Көптөн бери мен угалбай кусамын.

* * *

Козгойм деп менде сезимди,
Коротпо сулуу... сөзүңдү.
Аны мен окуп алгамын
Бир карап оттуу көзүңдү.

## СЕНИН ЭЛЕСИҢ

Аягын чапчып буулуккан,
Атымды кармап суулуктан,
«Шашпасаң, азга токто деп,
Сагынар бекем жокто»– деп,

Жаш суйүү уяң үчүнбү,–
Жалжылдап күлгөн жүзүңдү,
Жашырдың аттын жалына,
Жайылып чачың далыңа...
Жоготпой ошол элесиң,
Жөнөгөм жоого мен өзүм...

**ЭСТЕБИ**

Эстеби, секет, эстеби,
Экөөбүз ошо кездеги
Жоогазын издеп шагылдан,
Жол турса, кетип тескери,
Жоголуп кайра табылган?

Болбосо, курбум, эстеби,
Боз улан, селки кездеги,
Алгачкы түндөр сырдашкан,
Айылдан кетип тескери,
Ай менен бирге кырды ашкан?

Бирок да күндөр тездеди,
Издерди ошол кездеги,
Жаңыртса дегем жаш көктөм.
Жароокер, өзүң эсте эми,
Жылдарды мындан башка өткөн?

*1964*

* * *

Күн чыкты балкып чокудан.
Жылуулук алып отунан,
Кагазга түшөр бактымды
Каламдан күтүп отурам...
Мен жазган ырга ошентип,
Жылынар бекен окуган?!.

**КЕЛЕЧЕК**

Кел, эртеңдер,
Кел, таанышып алалы –
Жыйырманчы кылымдын кыр белинде,
Жаңырыктап кадамы
Бараткан мен –
Бардык–бардык мезгилдердин адамы,
Байыркы өткөн бабалардын тукуму,
Кийин келчү урпактардын урпагы.
Баратам мен,
Мезгилдердин агымына каршы коюп тулкуму.
Планетанын тагдыры бүт мойнумда.
Баратам бардык багытта:
Жерде,
Жылдыздарда,
Ыр койнунда.
Кээде кылым көпүрө,
Салмагымдан сынуучудай качырап,
Темирлерин сүрүп темир таманым
Чагылган от чачырап,

Баратам мен
Агытып ийип күндөрдү.
Менин жаным
Ар бир баскан кадамы үчүн
Кан, тер менен кун берди.
Баратам мен
Бул сапарга аттанган күн эсимде:
Баягыда,
«Аврора» кыйкырып,
Дүйнөнү бир силкип алган кезинде...
Көрчү, канча,
Канча алыска кеткемин
Кыргыз тоонун чокусуна чыккандай,
Колум созсом урунгандай көктө Күн
Шыбырасам,
Ай-жылдыздар уккандай!
Жомок мисал булдуруктайт өткөнүм...

Баратам мен,
Ар бир кыя
Кыйкырат мага «Токтолоп!»
Ар бурулуш
Чакырат мени «Токтолоп!»
Баары бекер,
Сууну көрчү сен уучтап?
Жерди көрчү ноктолоп?!
Ошол сындуу мен токтобойм,
Мени менен планета бүтүндөй,
Асман дагы,
Күн дагы,
Бактым дагы –
Баары менин энчим болуп бөлүнгөн.
Баратам мен,
Миң-миңдеген өмүрлөргө тирилип
Ар бир өлүмдөн.
Болбойт менин сапарыма деле чек,

Анткени,
Өзүм – келечек!

## МҮНӨТТӨГҮ ЖЫЛДАР

Сөз аларда арнап Жеңиш Күнүнө,
Мен ойлонуп каламын,
Өткөнүмө тиктегендей үңүлө,
Кулак түрүп,
Мындан көп жыл илгери,
От бүркүшүп дүңгүрөшкөн,
Замбиректер үнүнө,
Ажал ээлеп дүйнөнүн бир өңүрүн,
Адамзаттын өмүрүн,
Суу сыяктуу шимирип,
Аккан канды, көз жашты,
Жер алалбай сиңирип,
Ал чачырап булутка,
Булут ыйлап турган кезде
Жаштык,
Жаздык,
Жаз,
Кыз,
Үй –
Баары калып унутта,
Жоокерчилик милдет өтөп,
Жигиттиктин анда калган төрт жылы,
Сыйып эми бир секунд, бир минутка,
Көз алдыдан мелт этет.
Мелт этет да эсте кайра жаңырат,
Эне уулунан, катын эрден ажырап,
бузулганда бейпил өмүр бейиши,
башталганда ажырашуу кейиши,
Вокзал сыйбай көп элге,

Жаш келиндер жалооруп,
Шайы келбей алган эрин өбөргө,
Коштошкону тек гана бир томсоруп...
Боор эттен бүткөн уулун,
Башка бирөө тогуз соруп, он соруп,
Ага канбай төшөкө кысып жатканын,
«Ук! – дегендей,
Жүрөгүнүн жоого каршы какканын.
«Бил!» – дегендей, үндөй,
Сенин уулуң окшобосун жөн эрге!..»
Көргөн кезди өзүм жоого жөнөөрдө,

Фронттогу көп азаптуу күндөрүм
Учкан ажал үндөрүн
Алда кайдан ажыратып машыккан.
Окоптордо шашып-бушуп жеген аш
Өзүң жасап алган калай кашыктан.
Же болбосо, жолдорунда согуштун
Марш ырдашып баратканда жоокерлер,
Колоннадан колоннага тизилип,
Кокус түшкөн снаряддан бомбадан
Калган ырлар бир кайрымы үзүлүп.
Же бир азга согуш тына калганда,
Боортоктоп жер тамдарда жазган кат
Бүтө электе
Күү-шаа түшүп асман жак,
Замбиректер жаңырткандa атканын,
Таштай салып, чала жазган катыңды,
Атакага кирип бара жатканың...
Тен тартышып кызыл кыргын согуштун,
Бардык азап-тозогун,
Жоо бетинде дос болушкан жаны ысык,
Курбуң өлсө, өзүң көөмп,
Бейитинде бир тамчы жаш тамызып;
Эрдик даңкын даңазалап,

Барабандар дүңгүрөтө марш ойноп,
Денедеги кан дүргүп,
Керек болсо өлкө үчүн,
Жан кыйышты парз ойлоп.

Өлүм учуп турган кезде ызылдап,
Ылай үңүп, кар сойлоп,
«Өтүп көр!» деп жоону бөгөп жатканың,
Ок тешалбас брон болуп капталың;
Же баягы күн аптапта
Жел элп этип чөп козгоодон эринген,
Келатканда кармаштан кан төгүлгөн,
Тыбыш чыкпай кебээрсиген эринден,
Таңдай, тилиң көөп-кургап
Турган кезде суу табылбай
Жарым кашык,
Бир кашык,
Көлчүк көрсөң жүз төмөндөн түшкөнүң,
Карабастан кирине,
Туш келгендей дайралардын бирине.
Эрдик жолу – дайым татаал ушундай!..

...Ошол төрт жыл сыйып эми минутка
Өтө берет көз алдыңан мелт этип.
Бирок анда үшүп калган жүрөгүм
«Согуш!» десең чоочуп кетет селт этип,
Кой, угузба, укпайлы!
Эй, адамдар!
Коболоңсуз бүгүн бир,
Тынч жашап, тынч уктайлы! –
Деп чакырган үнүңө
Кулак түрүп калам мен,
Сөз аларда арнап Жеңиш Күнүнө.

**КАНТКЕНДЕ?**

Ныксырашып бир-бирине ыкташат,
Бул жерлерде эмне бар?
Тагдырларга толгон жылдар укташат
Замандардын түптөрүнө катынып.
Анда алардын алган деми болбосун,
Жаткан суулар жер алдынан атылып?
Болсо болор,
Суу түгөнбөс жер тили,
Жер күүлөрү
Дайым турган чертилүү.
Жер эмнени эскерсе,
Суу да билет байыркыдан беркини.
Суу добушу
Сени каптап киришет,
Жүлүн kуул,
Тамырларга тарашып.
Кайра сенин денеңден күү өндүрүп,
Каныңдан жол талашып.
Ошол кезде бул жерлерде жай алган
Бабалардын ой-санаасы,
Сезимдери жаңырат,
Адат, салты,
Тили ойгонот жамырап.

Бул жерлерде эмне бар?
Бабалардын турпактары укташат,
Бардыгынан бейкабар.
Бир кезекте бул жерде
Кыргыз элдин жаны ыйлап,
Тоолор аны түшүнүшкө тырышкан.
Бул асманды ошолордун үмүтү
Таштап ийбей,

Өйдө тиреп турушкан.
Күндөр учкан кансырап,
Жылдар учкан кансырап,
Дайым болчу кызыл кыргын уруштан,
Бул жерлерде
Казаттарын Манастын
Жаш төгүп жатып угушкан.
Бул жерлерде
Бабалардын турпагы –
Дайым тапкыч ойлорун
Ташка кайрап курчуткан.
Курчунан өлбөс ыр чыккан,
Кулаган тунук булактай
Бийик урчуктан.
Бул жерлерде
Далай тагдыр кагышкан,
Далай өмүр тонолуп
Бардан жокко агышкан.
Мунун баары турат жердин эсинде!..
Бабалардын жакшылыгы оболу
Жашап келген көзүндө,
Бериш үчүн бул жерлерге жарыгын,
Атта зуулап баратып,
Ат туягы аркылуу
Өздөрүнүн жазган өмүр тарыхын.
Жоого беттеп киреерде
Сууларындай мүнөзү курч,
Намыска тууган кара көк
Бабалардын жүрөгү уктайт бу жерде.
Мен андыктан,
Жерге жатсам,
Жердин жытын жыттасам,
Жердин суусун ууртасам
Бар кейишим унутуп,
Бар күнөөмдөн арылып,

Кайра энемден төрөлгөнсүп каламын,
Жердин жаңы чүрпөсү окшоп каламын.

Бабалар жаткан жер карзын,
Билбейм-билбейм,
Кантсем актай аламын?!

**ЭСКЕРИП КОЙ**

Мисалы бир чырпыкты
Эч кереги жок туруп,
Кетчү болсоң –
Же жаралап, же жулуп,
Эскерип кой, тууганым:
Жаратылыш жалпы ыйык,
Баарынан да карт Эне –
Жер кордоло турганын.

Сенден алсыз бирөөнү
Болбосо да күнөлүү,
Кетсең кордоп-ызалап
Эскерип кой, тууганым,
Бир ал эмес, адамзат
Бүт кордоло турганын.

* * *

Көк болсо дейм турналуу,
Көз болсо дейм сурмалуу:
Бирин – жаздын көркү үчүн
Бирин – сүйүү тууралу.

## ТОКОЙ ВАЛЬСЫ

Келатсам алдымда
Табият концерти:
Көл бийлеп жатыры
Кайыңдын, талдын да,
Теректин,
Чынардын,
Арчанын алдында.

Эшилип миң ирет,
Бир жипке ийрилет.
Толкундар толкунду
Сүйрөп кийрилеп.
Жарданган жыгачтар
«Бий жакшы, бий» дешип
Жарыша чайпалып,
Жарыша ийилет.
Куштардын үндөрү,
Оркестр барбы анда?
Арфа да,
Орган да,
Кыл кыяк,
Сурнай да,
Комуз да,
Гармонь да,
Бардык күү куюлуп,
Бир вальска барганда:
Желпилдеп жел урат,
Толкунду көл бурап,
Тыпылдап бий тамат,
Тыйылбайт ал бирак,
Дарактар бир азга
Турат да жалдырап,

Шатырап кол чабат,
Алакан-жалбырак.
Вальс бийлеп кетти эми
Бактардын баары да:
Түртүшүп бир-бирин
Ийинге, карыга.
Күркүрөп акты улам,
Бериге, арыга...
Бул да бир ташыган
Деңиз шары да!

## ИҢИР

Калбай калды карасак,
Каркыралар көктө эрип.
Кайда кетип баратат,
Иңир тоону бөктөрүп?

Үнсүз келип көпөлөк,
Гүлгө жатты көшүлө.
Айды көл, суу экөөлөп,
Кадап жатат төшүнө.

Желдин токтоп калды ыры,
Балким асман сиңирди.
Жаады жылдыз жамгыры,
Жыртып-жыртып иңирди.

## КИРИНИП ЖАТКАН КЫЗ

*(Ваншенкинден)*

Чечинди четке кыз барып,
Көрбөйт ко деген болжолдо.
Уялып жаны кысталып,
Энеден туума болгонго.

Каныккан картмак аялдай,
Баспастан эркин чалкалап,
Бараатат бекип, даай албай,
Кол менен денин калкалап.

Араак өтсө – эл чеги,
Бирөө көрүп турса уят,
Ак төшүндө эмчеги,
Тырсыят да тырсыят.

Суу жеткенде тизеге,
Сулк жыгылды түз эле,
Сүздү сулуу баягы,
Сууну шапшып аягы.

Ыңкып турат түз, талаа,
Шыбыш какпай жалбырак...
Кең табият суз гана
Кызды тиктейт жалдырап.

* * *

Аскалар көктү сайгылап,
Асманда сүңгүп ай жылат.
Түн бою байыр табалбай,
Дөңгөкшүп чыкты сай кулап

Жылкылар жондо күтүрөп,
Жылгадан жаң-жуң ит үрөт.
Чылбырын тартып кажанат
Чыйрыккан күлүк титиреп.

## КЫЗ КУУМАЙ

Кең жайлоо өрүштө,
Колхоз тоюнда,
«Кыз куумай» – көрүшкө
Кызык оюн да.
Эл толкуп уу-дуу,
Суудай күрүлдөп:
«Кууду» – дейт, «Кууду!»
Кан дүрүлдөп.
«Жет жигит!», «Чап-чап!» –
Кумар – бул оору да.
Куюшкан «чак-чак»
Ат соору да.
«Туубай кал намыска,
Жакшылап куубай!»
Кыз сызат
алыста
Учкан ак куудай.
Айрыбай көз тигип,
Нес турат телегей.
Кылкылдайт боз жигит,
Тарткан жебедей.

Тебелеп ат желди
Ышкыртты, улутту.
Ак көбүк – терби,
Артынган булутпу

Эл шыкак берип,
«Камчы!»дейт, «Камчы»
Ак «булут» эрип,
Акты эми тамчы.
Үн салат кара жер,
Туякта,
Туякта:
«Жетпесең а эгер, Уят да!
Уят да!»

Качкан – ал жаштык,
Сак бол, бурулат,
Биз да адаштык,
Кууп бир убак.

Кызык ко кыз куумай,
Көл болуп көк шибер.
Сызылат кыз куудай,
Таппай កончу жер.
Айрыбай көз тигип,
Нес турат телегей,
Кылкылдайт боз жигит
Тарткан жебедей.

Кыз сызат алыста
Учкан ак куудай,
Алга жутунуп.
А балким, кеткиси
Жоктур кутулуп?..

## КЫШКЫ БАЛЛАДА

Алып чыктым сени ээрчитип,
Кар боройлоп турган кезде көчөгө,

О, ал биздин эң кийинки кеч эле.
Жактырчумун дайым сени,
Дал ушундай кар чаңында караштЫ.
Чымкый кара пальтоңо алар жарашчу,
Калган өңдүү байчечекей ачылып.
Же болбосо,
Жылдыздары төмөн–төмөн асылып,
Кулаарына аз калган.
Бермет төккөн баркут сындуу асмандан
Сен өзүңө пальто тигип кийгендей,
Ак кар сага жарашчу.
Жактырчумун анда өзүңдү караштЫ.
О, анда бир ырахаттуу кеч эле,
Бирге айланып көпкө жүрдүк көчөдө.
Эсимде жок,
Анда саат нече эле.
Жарык жанган карагайдын түбүнө,
Toктой калдың бурулуп,
Сенин киймиң кардын аппак түгүндө:
Эрте чыккан күн нуруна,
Шүүдүрүмү жалт-жулт этип урунуп,
Ойноп турган көк туландуу,
Жерди салды эсиме,
Өзүң үнсүз жалжылдадың
Бүт көңтөрүп,
Жердин көркүн куйган окшоп көзүңө.
Ал көркүңдү айтуу үчүн
Караан издеп, карадым туш тарапты,
Тетигинде бирөө кетип баратты.
Токто десем укпай койду,
Ачуу менен жетип барып,
Булккуладым үргүлөшкөн даракты:
«Карагыла! Көрктү көрүп калгыла!»
Алар селт деп,
Аягынын алдына

Оронушкан ак «тондорун» кулатты.
«Эмне унчукпай турасыңар мелтиреп,
Айткыла!» дейм, төшүм менен мен тиреп,
Анткени мен коздукка мас элем.
А сен болсоң,
Ошол түнкү жааган кардай таза элең.
Эсим жыйып жалт карасам,
Жок экенсиң ордуңда.
Боор оорубай сен деп жүргөн шордуууга,
Каяккадыр качып бара жатасың,
Көп чакырдым,
калдым бирок кур жалак,
Этегине ороп алып,
Алып кетти бурганак.
Ага болбой издеп келем
Калдыбы деп тамашалап жашынып.
Караан көрүп сенби десем,
Жөн көлөкө болуп чыгат,
Карда жаткан арка-жонун кашынып...
Сендиректеп кайттым жалгыз,
Элсиз ээн көчөдө.
О, ал биздин эң акыркы кеч эле...

* * *

Токтотуп толкундардын кагылышын,
Көл күттү көктүн мончок тагынышын.
Кечээги шыбак жыттуу эрте жазды,
Чын чыгар сен да ошентип сагынышың.

Биз тургай, жер мас шыбак илебине,
Сүйлөөгө үн эмине, тил эмине?!
Жонуна ай көтөргөн тоону туурап,
Турду элем мен оронуп билегиңе.

Эмесе сага апкелдим шыбак жытын,
«Сезсин», деп аны искеген чын бактысын,
Сүйүүнүн муздап калган өбүүлөрүн,
Эскиртип биз таштаган убактысын!

## ЖАЗДЫН КЕЛИШИ

Жаз өзүнчө устакана,
Жасады ал
Бүрчүктөрдү,
Сабакты,
Жалбыракты.
Анан аны торолсун деп,
Күнгө сүрүп,
Шамал менен сабатты.
Жок, жок, алар – ноталар,
Жел акырын тырмаса
Дүрт деп дароо обон, күүлөр от алар.
Көрчү мына, жалбырактар ойдолоп,
Жер дүңгүрөп
Жаздын маршы ойнолот.
О, көрүнбөс табияттын кылдары,
Чертил-чертил!
Мага дагы сен ойногон күү дары!
Мына эми, жаз боёгун сүртүнүп
Аккуу – жашыл,
Жашыл болуп келди агы.
Жашыл тартат
Башта көзгө көрүнбөй
Ууру жорткон жел дагы,
Тамдар,
Булут,
Чөп – баары.
Гүлдөр үнсүз төрөлүшөт – асыл баа,

Бир оонатып алган өңдүү жашылга.
Менин дагы жаным бутак өндүрөт,
Ичсин денем, кансын бир,
Бооруң менен жер сыйпалап мөндүр өт!
Жаады, жаады –
Жамгыр – ал,
Ысык күндө боз түшкөн
Жел шыбырайт,
Мен шыбырайм:
«Жан жыргал!»
Жер ныксырайт денесине коштуруп.
Жамгыр болсо булут жактан кошкуруп,
Жал-куйругу самсаалап
төгүлүп кетип баратат.
Чөп майрамы,
дарак майрамы,
гүл майрамы –
Алардын баары жайдары
Жашыл кийинип.
«Куттуу болсун!» –
Асман келип жерди өптү,
Тууган айдай ийилип.
Жаа, жаа жамгыр,
Жер-даракты кандыр,
Тамыры дагы көктөсүн.
Энтелейт жамгыр,
Басалбай ээликкен өпкөсүн.
Тамчылар жатат жерде
Жылтыратып көк көзүн,
Улам жууп-тазалап
Жатат жердин барысын.
Шыгырайт күмүш тыйын
Асфальтка төгүлүп,
Төлөп жатат карызын
Асмандын оозу сөгүлүп.

## ТОКОЙ УКТАЙТ

Июнь. Ысык.
Токой үнсүз шыкалат.
Аярдана басып кирет күн гана,
Башын салып
Ар жылчыктан шыкаалап.
Токой уктайт,
Токой укпайт, ургүлөп.
Жел акырын кийрип иет шооланы
Же жалбырак,
же бутакты түргүлөп.
Калбасын деп,
Муздак,
Үшүк,
Караңгы.
Түш мезгилде суу жээгине жетти да
Күн бир азга токтоп чачын таранды.
Калды чачы туландарга чатышып,
Суулар аны толкундарга орошуп,
баратышат,
Каткырып үн катышып.

*1966*

## КЫРГЫЗ ТОПУРАГЫНА

Бала кезде ойлогом:
Дүйнө илгертен ушундай,
Жер өңдөнүп, калыбынан бузулбай
турган жана тура берет ата-эне.
Азыр эми алыстаган вокзалдай
Ал куракдар калып калды бат эле.
Жаш төк,
Жалбар үч убак,
аны экинчи көрүү жок,
Калуу да жок ага кокус учурап.
Андагыдай чуркап өтпөй мезгилди,
Боорум менен жылып өтөм десем да
мага койбой мезгил алга учурат.
Жаш күндөрүм үзгөн сайын карааныn,
Мен да сага кызганчаак болуп барамын.
Билинбеген кайдагы бир сезимге,
Бир үлп этип желиң тийген кезинде,
Сага деген сүйүүлөрүм жаш болуп,
Тегеренип тура калат көзүмдө.
Асманында сулуу, сулуу жылдызы бар
                жер да – сен,
Жылдызындай кашка-кашка суулары бар
                жер да – сен.
Билбейм-билбейм, эмне болор экемин
сага деген карзымды актап бербесем?!

Эсиңдеби, туулган жер?
Баягыда сага жазган кат мына:

«Силер суулар,
Жаңырыктап аккыла,
Куштар силер,
Бой ургула чабытка!
Кечээ, бүгүн арабыздан кеткендер
тынч жаткыла, тагдыр аттуу табытта.
А дарактар силер көктөй бергиле,
Жерде турмуш бүтпөйт деген белгиде.
Силер менен сырдаша албайм мен эми,
Баарың аман калгыла,
А мен кеттим келаткан жоо алдына».
Берип кайттым мен анда төрт жылымды.
Эмне деген жылдар эле, о чиркин!
Кырк биринчи жыл жазына курбалдаш,
Сулуу,
Күчтүү,
Жана жаш,
Бала оюндай таза болчу жылдарым.
Жаратымдан аккан канга аралаш,
Бороон каккан бир күздүн
жалбырагы өңдөнүп
калышты алар,
Адамдардын сөөгү эгилген талаада.
Бирок, анын эстелиги – жараттар,
Турат мына денемде.
Алар сыздап кетишет,
Амалкөйлөр төш уруп,
«Жерди сүйөм» дегенде.
Бизге дагы сыноо эле ал күндөр,
Сага дагы сыноо эле ал күндөр...
Сени коргоп уулдарың окко учса,
Үнүңдү уктум каргылданып ыйлаган.
Кайгыңды уктум күңгүрөнүп тынбаган.
О, Энеке,
Аны угуу да мага болгон азаптуу.

Мен ошондо түшүндүм,
Сенин мага канча кымбат экениң,
Окко тосуп жыйырмада жашымды
мен батышка жылгамын.
Өлсөм үстүм жаппасына жан кейип,
Топурагы өнүп-өскөн жылганын.

Сени сүйүп жан беришти канчалар!
Алар бүгүн өз бооруңда укташат.
Жок, уктабайт, кеткен алар тирилип –
Мүрзөлөрдөн өнүп чыккан чөп болуп.
Алар сүйлөйт акырын баш ыргашып,
Ал кыргындын азаптары жөнүндө:
«Эй, адамдар! Аны ала жүр көңүлгө!»
А өздөрү бизде жок.
Бирок калган кан жолдордун башталышы,
Бүткөн жери – вокзалдар.
Калган жана ак сүйүүлөр жердеги,
Турат дале баштагыдай жанды азгырган
эски асман.
Бүгүн биздин тирилик
өтүп келген ок көзөгөн өмүрүнөн алардын.
Урматына алардын,
Салют берет дайыма
шатырата жамгыр төгүп кең асман,
Шуудурашып токойлор,
Шарт жарыла каткырышып жаш балдар,
Биз тирүүлөр – биз аларга эстелик...
Кайра келсем,
Туулуп өскөн топурак
толгон, толгон вокзалдарың көрсөттүң,
Мен өңдүүлөр батпай жүргөн топурап.
Ошол жерден –
Миңдеген жол турмушка,
Ар биринде бирден белен поезддер,

А мен ачтым адабият вокзалын,
«Түзүк ко, – деп, өзүмдү-өзүм издегеним –
казганым».
«Тилди сүй,
Сөздөр – кыш,
Ой – данакер,
Тургуз үй!»
Айткан элең аттанарда жолума…
Үңүп, казып келемин өз дүйнөмдү
Кыргыз тили – алган курал колума.
Тууган жерим, ыраазы бол барына!
Мен сөздөргө жан beралбай – түйшүктүү,
Мен ойлорго от beралбай – түйшүктүү,
Тууган жерим!
Кээде катуу кыйналганда ырымда,
Балким пайдам көп тиймекпи, деп кетем,
Ыр айдабай,
Жылкы айдасам кырында?!

***1970***

* * *

Ар кимге тууган жер кымбат,
Ар кимге тууган эл кымбат,
Анткени алар дүйнөдө
Бир гана болот бирөөдө.

Энеден эки туумак жок,
Өмүрдү арттан куумак жок,
Ал анткени, кайрылбайт
Агып өткөн сууга окшоп.

Өлгөнгө чейин бүтпөгөн
Иштери болот адамдын,
Өмүрдөй артта чууруган
Издери калат кадамдын.

**ТООЛОР**

Бул жакты карайм – тоо турат,
Ал жакты карайм – тоо турат.
Асманга чейин тоо тоого,
Учкашып жүрүп олтурат.

Боорунан өтөт ай жылып,
Койго окшоп, кечте жайылып.
Жылдыздар келет... а кээси,
Учкансыйт «буту» тайгылып.

Ойлогом бала чагымда:
«Тоо менен дүйнө түгөнөт,
Алардын ары жагында,
Кең асман гана түнөрөт...»

Чечүүгө тоонун көп сырын,
Жаш акылым жеталбай,
Олтурар элем кеч курун,
Тоолорум таштап кеталбай...

Алардан аркы дүйнөнү,
Түшүнүү, билүү, үйрөнүү,
Көп болгон сайын канчалык,
Тоолорум карайм тамшанып.

## ЖҮЗ ЖЫЛДАР МЫНДАН КИЙИН ДА

Жүз жылдар мындан кийин да,
Бул тоолор минтип турушат.
Анда да бизче адамдар
Карыбас үчүн тырышат.

Жүз жылдар мындан кийин да,
Сүйүүлөр болот ушундай.
Үшүнтүп жерге жаз келип,
Үшүнтүп чыгат ушул Ай.

Жүз жылдар мындан кийин да,
Дарактар желге ыргала
Шуудурап турат үшүнтүп...
Биз жокпуз анда бир гана.

## АДАМ

Балким адам музыкадан түзүлгөн –
Ал бар жердин бардыгында күү ойноп,
Ал жок жерлер окшойт кылы үзүлгөн.

Же ким билет, жаралганбы ал ырдан –
Ал бар жерлер обон болуп жаңырып,
Ал жок жерлер окшойт үнсүз аңырган.

Бүттү бекен, же жарыктан, же оттон –
Ал бар жерлер дайым жарык жадырап,
Ал жок жерлер окшойт күнүн жоготкон

## КҮНДӨР

Жаралгандан
Жер жашыл да, асман көк,
Ортосунда өтмөк дүйнө,
Өзгөрмөк.
Кечээ күнкү аккан суулар
Бүгүн жок,
Жер үстүнөн
Жер алдында жаткан көп.
Тирүүлүктө,
Кээде кырга токтолуп,
Кээде кетип,
Колоттон «ат» откоруп.
Турмуш – тоонун боорун бербей,
Жылтылдап
Жанат тура,
Адам жарык от болуп.

Жанат тура,
Ар ким өз-өз алынча,
Кээси күйүп,
Жалбырттаган жалынча.
Кээси болсо,
Өчөр өңдүү бүлбүлдөп,
Бирок болбой
Бир-бирине барымта.

Тагдыр да жок,
Адам өзү тандаган,
Турат оттор,
Жерди кысыр калтырбай,
Жылдыз мисал,
Күндү дайым жандаган.

Бирок күндөр,
Тынбай октой атылат,
Турмуш алга
Арыш таштап катуулап.
Кечээ күнкү
Биз ырдаган ырлардан,
Бүгүнкү ырлар
Алда канча бакубат..

## АТА-ЖУРТ

Иш аткарсам,
Ар кыл менин абалым,
Абалымдын жакшы жана жаманын,
Айталамын бир гана
Карап туруп Ата-Журттун кабагын.
Эгер сезсем,
Анын макул көргөнүн –

Анда жыргал,
Чыга түшөт абаным.
Жок, антпесе –
Көктөн жерге жылдызым
Түшкөн өңдүү,
Кыйын алда каламын.

Карай берем кылчактап
Ата-Журттун кабагын,
Алсам алам бир гана
Ата-Журттун сабагын.
Күл чыгарсам –
Анын күлүн чыгарам,
От жаксам да –
Анын отун жагамын.
Жакшы билем, Ата-Журт –
Өлгөнүмчө жүрөк болуп кагарын.

## АЛА-ТОО МЕНЕН КЫРГЫЗДАР

### I

Кылымдар келди-кетти конок болуп,
Кыргыздар бул тоолордо көчүп-конуп
Кетишпей,
Не бир кыйын күндөрдө да
Жүрүштү эчен-эчен жоодон коруп.
Ал үчүн ач болушту,
Ток болушту,
Ал үчүн бар болушту,
Жок болушту.
Ансайын Ала-Тоосун жандай көрүп,
Алар эч эңсеген жок жат конушту.
Атасак «Ала-Тоо» деп,

«Кыргыздар» деп,
Аларда – бирдей эле маани, бир кеп.
Тарыхтын көлкүгөн кең агымында,
Алдыга тең жарышып бара бермек.

**II**

Кайсы учурда Кыргыздын,
Кайсы мууну болгонун,
Кайсынысы көөнүнө көп толгонун,
Кайсылары чабал чыгып калганын,
Калыс туруп,
сынай жатар Тоолорум.

## ЖЕРГЕ СЫЙЫНУУ

Көлүнө чөксөм капанын,
Көк чөпкө барып жатамын,
Төшүнө башым койгондой
Өзүмдү тапкан апамын.

Жыттатат жытын жер анда.
Жиберген мээри жел менен,
Чачымдан сылап турганда –
Мен кечиргич, мен кенен.

Адамда өмүр ар кандай,
Каржалса жаным кайгыдан –
Атама арызга баргандай,
Анда мен тоого кайрылам.

Кайрылсам, тоолор каратат
Өзүндөй өйдө дүйнөнү,
Жүрөк да жууп таратат
Жердеги майда-чүйдөнү.

## ТООЛОР КҮЛӨТ

Тоого сен чыктың беле,
Тоо күлөт, уктуң беле?
Тоолордо гүлдөр жашыл,
Тоодо гүл кызыл-тазыл,

Ар бири өзүнчө кооз,
Ар бири өзүнчө асыл.
Жашыл гүл – жашыл күлкү,
Ак гүлдөр – аппак күлкү.
Кызылы – кызыл күлкү...
Адамга тоолор минтип,
Күлгөнүн гүлү менен
Угамын күнүгө мен.

* * *

Өзөндөр –
Күмүш кемер кур байланып,
Адырлар –
Жашырышса кырын карга.
Ысык-Көл –
Түрмөк-түрмөк ырга айланып,
Ыр калкып кетип барат кылымдарга.

## КЫРГЫЗ ЖАНЫ

Ысык-Көл биздин тирүү тарыхыбыз,
Кыргыз
Кетип жатып,
Бул турмуштан,
Бул жерден,

Анда жанын калтырган,
Аны жандай сүйгөндөн...
Бул бир салт байыркыдан бери карай.
Жатат мына, Ысык-Көл,
Кыргыз жаны
Мелт-калт толгон чарадай.
Ысык-Көл түрмөктөлсө,
түптөн кайнап,
Шарп этип жээкти урат
«Жандар» жайнап.

Адамдар жээгинде туруп алып:
«Капырай, карасаң – дейт, толкуганын?»
Чынында
билбейт анын,
Ар толкуну – ар бир башка жан болуп,
Айтышып жатканын өз таржымалын.
О, кийинки урпактар,
Азыр келип аягыңа кулаган –
Жөнөкөй толкун эмес,
Менин жаным!

## БИР ГАНА

Бул дүйнөдө баары да өз жайында,
Бактар бүрдөйт жаздын гана айында.
Аска зоонун кыры менен суу акпай,
Агат жалаң коктусунда-сайында.

Бул дүйнөдө баары да өз жайында,
Куш жаралган учуу үчүн дайыма.
Жаздан кийин сөзсүз кайра жай келет,
Түн болгон соң – болот жылдыз, айы да.

Тоону тоо деп, алма деппиз алманы,
Кар болгон соң ак болуптур ал дагы.
Баары ордунда... Ордунда эмес бир гана,
Адамзаттын азга жашап калганы.

## ЭМНЕ БАР?

Дүбүртүңдөн чаң урап,
Дүбүртүңдөн
кулак тынбай жаңырат,
Мезгил, айтчы,
Сен каякка шашасың?
Кайда дагы сен ашуучу кыялар?
Андан ары эмне бар?
Анан дагы эмне бар?
Токточу көз ирмемге,
Түшүнсөм деймин сени,
Жөнөкөй сүрөт кылып
түшүрсөм деймин сени.

Жармашып колум туу жалга,
Секирип минип мен сага
мингендей азоо бууданга,
Жөнөй берсем чуу коюп,
Заманыма туу болуп,
Мезгил менен мейкиндик,
Артка аккан суу болуп,
Ай айлына беш конуп,
Күн айлына он конуп,
Бир кылымда эс алып,
Бир кылымда ойгонуп,
Улам издеп, менден мени жаңы таап,
Улуу-улуу жамгыр болуп жерге жаап...
О, мезгил,
Келет сенин бешигиңе бөлөнгүм,
Келет сага жүзүм менен жөлөнгүм...

## ОШОЛ ЫРЛАР

Жүргөн болсом ырга бир аз ыр кошуп,
Ошол ырлар –
Тоолор, сенден келди оошуп.
Жазам десем –
Чабан жаккан от окшоп,
Туруп берди кырларында Күн жоошуп.

Суулар, сенден алдым ырды мынчалык:
Жазар кезде мен жээгиңде тынч алып,
Жан терметкен бешик болуп бердиңер,
Жай шылдырттап,
Бир мукамдуу күү чалып.

Көп ырларым
кыз-келиндер, силерден,
Бир кез мени ышкы отуна имерген.
Бекер беле андагы шыңк күлүүлөр,
Көз караштар –
Силер мага жиберген?!.

Кыйры чексиз дан төрөгөн талаалар,
Көлдө жорткон толкундарга барабар,
Таң алдында термелишип турганда
Шоокумунан теӊ бөлүшкөн мага алар. –

Кээ бир ырды мага алдыртан айтышкан,
Ак чардактар,
Көл үстүндө кайкышкан.
Же мээнеткеч сапардагы толкундар,
Жээктерге үшкүрүшүп кайтышкан.

## ТОО БАШАТЫ

Көк көйнөгү шуудурап,
Желбиреп да серпилип,
Көк жоолугу дирилдеп,
Бермет менен шурусу,
Жерге чууруп бириндеп,
Бадал, ташты аралап,
«Жетчи, кана, каналап!»
Күлгөн бойдон шыңкылдап,
Тип-тик ылдый тызылдап,
Качып бара жаткан кыз...

## ЖЕЛ ТЕГИРМЕН СЫЯКТУУ

Улам келген жылдарды
Күнгө бөлүп майдалап,
Жел тегирмен сыяктуу
Жер огунда айланат.

Ай түгөнсө, ай калат,
Жаз түгөнсө, жай калат,
Кайталанып тынымсыз,
Жер огунда айланат.

Түбөлүктөн-түбөлүк
Жер огунда айланат.
Бир өмүрдү ал берип,
Бир өмүрдү кайра алат.

## КЫРГЫЗДЫН ИЗИН КАРАЙМЫН

Боз үйдө жатам. Үстүмдө –
Ачылуу түндүк, кең асман.
Астымда – эски күчүндө
Айланып жатат жер аздан.

А жерди алып кучакка,
Куушуп куштай, илгери,
бараткан чыгар бу чакта
Космостун кораблдери.

Чогу өчүп, жалаң калды күл
чартылдап күйгөн арчадан.
Алсырап араң батты күн –
иштеп чарчаган.

Тоолорду иңир сугунат,
Суулар күчөйт күүгүмдө.
Кулаганы угулат,
Таш күлдүрөп түбүндө.

Кай жерден таштар кулады,
Кай жерге жетип жай табат?
Эч ким билбейт, бир аны
Дайра гана айталат.

Ошол өңдүү биздин эл,
Жаткан тарых түбүндө.
Айдап, кууп мезгил-жел,
Алып келген бу күнгө.

Келген катуу сүрүлүп,
Бийик туруп, пас болуп.

Өлүп, кайра тирилип,
Арбын туруп, аз болуп...

Түндүгүнөн боз үйдүн,
Арасынан жылдыздын,
Күчүм берип көзүмдүн,
Изин карайм Кыргыздын.

Бүлбүл этет оболу
элестери кыргындын.
Доорлордун бороону,
Белестери кылымдын.

Тарых жазбай кагазга,
Кийин келген башкалар,
Тапсын үчүн адашса,
Тамга салган ташка алар.

Бирок айран каласың,
Коргогондой баласын,
Коргоп алып келгенге –
Комуз, боз үй, «Манасын!»

## БИЗДИН АСКАЛАР

Такай келип, тиктейм бийик асканы,
Үн чыгарсам турат мени басканы.
Жок, жөн карайм,
Бети толо чийимдер,
Анын баары – мезгилдердин жазганы.

Бирок билбейм,
Анда эмнелер жазылган?
Жоо көп болгон, биздин жерге асылган.

Ошондогу бир кыргындын элеси,
Ташка, мүмкүн, тамга болуп басылган?

Кээ бир жазуу
окшойт аттуу адамга,
Кармап жүргөн курал-жарак бар анда.
Өлгөндөр бар,
Жараланып жаткан бар,
Кээ бир чийим – окшойт качкан караанга.

Айтор ага жел тийдиби, жетишет,
Ал жазуулар үнгө айланып кетишет –
Ат азанап,
Сыр найзалар карсылдап,
Чуу калыңдап,
Ок атылып тарсылдап...

Окшоп сени «лап», деп басып каларга,
Бийигин айт аскалардын биздеги!
Ага ылайык көптүгүн айт аларда,
Мезгилдердин туягынын издери!

## ӨМҮР – ЖАЗУУ

Мезгилим агып барат жай,
Күндөрүн менден өткөрүп.
Өткөн күн – жазган барактай,
«Архивге» жатат көктөлүп.

Байкаймын ачып алганда
Беттерин чаңга басылган:
Көп күнүм актай калган да,
Көп күнүм чала жазылган.

Олтурсам ошол эскимди,
Эми ойлоп аргам түгөнүп:
«Не чачтым экен мезгилди,
Турчудай жерде түбөлүк?»

«Бүтөлсө бөксөм бул өңдүү?»
Убакыт учат көзүмдөн.
Уучка алган суу өңдүү,
Учурум чууруйт өзүмдөн.

## ТУРМУШ ӨЗҮ

Турмушта баары болот да,
Турмуштун өзү өйдө-ылдый.
Анда бар кыр да, колот да,
Анда жок түздөр бир ылгый.

Төрөлдүң, бүттү, келе бер,
Күтүшөт кыр да, кокту да.
Турмушта болбойт эмнелер,
Таарынуу-коюу жок буга.

Бир гана жери – адамда,
Бийикке чыкса чыргыйттап,
Жапыска түшсө жер жыттап,
Өзгөрүү болгон жаман да.

## УУЛУМА

Кар эрисе – суу болот,
Суу эрисе – буу болот,
Булут буудан жаралып,
Келет кайра кар алып –

Дүйнө ушундай тоголок.
Бирок, уулум, биле жүр,
Бир өмүрдү бир өмүр
Кайталабай өтөрүн.

Сен тек гана улайсың
Өмүрүмдүн этегин.
Алдыдагы күн айтат,
Аны кандай өтөдүң?..

## САЛАМ АЙТ

– Иш бүттү, келген атайын,
Эми мен элге кайтайын.
Кана, Сүке, өзүңдөн
Кимдерге салам айтайын?

– Тегеректе бир булак –
Тең төрөлүп, тең өскөн
курбум эле бир убак.
Алыс турат дебестен,
Сен ошого салам де!

Болгон суусу бир кулак,
Бирок ойноп акчу эле.
Миң бир эки кыл бурап,
Күү жаратып жатчу эле –
Оркестр беле ал эмне?!

Жүрдүк жаштык тууралу,
Өйүзүндө биз болуп.
Дайым жашыл тулаңы,
Жатар эле из болуп.

Куусаң качып кетчү эле,
Андан-мындан бир кулап,
Жетсең – колго, бетке же
жатар эле ургулап,
Мен ошону сагындым...

Сен жашарып, ал карып,
Сакал-чачы агарып.
Кабарлашпай кеткенге
катуу уялат экен де.
А болбосо достукка –
Азыр деле бекем де.

Жанга жаны үйрү эле,
Акты далай убакты...
Мен көрбөдүм дүйнөдө,
Башка ошондой булакты,
Булагыма салам де!

## ЖАППА ЧАПАН

Жаппа чапан,
Тартпа алдыма жоргону,
Сенден менин
Сураарым бар болгону –
Мен келгенде тургудай бол жадырап,
Ошондо мен олжолуудан олжолуу.
«Кам-чом жок» деп кейигениң кур бекер,
Суу болсо бер,
Бирок ойноп-күлүп бер –
Тартканыңдан тай союп, же кой союп,
Бирок күлбөй, бүркөлгөндөн бул өтөр.

* * *

Адам – аккан бир башат,
Түгөнгүчө ал жашап,
Канча өмүрдү алмашат –
Бир теринин ичинде!

Алгач анда – бала чак,
Аздан кийин ал качат,
Жаштык турат карасак–
Бир теринин ичинде!

Максат канча жаңырат,
Жүрөк канча жагылат,
Адам канча жаңылат –
Бир теринин ичинде!

Көп тамаша-той болот,
Көп драма ойнолот,
Не бир сүйүү ойгонот –
Бир теринин ичинде!

Бирок канбай көргөнгө,
Алган менен бергенге,
Кете берет өлгөндө –
Бир теринин ичинде!

## ЖАНТАЙДЫН АЙТКАНЫ

Таластын суусу жай агат,
Ойлонуп ойго баткандай.
Тоолору тоого таянат,
Кеп тыңшап, тым-тырс каткандай.

Айылда – күндүз агылга,
Аңгеме токтоп «ак ырга»,
Жатканбыз оонап үч акын
Жантайдын жашыл багында.

Ак дасторкон жайдырып,
Арыктан колду чайдырып:
«Кана эми, балдар, олтур» – деп,
Самоордон шашпай чай куюп,

Карыя бир кеп салды анда –
«Баарыңды угуп жүрөмүн,
Өзүңөр келип калганга,
Жетинбей жатат жүрөгүм,

Жүрөгүм сексен жаштагы...
Ал-күч жок, балдар, баштагы,
Алар мени бул жашка
Апкелди да таштады.

Жаш кезде берип колдоону,
Кереги тийчү мезгилде,
Кол үзүп, келбей койгону
Жакпас иш болду эч кимге.

Каржалып жатат күн, айым,
Карылык деген чидерде,
Кантелик... Эми кудайым,
Кайратты берсин силерге!

Айтмакмын, бирок башканы:
Ойлоруң гана баштагы,
Айрылбас анык дос экен,
Анан ал, дайым жаш дагы.

Карылык деген – жалгыздык,
Жалгыздын кайсы эрмеги?
Жанында жүргөн жан окшоп
Ойлордун сүйлөп бергени.

Мен коркпойм, балдар, өлүмдөн,
Мезгили жетсе – өлүү жөн.
Мен корком – жалаң мен өлбөй,
Ойлорду кошо көмүүдөн...»

Таластын суусу жай агат,
Ойлонуп ойго баткандай.
Тоолору тоого таянат,
Кеп тыңшап тым-тырс каткандай.

## ОЙ ЖӨНҮНДӨ

Ой адамга канат да,
Ой жок болсо адамдар
Оту өчкөнсүп калат да.

Ой жашабайт түбөлүк,
Алар да бат алмашат
Бири келсе, бири өлүп.

Жерге сепкен дан өнөт.
Ошо мисал ойлор да,
Бышат башта мөмөлөп.

Ачуу болуп да бышат,
Таттуу болуп да бышат –
Кагылышып кайгы, шат.

Адамдардын баштары –
Жаратпаса эч качан,
Жакшы ойлордон башканы?!

## ЫСЫК-КӨЛ МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ

Ысык-Көл,
Экөөбүздү бир жер тууган,
Сен дүйнө –
Көп заманга көлкүп турган.
Мен бири –
Бул күндөгү көп акындын,
Ыр менен бирде ысыса,
Бирде сууган.

Эң эле жакынынан жакын көрүп,
Бооруңа эчен-эчен акын келип
Ырдашты: «О, көлүм!» деп,
Ырларына
Жүрөктүн оту менен жанын берип.

Бир убак
Тоң айлында Жоомарт жүрдү –
Сен курдуу толкуур эле түрдүү-түрдүү.
Көп жатты Чолпон-Ата бойлорунда,
Алыкул –
Сенче терең, сенче сүрдүү.

Акындар: Жусуп дагы,
Мукай дагы,
Бирге өтүп бир айлары,
Бир жайлары,
Сенин бул жар чапчыган жээгиң менен,
Жылкыдай дүбүрттөтүп ыр айдады.

«Калды, – деп, – төрт толкунум кайда токтоп?»
Жүрөрсүң
Сен да аларды издеп-жоктоп.
Мен келсем,
Мага дайым көрүнөсүң,
Алардын ар кимиси өзүң окшоп.

Мен сага –
Ыйык сүйгөн бир жериме,
Меккеге эл аккандай илгериде
Келемин,
Келем жана сыйынууга,
Сендеги кыргыз ырдын пирлерине.

* * *

Жээктерге чалгын чалып алыстан,
Келип тынбайт,
Кетип тынбайт толкундар –
Кокус кургак жерге айланып калыштан,
Ысык-Көлдө, күмөн санап коркуу бар.

## КАЙДАСЫҢАР

Акты жылдар, өттү баштан далайлар,
Кайдасыңар, бизди окуткан агайлар?
Кайдасыңар, бирге окуган курбулар,
Ал кездеги жашыл жылдар, ак айлар?

Бирге келип, анан кетти тарап из,
Алыс болду, жакын болду арабыз.
Барган сайын жылдын саны көбөйүп,
Барган сайын биз азайып барабыз.

Мезгил артка жыла түшүп бир азга,
Биз олтурсак, анда олтурчу класста?
О, ал кайда! Ошондогу күндөрдөн,
Калды жалаң эскерүүлөр мураска.

Эскерүүлөр!
Эскерүүдө көп кызык...
Силер башка, мен да башка бу чакта.
Бирок силер баштагыдай көзгө ысык,
Мен баарыңды кысар белем кучакка!

## ЭҢСӨӨ

*Талас районундагы «Көк-Арык»*
*орто мектебине*

Бир убакта, биз олтуруп партада,
Эрте жетсек дечү элек,
Карап алып чоң дүйнөнү, картада...
Мезгил ага алып келди жетелеп.
Бүгүн кайра кайткым келет аркага –
Бери да эмес,
Ары да эмес, туп-туура
анда олтурган курагыма, партада.
Болбогонсуйт ошонун бир күнүндөй,
Мен өмүрдөн алган бардык мартаба.

Эмне жетсин анда кырчын учурга,
Неге десең, курчуп алган кезиңден,
Канча кызык, бараткаными курчууга!
Же болбосо, учкандан,
Беленденип жаткан кезиң учууга!
Мектеп – уям,
Туурум болгон – парталар,

Сентябрда толуп турчу уу-чууга.
Мен силерди сагынычтуу караймын,
Чыгып бара жатып өмүр учуна.

## КОЁ ТУР

Коё тур бир аз, жаз келет,
Жерге да биздей наз керек.
Көл таккан бермет өңдөнүп,
Кас-катар ак куу, каз келет.

Көк сайда шыбак буркурап,
Көп торгой көктө чуркурап,
Кайткандай болот кайра да
Качанкы биздин курч убак.

## КҮҮ

*(Тай атам – Орозбай комузчунун эстелигине)*

Убакыт Күндү ашырып кыясына,
Дүйнөнү боёйт күңүрт сыясына,
Ошондо кирип-кирип кетет баары,
Үйлөргө –
Ар ким өз-өз уясына.

Мына эми,
Уябызда биз да чогуу,
Аз-аздан жалынга өтөт оттун чогу.
Тай атам комуз кайрып төрдө олтурат,
Мен жатам,
Карап коюп коломтону.

Куш өңдүү канат какса кайруулары,
Күү менен жык толгонсуйт үйдүн баары.
Бирок да
Жатып алып мен убара,
Табалбай жалын, күүдөн айырманы.
Же жатар күү күчүнөн от өгөлүп,
Учкундар,
Кулайт мага жете келип...
Жок мына,
Жан-жабыла бийлеп кирди,
Жалындар
Бир-бирине жетеленип.

Жалындар,
Кызыл кийген,
Жашыл кийген,
Чачтарын самсаалатып жазып ийген,
Илгерки жомоктогу перилердей,
Күү укса,
Шаракташып бийге кирген.

## АТАЙДЫН КОМУЗУ

Бул – Атайдын «Ак Боору» деп жазылып,
Комуз турат
керегеде асылып.
Турат комуз –
Жаңырыктуу бир дайра,
Ташып жатып калгандай тып басылып.
Суу соолсо –
Сай да дароо кургамак,
Турат комуз,
Сайрай албай кур карап.
Кайда күүлөр,

Андан турчу төгүлүп,
Бирде нөшөр,
Бирде болуп бурганак?

Турат комуз,
Турган комуз не демек! –
Муңайгансыйт:
«Узак кеткен беле?» – деп.
А болбосо
айтар кезин күткөнсүйт,
«Алып берчи, келе?!» – деп,
Турат комуз,
Билер жөнү барбы анын –
Арт жагында,
Үйдөн аркы алманын,
Көк чөп баскан
көп мүрзөнүн биринде,
Түбөлүккө
Атай уктап калганын?!

Комуз күтөт
Мына-мына кирчүдөй.
Кылдар анда –
Бий эңсеген бийчидей...
Турат комуз,
Илген бойдон томсоруп,
Кокус тийсең –
Боздоп ыйлап ийчүдөй.

## ЖООМАРТ

Жоомарт жүргөн жерде болдум жакында,
Айтар сөз көп кечки жорткон закымда:
«Көрөсүзбү, Арым аттуу тоолор бу –
Бир кезекте гүл тергизген акынга.

Узун – Акмат андагыбы, башкабы?
Анын ушул айкырыктуу капшабы,
Акын оюн алып-жулуп тургандай,
Көп олтуруп кетер эле, ташка бу.

Ошол суулар азыр деле агышат,
Андагыдай дүйнөдөгү кайгы-шат.
Кээде гана аны көргөн аскалар,
«Акын жок» – деп, күңгүрөнүп калышат…

…Жоомарт жүргөн жерде болуп жакында,
Жөнөп жатып, жалт бурулсам,
артымда –
Кеч күүгүмдөн тармал кийип алышкан
Тоолор тиктейт кудум окшоп акынга.

## КҮЗГҮ ДАРАК

Жамгырда турат дарак,
Турат дарак,
Каржайып бутактары
жиптей тарап.
А жерде сан жалбырак сапырылат –
Өңдөнүп ыргытылган эски барак.

Аларды өлүк мисал бирден сүйрөп,
Күзгү жел кетип барат
тарап-тарап.
Колунда башка кылар аргасы жок,
Дарактар жаш төккөндөй… турат карап.

Бул бакта далай жүргөм,
Сейил куруп.
Ал анда турар эле миң кулпуруп.

Койнуна катып не бир ысыктарда
турчу эле салкынынан бир жуткуруп.
Анчалык жакшылыгын тийгизеби,
Биздеги кээ бир жакын, тууган-урук?
Мен дагы кошо жашып кеттим окшойт,
Алардын бул кайгысын көрүп туруп.

Анан да жамгыр жаады,
Жамгыр жаады,
Жамгырда жан этиндей жалбырагы
жатышат тебеленип
ылайда, алдындагы.
Ошого тикесинен тик турушуп
Шолоктоп ыйлагансыйт бактын баары...
«Койгула, жаз да келер!» – деп соорότом,
Өткүлө, көңүл айтып силер дагы?!

## ТҮН ЖАТАТ

Түн жатат жерге шыбырлап,
Жел менен сууда бир ыргак.
«Сырыңар кайсы?» дегендей,
Себелейт күзгү шыбыргак.

Сен да элестеп бир өтсөң,
От денемде дүр эткен.
Кардуу жамгыр болбосо,
Калбас элем бул өрттөн.

«Кой, ойлоюн башканы»,
Камчыланам Кашканы.
Ийним тийип жылдызга
Тоо түгөнө баштады.

Колтугумда ай калды,
Көралбайм, бирок, мал-жанды.
Койчулардын айлы эмне,
Космоско конуп алганбы?!

## ЖАЙ ТҮНҮНДӨ

Мына, мына кеч кабагы бүркөлүп,
Барган сайын күңүрт тартты айлана.
Жарк деп көктө учкан жылдыз мүрт өлүп,
Ай асманда каңгып барат жай гана.

Короо-короо койлор жуушап мындагы,
Ай талаада туз жаткансыйт чачылып.
Күлдүрт-күлдүрт сайлардын таш-кумдары,
Коктудагы суунун жаагы ачылып.

Билбейм, билбейм асман кайда сугунат,
Агып жаткан жылдыздарды түндөгү.
Алыс-алыс апай беттен угулат,
Кулун-тайдын кишенеген үндөрү.

Дөбөт үрсө, колот жакты акмалап,
Кыз селейип, кулак түрөт дабышка.
Ит-куш менен жигиттерден шек санап,
«Чо-ойт!» деп коёт, аз уйкулуу абышка.

## САГЫНУУ

Жылдар жылга багынат,
Суулар сууга агылат,
Жаш карыга айланып,
Сүйгөндөр сүйүү сагынат.

Сагынат, жаман сагынат,
Санаасын бөлүп сан убак.
Сагынган менен не чара –
Сатыкка кайдан табылат?

Жасатып алар жер да жок,
Карызга берер эр да жок...
Ойлобо, бирок, бул бойдон
Жоголуп кетет бул «жомок».

Эскере турган эс калат,
Карашып көнгөн көз калат.
Ал эмнеси? Ал, демек –
Алтыны бүтүп, жез калат.

## БИЗ ЖАШАГАН КАЛААДА

Мен жашаган, сен жашаган калаада,
Миң-миңдеген терезенин ичинде,
Бирин дайым карай берем кадала,
Турганымдай күндүн тартуу күчүндө.

Мейлиң каала, мейлиң аны каалаба,
Калбайт менин караганым кадала.
Терезе жок, терезе жок ал өңдүү,
Мен жашаган, сен жашаган калаада.

Терезе эмес, сенин эки көзүңбү,
Мени тиктеп, мени турган күзөтүп?
Жагыш үчүн жасап-түзөп өзүмдү,
Жаным тынбайт, күндө алдыңан жүз өтүп.

Ар биринде ар кыл сенин абалың,
Күлүп-жайнап күткөн болсоң бир эсе.

Бирде калат карыш түшүп кабагың,
Сендей сүрдүү сен жашаган терезе.

Сендей сүйкүм сен жашаган терезе.
Калаа оттору күйгөн кезде кечинде,
Атайылап мында келем мен эчен.
Калгам антип сенин тартуу күчүңдө.

## СЕНИН КҮЛКҮҢ

Мен жанында турганда,
Сен каткырып жиберсең,
Окшоп толкун урганга,
Көмөлөнүп кеткенсийм.
Көп жол басып кыйналып,
Кайра сага жеткенсийм,
Жеткен менен эмине?
Күлкүң кайра жаңырып

Сүрүп салат жээгиңе,
Жетпей койдум деле мен...
Сен жокто да шылдырап
Күлкүң агат денемден.

## СЕН ЖАНА МЕН

Сүйүүнүн өзү – жаз болуп,
А сен жашыл саз болуп,
Ага келип мен конуп,
Ала моюн каз болуп.

Чыкканда сүйүү күн болуп,
Сен бир көрктүү гүл болуп,

А мен анын жанында,
Булбул мукам үн болуп,

Сүйүүбүз – бир көл чалкыган,
Сен ак куу анда калкыган.
А мен анын толкуну,
Жээкке жетип чарпылам.

Сүйүүбүз – көл, күн, жаз болуп,
Жалганда сендей аз болуп,
А мен жүргөм, бир сенин
Сөөлөтүңө мас болуп.

**КҮҮ ЭЛЕК**

Мен комуз, а сен кыл болуп,
Бир күүгө келип толгонуп
Чертилер элек ар күнү.
Сагындым укпай ал күүнү.

Сен дагы мендей сагынсаң,
Кыл болуп кайра тагылсаң –
Чертилип көрсөк үн кошо
Жаңыртар белек күүнү ошо?

Жаңырса мүмкүн, жаңырар,
Анда эми кандай маани бар?
Ошондо айткан кептер жок,
Ошол кеч, ошол чөптөр жок.

Өзүңдү ошол кезде мен
Көрчүмүн башка көз менен,
Азыркы көзүм ал эмес,
А түгүл, бүгүн өзгө – мен.

Мен комуз, а сен кыл болуп
Бир күүгө келип толгонуп,
Чертилер элек ар күнү.
Сагындым укпай ал күүнү!..

* * *

Көзүңө көзүм жиберип,
Билектен тартсам имерип,
«Кой!» деген өңдүү урунду,
Колума күмүш билерик.

Билектен бери тартканым –
Өпкөнү бара жаткамын.
Аңгыча сездим сөйкөңдүн,
«Койчу!» деп бетке какканын.

## ТҮШҮНСӨҢ

Ойгонсом болду, мен калып
Ойлорум качат сен жакка.
Керээли кечке сандалып,
Келишет кайра эл жата.

Көчөгө чыксам болгону –
Көздөрүм издеп жөнөшөт.
Сенби деп, кээде миң жолу
Кылчактай берүү өнөкөт.

Кызматтан келсем болгону –
Кыйналган жаным эмес кеп,
Комуздай эчен толголуу
Кыялга кетем сени эстеп.

Текшерип байкап карасам
Тышымда өзүм, ичим сен.
Түйшүккө түшүп баратам,
Түшүнсөң экен, түшүнсөң?!

* * *

Карыш жылсаң, кайтарат энең сени,
Кара дөбөт жолотпойт барган менен.
Карашымча карайын,
терезеңи,
Жаппай турчу, жан эркем, пардаң менен?

## БИР СӨЗГӨ ЖОЛ ИЗДЕГЕНИМ

Келатсаң,
Тиктеп күдөр үзбөгөнүм,
Кезиксең,
Төмөн карап «сиз» дегеним
Сүйүүдө «сен» деп гана түз айтылчу
Жөнөкөй бир сөзгө жол издегеним

## ЖАЙДЫ ЭҢСӨӨ

Кыштакта аппак кыш турат,
Кызыл көз аяз ышкырат.
А мени азыр эңсетет
Адырда гүлдөр бышчу убак.
Кыялда ага учамын,
Жайгансыйт мага кучагын:
Андагы менин жаштыгым,
Андагы сенин кыз чагың.
Жылгалар, анан жылгалар,

Жылкыдай жуушап күн жатчу,
Коңгуроо добуш булактар
Колоттор сайын үн катчу,
Конуштар, үстү миң сайма
Кыз оюн куруп, түн катчу...

## ЖАШТЫК

Кайда суулар,
Ошондогу биз кечкен?
Кайда көздөр,
Көрбөсө жок издешкен?
Ал сууларды кайра да бир кечсем дейм,
Ал көздөрдү канбас элем тиктештен.

Турат дале,
Турат жашыл жылгалар,
Турбай бирок жылып кеткен жылдар ал.
Анткен менен ал жылдардын ордунда
Ошондогу биз ырдаган ырлар бар.

Түндөр келчү жылдыздарын жетелеп,
Чөптөр окшоп
Азыркыдан өтө көк,
Мезгилдин да ашуулары көп эле,
Биз эңсеген,
Бирок али жете элек.

Мен аларды кайра да бир ашкым бар,
Мейли ошондой,
Шыгырасын таш-кумдар.
Муну минтип, айтып жаткан себебим,
Мени такыр таштай элек жаш кумар.

## КУУГАНДЫДАГЫ ТҮН

*Социалисттик Эмгектин Баатыры*
*Шаршен Назаралиевдин эстелигине*

Түн бир оокум,
Биз жай алдык коктудан:
Башка дароо тердик-токум жаздалды,
Алдыбызга –
Төшөп коюп көк тулаң,
Үстүбүзгө –
Жаптык жайкы асманды.

«Бырр» бышкырып,
Күрт-күрт чайнап шиберди,
Аттар кетти,
Секиришип чидердүү.
Бой чымырап,
Уйкуга жан тартарда,
Кайдан-жайдан күкүк таңшып жиберди.

Сайдын суусу,
Аркырап да,
Күркүрөп,
Илебинен бетке салкын бүркүлөт.
Жел да жортуп,
Тоодон ылдый жакага,
«Уктаба» дейт, жалбыракты түрткүлөп.
Аны коштоп,
Ал жактан да,
Бул жактан,
Саратандар күү кайрышат кыяктан.
Анткен сайын,
Бүт денемден оргуштап,

Келип-келип,
Жүрөгүмө куят кан.

Мен ээ болбой жаткан кезде
канымa,
Үнсүз келип,
Бирөө жатты жаныма.
Эми акырын түн термете баштады,
Бирге кошуп
мени дагы,
аны да.
Түн болобу, биздин жердин түнүндөй,
Тегерете,
Тоолор туруп тигиндей,
Ортосуна жылдыздарын жуушатат,
Кой түнөткөн
короолордун бириндей.
Улам «чойт» деп,
Ит-куштардан тозоттоп,
Жетигенди,
Уркөр менен кошоктоп,
Жаткансыйбыз анын бир жак четинде,
Короо баккан
койчуларга биз окшоп.
Коңур булут –
Көктүн аска таштары,
Ары жыла
бери жыла баштады.
Короочу иттей,
Тынбай «үрүп» бакалар,
Түндү кууп,
Таңды атырып таштады.

Таңдын нуру толор менен көзүмө,
Жанымдагы,

Жаткан бала кезиме:
«Тур ой!», «Тургун!» деп түрткүлөп
бурулсам –
Ал бир түнгө
качып келген өзүмө,
А канакей?
Жаш курагым жанагы?
Түрткүлөпмүн туулуп өскөн талааны.
Азап болду
Ошол таңкы аттануу,
Айрыгандай
Атасынан баланы.

## СОГУШТА ЖҮРҮП БИР УБАК

Качкын, мейли качпагын,
Көрөсүң тагдыр жазганын.
Согушта жүрүп бир ирет,
Сагынгам Кыргыз асманын.

Жүрсө дагы жанымда,
Турпагынын бир уучу,
Тоолорум кирип түшүмө
Заманамды кууручу.

Чаңкасам канбай суусунум,
Ак көбүк аткан суусунун,
Агымы кирип түшүмө,
Амалым куруп турчумун.

Карасам деле кай жакты,
Кадыркеч көзүн жайнатчу.
Алардан бөлүп алган жоо
Ан сайын кыжыр кайнатчу.

Ойлосом азыр ал кезди,
Бул бутум далай кан кечти,
Бул колум далай ок атты,
Согушта адам – жан кечти.

Мен кирбеген калаа жок,
Мен жүрбөгөн талаа жок.
Азапты далай тарткамын,
Ар жеримди талап ок.

## ФРОНТКО ЖАКЫН ЖОЛДОРДО

Төгүлгөн кан,
Өлүм керек согушка,
Турмуш – момун,
Селт дей түшөт ок учса,
Бирок анан эл башына күн түшсө,
Көтөрбөскө амал-арга жок иш да.

Жолдор сансыз,
Кайсынысын карасак,
Кылк-кылк эткен дайра жылып баратат.
Адам, курал,
арасынан алардын
Бурк деп кээде ашпос жытын таратат.
Кээ жерлерде өтөр жылчык жок болуп,
Аккан «дайра» калат азга токтолуп.
Ошол кезде гармонь, баян тартылып,
Бий башталат,
Бул – согушта жок жорук.

Бийлеп кирет командир да,
солдат да,
Бийлеп кирет,

Ала коюп колду артка.
Бийлейт,
Ажал дуулаганга карабай
Ашып кетсе эки кадам ар жакта.

Бийлейт баары: «Кана!», «Кана!», «Тез!»
дешип,
Кээлер мында,
Жердештерге кездешип,
Бабырашып жыргап туруп калышкан,
Өткөн-кеткен көп күндөрүн эстешип.

Турмуш-турмуш,
Ага дайым бар орун,
Булар кечте жоого салып бороонун
Кырчылдашып калышарын билишет,
Бирок билбейт,
Кимдин эмне болорун.

## АТАКАДА

Атакада солдат кетип бараткан...
Алды жактан,
Душман жаткан тараптан,
Аткан бир ок оң колуна жаңылып,
Шалак этип кол кулады жарактан.
Такыр анын барын-жогун жоктобой,
Барат солдат атакада токтобой.
А кол барат аркасына чабылып,
Кан диркиреп,
Каптал ылдый агылып,
Аны билбей,
Айкай салып «Алгалап!»,
Баягы эле барганындай ал барат.

Жоо чегинди,
Чабуул тынды...
Ал жүрдү:
«О, колум!» деп
Боздоп, ордун кармалап

## ОКОПТО

Биротоло жанды жалмап токтомокко,
Учушат каяша айтып октор окко.
Жүрүппүз тынч күндөрдүн баркын билбей,
Адамзат барга көнбөй,
Көнөт жокко.
Үркөр да,
Жетиген да,
Алтын Казык,
Карашат бүгүн башка жымыңдашып.
Аларды бүгүн көрүп турган өңдүү,
Окопто жатып алып болом ашык.
Алар бир бул жерде да,
Айылда да,
Болгону мына мындай айырмада:
Мында сен – «акыркы ирет көрдүмбү?» деп,
Анда сен – кайдыгерсиң дайым ага.

## КАТ

Эңшерчүдөй түндүн бир жак капталын,
Замбиректер күчөтүшөт атканын,
Блиндажга жаңы кирген жоокерлер,
Жазып жатат бүтпөй калган каттарын.

Шашат баары.
Шашуу керек, убакыт тар,

Эртең эрте жөнөө керек бу каттар,
Ушул каттар – барган жердин баарына,
«Тирүү» деген кабар берип кубантар.

Каттар барат,
Барат андан тышкары,
Кан, ок-дары,
Күйгөн өрттүн ыштары,
Не бир ачуу салгылаштын терлери,
Дон жээгинде.
Ак кар – көк муз кыштагы...

## КАРКЫРАЛАР

Бүгүн да биз жатабыз жоону карап,
Бул кечте,
Ок атпай тынч эки тарап.
Кайдадыр,
Булуттардын арт жагында
«Карк-карк!» деп каркыралар кетип барат.

Согуштун учу барбы?
Болсо, кайда?
Созулат жылдан-жылга,
Айдан-айга.
Канча ирет жаз кайрылып келди жерге,
Канча ирет каркыралар кайтты кайра.

Жүрөбүз сыз окопту үй-жай кылып,
Туш-туштан бороон эмес,
Октор улуп.
Жүрөбүз үч жыл мындан мурдагыдай,
Катардан көп курдашты кетти жулуп.

Өңдөнүп ушул кайткан каркыралар,
Артына кайтпайт эми такыр алар –
Курдаштар
жаш курагын жашап бүтпөй
Кетишти…
Канча кыздар калды күтпөй?!

…Бүгүн да биз жатабыз жоону карап,
Бул кечте
Ок атпай тынч эки тарап.
Кайдадыр,
Булуттардын арт жагында,
«Карк-карк!» деп каркыралар кетип барат.
Барышар тынч жактарга конушканы.
Алардын ушул тааныш добуштары
Алпарат балалыктын бир кезине,
Жок өңдүү
Ушул үч жыл, согуш дагы.

Анда да каркыралар каркылдашып,
Келчү эле Ала-Тоонун артын ашып.
«От жакса – отко түшөт», деп түшүнүп,
Жүрчү элек саман ташып, бакал ташып.

Түн бою жанган оттор жанар эле,
Жол жүрүп чарчайт окшойт алар деле –
Талаада түнөп чыккан койлор окшоп,
Таңга жуук кырда олтуруп калар эле.

Азыр да кетип барат калкып алар…
«Бул отто ал оттордон айырма бар –
Муну мен жоого каршы жүрөм кармап,
Кайткыла биздин жакка, каркыралар!

Конгула тоолоруma баштагыдай.
Жүрчү элем мен алардан башта жылбай,

Сагындым.
Менин ошол сагынчымды,
Болсоңор ала барып таштагыдай?!»

## БИР ТУУГАН

Турган эле от күйүп,
Былчылдашып жоо менен.
Кайдан-жайдан ок тийип,
Жараланды соо денем.

Колумду көсөп барып ок,
Кетиптир ары ичиме.
Куладым кыйган тал окшоп,
Бир дөбөдө кичине.

Өрттөнөт тулу бой гана,
Билбеймин андан бөлөгүн,
Кылт этти жалгыз ой жана:
«Бүттү эми баары... өлөмүн?»

А кийин жыйсам эсимди,
Санчастта жатам, тирүүмүн.
Көргөнсүп түштө өзүмдү,
Ишенбей, шекшип жүрүмүн.
Бир күнү врач кат берет:
«Шинелиңден алдым,– деп,
Шашылып жазган өңдөнөт,
Михайло деген ал ким? » – дейт.

Окусам алып катты ылдам:
«Кош. Сакайып кет, тууган.
Сени алып чыккан – бир досуң,
Михайло – Тёркин дей турган,..»

Эх, Михайло, Михайло!
Сен бир шайыр эр элең.
Мени өлүмгө бербеген,
Ким деп жүрсөм, сен белең!

Учур эле, бизге жоо,
Ок мөндүрдөй жаадырган.
Мени кантип Михайло,
Алып түштү ал кырдан?

Жатамын ооруканада,
Асманга колум жеткенсип.
Сезим да, ой да, санаа да,
Михайло болуп кеткенсип.

Ал төрөлүп, чоңойгон
Харьков эмес, бу турган
Украина бүт бойдон,
Окшоп мага бир тууган...

Чейрек кылым болду деп,
Ал жеңиштин урматын,
Жаткан кезде белгилеп,
Сен эсимде турасың.

Азабында согуштун,
Жолдорунда согуштун,
Мен көргөндү сен көрүп,
Көпкө бирге болуштуң.

«Тёркин» дедик биз сени,
Сөзүң үчүн күлдүргү.
Кыйын го согуш издери –
Көрүшпөй калдык бир күнү.

Андагы жорук-жосунду,
Сурашса бүгүн балдарың,
Айтарсың Кыргыз досуңду
Кандайча сактап калганың?

Эптеп таап айласын,
Актаар болсом карзыңды!
Бирок билбейм, кайдасың?
Жоксуңбу же барсыңбы?

Баары бир,өзүң чоңойгон
Харьков эмес, бу турган
Украина бүт бойдон,
Окшойт мага бир тууган.

## КАН ЖАНА КАР

Курч аяз,
Кайың калч-калч этет үшүп.
Асмандан жай самсаалап ак кар түшүп,
Жакшылап жапмак болот жердин бетин.
А жерде канча кайгы,
Канча түйшүк!

А жерде,
Суудай төгүп аккан канды,
Боёодо тып-тынч жаап жаткан карды…
Ойлоном: «Айланайын, ак жакшылык,
Кан менен сен булганар жөнүң барбы?!»

## БИР УУЧ ТОПУРАК

Аты болчу Абдылда,
Оштон келген ал мында.

Бир жолку чоң чалгынга
Чыга берер алдында:

«Өзүм болбой суранып
Кетип барам бул ишке –
Келиш үчүн «тил» алып,
Жоонун сырын билишке.

Сенде турсун бул дагы –
Үч жыл мындан мурдагы,
Ала келген айылдан
Тууган жердин турпагы...»

Бир ууч эле бир неме,
Чүпүрөккө түйүлгөн:
«Дайым бирге жүрдү эле,
Келгенден бери үйүмдөн.

Ала жаттым уктасам,
Күчкө толдум жыттасам...
Бейитиме чачып кой,
Мындан аман чыкпасам?»

«Сен эмине, агайын,
Турасыңбы түш көрүп?»
«Келгенден соң алайын,
Тапшырманы бүткөрүп...»

Андагы чоң чалгында
Жүрүп дайым алдында,
Эрдик үчүн бир сыйлык
Алган болчу Абдылда.

**КУБАТААЛЫ АЛИЕВ**

Үй ордундай ачык жер,
Түнт токойдун акыры.
Фрунзелик артисттер
Концерт берип жатыры.

Андан бир аз арыраак,
Канонада үндөрү...
Аны басып жаңырат
Кыргыздын ыр-күүлөрү.

«Күүдө тил жок, жалганбы?
Ар кыл улут угат тең.
Анда ырдалбай калганды
Азыр ырда, Кубат сен.

Азыр «Үкөй», «Алымкан»,
Анан кийин «Даанышман».
Олтурушат жоокерлер,
Тым-тырс катып калышкан.

Олтурушат жоокерлер
Кол куралда карышкан,
Душман болуп себепкер,
Сүйүшө албай калышкан.

«Кубатаалы, дагылап!»
Сурайт баары каалашынча
Ыр-күү кайра жаңырат,
Октордон жол талашып.

## КЕЧИРИШСИН

Кейий берем ойлоп алып кээ күндө:
Бир кыргында – жан менен жан кагышкан,
Курбуларды, Дон суусунун жээгинде,
Окко учушуп, кайра турбай калышкан.

Өттү жылдар...
Бирок санаам сан дагы,
Көргөн сайын адрести жандагы:
«Кокус өлсөк, кабар кылып коёлу,
Кур күтпөсүн...» деп алышкан андагы.

Качан болсо Дон терең да, керең да...
Жан кашайып, боздоп турган менен да
Бейиттерге жакшылап жаш төгалбай,
Алга шашып, жөнөй бергем мен анда.

Анан дагы «өлдү» деп кат жазбагам,
Андай катка кол кыйналып баспаган,
Андыктанбы,
Адрести көргөндө,
Мен өздөрүн көргөн окшоп жазганам.

Ойдо болгом: «менсиз деле угулар».
Кокуй антпей, жаңылышсам мен эгер,
Кечиришсин, Дондо калган курбулар,
Кечиришсин, күткөн ата-энелер?!

## КЫЗЫЛ БРИГАДИР

Жетип ошол тараптан,
Тосмок болуп жоону окко,

Биздин бөлүк бараткан
Торопецтен Торжокко.

Эч тындырбайт ок атып,
Самолёттор үстүндө.
Күндүз бугуп тим жатып,
Жол жүрөбүз биз түндө.

Көрдөй түндө – жол жокто,
Ылай чыгып тизеге,
Келген элек Торжокко.
Анда коңур күз эле.

Чакан гана шаар экен,
А биз ага кирбедик.
Сурап билсек бар экен
Бизден башка бир бөлүк.

Танк, замбирек – баары да
Аттай «аза» байланып.
Калаанын арт жагында,
Калдык дароо жайланып.

А эртеси калаадан,
Калган эле жолкошуп.
Бир туугандай санаган
Садыгаалы Жолдошев.

Жүргөн окшойт мен курдуу
Элди-жерди сагынып –
Көрүп баса жыгылды,
«Айланып» да, «кагылып».

Мууган жердин көзүнө
Карагандай караштык...

Орден, медаль төшүндө,
Турат анын жарашып.

«Согушта да бул өзүн
көрсөткөн» деген ой турду.
Ал өзүнүн мүдөөсүн
Айтып берип олтурду...

Эркин, бейпил жылдарда,
Эч ким билбей согушту,
Эл жатканда жыргалда
Бул – бригадир болучу.

Айылдын чет жагында
Жалгыз бийик кыр турчу,
«Тур-гу-лаа!» деп таңында
Ал ошондон кыйкырчу.

Жөн турабы эл оозу,
Кээлер минтип күлүшчү:
«Бир кыштактын корозу!»
Бирок кийин билишти,

Элдин ойлоп абийрин
Бел чечпестен бир да бир,
Антип жүрүп ал кийин
Аталды «Кызыл бригадир».

Анан да бир кызык да –
Жай саратан ысыкта
Тумак менен күрмөнү
Таштабай кийип жүргөнү

Арак ичкен убагын
Көргөм эчен мертебе,

Закүскөгө тумагын
Жыттап, жөнөй берчү эле.

– «Сен уктуңбу кабарды,
«Короз» болуп аларды,
Ким ойготуп, жаткырат
Болду экен? – деп каткырат.

Шегим жок биз жеңерге,
Тирүү калсам эгерде,
Жеңиш тийген күнү эле
Жөнөй берсем дейм элге.

Тынчым кетет эстесем,
«Алар кантип жатты экен?
Данды кандай экти экен?
Малды кандай бакты экен?»

Кантсе да дыйкан адам да:
Кадырлуу жоокер болсо да,
Калды деп кандай абалда,
Колхозунда ой-санаа.

«Жатабыз жол жүргөнү»,
Келди аңгыча жолдошу.
Катаал күндүн бир жери –
Кыска болот жолгошуу.

Ошол болду мен аны,
Көргөнүм эң акыры:
Бошоткон болчу Венаны,
Ал азыр анда жатыры.

Жатса да анда ал уктап,
Эмгегин санап эл кадыр,

Балдарга жатат аныктап,
Болгон деп «Кызыл бригадир».

**КҮНГӨ ЭСТЕЛИК**

Петерсонис Янс деген,
Архитектор латышка,
Дос болушкам азга мен,
Баратканда батышка.

Жеткен жердин баарында,
Кагаздарын белендейт.
«Кийин курчу шаарыма,
Күн тургузмак элем» дейт.

– Күн тургузам? Бу кандай?
– Бул согушта биз жеңип,
Болот түндү буугандай...
Күнгө керек эстелик.
Ал эстелик туруугa,
Калаалардын бири да
Туура келбейт,
куруугa
Керек жаңы Рига.

– Көп айтасың сен аны,
Күндө оозуңан түшүрбөй –
Ал – кыялбы? Санаабы?
– Сиз жатасыз түшүнбөй...

Чын, түшүнбөйм мен ага,
Ал суйлөгөн «кызыктар»,
Окшойт мага жөн гана
Баш-аламан сызыктар.

«Жер булганып кан менен,
Дүйнө алышып жан менен,
Жаткан кезде, кайдагы
Калаасына кам жеген,

Кандай неме?» – дечү элем.
Бирок кантип курат ал?
Кызыкпагам кечээ мен...
Күн өткүчө бир катар,

Кечте душман күттүрбөй,
Калды бизге катылып.
Ок куралдан бүтүндөй
Жамгыр болду атылып.

Салгылашта андагы
Ажырадык,
                    бир катар
Жолдоштордон жандагы,
Арасында Янс да бар.

Качан, кайда болбосун,
Карасам күн көзүнө,
Курмак болгон ал досум –
«Күнгө эстелик» эсимде.

Эки чек бар жолунда:
Баш жагы – жоо колунда.
Агып өтөт анан ал
Биз турган жер Холмга.

Жаткан жерден туткунда,
Жан далбастап качкансып,
Туулуп өскөн журт мында,
Ага кучак ачкансыш,

Ар кыл мындай абалда
Агып турат Ловать суу –
Жоого ызалуу, анан да
Бизге катуу дооматтуу.

Эрте жүрүп, кеч жүрүп,
Угар элем жээгинде,
Үшкүрүп да эчкирип,
Суу ыйлачу кээ күндө.

Уксам ыйлап жатканын,
Сай сөөгүмө жетчү эле.
Жоодо калган жактардын
Жашы өңдөнүп кетчү эле.

Сезилүүчү, биз эгер
Ловать суусун бошотсок,
Туткундагы тууган жер
Бошогону ошо окшоп...

## ЖООШ КАЙЫҢДАР

Харьковдун аркы оюнда
Танкалар барат жарышып.
Аларды жолдун боюнда
Кайыңдар тиктейт карышып.

Жер жайнап батпай пехота
Ок атып келет... Атака!
Турушат аппак кайыңдар
Таң калып мындай чатакка.

Харьковдун оң жак оюнда
Кыргындан-кыргын уланып,

Үлгүрбөйт жерге коюуга
Жатканды октон куланып.

Кайыңдын баары жаралуу –
Күйүткө тыткан денесин,
Аялдар окшоп каралуу
Турганын анда көрөсүң...

**АВТОМАТЧЫ ЛОМИДЗЕ**

– Автоматчы Ломидзе,
Коркосуңбу өлүмдөн?
– Корком...
Эчак ал бизге
Бирден-бирден бөлүнгөн.

Корком... Мобул дүйнөнү
Көрүп көзүм тоё элек,
Көк тон, аппак түймөлүү
Жер жадатып коё элек.

Сүйө элекмин кызды да,
Ала элекмин атап «жар».
Макулсузбу сиз буга?
Мындай да бир лакап бар

«Корксо дагы кой өлөт,
Коркпосо да кой өлөт».
Аны ойлошко чоло жок,
Согуш менен ой алек.

**АЛГАЧ**

Көп калаа менен көп кыштак
Калганда жоого багынып,

Үй-жайын, мүлкүн бүт таштап,
Эл жатты артка агылып.

Аркада сансыз кол менен,
Армия жатты урушуп.
А булар чаңдуу жол менен,
Жатышты тынбай чуурушуп.

Балдарын төшкө каткылап,
Үмүттүн жанды оттору...
Анда да жүрдү аткылап
Душмандын самолёттору.

Кулаган бомба – миң бөлүк,
Ызы-чуу түшүп, дене өлүп,
«Апалап!» турду балдары,
Алдында жатса эне өлүп.

Айрылса балдар энеден,
Айрылды эне баладан.
Туш келди күндөр не деген,
Адамдын жанын талаган?!

Андайды көрүп эче ирет,
Сай сөөгүм жаман сыздады,
«Келсе экен эрте дечү элек,–
Өч алчу күндөр биз дагы...»

## ЭС АЛУУ МААЛЫНДА

Фронтто жаз.
А мен чөптө жатамын,
Жаткан өңдүү – чоң атамдын төрүндө.
Азыр мага керек эмес чатагың,

Дитим барбайт киши өлүгүн көрүүгө.
Мурун жарып жыты келип талаанын,
Токой чөбү узун өскөн көйкөлүп.
Алар кудум колундай жаш баланын,
Жатат менин сакалыма сөйкөнүп…

## БАТКЕНДИК

Бир гана сөөгү калгандай.
Каржаят калаа сепили.
Бул жерде өткөн ар кандай
Кыргындын болуп кепили.

Сен келсең «келип» тил катат,
Күңгүрөп айткан сөз болуп.
Жазуулар ташта тим жатат
Тиктеген кектүү кез болуп.

«Взводго элек барабар,
Алтообуз калдык акыры…
Алтообуз бирдей жарадар,
А немец курчап жатыры.

«Багынат деген, бат кулап»,
Он күндөн өтүп кетти ары.
Күн-түнү тынбай аткылап,
Түгөнүп барат ок-дары.
Өлөбүз… Бирок кунубуз
Алынды жоодон он эсе. –
Ант кылган элек муну биз…
Кошкула, достор, эмесе!»

Дапдаана турат кимдер-ким:
Кыргыздын бирөө – «Бакберген»,

Баткенден. Оор күндөрдүн
Бороону мында апкелген…

Сыймыкка сыйбай сезимим,
Мөлтүлдөп жашы көзүмүн,
Кыйкыргым келип жүрү эми:
«Кыргызым бу деп өзүмүн!»

## МЫНДА ДА БИР САКТАДЫҢ

Баратып кышкы чабуулда,
Билбепмин түндүн киргенин.
Ак карга жаттык жабыла,
Ар ким үңүп бир жерин.

Тердеп келген тер катып,
Дене музга айланды.
Бирде турсам, бир жатып
Мен да таппайм айламды.

Жок, айла жок, деш бекер,
Сен кылт эттиң оюма –
Ток тийгенден беш бетер
Тарап дене-боюма.

Сен жөнүндө сезимди
Жазданам да, жамынам.
Кар кырт этсе, сенсиңби
деп чочуйм да, жаңылам.

От күйгөнсүйт денемден,
Кар да болсо жатканым.
Тоңуп өлөт белем мен,
Мында да бир сактадың.

## СОГУШТУН БИР КЕЧИНДЕ

Окшоп:
Өчүп жалыны,
Чогу калган бир отко,
Күндүн батып жарымы,
Кеч башталды фронтто.

Баары жымжырт... Келгени
Ким көрүптүр кечти андай.
Кан төгүү да жердеги
Болбогонсуп эч кандай.

Болор-болбос шуудурап,
Токой желге урунат.
Шыңгырап да шылдырап,
Суу акканы угулат.

Мен төрөлгөн жакта да,
Булак минтип акчу эле,
Арчалардын аскада
Термелгени жакчу эле.

Булут минтип көччү эле,
Минтип кирчү кеч деле.
А биз минтип ок атпай,
Бийлер элек кечеде.

Жоо бузган ал кечени,
Эске салат кеч эми:
Курбулар кайда болду экен,
Бир бийлешкен кечээги?!

## ФИЛОСОФ

Бизге келген жаңыдан
Замбирекчи Власов –
Өз кесиби жагынан
Жаткан эле философ.

Ал бир күнү койду доо:
«Мага катчы бергиле,
Керек – күндө канча жоо
Жок болгонун белгилөө?»

Артист болчу түрү бар,
Куудул-куунак азамат.
Ырдай берет, жүрүп ал
Замбирегин тазалап:

«Досум, ынак жолдошум,
Жанга өлчөлүү замбирек.
Ансыз жеңиш болбосун
Ар бир эле жан билет.

Келе жаткан тозокту,
Тозок менен тосот бу.
Жерден жулуп жок кылат
Блиндажды, ДЗОТту.

Алгач атсам, башынан
Анча-мынча ашырам.
Анан да бир атканда
Жер алдына жашырам.

Ашырып да атканым,
Кемитип да атканым –

«Өлүмгө!» деп мен ага
Өкүм окуп жатканым.

Чууруп чыккан танканын,
Чыгарсам таш-талканын,
Айтпайм такыр ал үчүн:
«Мени макта, алкагын!»

Керек эмес даңк мага,
Даңкым ошол – ар жолу,
Бет келгенде тек гана,
Жоонун алсыз болгону...»

Анан кыргын маалында,
Ал бир жанган жалын да! –
Замбиреги «күрсүлдөп»,
Жер термеген жаалында...

Бизге келген жаңыдан
Замбирекчи Власов –
Өз кесиби жагынан
Жаткан эле философ.

## РЯЗАНЬ ГОСПИТАЛЫНДА

Рязань деген калаада,
Госпиталда жатканбыз.
Кайтканбыз жакын арада,
Ок учуп турган жактан биз.

Ар кимде ар кыл ал-абал.
Кээ бирлер жеңил болсо да,
Кээ бирлер катуу жарадар.
Фронтто бирок ой-санаа.

Адам батпайт – өтө көп.
Бул жаткандын баарынын
Мурдунан жыты кете элек,
Учкан ок, күйгөн дарынын.

Күндүз го жеңил бул жерде,
Аңгеме куруп жыйналып.
Ал эми узак түндөрдө,
Чыгабыз катуу кыйналып:

Кетсе эле көз илинип,
Алдыга жылып барабыз.
Жоо качат ары бүлүнүп,
Жетебиз дейбиз ага биз.

Кең дүйнө калат тарылып,
Баягы уу-чуу башталып.
Миналар жерде жарылып,
Төбөдөн бомба ташталып.

Түшүндө кээлер «Ураалап!»
Баратып жоону кубалап,
Бир оокумда күрс этип,
Керебеттен куланат.

Азыр бири ошентсе,
Анан дагы бирибиз...
Кобурашып төшөктө,
Кайра уйкуга киребиз.

Атпаса да, атса да
Солдат дайым солдат да,
Көзү уйкуда жатса да,
Көңүлү менен жоо жакта.

## ҮЙДӨН КАБАР

Чарчап кайтсам чалгындан,
Помком взвод Пименов,
Тосот менин алдымдан:
«Кат беремин, бийле!» деп.

Бийлечүмүн бир кезде,
Эстен чыккан а дагы.
Бирок билсе, билбесе
Бузбоо керек кааданы.
Эптеп бийлеп кутулам...
Өзүм менен бир трууган,
Карындашым каты экен:
«Оорулуу,– дейт,– атакем,
Билбейм апам экөөбүз,
Эми кандай кылабыз?
Күндүз ишке кетебиз.
Окуубуз да күн алыс.

Бизге минтип айтышат:
«Иштеп жардам берсеңер,
Ылдам үйгө кайтышат
Аскердеги байкеңер».

Сиз сурапсыз бир катта,
«Апам кандай жүрөт?» деп.
Биз уктаган убакта
Үйдү коюп ирэттеп,
Тиктеп Сиздин сүрөткө,
Жаш көзүнө толтуруп,
Үнсүз басып жүрөт же
Ойлойт көпкө олтуруп.

Апам Сизди сагынды...
«Күткөн кыйын экен дейт,
Кудай ачып багыңы,
Байкең келер бекен» дейт.

Эми качан келесиз?
«Жазда барам, Бактыгүл»
Деп жаздыңыз эле Сиз,
Күз да болду жаз түгүл?

Кыйын, оор баары да,
Кыйын жашка, карыга.
Дагы канча жолдор бар,
Жеткиче Берлин шаарына...

## ЭНЕ

Баратып качкан душмандын
Чөп салып сары изине,
Жарадар элем, туш болдум
Мен анда Тбилисиге.

Жеткемин жудөп, арыктап,
Илдетке издеп бир айла.
Багылган үчүн барыктап,
Тирилдим кайра бир айда.

Бир грузин аялы
Бат-бат келип мени эстеп,
Баласындай бапестеп
Бакты мени. Аяды.

Тумбочкага толтуруп
Түркүм-түркүм жемишти,

«Витамин бул» деп олтуруп,
Кыйнаса да жегизчү.

Кээде олтуруп жаныма,
Бүчүсүн чоюп күрмөнүн,
Айтчу эле, уулу анын да
Согушта көптөн жүргөнүн.

Же анын кыздар шекилдүү
Энеге жакын назарын.
Ар сөзү сайын: «Өзүңдү
ая» деп катка жазарын.

Күйөөсү менен булардын
Жалгызы ошол экенин,
Кайтса деп үмүт кыларын,
Коргошуп жоодон мекенин...

«Далайдан бери кат да жок,
Жарадар болсо сага окшоп,
Жаткандыр минтип ал дагы...»
Ыйлачу кээде шолоктоп.

Аз калган кезде жүрөрүм,
Сүрөтүн мага көрсөтөт –
Мен өңдүү жапжаш бирөөнүн
Күлмүңдөп менден көзү өтөт.

«Балам бар дегем, ал – мына,
Бейпилдүү күндөр алдыда.
Бир-бириң таанып, катташып,
Бир тууган болуп алгыла...»

Туубаса да тутунган
Ал грузин эненин,

Кыргызда жүргөн бир тууган
Уулуна окшоп келемин.

* * *

Түндө менин түшүмө
Согуш кирип жатыптыр.
Туруп алып тизиле,
Замбиректер атыптыр.

Автоматтар тытырап,
Адам окко тытылат.
Бомба, мина жарылып,
Кан, дарынын жыты урат.

Кыйрап кирет кайра да,
Калаа, кыштак мындагы.
Айланат көл-дайрага,
Элдин кайгы-муңдары.

Муну экинчи көрбөстөн
Өлсөм болмок эрте деп,
Жаш кылгыртып мен көздөн
Отто жүрөм энтелеп.

Кетсе көзүм ачылып,
Түндүгүнөн боз үйдүн
Күн бетиме чачылып,
Угам улак-козу үнүн.

Дагы арыда жаңырат
Койчулардын күлгөнү...
Кайра-кайра жаңылап
Өпкүм келет дүйнөнү.

## БЕРЛИНГЕ БАРА ЖАТКАНДА

Дон жээгинде жүргөндө,
Чоң кыргын болду бир жерде.
Таң агарып кеткиче
Үлгүрдүк жоону сүргөнгө.

Жарадар болсо жолдошуң,
Жардамга баруу – жол-жосун.
Жамбылдан келген Нурбайды
Жаралап өткөн коргошун.

Канчалык мыктап таңса аны,
Тыйылбайт кандын акканы.
«Жердешбиз го...» деп анан,
Нурбайдын мобул айтканы:

«Эч нерсе эмес бул жарат,
Оң ыптам эмес, сол тарап,
Билбесин эч ким, үч күндө
Атууга калат кол жарап.

Госпиталга барганда –
Бөлүгүмдөн бөлүнөм,
Өзүбүздүн балдарда
Жүрөйүн андан көрү мен.

Берлинге тууну бир казак,
Сайышуу керек акыры.
Туу сайышкан бир казак
Мен болууга акылуу.

Андыктан, тийиш эмесмин
Өлүүгө, жолдон кайтууга...»

«Түшүндүм,– дедим,– эми өзүм,
Акым жок экен айтууга».

Ал күнү, Дондун жээгинде
Жарадар болуп кеткемин.
Билбедим, Нурбай Берлинге
Жетпегенин, жеткенин.

## ЖЕҢИШ ЖӨНҮНДӨ

Адамды адам өлтүрүү
Жадатып барат жер үстүн.
Жердеги бардык жан тирүү
Келсе деп самайт Жеңиш күн.

Согушка калган көнүшүп,
Жоокерлер ага жетсек дейт,
Согушту жерге көмүшүп,
Эл-жерге эрте жетсек дейт.

Бирок да жеңиш бир гана
Жеңил иш окшойт айтууга...
Колмо-кол өтүп бир калаа
Кармаштык жарым ай туура.

Бир гана ошол калаа үчүн
Жан берди канча азамат!
Билсин деп айтам баары үчүн:
Жеңиштер кантип жасалат?!

## ЖЕТИ-ӨГҮЗ КУРОРТУНДА

Тоолуу курорт Жети-Өгүз...
Жеңиш майрам... Ал күнү

Олтурабыз экөөбүз –
Эски солдат ар бири.

Курчайт бизди жер толо
Гүл көтөргөн тараптар.
Бар болгону ортодо –
Бир бөтөлкө шарап бар.

Мен кайткамын жаралуу,
Чек арада, батыштан.
А бул барып дагы ары,
Берлинде ок атышкан.

Бирок бирдей баары да
Көргөн менен билгендин –
Окшоп, жазгы жамгырда
Ок ичинде жүргөн күн.

Мен бир неме деп ага,
Ал бир неме деп мага
Айтпай, ошол согушта
Ойлор жүрү тек гана.
Ойлор оор – коргошун,
Көрүү кыйын көтөрүп?
Бирок жерди коргошуп,
Биз милдетти өтөдүк…

– Алалыбы?
– Алалы!..
Келатабыз жол катар:
Тоолор менен талааны.
Тиктеп эски солдаттар…

## СЕСТРА

Эсен болсом сенин кадыр-баркыңа,
Эрте, кечпи жетерим чын, сестра.
Жомок кылып кандуу согуш элесин,
Жолукканда айта жүрөр кез мына.

Кийип алып боз шинелин солдаттын,
Эчен кыйын күндү көрдүң, түн каттың.
Жаның кошуп жараланган жоокерге,
Өз боорундай, ажал октон талаштың.

Жер солкулдап замбиректер атканда,
Самолеттор бомба таштап асманда
Турган кезде, алган оор жараттан,
Кан акканда, мен алсырап жатканда...

Карабастан учкан ажал каарына,
Боортоктоп жылып келип жаныма.
Жан кыйнаган жаракатым сен таңып,
Арга болдуң менин тамчы каныма.

«Айыгасың, агатайым!» деп айтып,
Алып барып, носилкага жаткырып,
Кечке жуук кош ат чеккен чаначан
Кеткен элең госпиталга ташпырып...

Бөлөк дебейм, бир боорумдай көрөм чын,
Сестра жан, сенсиң менин кубатым.
Ал күндөгү өзүң таңган жараттын,
Тагын керсем, дайым эсте турасың.

## АВТОБУСТАР

### I

Жайдын күнү Жамбыл калаада,
Өрт койгондой ысык аба да,
Базарында батпайт эл жана
Машиналар, эшек араба.
Жетип келип «зыр» деп заматта,
Адам төгүп, адам алат да,
Автобустар жөнөй беришет.
Кайсынысы кайсы тарапка
Барарына көзү жеталбай,
Чал кыйналды көпкө кеталбай.

«Болсом эле жердин үстүндө,
Келермин деп кайра үч күндө»,
Кемпирине берген убада.
Үч күн эмес, өттү жумага.
«Жол азабы – көр азабы» деп,
Кейип жүрү жаны буга да.

Поезд менен келип түшкөндө,
Күндүн көзү турган түш ченде,
Азыр болсо оогон бешимге.
Жан досунун кеби эсинде:
«Имерилип жүрбөй уч менен,
Таласка эле түптүз уч деген».
Автобустар келип жатыры,
Автобустар кетип жатыры. –
Балам, мени жеткир Таласка,
Канча алсаң да алып акыңы?
Жалынгандай болду шоферго,
Жадап бүткөн белем акыры.

– Андай болсо макул, аксакал,
Алаканга жүз сом акча сал!
Бир тыйынын агер аз берет,
Албай коём...
Анан газ берет.
Токтой калып бирок арыга,
Басып келет кайра карыга:
– Ой, аксакал, Сиз бу адашкан...
Сиз келди го, тигил Таластан?
Анда барат башка автобус,
Аноо, аноо жайга токтоңуз.

## II

Автобуста аяң бир калып,
Кетип барат улам кырга алып.
«Жетем эми кудай берсе» деп,
Чал олтурат ойлуу ыргалып,
Дөңгөлөктөр зыргып ал үчүн,
Беришкенсип келет бар күчүн.
Жанын сабайт темир мотор да,
Мунун баары чалдын камы үчүн,
Барсын үчүн ылдам үйүнө...
«Бул ушундай укмуш дүнүйө!
Жок, алдаба, жалгыз сен белең,
Баратпайбы батпай эл деген?
Бирок менден шашпас эч бири,
Эч биринин үйдө кемпири,
Мининкиндей көксөп күтпөстүр?!»
Ушул өңдүү ойлор бүтпөс бир.
«Эл жатарда үйгө келем» дейт,
Кемпирине жообун белендейт:
– Жоголдуң го?
– Барып атайы,
Тойго күтпөй келмек белем дейт.

– Жыргап жүрсө үлпөт –
тойлордо,
Чоло жок да үйүн ойлоорго…
– Өткөрүштү үч күн кечигип,
Коюңузчу, кемпир, кечирип?
– Картөшкөлөр андан
чабылбай…
Үйдүн үстү мындан жабылбай…
– Коймок беле, койчу, кемпирим,
Эки адамга тамак табылбай.
Үйдү болсо… кышка капкайда,
Үлгүрөбүз үстүн жапканга…
Пенсиямды жыйнай берели,
Шифер алсак тийет керегі.
Ал аңгыча, «ме» деп беремин,
Жан досумдун берген белегин.
– Көйнөк,
– Магабы?
– Сага!
– Ох–хоо!..
– Жагабы?
– Жакпаганда… сонун! Ыракмат!
Келгендирсиң чаңкап кан катып…
Чай койбодун беле кайнатып…
Жуунам десең, мына, суу да бар? –
Шашып калат мени сыйлап ал.

Автобустар кылым аттары,
Качан болсо турган тапталуу:
Антип-минтип оюн жыйгыча,
Калган экен өрдөп Капканы.
Аздан кийин күүгүм кирерин
Айнегинен көрүп эңкейип:
«Жаш курагын жүргөн жерлерин,
Көрбөй калат окшойм» – деп
кейийт.

**III**

Машинада аяң бир калып,
Келет, келет ойдон кырга алып…
Азыр эми турат оюнда,
Олтурганы достун тоюнда:
«Ич! Ич!» дешип кыстап калышты,
«О, Таластан келсе… алыскы,
Эң кадырлуу конок турбайбы!
Баятадан көңүл бурбай, бу…
– Кагылайын балдар, койгула,
Эми ичкенде кудай урбайбы?
Болчу беле, кызып алгандар,
«Тилиңизге таттуу саамал бар».
Бир немесин куйду көбүртүп.
Эркектери тургай аялдар,
«Ал!», «Ал!» – дешип чуулап
жатышса,
Албаганга кандай амал бар!
– Шаардыктын салты боюнча,
Кеселерге толо куюлса?
Ат арытып келген атайын,
Аманатым мен да айтайын?
– Туура! Туура! – үндөр күчөдү,
Сиз айтсаңыз, аппак ичели?
– Жетимишке минтип жаш толуп,
Дасторкону толо аш болуп,
Той өткөрүп жаткан досту мен,
Баарыңардан мурда көп билем:
Болжолумда, кырк беш жыл мурда,
Жылкы жайып жүрүп бир кырда,
Таанышты элек түндө экөөбүз…
А бул айтты: «Жүргүн, кетебиз,
Ак падыша тактан түштү, дейт,

Түшүргөн жак өтө күчтүү, дейт,
Эң мыктысы Ленин деген, дейт,
Байларынан запкы жеген, дейт...
Баштагыдай заман калды деп,
Мал баккандар алсын малды деп,
Жер айдаган алсын жерди деп,
Буйруктарын эчак берди деп,
Аны айтпайын, тиги Таласка,
Ал өзү да кечээ келди деп,
Жалчыларын жыйнайт экен деп,
Жатышпайбы жалпы эл дүүлөп...»
– Чынбы сенин ушул айтканың,
Же жөн эле сынап жатпагын?
– Мейлиң ишен, мейлиң ишенбе,
Жүрөм десең жүргүн кишенде,
А мен кеттим, кош! – деп алды да,
Жылкыларын жыйнап алдына
Жөнөп кетти...
– Жигит, токточу,
Ала келсин деппи малды да?
– Байлар бизге малын сактайбы,
Угар замат союп сатпайбы,
Акылың жок белем ай деги! .
Айдайсыңбы, кана айда эми?!
«Акыр эле башта өлүм бар,
Аянууга кандай жөнүм бар:
Калып жаткан катын-бала жок,
Кара баштан башка балаа жок...»
– Кетсе кеттик, кана жан досум,
Кудуретим өзү колдосун!
Жүрүп кеттик түндү жамынып,
Дүбүрттөрдөн тоо-таш жаңырып.
Жетер менен Талас калаага,
Ленинди издеп, түтөп каңырык,
Арыз-армандын баарын айтууга,

Акыл-насаат алып кайтууга…
Суусамырдан ашып Калбага,
Жылкыларды таштап далдага,
Олтурганда бир кез тамакта,
Үндөр чыкты: «Ал жет! Ал кама!»
Куугунчулар курчап калышкан.
Биз кыйкырдык туруп алыстан:
«Өлөсүңөр, бизге келсеңер!
Мунуңарды Ленин билсе эгер,
Күлүңөрдү көккө сапырат!»

Качырышты келтек, камчы уруп,
Бетибизден тып-тып кан чууруп…
Ошондо да өлбөй жан калды…
Уккансыңар, мүмкүн, Таласта
«Жылкы качты» деген жаңжалды?!
Кечиргиле, сүйлөп көбүрөөк,
Колхозчулук кылдым көрүнөт?
– Мынча болду, соңун улаңыз.
Угалыбы, достор?
–Угабыз!
Айтор анан жеттик Таласка,
Адам эле өтүп баратса:
«Көрдүңөрбү дейбиз, Ленинди?»
Бир аз токтоп, карап калат да,
«Жок» дегенсип башты чайкашат.
Абдан эле түркөй экенбиз,
Ал кезекти азыр байкасак…

Анан бирөө бизди апкелди,
Курал-жарак, кийим, ат берди,
«Кирдиңер деп, кызыл аскерге».
Басмачыны жүрдүк кыйратып
Кийрип алып куу жол, ач белге.
Дутовду да бирге талкалап,

Кайткан элек аман кайра элге...
Акырында эми сөзүмдүн,
Аялымдын жана өзүмдүн
Атыбыздан жайып кучагым,
Жан досумду төшкө кысамын!

**IV**

Тирүүлүгүң – тирлик бүтпөгөн,
Тагдыр, өмүр салып жүктөгөн.
Автобус жолдо чуурушат...
Ал анткени, андай өмүрлөр
Ал жакта да күтүп турушат.

Ключевойдо бир аз токтолуп,
Эл түшүрүп, элге жык толуп,
Чыкты автобус дагы сапарга...
Үч боз улан келет катарда,
Аңгемени ар кыл башташып,
Бирок баарын бүтпөй таштaшып,
Кыялдары кызып алгандай...
– А, карыя.! Ха-хаа! Ал кандай?
– Жаман эмес, жакшы, балдарым.
Өзүңөрдүн кандай алдарың?
– Сиз өзүңүз көрүп тургандай
Бир сөз менен минтип дууламай!

– Ах, бу чалдар,- деди бири эми,
Философдук кыла билеби?
Кат билбесе, окуй албаса,
Ала–Тоодон ашып бир эли,
Көрүшпөсө башка дүйнөнү,
Жай адамдар болсо үйдөгү...
Ай талаада түн да ай жарык,
Автобустар элпек айдалып,

Асфальттарда тынбай жүгүрөт.
Дөңгөлөккө жолдор түрүлөт,
Түрүлгөндөй жиптер ийикке.

Ойлорго да ойлор сүрүлөт,
Көтөрүлүү үчүн бийикке...
Кетип жатты «кош деп а балдар,
Баягыдан эл аз, беймалал.
Бирок, турат токтоп автобус.
Чал ойлоду: «Бул да дем алар?»
Тегеректе тегиз от жанат:
– Бул кайсы жер экен?
– Кең-Арал...

Угар менен муну кулагы,
Чуркап чыгып, чөпкө кулады.
Ал аңгыча басып жай гана,
Ага келди жаштык курагы:
Амансыңбы, таанып келдиңби?
Көрүп турам жакын белгиңди...
Андан бери канча суу акты,
Каттабадың, жозшу убакты?
Ойлобогом мынча карыйт деп,
Жүрөсүңбү деги кубаттуу?

– Каттайын деп турган кезимде,
Согуш чыкты, ал го эсиңде.
Курал алып төрт жыл мында өттү,
Кайтып келсем – оору мөгдөттү...
Карыганым болсо, ал эми,
Карышка да адам милдеттүү.
Анткен менен жүрдүм сени эстеп,
Сен өткөндө көзгө элестеп,
Ойлоп коём: «Ошол өмүрлөр,
Текке деле кеткен эмес» деп.

Дутовчулар бүтүп, биз элге
Келген кезде кыйгач күз эле.
Үйдө үлгүрбөй бир аз турууга,
Аттанганбыз колхоз курууга.
Ат жалында жылдар өткөнүн,
Айткым деле келбейт көп менин,
Ал жөнүндө далай жазылган...
Колхоз болсо – биздин андагы,
Космосубуз эле ачылган.
Баарынан да кыйын – баштаган,
Баарынан да сыймык – баштаган,
Мына ушундай ыйык иш менен,
Мен езүңдү мындай таштагам...

Тирүүлүгүң – тирлик бүтпөгөн,
Тагдыр, өмүр салып жүктөгөн,
Автобустар жолдо чуурушат.
Ал анткени, андай өмүрлөр
Ар-ар жерде күтүп турушат...

***1973***

* * *

Карадыңбы, сен кылчайып арт жагың,
Качан тартып миндиң эле ат жалын?
Биз, адамдар, жашоо-тирлик камында,
Байкабайбыз өмүр өтүп жатканын.

Мезгилдердин ачып улам ар жагын,
Көрсөк дейбиз кандай кызык бар дагын?
Антип жүрүп, такыр сезбейт экенбиз
Аркабызда өмүр чууруп калганын...

* * *

О, Тууган жер!
Сен үчүн жүз өлөр белем,
Бир ирет берилген бул өмүрүмдө.
Тал болуп анан бир түп көөнөрбөгөн
Түбөлүк өнүп турсам өңүрүңдө?
Акталып мага берген тузуң толук,
Кенедей кир калбаса көңүлүңдө?
Өлгөндө, жалгыз тамчы сууң болуп,
Кошулуп кетсем сенде көк иримге?!

## АДАМ ЖАНА БАКЫТ

Адам болуп жаралган соң дүйнөгө
Ал бакытты кошо алууга акылуу.
Бирок бакыт – бирөө берчү бирөөгө
Белек эмес, келет күрөш аркылуу.

## АЙТЫШАТ

Көп айтышат: «Жадабадың ак ырдан...»
Аны укканда сыздап чыгат кабыргам.
А чынында, ак ыр менин ар дайым
Калам оозун коё берчү агылгам.
Анда жалаң ат көтөргүс мазмундар,
Анда сөздөр – жалт-жулт учкан чагылган!!

## МЕН – КЫРГЫЗМЫН

Мен – Кыргызмын,
Бүгүнкүнүн адамы,
Кийин келчү жүз жылдарга угулган
Бүгүнкүдө койгон ар бир кадамы.
Мен – Кыргызмын,
Мен – бүтүндөй адамзатка мүчөмүн!
Мен да жутам башкалар жуткан абадан,
Алар ичкен суудан мен да ичемин.
Дүйнө жеткен
Жыйырманчы кылымга
Мен да жеткем,
Бүгүн мына, турам анын кырында.
Бир кездерде перзент окшоп көз жаргам,
Көк аскалуу капчыгайдын түбүндө,
Ташты жарып, ойноп чыккан
Алтын булак түрүндө.
Төрөлгөндө ат койгондой балага,
«КЫРГЫЗ» атын берген экен мага да.
Ар кимдин бар туулуп өскөн турагы,
Ар ким өзүнчө сүйөт аны, туурабы?
Менин сүйүүм –
ар жаңырган ай окшоп,
Дайым жаңы, дайым жап-жаш турганы!

Кыргызстан –
менин Республикам!
Сени сүйгөн ушул ыйык ой менен
Ырым сунам, гүл ордуна бир тутам!
Ошол бир ой дайым келет мен менен,
Жөн күндөрдө, тынч жашап, тынч иштеген,
Өткөндө да, кандуу кыргын учурда,
Турган кезде ой ок болуп
Жоону беттеп учууда,
Кошо жүрдү биз менен
Атам болуп, энем болуп элестеп,
Же суу болуп, түшкөн кардуу белестен,
Же тетиги өз боорунда арчаңдын
Жыты болуп, жел эзген...
Кыргызстан –
Жан кыйбас, кымбат Республикам!
Бардык бүткөн байлыгымды – ырымды,
Сага сунам, гүл ордуна бир тутам.
Сунам аны, сен деп соккон жүрөктөн,
Ар тамырында жүгүргөн
Өзүңөн бүткөн ысык кан.
Жарык болсун алдыдагы сапарың,
Дайым бар бол,
Тышкары бол кырсыктан,
Менин өлкөм –
Кыргызстан!

## БАШ КАЛАА

Бардык – бардык калааларым башталган,
Бул Фрунзем –
Тунгуч калаам, жаш калаам,
Өнүп-өскөн борборум.
Билесиңер бир убакта болгонун

Кичине да, кирдүү да,
Алда качан аттап өткөн ал доорун.
Жасалгалуу жана көрктүү денеси,
Үйлөрүндө, кудум бүркүт уялуу
Биздин бийик аскалардын элеси.
Алар турат көчөлөргө «байлануу»
Окшоп кулун желеси.
Бак-дарагы – ойноп турган оркестр,
Дирижеру – жел өзү,
Качан болсо жаңырыктап турганы,
Жашыл күүсү жана жашыл ырлары.
Биз бир кезде эл элек,
Көчүп-конгон жел өңдүү,
Эч билбеген калаа, там үй дегенди.
Сан кылымдык салты бар,
Куруучуга Кыргыз бүгүн теңелди.
Аны сезген жаным бүгүн кубанат!..

## ЖАНЫМ КУРСАНТ

Сыйлар сыйы жок болуп,
Кокус үйгө конок келсе кысталган,
Ал андыктан,
Жайлуу төшөк, жакшы ашын,
Жаппай, жебей, өзүнөн да кысканган
Үйдө барын мейман үчүн деп арнап.
Ары төргө өткөрүп,
Ашын коюп алдына,
Атына жем-чөп берип,
Урмат менен узаткан –
Ушул асыл бир салтын,
Менин элим келет сактап узактан,
Буга да жаным бир курсант.

## БҮБҮСАРА

*СССРдин эл артисткасы*
*Бүбүсара Бейшеналиеванын эстелигине*

Ойно оркестр,
Күү сайра,
Отуз дайра
Аккан өңдүү бир сайда!
Сен да мезгил,
Саранҙыкты ташта да,
Карылардын жаш курагын бер кайра!
Кечээки жашаң жер кайда?!
Кечээки жорткон жел кайда?!
Бир мүнөткө,
Бир секундга бер кайра!..
Өчкүн чырак,
Тартыл эрте көшөгө!
Жарык берет балерина өзү эле.
Көрүнсө эле көзгө сүртүп кетчүдөй,
Көздөр залда тиктеп калды көшөрө.
А пейилдер,
Ыкыластар алдына
Калгысы бар килем болуп төшөлө...
Ах, келатат, тэ
Сахнанын артынан,
Аткан таңдай жап-жарык бир бешене.
Эмне калды?
Калды эми:
«Биз эркинде» деш эле.
Балерина жооп берет бий менен,
А бий бышкан эчен жылдык ий менен,
Жазуу барбы, бул кыймылы жазбаган?!
Чийим барбы, бул денеси чийбеген?!

Анын сыйкыр күчүнө
Сенби?
Менби?
Албы?
Башын ийбеген?!
Ойно оркестр,
Күү сайра!
Жазга кайра кайрылалы күз айда.
Ошол жаздын бир гүлүндөй жарк этип,
Бийге чыксын Бүбүсара!
Сүйүү берсек,
Эңсөө берсек биз ага,
Бир тамчы бий берсин биздин кусага!
Бийлеп жатат Бүбүсара,
Бир кезекте биз жазгандай баягы,
«Пери экени,
Киши экени туюлбай,
Барып-барып уюп калат куюндай.
Кайра жерге тийип-тийбей аягы,
Калкый берет,
Желде жеңил буюмдай...
Анан калат дир-дир этип термелип,
Анда колу –
Каккан канат сермелип...»
Бийлеп жатат Бүбүсара,
Ойно оркестр,
Чоң-чоң күү!
Ойно оркестр,
«Чолпонду!»
Тигил чолпон чолпон эмес,
Чолпон бу!
Кыймыл – музыка,
Дене – музыка,
Бирок бүткөн угууга эмес, көрүүгө.
Биз – коргошун,
Келген мында эрүүгө.

Ойно оркестр,
Күү сайра!
Чымын-куюн бийлеп жатат Бүбүсара...
Бардык көздөр бийчиде,
Бардык көңүл бийчиде,
Бийле, бийле,
Түшсүн өмүр узара.
Кайталансын миң ирет,
Кангыбыз жок биз ага.
Бийле, бийле Бүбүсара!
Бү-бү-са-р-а-а-а!
Зал күңгүрөйт үн сала...

## АЗООЛОРДУН ҮЙРҮ – КӨЛ

Көп шоокумду биздин көлдүн шамалы,
Элп эткенде, азоолордой камалуу,
«Дыр» беришип үркүп жөнөйт толкундар
Чаң ордуна чыгып жалаң кара буу.

Жөнөй берет миң-сан «жылкы» агылып,
Жалдар, жалдар жалп деп артка кагылып.
Азанаган добуштары асманда,
Күр-шар этип, жарк-журк этип жаңырып.

Ойку-кайкы ойноп жаткан чагылган,
Камчы болуп кайра-кайра чабылган,
Ага аябай уугушкан күлүктөр –
Куркурашып барат, барат дагы ылдам.

«Ай-ай!», «Так-так!» «Токтот, алдын
кайрылап!»
Көл-шал түшүп алдындагы айгыр-ат,
Каяктадыр, жээк ылдый айкырып
Жетпей жаткан жылкычылар кайгырат.

Ал аңгыча, куугунчу-жел басылып,
Алар жуушайт, түрмөктөрдөн жазылып.
Жээктерге шырп деп жалаң кум келет,
Туяктардан калган бая казылып…

## ЫСЫК-КӨЛДӨ ЭМНЕ БАР

Ысык-Көлдө эмне бар?
Анда тынбай сүзүп жүрөт ак куулар.
Анан күн бар,
Суу,
Кум бар.
Ак куу окшоп учуп келип алыстан,
Сууга,
Кумга
Түшүп жатат сулуулар.

Алыс –
Көлдүн бир четинде ак куулар,
Алар өзүн жашырышат,
Качышат,
А сулуулар,
Көрүнүүгө тырышып,
Күн кучактап,
Кум кучактап жатышат,
Сынаштырган сыяктуу
Коoздукту,
Денени.

Ак денелер,
Жумшак, назик денелер,
Жаралгандай кебезден,
Күрөң тарткан
Кайра эритип куйгандай,
Же колодон,

Же жезден.
Жатат кээ бир «боектору» курганбай...
«Эрмитажды», «Луврду»
Апкелгендей
Ысык-Көлдүн боюна,
Картиналар
Азыр жерде жатышат,
Дубал жоктон,
Илип-илип коюуга...
Жатат кумда,
Күндө,
Менин оюмда...
Таң болгонсуп дарактар
Чайпалыша карашат.
Бирок мооку кана элек
Күн менен кум,
Суу менен күн талашат.
Булуттар да көктө тынбай көчүшкөн,
Бир аз токтоп,
Карап-карап тарашат.
А толкундар,
Чаап келип түп көтөрө-жабыла,
Көрөр менен
Эстен тана «күш» этип,
Кулайт аяктарына.
Кээ бир гана баатырлары, эрлери,
Бирден илип,
Качып барат арыга.

Ысык-Көлдө эмне бар?
Анда тынбай сүзүп жүрөт ак куулар.
Анан күн бар,
Суу,
Кум бар.
Ак куу окшоп учуп келип алыстан,

Кумга, суугa
Конуп жатат сулуулар.
Ысык-Көлдө андыктан,
Канбас дагы,
Кайтпас дагы сугум бар...

## ӨМҮРГӨ

Жаралып ушул жерден биз,
Жаш болуп далай көргөнбүз.
Кыз-жигит болуп шарактап
Кырдан гүлдөр тергенбиз.
А гүлдөр эчак солушкан,
А кыздар жубан болушкан,
Ал үндөр азыр угулбайт
Андагы жашыл конуштан.

Күлүктөй алга тез жүргөн
Күндөрдү кармайм деп бирден,
Жүргөндө бизге сездирбей
Жаш өмүр ылдам эскирген.
Тартканда эмне муң-кайгы,
Турмуштун заңы турбайбы.
Жалынга салчу бир убак
Жалжалдар эми улгайды...

## ЖАЙЛООДО

Баратам кетип курдашка,
Жайлоодо турмуш бир башка:
Адырдын баары ак мөңгү,
Алардан аккан суу кашка.

Жел ырын жерге шыбырап,
Желеде кулун тыбырап.

Кыянын баары кой-эчки,
Куюлган кумдай шыгырап.

Түз менен тоолор бир жашап,
Тулаңдар гүлүн ыргашат.
Аркайган бийик аскалар,
Ырдасаң кошо ырдашат.

Жааган күн жарк деп ачылып,
Абада жашыл жаа чыгып.
Жалтылдайт чөптө шүүдүрүм,
Жаткандай бермет чачылып.

Бараткан айлым алкымда,
Алкым жак малга салкын да.
Ашыкты издөө бар тура,
Авалтан ата салтында.

## УКРАИН ЖЕРИ

Жараланып жамбашыман, колуман,
Жөнөй бергем,
Эч ойдо жок жолугам.
Бирок дайым кыйма-чийме өтүшүп
Турат тура адамзаттын жолу улам.

Отуз жылдан кийин келдим мен кайра,
Мен кулаган,
Каным тамган жер кайда?
Окторулуп бир аккандай отуз жыл,
Мелт-калт этет Донец аттуу бул дайра.

Бир билемин:
Бараткамын кансырап,

Келаткансыйт ажал, атын камчылап.
А жер болсо, башым жөлөп төшүнө:
«Балам, балам, чыдай түшкүн азырак?!»

Өлүк окшоп бараткам го өчүп өң:
«Өлбөңүзчү, өлбөңүзчү, өтүнөм?!»
Ушул жердин чөбү өпкүлөйт бетимен.
Ал кезде мен бардыгынан түңүлгөм...
Минтип сага келип турсам бүгүн мен –
Сенин күчүң,
Кереметтүү ыйык Жер,
Мен алдыңа миң мертебе жүгүнөм!

## ДОНЕЦ БОЮНДА

Амансыңбы, Донец суу,
Бир кез кечкен шарыңан,
Мен баягы эмес бу –
Андан бир топ карыгам.

...Согуштун бир кечинде,
Буйрук келди кечүүгө.
Бирок биздин солдатка,
Болбойт кийим чечүүгө.

Буйрук кымбат солдатка:
Кирдик сүзүп, жалдап да.
Ок жаадырып душмандар,
Атып турган ар жакта.

Октон дайра жыбырлап,
Жамгыр куюп жаткандай.
Жер болсочу же кургак,
Жата калып аткандай.

Болбойт элек ага да,
Прожектору жол карап,
Самолету абада,
Жатты тынбай бомбалап.
Бирөө алды жаратты,
Бирөө чөгүп баратты.
А тирүүлөр көздөдү
Тигил өйүз тарапты.

Биз бараттык кайыкта,
Турган эки тактадан.
Аркы четки жайыкка,
Жеттик кудай сактаган.

Жолдошторду жолдогу
Колдоп, бардык колдогу
Курал менен биз аттык,
Беш кишибиз – болгону.

Ал аңгыча түн кирди,
Түн өзүнө сиңирди:
Кимдер өлдү?
Ким калды?
Ким каякта?
Ким билди?

Биз жоо менен кагышып,
Күттүк анын эртесин.
Бекем тиштеп карышып,
Бербегендей жер четин.

Жерди –
ордундай тердиктин,
Бекем кысып кучакка,
Бербей койдук душманга,
Барып окко, бычакка...

## КУШТАР ЖОК

Ок атылып басылат,
Жоокер тынат азыраак.
Ойлойт: «Жаткан турбайбы,
Кыштын соңун жаз улап...»
Саздак жерден буу булап,
Агып жаткан бир кулак
Арыктагы суунун да
Үнү башка угулат.

«Келгин келер учур да?»,
Көзү дарак учунда.
Баягыдай куштар жок,
Бактар толчу уу-чууга.

«Жатат булар атышып»,
Кеткен алыс качышып...
Куштарсыз жаз келгенге
Коёт ичи ачышып.

## БОЗ АТЧАН

*(Казак калкынын атактуу уулу
Бауыржан Момуш уулуна)*

Күзөттө турган жерибиз,
Княжий Клинь кыштагы.
Келгенбиз өтүп бери биз,
Фронттон кыйла тышкары.

Жолдордун ошо тоомунда,
Өтөйбүз жалгыз милдетти –

Мандатын көрүп колунда,
Ким келди, кайра ким кетти.

Алчактап ойноп ак боз ат,
Көрүнө калды түш ченде –
Асмандан окшоп ошол саат
Ак булут кулап түшкөнгө.

Куюлтуп келет адырдан...
Курбума айттым: «Бауыржан!.
Токтотом, кудай болсо да,
Законго бирдей ар бир жан».

«Бауыржан Момуш улы» деп,
Укканым менин болду көп.
Кайтарып турган полку деп,
Маскөөгө барчы жолду бек...»

Уксам да даңкын ар кимден,
Көрбөгөн өзүн өмүрү.
Желпилдейт желге, ал кийген
Бурканын эки өңүрү.

Келатты зуулап командир...
«Согушта андай эр экен,
Токтотсом эмне дээр экен?» –
Кызыгуу болду анан бир.

Белгимди сезе койду да,
Тизгинин жыйып атынын,
«Билбейби?» деген оюнда
Бастырып келди акырын.

Карт десем, жигит курагы...
Жалынан сылап боз аттын,

Эң жакын тилде сурады: –
Кулуну болуп жүрбөгүн,
Кыргыздын же казактын?

«Кай тилде чыгат сөздөрү?»,
Үңүлүп мени карады.
О кудай, өткүр көздөрү
Желкемден өтүп барабы!

«Кыргызмын» дедим айбыга,
Токтотуп калган айбыма.
Тууганым болот экенсиң,
Көп баргам тоолуу айлыңа.

Татыктуу болгун элиңе! –
Колумду алып эңиле,
Акырын ыкыс берди эле,
Дирт этти ак боз элире.

Адамга жагат ар бир ат,
Турпаты менен ар кандай.
А мында ак боз аргымак,
Атайлап сүткө малгандай.

Кошкуруk атат кыл учса,
Турабы кыйгач табында?
Үн катты өткүр кылыч да,
Кыңгырап алтын сабында.

«Жакшы аттын көркү эр менен»,
Жарашып турду ээсине.
Кинодон далай көрдү элем,
Чапаев келди эсиме...

## АТТЫН ЫЙЫ

Күрс деп кулап мина жакын арага,
Кыйрап калды ашпоз тарткан араба.
Ат жаралуу, жатат жаны чыгалбай,
Жаным айтты: «Бар, досуңа карала!»

Бардым чуркап... аттын бир жак капталы
Бүт шылынган. Онтоп жатса ат жаны,
Туралбайсың сен жанында дит багып...
Ал аңгыча, сержант аны атканы,

Жакын келип автоматын алды эле: –
Жок, шашпаңыз, мал да болсо, ал деле,
Кыйын күндүн кыйындыгын бөлүшкөн,
Кыйбас эски курдаш окшоп калды эле?!

Артка тартып жаралуунун барысын,
Алга тартты солдаттын ок-дарысын,
Иче турган тамак-ашын. Жаныбар
Актай алды антип аттык карызын.

Кызматына кылбасак да башка урмат,
Кайтарында коштошолук жакшылап...
Барып башын жөлөйм десем, о шумдук,
Жатат ыйлап, жатат көздөн жаш кулап.

Тынч убакта, өзүм өскөн жерде мен,
Жылкы артында далай жылга өрдөгөм.
Той-үлпөттө күлүк чапкам көп ирет,
Бирок аттын ыйлаганын көрбөгөм.

Көкүлүнөн сылайм башын кучактап,
Көз жаштары дале тамат буурчактап.

Ай жаныбар, ары карап кеталбай,
Жарык күнгө жатканын көр кылчактап.

Өлөрүндө эстейт экен эмнени?
Кулун кези, эне эмчеги эмгени,
Же турабы көз алдында андагы
Чөбүн оттоп, суусун ичкен жерлери?

Бирге өткөргөн кыйла күндү, кыйла айды,
Өз үйүрүн, курбуларын кыйбайбы?
Же болбосо, эми аларга экинчи,
Кайрылалбай калганына ыйлайбы?

Өлтүргөндөн өч алалбай, жөн өлүп
Барам дейби, онтойт мага жөлөнүп?..
Биз ошентип, да бир достон айрылып,
Урматына ок чыгарып жөнөдүк.

* * *

Билем, азыр ойлуу тиктеп турасың,
Биз экөөбүз өскөн Кур-Таш кылаасын.
Бул мүнөттө болсо дейсиң, жанымда,
Жокмун... Жоодо жүрөм кандай кыласың?
Бирок ошо менин колум өңдөнүп,
Кечки шоокум маңдайынан сыласын.

Билесиң, жок башка кылар жардамым,
Биздин сүйүү менин ишим аркылуу
Кирдебесе, деген намыс-ардамын.
А көрөрбүз тагдыр жазган ар жагын...
Биздин күздүн жели муздак болчу эле,
Кой, үшүйсүң, кой, үйүңө бар, жаным?!

*1975*

## КӨРӨР КҮНҮМ...

Жаш күнүмдө келсем анча баалабай,
Кечир мени, тоолуу өлкөм, турагым?!
Алтымышка келсем да жаш баладай
Бет алдыңдан кыя өталбай турамын.

Өсүмдүктөй өскөн дайым күн карап,
Карайм сени: «балким жакпай калды ырым?»
Өзүм мында төрөлбөстөн мурдараак,
Сени менен белгиленген тагдырым.

Сени бар деп, сени медер тутамын,
Өзүм үчүн бардыгысың бүгүн сен.
Сен – зор чынар, мен – чырпыгың, бутагың,
Ичер суум, көрө турган күнүм сен.

## ӨЗҮМ ЖӨНҮНДӨ

Сен мени мынча сынап карабагын,
Аның чын:
Чоң болууга жарабадым.
Жүткүнүп,
Өргө умтулбай,
а тек гана
Жеп келем акындыктын кара нанын.

## КОЛДОЙГӨР

Бир кезде тапкандарымды,
Бир кезде колдо барымды,
Бир өмүрдө бир эле
Берилчү жалгыз – жарымды,

Оболу жаштык кезимди –
Кадалып турчу ок болуп,
Жалбырттап турчу от болуп
Жайнаган эки көзүмдү,

Кылычтай өткүр тишимди,
«Сүкө» деп турчу жетинбей
Өзүмдүн боор этимдей,
Кыйбаган кээ бир кишимди,

Турмуштун борбор түйүнү,
Туткасы жер шарынын,
Башталуу күчү баарынын
Сыйкырдуу эски сүйүүнү,

Жоготуп жатам мен аздан...
Жазыгым барбы же жазган?!
Колдойгөр, төшү түктүү жер,
Төбөсү бийик кең асман!

* * *

Булут көчөт,
Мен да ошентип көчөмүн,
Бүгүнкү күн болуп анда кечээгим.
Анда мени издеп таппай калышат,
Кишилери өзүм турган көчөнүн.

Таппай калат:
Тамдар мени тааныган,
Тал-дарактар билчү мени атыман,
Жашыл фонтан мен өткөндө жанынан
Шуу-шуу этип тип-тик өргө атылган.

Суулар агат,
Мен да ошентип агамын.
Изи менен аталардын, аганын,
Жолоочудай чарчап келип кулаган,
Бир күн жердин дарбазасын кагамын.

Көчкөн булут, аккан суудан айрылам,
Үч миңинчи жылдын алыс айлынан,
Кыргыз бала чертип жаткан комуздун
Бир кылына бир үн болуп кайрылам.

## МЕН – ТООЛОРДУН УУЛУМУН

Калети жок мага койгон доолордун:
Мен – уулумун көк мелжиген тоолордун.
Моюнга алам, бир ыптамда тоо турса,
Анда менин дүйнөм толук болоорун.

Мен – тоолордун кызганычтуу уулумун,
Уулумун да малайымын, кулумун.
Төр-төрлөргө турат мени чакырып,
Токулуу ат шылдыратып суулугун.

Сонун дечи Кулундунун түздөрү,
Шуудураса бышкан эгин күздөгү!
А мен үчүн: мал, булут бир жайылган
Адырлардай жер жок өңдүү биздеги.

Кайда жүрсөм тоолор эси-дартымда,
Мен аларга туралбаймын сыйынбай.
Тоо болбосо, ай ким билет, акын да
Болбойт беле Эралиев Сүйүнбай?!

Силерге түз, тоолор кымбат а мага,
Март, бакубат тунук суuга, абага.
Эгер мага сый көрсөтмөк болсоң сен,
Эң оболу тоолуксуң деп табала.

## ЖАЗ

Бакта түгүл, куш сайрайт
Жүрүп жерде жорголоп.
Көктөн күлүп күн карайт,
Нуру бизге шорголоп.

Жашыл кийип жасанып,
Дарак-чөптүн майрамы.
Майда суулар жар салып
Төрөйт улуу дайраны.

Эски кара чыракка
Окшоп жаңы койгон от,
Кары-картаң куракта
Сүйүү кайра ойгонот.

Жаздын жыпар жели да
Бетти аймалап баратып,
Берген өңдүү баарыга
Бирден шаттык таратып.

Батыралбай жаткандай
Дүйнө мынча жарыгын.
Ар ким тынбай айткандай,
Жакшы көргөн жан ырын.

## ӨЛБӨЙТ

Ар кыл жаңы ачылуулар эскирет,
Бат көөнөрөт алган атак-даңк дагы.
Жел түгөтөт улам быт-чыт кескилеп
Булутту да тигил асман жактагы.

Көп туралбайт, гүлдөр соолуйт жайдагы,
Жаштык дагы боло бербейт ар убак.
Ошол өңдүү жаңы тууган ай дагы
Батып кетет барып-барып  арылап.

Бу дүйнөдө баары өзгөрөт, баары өтөт,
Бир орунда турбайт такыр эч нерсе.
Эски кетсе, кайра жаңы төрөлөт,
Бирок болот бир нерсени эскерсе:

Канча тарых, канча доор өтпөсүн,
Карап турсаң байыркыдан бергини...
Бүгүн көрүп турган окшоп өз көзүң,
Эскирбейт да, өлбөйт адам эрдиги.

## МЕНДЕ СҮЙҮҮ КӨП БОЛДУ

Ушул чакан биздин жер,
Чоң жердин бир үзүмү.
Жериң барын сезгениң –
Тирүүлүктүн үзүрү.

Алгач там-тум бут басып,
Алгач суусун жуткан жер.
Дайым ага сыйынып,
Дайым медер туткан жер.

Өлүмү менен бөксөрүп,
Төрөтү менен толчу жер.
Тирүүдө конуш-жай берип,
Өлгөндө мүрзөң болчу жер.

Жаман-жакшы аралаш
Бул дүйнөнү берген жер.
Ал аркылуу билгенбиз
Айрыларын жерден жер.

Менде сүйүү көп болду,
Баары эскирип түгөндү.
Жоготконум жок жалгыз
Жерди гана сүйгөндү.

## КЫЗ БАРАТАТ

Миң бир эки буракта
Бойго жеткен кыз барат.
Мен тааныбайм, бирок да
Жаным аны кызганат.

Кимден? Уусу учунда
Ар кыл суук көздөрдөн...
Ал бараткан үчүн да
Окшойт көчө өзгөргөн.

Кыз ушунча татына –
Бараткансыйт гүл кетип.
Өңү менен чачына
Алган өңдүү күн бекип.

Көз уялат нурунан,
Барар көптү жаралап?

Чыкты экен кай уруудан!
Мындай – чанда жаралат.

## КӨЗ КАРАШЫҢ

Кезиккенде,
Кара көзүң сурмалуу
Кыя карап калса – мага жакчу эле...
Биздин жердин
Чоң, кичине суулары
Бизди ээрчитип алыс-алыс акчу эле.

Суулар окшоп анда бизди узаткан,
Эсеби жок айлар, жылдар агышты.
Ага бүгүн биз карайбыз узактан,
Бирок дале сенин көзүң жагыштуу.

## КҮЙГӨН

Көк адыр жактан айдыңдуу,
Көп келем издеп айлыңды.
Терезең көзгө түшкөндө
Табалбай калам дайнымды.

Адамдын бөлүп санаасын,
Алдымдан чыга каласың.
«Агай» деп коюп кылгырып,
Ан сайын отко саласың.

Жамалың жаркыйт жүзүңдөн,
Жансың го артык түзүлгөн?
Жазылат жарпым бир бөлөк
Жаныңда жүргөн үзүрдөн.

Баладай жумшак кыялың,
Байкабай аяк-быягын,
Кеп айтсам калып таарынып,
Күлгөнүң кимге кыямын!

## СЕН ОЛТУРГАН АВТОБУС

Мен олтурган автобус,
Сен олтурган автобус
Бара жатты, ичинде
Жүргүнчүлөр – алтообуз.

Сызат жолдо автобус.
Сенин жашың – он тогуз.
Мен отузда. Анча да
Алыс эмес ортобуз.

Көзүм сенин көзүңдө,
Сен от жагып сезимге.
Кыйналамын, айтылбай
Айта турган сөзүм же.

Учур болбос бу чактай...
Мен өтпөгөн бычактай –
«Үшүп барам» десең да,
Албайм сени кучактай.

Кыйнап адам санаасын,
А сен сурап каласың:
«Аз жашаткан эмне үчүн
Агай, адам баласын?»

Суроо менен кайдагы
Түгөтөсүң айламы.

Калдым көпкө тил катпай,
Окшоп тилим байлануу.

Сен бурулсаң жуп маган,
Окшой түшөм уктаган,
Же болбосо, өңдөнөм
Сенин сөзүң укпаган

«Кечириңиз, бир мүнөт
Кетипмин дейм үргүлөп».
Калп айтканым билгендей,
Кыткылыктап бир күлөт…

«Агай, тилим уксаңыз,
Дагы бир аз уктаңыз.
Жайлуу болсун десеңиз,
Мага деле ыктаңыз».

Жым деп буга кубанып,
Калам ага куланып.
Колоң чачтын жытынан
Калбас бекем ууланып?

Бир тилегим: автобус
Жердин чеги түгөнүп
Бүтмөйүнчө – түбөлүк
Болсо деймин токтогус…

## БИЗДИН ТАЗА СЕЗИМГЕ

Эсиңдеби, Шумкар-Уя жактагы
Бир коктуда таятаңдын ак тамы?
Ал коктудан асман эле көрүнчү
Кастрюлдай, жерде жаткан капкагы.

Эсиңдеби, граждандык уруштан
Дем алышка келген үчөө турушкан:
Бири сенин атаң эле, беркилер –
Болсо керек, башка жактык туушкан.

Эсиңдеби, укканыбыз атаңан:
«Актар... Дутов... ырайымсыз атаман...
Аз күндөн соң алар кыйрап жок болуп,
Айлыбызга кайрылабыз бат аман...»

Кетишти анан жылдыз толор кезинде,
Сенин дале бардыр ал күн эсиңде?
Революция антип кирген болучу
Биздин таза, ууздай жаш сезимге...

## БИРИ КЕМ ДҮЙНӨ

Көп нерседен кемчил элем жашымда:
Теңтуштардан жупунураак кийиндим.
Тартыш болду иче турган ашым да,
Таманы жер болду турган үйүмдүн.

А бирок да анын баары билинбей,
Мен өзүмдү хандай сезип жашагам,
Же дүйнөдө кишилердин бириндей,
Тагдыр жалаң таалай үчүн жасаган.

Жетпегенге жеттим жүрүп а кийин,
Дос-тууганга, урмат-сыйга, бүлөгө.
Алдымда ат, үстүмдө тон, ак үйүм –
Болот беле мындан көптү тилөөгө?

Эми кайра жетпей калды бөлөгү:
Жаш курагым, ден соолугум ириде.

Бири кем дүйнө... Кемдигине көнөлү.
Бирин тапсаң, зарсың башка бирине.

## АДАМДЫН КӨҢҮЛҮ

Айтат: «Адам көңүлү –
Асман менен бирдей деп.
Кээде чайыттай ачылып,
Кээде калат кирдей» деп.

Бирок ошо көңүлдүн
Жакшы кирсиз түрганы,
Ай-жылдызы көрүнүп,
Жайнап жарык нурлары.

Кирдеп турган көңүл да
Аппак болот, өзгөрөт.
Эмне керек ал үчүн?
Жакшы гана сөз керек.

Анда жаркып, ай түгүл,
Күн чыккансыйт ал тургай.
Колдон келсе көңүлдү
Жүргөн жакшы калтырбай...

## КҮЗӨТТӨ

Жыйырмада курагым,
Жалын ичте, от кезде,
Сакчылыкта турамын,
Максат – жоону өткөзбөө.

Бак-дарактуу, ак тамдуу
Украина кыштагы.

Мага ишенип жаткан бу –
Бүткүл полктун штабы.

Түн күзөткөн экөөбүз,
Ай асманда,
Мен жерде.
Сак турбасак өтө биз,
Душман кирсе эгерде...

Жок, жок андай болбосун.
Тынч көшүлөт айлана.
Жардамчым да жолдошум –
Курал менен Ай гана.

## УЙКУ – ЖОО

Биз бараттык жүрүштө,
Тыным албай, түн каткан.
Мүмкүн эмес билишке,
Качан чыгып, күн баткан.

Күн көрөм же ай көрөм,
Кээде карап асмандан.
Токой, талаа, сай менен
Жадабайбыз баскандан.

Фронт дагы алыста,
Баскын солдат, арышта!
«Болор болсо, аттиң ай,
Бир «тук» этип алышка?!»

Жатып алсаң дем алып,
Душман күтүп турабы?
Жоокер болсоң сен анык,
Унут уйку тууралуу.

Уйкум укса тилимди,
Кетирмекмин ары айдап,
Укпайт. Жаным жер тартып,
Араң келем карайлап.

Каалгып, уйкум үзүлүп,
Кайра топко кошулам.
Бир мен десем, сүзүлүп
Келет бардык кошунам.

Балдар, быйыл жай-кышы
Бышкан согуш отуна,
Араң келет майышып.
Уйку – кыйын жоо тура?!

## АЛТЫН БАРАКТАР

Кандуу кыргын анда төрт жыл уланган,
Элде калбай эр жигиттен, уландан
Кетип турган,
Бирок анын канчасы,
Салгылашта биздин саптан куланган.

Биз көрбөгөн азап-тозок калбаган,
Күн батышка окшоп жалаң кан жааган.
Жаралангам,
Бардык огум атылып
Мен жоого деп камдаган,
Бүтөлекте,
Өлгөндөрдүн тизмесине кирерге
Аз калганда,
Петр деген бир эрге
Дуушар болгом.
Сүйрөп чыгып ал мени,
Жеткирди эле октон далда бир жерге.

Бизде достук кан, тер менен бекилип,
Үзүм нанды жедик дайым тең бөлүп.
Эрдиктер да жатты тынбай жетилип,
Чолпонбайга, Матросовго теңелип.

Мүрзөлөргө көп болду чөп өнгөнү,
Өлгөндөрдүн эстен кетпейт өңдөрү.
Өчпөс алтын барактарда жазылуу,
Ар биринин эрдик, аты-жөндөрү.

## ЖАНЫМ ТЫНБАЙТ

Өмүрүм бүгүн мынча жашка барбай
Үзүлмөк, чейрегине жетпей анын,
Кыргында окко учушкан башкалардай...
Алардан артык беле менин жаным?!

Эч кимге,
Эч убакта мактанбаймын:
«Алгам деп бул турмуштун ири жүгүн».
А бирок жаным тынбайт, акталмайын
Өзүмдүн бул өмүрүм, тирүүлүгүм.

## ЖЕРГЕ СЫЙЫНУУ

Чарчап келип көк тулаңга куладым,
Бир оокумда шыбыш угат кулагым.
«Бул эмне?» деп баш көтөрсөм, а көрсө
Тоо чуркатып жатат ичке булагын.

Шылдыр-шыңгыр агып жатат ал мында:
Чөп түбүндө, оң колтугум алдында.
Ырдайт, бийлейт, кыт-кыт күлөт түгөнгүр,
Чоң сууларды туурап ушул алында.

Миң кубулуп мени алагды кылууда...
Угуп жатам, дарманым жок жылууга.
Ал аңгыча төш алдынан сеземин
Бир нерсени жумшак дагы, жыттуу да,

Бир нерсени жумшак дагы, жытту да,
Жыты өмүрдүн суусундай жутууга.
Көрсө, көк чөл ойноп жатат оролуп
Көөдөнүмө, колум менен бутума.

Ачылган гүл, чөбүң үчүн көгөргөн,
О ыйык жер, топурагың, өбөм мен.
Сыйынамын сенин улуу күчүңө,
Тоолоруңа, алдына күн өңөргөн.

**СҮРӨТ**

*С. А. Чуйковго*

Аскалары аскага
Тийишерге аз гана
Калган а мен караймын:
«Кулайбы?» деп жазгана.

Бийик-бийик беттери
Асман болуп кетеби?
Булуттардан айрылбайт
Мөңгүлөрдүн этеги.

Жайкы бир кеч жумшарган,
Тулаң жерде тушардан.
Жалгыз боз үй, жанында
Койлор жатат жуушаган.

Үч-төрт бала: күрү-гүү,
Кой телитип жүрүбү?
От жылт этет арыдан –
Үй капшыты түрүлүү.

Жатат үйгөн тезеги,
«Жамгыр жааса» дешеби –
Үстүн жапкан. Кырда оттоп
Жүрү бир ат, эшеги.

Жарык аздан түгөнүп,
Жер-суу барат түнөрүп...
Дүйнө чексиз, андагы
Турмуш дагы түбөлүк!

## КЫЗЫЛ ЖООЛУКЧАН

Кызылча баккан талаадан
Келатсаң, кызыл жоолукчан.
«Кетейин мен, – деп, – садагаң»,
Кеч курун жолдон жолуксам.

Анымды сен да эп көрүп,
Асыла мага куласаң.
«Чарчадың окшойт» деп эрип,
Чачыңдан жумшак сыласам.

Жайкы күн – чоктой кызарган,
Жар ташка кетсе жай жылып,
Баратсак кетип биз анан
Басөлкө жакка кайрылып.

Комуздай болуп чертилүү,
Козгошсок аркы-беркини.

Билгизбей барып аз-аздан
Бийлесең менин эркими.

Секетим, кызыл жоолукчан,
Сен күткөн кыял-жоруктан,
Санаа жеп ойлоп олтурсам,
Окшоймун катуу оорукчан.

## ЖАЛБАРУУ

Кайдан билдим, бардыр башка кишиң же?
Адат болду сени көрүү түшүмдө.
А күндүзү үшкүрүнө шыбырап,
Атап, сени, оозуман түшүрбөө.

Баары айтышат сени жердин күнү деп,
Уккан сайын ичим тарыйт күнүлөп.
Кээде үмүтүм түңүлгөндөй терс карап,
Кээде үмүтүм күлүп келет күлүңдөп.

Жан эрмегим түшүрсө деп назарын,
Кээ бир кечте терезеңде басамын.
Сени уктатып жөн койгонго таң калам,
Сен жөнүндө менин тарткан азабым.

Желип бүтүп барам сары санаага,
Мени ойлосоң, мени аясаң, садага?
Бир сен үчүн бирөө жүрсө тозокто,
Жароокер ай, жакшы эместир сага да?!

## АЛЫСКЫ КЫШТАКТА

Бул кыштактын окшоп кудум асманы
Бийик-бийик тоолору бар аскалуу...

Анын башкы көчөсүндө бир солдат,
Турат алга кадам коюп басканы.

«Көргүлө!» деп көтөргөнсүп жер өзү,
Бийик турат жезге айланган денеси.
Эрте-кечте келип турчу «уулум» деп,
Кыштакта бар анын эчен энеси.

Ал жылдары жер онтогон кайгыдан,
Бул энелер кулунунан айрылган.
Алар кийин туулуп, өскөн жерине
Ушул жалгыз солдат болуп кайрылган.

Толбосо да толгон окшоп бөксөлөр,
Суубаса да сууган окшоп көксөөлөр...
Барга ыраазы болуу керек, турмушта
Эч нерсе жок кеткен келип – өзгөрөр.

Жерде өмүрдү коргоп калган түбөлүк,
Солдат турат, үн катпастан түнөөрүп.
Тегеренип ойноп жүрөт жаш балдар,
Жатат жана жакшы кыздар гүл эгип.

## ЭНЕ

Дүлөй болуп калса да –
үнүңдү угат,
Сокур болуп калса да –
сени көрөт.
Сен жок болсоң санаа жеп калып куурап
Сен келгенде алгансыйт кайра төрөп!
Күтсө болот энеден укмуш жорук,
Мүмкүн болсо сен үчүн турмак ооруп.

Ал гана эмес «Муну кой, мени алгын!»
деп,
Ажалга да бармак ал сени коруп.
Биз бүткөнбүз эненин боор этинен,
Бизге бөлүп берген ал жарты жанын.
Бирок кантип кутулуп мээнетинен,
Кантип актап келебиз карзын анын?!

## КЫЗДАРЫМ

Эки кызым,
окшош эки неберем –
Учугумду улап жаткан төл башы.
Силер үчүн жаным менин тегерен,
Биз – өйдөдө силер аккан көл башы.

Экөө бирдей Айсулуу да, Бермет да,
Бала боло баштаган чоң энеге,
Чоң атага оюнчук да, эрмек да,
Алар менен түштүк көпкө кенеле.

Алар менен болдук кыйла өскөндөй...
Алар менен жаткан окшойт акталып,
Кулак укпай, мунарыктап көз көрбөй,
Бараткан бул учурубуз бат карып.

Жаш көктөмдүн буулуктургуч бар деми,
Андан менин жаңы чабыт, жаңы ырым.
Дагы экиге көбөйгөнсүп калды эми,
Тууган жерде жаткан эски тамырым.

## БИРДЕЙСИҢ

*Т. Суванбердиевге*

Жалгыз өзүң үйдө сен,
Бапырандап сүйлөсөң,
Олтургансып туюлат
Эл жыйналып бир өзөн.

Сен төрөлгөн белемсиң
Кейиштерден кечигип?
Күлүп тура бересиң
Кеңдик кылып кечирип.

Кезиңди да кейиген,
Көрдүм дейин, мейли мен,
Анда дале күн жаркып
Турат сенин пейлиңен.

Ажырата албаймын
Касың менен досуңу.
Же мындайбы ар дайым
Жакшылардын жосуну?!
Улуу менен кичүүгө,
Бирдейсиң сен баарыга.
Эл-журтуңдун ичинде
Бар бол мындан ары да.

## КЫЗ УЗАТУУ

Айланайын, бийкеч жан!
Тең курбуңа издеген
Бизден кетип барасың,

Кошот экен кыз деген
Антип эл-жер арасын.

Айланайын, бийкеч жан!
Жаман кийим кийгизбей,
Жаман бир тил тийгизбей,
Жандай көрүп бакты элек,
Болор экен ким биздей?

Кагылайын, кызыке!
Бараткның ыраак жол,
Алганыңа ынак бол.
Жарык кылар күүгүмдү
Жанып турган чырак бол.

Кагылайын, кызыке!
Куттуу болсун конушуң.
Намыска бизди калтырбай,
Кайын-журтка ал тургай,
Каалайбыз барктуу болушуң.

## КАМГАКТАР

Ылгабай да баалабай,
Болсо болду киши эле,
Мен кудум жаш баладай
Берген экем ишене.

Ар кыл бүтүп калгандай
Беш колуңдун салаасы –
Болот тура ар кандай
Адамдын да баласы.

Же сабакты жаш күндө
Аз алгамбы турмуштан?

Айтор өзүм ар кимге
Түз болууга тырышкам.

Кирип ичи-бооруңа,
Актыгына ант берип,
Келе калса оңуна
Кетип дароо мант берип

Жүргөн көптү билемин,
Кайтарып адам илебин.
Бирок канча пайдасы
Ушул өңдүү «илээнин?»

Окшойт булар көбүнчө
Учуп жүргөн камгакка,
Бүгүн мындан көрүнсө,
Эртең кайра ал жакта.

## КАЗАК ТУУГАНГА

Казак, кыргыз – бир тууган,
Байыртан бери бир суудан
Ичсе да бирге ичишип,
Бет жууса – бирге бет жууган.

Жамандык баштан бир өткөн,
Жакшылык баштан бир өткөн,
«Тууганбыз» – десек сөзүбүз
Жүрөккө жетет жүрөктөн.

Бир кезде келген табылбай
Тарыхта катар издери.
Бир ырдын эки сабындай
Өмүрлөр окшош биздеги.

Казакта жээн, бөлөм көп,
Аларга шашам келем деп.
Жолукканда ырдалаар
Ортодо ыр да, өлөң көп.

Мен келсем казак айлына,
Билинбейт кыргыз экеним.
Өңүндө жоктой айрыма,
Жаны да бирге эки элдин.

Ооба, биз тууган эки элбиз,
Ушунча жакын экенбиз,
Бир эненин эки эгиз
Уулуна окшоп кетебиз.

Эки калкта бир гана
Эски, жаңы адат-салт.
Кими кимге ини, ага –
Билбей башың адашат.

Мейлиң, менин иним бол,
Мейлиң, менин агам бол;
Айтор, качан болсо да,
Казак боорум, аман бол!

## ТООЛОР ОКШОЙТ

Бийик-бийик тоолордун
Чокусунда кары бар.
Тоолор окшоп бир дөңдө
Олтурушат карылар.

Сүйлөйт эмне жөнүндө,
Бул олтурган карылар?

Ар биринин өңүндө
Кандуу согуш каары бар.

Ата-Журтка жан отун,
Бар күчүн берип тыңында,
Турмуш деген фронттун
Алар бүгүн тылында.

Алар жерде бар үчүн –
Силер дагы барсынар,
Алдыңарда ал үчүн
Акталбаган карзыңар.

Барктуу болсун балдарга,
Ушул эски карылар.
Ал анткени-аларда
Жердин намыс-ары бар.

* * *

Жайкысын жайнап мал жаткан
Жайлоодон көзүм жүз өтөт...
Акыйып карап ар жактан
Аскалар аны күзөтөт.

Коргошун түстүү булуттар
Кай бирде жаабай түз өтөт.
А кээде турат уруп кар,
Анда да тоолор күзөтөт.

Сар сойгок чачып көрүүгө
Сабалап коңур күз өтөт...
Жай келсе, кайра берүүгө,
Конушту тоолор күзөтөт.

Ар бир тоо карап олтурар
Жер-суусун чеги бөлүнгөн...
Атаны арман, чокулар
Күзөтпөйт бизди өлүмдөн...

## ӨЛҮМ ЖӨНҮНДӨ

Ар адамга бирден өмүр берилген.
Бирок аны айланчыктап тооруган
Бул турмушта көп неме жок өлүмдөн:
Өлөт суудан, оттон, октон, оорудан.

Жаш убакта албай аны капарга,
Жүрдүк жерде калуучудай түбөлүк.
Ал дейсиңби, өткөн кандуу сапарда,
Биз өлүмдү беттеп бастык түнөөрүп.

Азыр эми жаш улгайган куракта,
Өлүм ойго түшчү болду көбүрөөк.
Сапар башы демек калып ыраакта,
Барчу маараң жакын калган көрүнөт.

Бүгүн дагы бир жолдошту жөнөттүк,
Эртең тагдыр кимди буйрат көмүүгө?
«Сен» деп сага ыйгарса ал мөөнөттү,
Аргасызсың багынууга, көнүүгө.

Дос, тууганга, даңкка, жакын-алыска
Өлүм бирдей, акыйкат да, калыс да.
Эгер андай болбой калган күндө да,
Бармак элек а биз кимге арызга?!

## КАР ЖААП ЖАТАТ

Кыштакта кар жаап жатат аппак-аппак,
Каргалар жер чокушат аттап-аттап.
Аргасыз эске түшөт бул күндөрдө
Августтун башындагы күндөр аптап.

Арыда кимдир бирөө келет атчан,
Баш катып жакасына көрпө ичиктин.
Жаш карда бийиктиги жонун жапкан
Жорталбай үнү чыгат көк күчүктүн.

Ак мамык жыйып койгон көңдү көмдү,
О, азыр башка сезим дыйкандарда.
Карашат казына-мүлк жаткан өңдүү,
Кең талаа, жылгаларда жаткан карга.

Ананда да эрте жаздын кары кандай:
Канаттар алы бүтүп, ары барбай,
Бапырап кулап жерге түшүп жаткан
Ап-аппак аарылардай, аарылардай...

## ЖАША ЖАЗ

Өзүм болсо коңур күздө төрөлгөм,
Жер турганда анын алтын өртүндө.
А бирок да,
Чөп жаңыдан көгөргөн
Жазды сүйөм,
Башым ийем көркүнө.
«Жаз келди!» деп, жар чакырып жаткандай,
Ар бир жолу асман сүрдүү күркүрөп.

Алдыбызга ырыс-кешик чачкандай
Алтын тыйын – жамгыр жерге бүркүлөт.

Жаз – башталыш,
Жаз – өнүгүш, козголуш,
Бирин бирге улай турган учур ал.
Төрт мезгилде мен көктөмгө дос болуш
Себебим да балким мына бул чыгар:

Жаркыраган жаз болбосо дүйнөдө,
Анда жерде сүйүүлөр да жашабас.
Тирүү жашап, болсун кантип сүйбөөгө?!
Анда эмесе,
Жаша көк чөп!
Жаша жаз!

## КАНЫКЕЙДИН КӨЗ ЖАШЫ

*...Төгүлгөн кара чачы бар,*
*Гүл төгүлөт колунан –*
*Бактысы элге ачылар...*
*Кылып өткөн кызматы*
*Кылымга чейин жазылар...*

**(«Манаста» Каныкей тууралу)**

Таласта жер-суулардын аттары көп,
Эрлердин ысмы менен байланышкан.
Мезгилде, досторунан кастары көп,
Апкелип элин мында жайгарышкан.

Окко учуп кагылышта чоролору,
Алмамбет, Чубак, Сыргак каза болуп,

Табылбай эми алардын толор орду,
Кыргызга кылым бүткүс аза болуп...

Анан да Манас катуу жараланып
Кайтканда кайра бери Бээжин жактан,
Каныкей суук-жаман кабар алып,
Жол тосуп, бир өрүшкө келип жаткан.

Таластын берки чети, түп тарабы
Жер болот Талды Булак, Арал деген.
Ал кезде токой экен түнт дарагы,
Ичинде бугу ойногон марал менен.

Керилген жашыл сазды Аралдагы
Каныкей кубанган дейт көрүп алып.
Ээрчиген көчү-колу,  сарамжалы
Калган дейт анда токтоп, өрүү алып.

Токтолгон бир себеби мында жетип:
«Жер экен ысыгы жок мээ кайнаткан.
Эрте-кеч тыным албай леп-леп этип,
Билбейсиң, жетип турат жел каяктан...»

Баатырды тосуп алып жерден ушу,
Айтышат, баккан дешип кыйын дарттан.
Аралда азыр да бар ал конушу,
Анан да желе-боосу анда тарткан.

Чоролор чыгып барып кароол карап
Турчу деп, аңыз кылат бир дөбөнү:
Дүкүлдөп добулбастын үнү тарап,
Сан колдун угулсансыйт дүрбөгөнү...

Каныкей күн уктабай, түн уктабай,
Баатырын такай туруп баккан экен.

Аш келсе, кээде калып бир ууртабай,
Саргайтып күндөрү жай аккан экен.

Жаралуу эчен мындай эр тирилген
Ал кездин не бир укмуш дарылары
Берилип, анан мында келтирилген
Элдеги табыптардын дагы баары.

А бирок алган жараат жазылбады,
А кайра ырбап кетип барат бүтпөй.
Кыйналды эр Манастын асыл жаны,
Кыйналды Каныкей да карап түтпөй.

Арстандын кайра бери кайрылбасын
Ал гана ачык-даана билип туру.
Андыктан, кайгырсын же кайгырбасын,
Алдыда үмүт бош да, үмүт куру.

Антсе да сыр билдирбей башкаларга
Жакшыдай жай-мааниси Манасынын,
Көз салып ички-тышкы ал-абалга,
Бузган жок ал өзүнүн каада-сынын.

Келди эле отуз эки жашка жаңы,
Жылдыздай жаркып турган жаш жамалы.
Толгондой жакшылыкка, адамдыкка,
Аялга эмне керек башка дагы?!

Бир сырдуу, оор-басмырт мүнөзүндө
Байкалат акыл-ойдун тунуктугу.
Андыктан, бүт эл ыктап бир өзүнө,
айтса, «эжекелеп» угуп туру...

Эжеңдин самсып учкан санаасы бар,
Тетиги тоо артында жаткан жоонун

«Өлдү» деп укса канар табаасы бар,
Бул жакка кайра баштап кандуу жолун…

Аталаш Абыкеси, Көбөштөрү
Элди да ичтен бөлөр бөлөк-бөлөк:
«Келтирер кезегиңди!» деп өздөрү
Баатырга жүрөр эле көп өпкөлөп.

Аз беле алардан да башкалары!
Элди эми  төкпөй-чачпай ким  башкарат?
Абакең Бакай болсо – ашкан кары,
Семетей – жетилбеген бир жаш канат…

Жалп этип өчкөнсүдү бир шам чырак –
Кайтканда жерге берип Алмамбетти.
Калсачы, эч болбосо Сыргак, Чубак!
Ай, аттиң кимге айтасың арман кепти?!

Деп эжең айыл-журттан барып башка,
Өбөктөп колун таяп курга бекем,
Буркурап бетин чайып ысык жашка
Бир түнү таң аткыча турган экен…

...Күч алып жаңы келген жыл жазынан
Сызылып төмөн түшүп сазды имерип
Агылат, жалгыз булак жылгасынан –
Андагы «Каныкейдин жашы» делип.

Эл-журтка эже болгон эстүү-жөндүү,
Окшойт ал Каныкейдин эстелиги.
Тыңшасаң, сага сүйлөп берген өндүү
Сыр кылып ошол кыйын кездегини…

***1979***

## ТАГДЫРЫМА

Тагдырым,
Буга чейин көптү берди,
Тилеймин,
Дагы ошончо берсе көптү:
Мисалы,
Эчен жылга ушул Жерди,
Мисалы,
Эчен жылга ушул Көктү.

Алдымда
Күнүм бүтүп калмайынча,
Желгиче
Насибиме келген наным.
Ыр жазып,
Ырга моокум канмайынча,
Жашаймын
Жалын окшоп, күйүп-жанып!

* * *

Жай саратан,
кан катырган күн аптап,
Кере жуттум,
өзөн суудан шар аккан.
Табиятка миң мертебе ыракмат,
Бу дүйнөгө суудай укмуш жараткан!

О, кудурет,
ар адамга бир энчи –

Табиятты
Калтыр өз-өз жайына,
Жер үстүндө бүтпөс болуп суу кенчи,
Тунук турсун,
таза турсун дайыма

## АЙЫЛЫМ

Айланайын айылым – топурагым,
Сен бар үчүн бар болуп олтурамын.
Сен бар үчүн бийикмин тоолорумдай,
Сен бар үчүн мынчалык толтурамын.

Айланайын айылым – трууган жерим,
Киндик кесип, киримди жууган жерим.
Бул дүйнөдө түк башка жер жок сендей
Мага төгүп дайыма турган мээрин.

Алтымышка келсем да баландаймын,
Сен жумшасаң, «жок» деп мен бааланбаймын.
Аткардымбы, жокпу деп, көп учурда
Өз ичимден санаа жеп калам дайым.

Ар куурайың, ар жерде жаткан ташың,
Окшоп кетет өзүмдүн жатындашым.
Бир биз эмес, өткөндө бабалар да
Сен үчүн деп арнашкан алтын башын.

Атың жакшы Кууганды, Чөңөр деген,
Көк-Ала-Таш, Тегерек – төрлөр кенен,
Баарына тең бөлүнүп турат жаным,
Баарында тең сүйүүм бар көөнөрбөгөн.

Калаада өтүп жатса да ай-жылдарым,
Каным жаным аркылуу айлымдамын.

Азга болсо эгер сени унуткарсам,
Ал эмеспи – өзүмдөн айрылганым.

## ЖАШ ЧАГЫМ

Мезгил өтүп батынбаган, тартынган,
Мен бир күнү андан минтип сурадым:
– Сүрөтчү дос, эмки жазган картинаң,
Болсо кантет, менин жаштык курагым?..

Ал мындайча: Жайдын толук кезеги.
Өзөн. Конуш. Ошол жерге тик үйдү.
Бет алдында турсун үйгөн тезеги,
Желе боодо оттоп жылкы бир үйрү.

Өзөн суудан кеткен кыя жол менен,
Өрдөп ары кыз баратсын бир жакка.
Элпек кармап алпараткан кол менен,
Анан анын суусу болсун бир чака.

Алда кимди байкап берки беттеги,
Ага кылчак караарында бурулуп,
Бир сезилип калсын булаң эткени,
Колоң чачы согончокко урунуп.

Ал бурулган тарапты күн тийгендей,
Бир башкача жарык кылып таштагын,
Жаратылыш болсун күлүп ийгендей...
Ошол – менин көөнөрбөгөн жаш чагым!

## ЭЛЕСИҢ

Күтөт күндөр,
Күтөт алда ашуулар,

Күтөт жана сагынычтуу ашык жар.
Кар бороону,
Бурганакка карабай,
Бүгүн менде сени көздөй шашуу бар.
Түшкөн из жок карап көрсөм жан-жагым,
Токтой албай калың карды жалдадым.
Чуркап келем ага деле карабай,
Мени күтүп калабы деп жалжалым.

Борошолуу, алай-дүлөй бурганак,
Адаштырса түз жолумдан бурмалап,
Кар периси окшоп сенин элесиң
Улам алдан чакырат кол булгалап.

Улуп-уңшуп жатып кайра сооронгон
Окшоп улам, күү таралса бороондон,
Чимирилип бийлеп чыгат элесиң,
Ак бурганак,
ак бурганак оронгон.

Сенин ушул элесиңди кардагы,
Кармайм деген аракетте ар жаңы,
Кууган бойдон эч токтолоор эмесмин,
Түгөнгүчө горизонттун ар жагы...

## БИЛЕМИН

Билемин, мен да билемин,
Гүлдүн да күздө солоорун.
Аптаптын сезип илебин,
Ак кар да шалбаа болорун.

Билемин мен да билемин,
Өтөрү өмүр ырас да.

А бирок, тапсак бир эбин,
Кармалса бизге бир азга.

Мен койбос элем тоготуп,
Жоголсо жаштык курагым.
Сени да кошо жоготуп
Коём деп коркуп турамын.

* * *

Ушул жерде сонун гүлдөр өсчү эле:
Жашыл, сары, көгүш, кызгылт түспөлдө.
Карап-карап кандырчубуз көздү эле,
Көркүн аяп, кол баралбай үзгөнгө.

Тигил жакта колот менен анан да,
Шылдыр-шыңгыр туура суулар акчу эле.
Ошолордун ортосунда, аралда
Олтурчу кез сага аябай жакчу эле.

Үлбүрөгөн ак жибектей шоодурап,
Сулуу, сулуу таңдар мында сүрчү эле.
Баары сонун болчу. Анткени жоодурап
Асылкечим дайым жанда жүрчү эле.

## ЭТЮД

Жалбырактар делдең-делдең желге ойноп,
Жалбырактар – окшоп желдин кулагы,
Аркандалуу чебич мисал какшанып
Ар өзөндүн, ар жылганын булагы,
Чөптүн,
Суунун,
Желдин,

Малдын үндөрү,
Уйкаштыкка келген азыр бир жаңы,
Үндөштүктү тапкан ажайып бир жаңы.
Аркы төштө кызыл кийген кыз келет,
Жерге сыйбай чатырап,
Толуп турган он сегиз жаш курагы.
Кой четинде ырдап келет, кып-кызыл
Окшойт азыр ал ырдаган ырдагы.
А тигинде ак мөңгүлөр шаңкаят,
Бул пейзаждын бир үзүгү, ыргагы.

## АҢЫЗДА

Мен жактырам күзгү аңызда басканды,
Эгин-тегин эчак анда орулган.
Эми кырдан кыш келүүгө аз калды,
Жок баягы «мал түшөт!» деп коруган.

Эчки-койлор жүрөт мында жайылган,
Алмак-салмак маараганы угулуп.
Ит ээрчитиң койчу чыкты айылдан,
Колундагы нанын бурдай сугунуп.

Басып келем а мен аңыз аралап,
Данды таап, калып калган жердеги.
Тэ балалык кезден калган ал адат,
Көп келчүбүз анда «машак» тергени...

Ойго кетти жазсамбы деп бир кабар,
Данды жазбай, жазат элем эмнени?
Дан деген – нан,
нандан улуу эмне бар?!
Нан – адамдын мандай тери, эмгеги!
Андан ашкан ыйык нерсе кайда бар?

Ал жок болсо
башка байлык
керекке
Жарабастан,
тентип кеткен калаалар,
Нан – токчулук,
нан – бак-таалай,
береке...
Бет алдымда койлор эркин жайылып,
Ойго батып мен олтурам аңызда.
Ак булуттан бир тал үкү сайынып,
Кур-Таш тоосу турат тиги алыста.

## КҮТТҮ ЭЛЕК

Күттү элек көпкө карышып,
Кайрадан мына жаз келди.
Жаз менен бирге жарышып –
Каркыра, турна, каз келди.

Жылытып жерди үшүгөн,
Келген жаз түркүм гүл берди...
Эсиме бүгүн түшүрөм,
Экөөбүз жүрчү күндөрдү.

Сен үчүн болгон кумардын,
Курчуган ал бир кези эле.
Анда мен тилин суулардын,
Түшүнөр элем тез эле.

Кааласам, мага саламга
Жылдыздар келчү көктөгү,
Жашачу менин санаамда,
Жаштыктын гана көктөмү.

## АТТИҢ АЙ

Жайкалган жашыл саздагы
Жаш улан эмес, ал – жекен.
Жекендей көрктүү баштагы
Жаш кезим кайда калды экен?

Алтымыш жашта бул курак,
Ажайып гана түш болсо:
Уйкудан турсам бир убак,
Жаш кезим мага туш болсо?

Дүйнөнүн баары дүңгүрөп,
Кыйкырмак:
«Кандай жанылык!»
Эмине болмок бир ирет
Табият койсо жаңылып?!

## ЖЫЛКЫЧЫНЫН ЫРЫ

Сагынып калдым, сагынып,
Шарактап шуру тагынып
Келатсам, тосуп алдымдан
Кезиңди турчу жагынып.

Сагындым, кандай кылайын,
Сабыр кыл азга күн-айым,
Сапардан өзүм келгиче
Саламат кылсын кудайым.

Айдын да келчү жазы бар,
Арзыган кумар жазылар.
Кыйыла бербей көп эле,
Кыйышпас кезге арзып ал.

Жүрөктөн кетпей эл иши,
Жүргөнүм жайлоо өрүшү.
Асылкеч, болбойт эмеспи
Айрылбай туруп көрүшүү.
Өзөндүн суусу күркүрөп,
Өрдөштү көздөй бүркүлөт.
Жылдызды тиктеп жатамын,
Жылкылар менен бир түнөп.

Агытсам ойдун кемесин,
Алдымда сенин элесиң:
Ак карлуу ашуу тараптан
Ак пери окшоп келесиң.

## СЕН БАР ҮЧҮН

Мен умтулам алыс калган жазыма,
Бир жоготуп кайра тапкан үмүттөй,
Карабастан алысына, азына,
Өзүң такыр койгон үчүн түңүлтпөй.

Мен суктанам алыс калган жазыма,
Сен бар үчүн ансыз өтпөй бир күнүм.
Болор эле өмүр бою казына,
Жыттап калуу анын дагы бир гүлүн.

## ЖАЗ КЕЛДИ

Жаз келди жерге кайра да:
Бөксөрүп жатчу баштагы,
Сайдагы момун дайра да
Күркүрөп ага баштады.

Бутактар бүрчүк байлады,
Бактардын башын жел термеп.
Асманга буусун айдады,
Алка-шалка жер тердеп.

Удургуп көктө булут да,
Жамгыры жууду көчөнү.
Өскөндөй ар бир минутта,
Кулпурат жердин көк чөбү.

Жаз жерге анык келгени
Башкадан мурда, башкадан,
Байкалып турат мендеги
Мүнөздөн эле шашкалаң.

## ДАЛЕ

Дале менин көрүп моокум кана элек
Жер бетинде сулуулуктун баарысын.
Дале умтулуп жашоо менен жан алек,
Акташ үчүн адамдыктын карызын.

Дале менин бутум басып бүтө элек,
Бул дүйнөнүн узун, кыска жолдорун.
Же болбосо түрткүлөтүп ителеп,
Ыр жазуудан жадай элек колдорум.

Өзүм үчүн эмес эч бир түгөнмөк
Бул турмуштун туюк сыры, тетиги.
Өзүмдү-өзүм көрсөм бүгүн түгөлдөп,
Дале бардай курчуу менен жетилүү.

Жерде түгүл,
Жылдыздарда бар ышкым,
Көктө жүрсөм алар менен алышып.

Ал дейсиңби,
Келет тынбай жарышкым
Мезгил менен мен үзөңгү кагышып.

## МЕЗГИЛ КАЛАТ

Мезгил өтөт,
«Өтөт» деген аз бул да,
«Учат дейбиз, кудум аткан ок болуп».
А чынында
Ар кыл форма, мазмунда
Мезгил өтпөй, кала берет токтолуп.

Башкалардай
Анын да бар өмүрү,
Мезгил жашайт кыштын аппак карында,
Мезгил жашайт
Дайраларда көк ирим,
Биз урунган буюмдардын баарында.

Жашайт жолдо
Биз сапарга жөнөлөр,
Жашайт ар бир көпүрөдө суудагы.
Мүрзөдөгү
Жайнаган көк дөбөлөр –
Токтоп туруп калган мезгил бул дагы.

Мезгил жашайт
Сенде, сенин өңүндө,
Күндөр болуп
бирде чыгып,
бир баткан,
Жылдар болуп,
кирип келип өмүргө,
Ошол бойдон түбөлүккө тим жаткан.

## КАСЕИН ДУБАНАДАН

Өзөн калат,
Аккан суунун шары өтөт,
Турмуш калат,
Азыркынын баары өтөт.
Таңдан кечке чуркаганың барысы –
Жашоо үчүн болгон гана аракет.

Адам эки жаралбасы ырас да,
Ал бир мейман, кетет туруп бир азга.
Жакшы эмеспи болсо анын белеги
Таштап кетер
Муундарга мураска...

## КУТ БОЛСУН

Булуттар көктө тынбай көчүп барат,
Зыпылдап жерде жүрүп кечки закым.
Көрөйүн өз бактымды сени карап,
Олтурчу, перизатым, бери жакын.

Мен суумун, муз алдында жатып-жатып,
Жаз менен безеленип жаңы ырдаган.
Ал ырды батыралбайм ичке катып,
Анда бар сенин отуң жалындаган.

Мен өзүм ылгабагам, тергебегем,
Ишенип, буйрук деген жалгыз сөзгө.
А мага бир гана сен керек элең,
Сен болуп эч бералмак эмес өзгө.

Кут болгун, тагдыр буйруп берген коштоп,
Жан курсант сени адашпай тапканыма.

Сеземин мен өзүмдү мерген окшоп,
Келаткан жолборс карман капканына.

## МАГА КЫМБАТ

Мен турмуштан сабак алган кишимин,
Жүргөн дайым токтоолугун көрүп эп.
О, анан да баштап алган ишимин
Бүткөнүнөн бүтпөгөнү көбүрөөк.

Ал андыктан аргасызмын шашууга,
Бирок, бирок... чукул барып калгамын,
Алтымыштай көк мелжиген ашууга,
Апкаарыймын, сүрдүү сезип ар жагын.

Күндөр учат – дарактардан кулаган
Күзгү саргыч жалбырактар сыяктуу.
Улам жакын калган сайын улагам,
Мага кымбат чексиз дүйнө ЫР аттуу.

## КАРАП КАЛ

Дениз окшоп термелишкен тараптар,
Бүткөн тиги тулаң чөптөн, эгинден,
Өз кезинде канганыңча карап кал,
Алар сага
Убактылуу берилген.

Шагы ийилип дүпүйүшкөн дарактар,
Жаралгандай жалаң жашыл өрүмдөн,
Тирүүлүктө сен суктанып карап кал,
Алар сага
Убактылуу берилген.

Тунук аба,
Ак мөңгүдөн жыт урган,
Тигил тоолор –
Сунган колдой керилген.
Аркы калаа,
Жашыл кыштак бул турган...
Баары-баары
Убактылуу берилген.

**БИЗДИН СУУЛАР**

Башталып асман-жердин арасынан,
Кылаңгыр булуттардын түнөгүнөн,
Сызылып эски мөңгү кар астынан,
Атылып аска-зоонун жүрөгүнөн.

Кол берсе туура суулар ага келип,
Карабай макул болор-болбосуна,
Ар бирин бирден тоноп ала берип,
Карк болгон каракчыдай олжосуна,

Кайылдай өлүүсүнө-тирүүсүнө,
Күркүрөп, кайнап-бышып көбүк чачып,
Өзүнүн көндүм болгон бир изинде
Сабаалап ак жал аты келет качып.

Жаңыртып капчыгайды агылганы,
Айкырат, таманында таш күтүрөп.
Жарк этип кошо түшүп чагылганы
Жаткандай күн күркүрөп, жер титиреп.

Баарын да тепсейт, басат шары менен,
Жануу жок алган максат, багытынан.
Жер сабап, жер оодарган каары менен
Келаткан стихия – агытылтан...

## СЕБЕБИМ

Кетем десем,
Мен калааны жек көргөн
Үчүн эмес,
Мага кымбат ал дагы.
Экчеп-калчап миң электен өткөргөн
Зор турмуштан бышып чыккам андагы.

Мен каяктан жек көрөмүн калааны:
Улам бири окуп жазган ырларын
Күпүлдөшкөн «бакшылардын» жанагы,
Арасында таттуу болду жылдарым!

Меп калааны себебим бул таштаган:
Бака-шака, уу-чууларга жат кылып,
Коёт экен, жанды карый баштаган,
Жалаң тынчтык, жалгыздыкты жактырып.

Кечир досум, эгер менден кетсе айып,
Кетип жаткан менин да бир себебим:
Шыргалаңдуу таңкы сууга бет чайып,
Турсаң тиктеп аркар мөңгү жегенин!

## КУБАТ БЕР

Өмүрдүн көбүн жашап, азы калды,
Тургандыр өлүм шарты бузулбастан.
Эсептеп, бирөөлөргө карзым барбы?
Кутула бергим келет ушул баштан…

Олтурбай азын-көбүн өлчөп-болжоп,
Алгамын бул турмуштан каалагандай.

Улуу күч, ала көргүн өзүң колдоп,
Болоюн карыз болуп калбагандай.

Көп көрдүм адамдардын жакшылыгын,
А балким үчурунда кайтарбадым?
Ал менин күнөөм эмес, жашчылыгым,
Келди эми, алгыла деп айтаар маалым.

Жүрөктө толкууларды, эргүүлөрдү,
Эл-жерден ала бергем ар учурда,
Калганын жароокер кыз-келин берди,
Аларга милдеттүүмүн ал үчүн да.

Кыйкырат ички-тышкы сезимдерим:
«Берип кет, өзүң менен ала кетпе!»
Улуу күч, аны аткарчу кезим менин,
Кубат бер, мендеги бул ак тилекке!?

* * *

Алдаткым бар,
А бирок жок алдагым,
Күйүп калбай, калса дагы дүнүйөм,
Кудай мага буйрубаптыр ал жагын.
Буйрубаптыр...
Мен ушуга сүйүнөм.

Берсем берип,
Болбосо дейм алганым.
Адатым бар, бергенимди куубаган,
Тагдыр мага буйрубаптыр ал жагын.
Буйрубаптыр...
Буга да бир кубанам.

## ҮЧ КОШОЙДО

Жаттым түндө тышка төшөк салдырып,
Үч-Кошойдо, малчылардын айлында.
Доошу тынбай, кулак курчун кандырып,
Өкүрөңдөп кулап жатат сай мында.

Тигил жанган Үркөр менен Жетиген,
Кызыгы го жылдыз аттуу дүйнөнүн!
Мен аларды көрсөм асман бетинен,
Көп ичинен көз кыскансыйт сүйгөнүм.

Ойлор келет ушул түндөй жоодурап,
Мени акырын алдейлеген, терметкен.
Жымың этип таттуу үмүттөр жолугат
Көк бетинде бул чачылган берметтен.

Мен ишенем жылдыздарга, бу түнгө,
Биз өңдөнүп үмүт менен алар да
Жерден дайым көп жакшылык күтүүдө,
Жарык-жарык нур жиберип кабарга?!

## АПРЕЛДЕ

Жаз оонап эски конуш-турактарга,
Тил бүттү какшып калган булактарга.
А түгүл жаңырганын сезди бүгүн
Далайлар, жаш улгайган курактарда.

Бүрчүктүн бак-даракта ачылганы,
Быйыл тек эрте дагы, бачым дагы.
Аны да айтып турат жоогазын гүл,
Кыстарылган, кыздардын чачындагы.

Жашылга боёп тиги теребелди,
Жаз козгойт менин дагы делебемди.
Сыягы ошондойго: дегдеп коём
Кыл мурут жигит кезге теңелгенди.

## АБА ЫРАЙЫ БИЗДЕГИ

Кызык биздин тоолуу жердин ырайы:
Кээде бир ай күн салкындап турат да,
Аптап болот дароо кайра бир айы,
Кайра өзгөрөт өтпөй жатып бир апта.

Бир суткада эки-үч ирет алмашат,
Кээ бир кезде андан дагы батыраак –
Ачык туруп, беш мүнөттө кар басат,
Жайда болсо жамгыр төгөт шатырап.

Байкап көрсөң аба ырайы биздеги:
Ачууланса,
Турсаң ага даай албай,
Бирок катпай ырайымын жүздөгү,
Бырс деп дароо күлүп ийген аялдай.

## ЭМЕСПИ

*Кубанычбек аганы эскерип*

О, деги ооз барбайт «кош» деп айтып,
Ой көнбөйт көрүшпөскө эми кайтып…
Капырай, кайран Кукем өзү беле
От болуп көздөн далда учкан кайкып?

Ар качан ала жүрөр эр кайраты,
Какшанса кара ташка гүл жайначу,

Кукем жок –
капыс токтоп калган окшоп,
Кыргыздын күпүлдөгөн бир дайрасы.

Ыр окуп, же сүйлөсө уламаны,
Укчу эле курчу каныш кулак аны,
Кукем жок –
ай, аттиң ай, бул эмеспи
«Күп» этип дагы бир тоо кулаганы!..

## БАРА ЖАТСАМ

Бара жатсам,
даракта
Жалбыракты саргайган,
Таштайт бутум тарапка
Шамал жулуп ар кайдан.

Алар бүгүн даракта,
Китептерден айрыган
Окшоп эски баракка,
Учканына кайгырам...

Барган сайын аз калып
Барат биздин мөөнөт да.
Минтип жерди жазданып
Жатканга да көнөт да...

## ЧЫҢГЫЗГА

Тынымсыз турмуш агат,
жер айланат
Кадимки түрмөк жиптей ийиктеги.

Маңдайдан согуп кылым жели аймалап,
Айкындайт жылдыздарды бийиктеги.

Айкындайт
ар күн кечте асман жаккан
Жылдызга бул жылдыздар туугандыгын,
Анан да тамыры үчүн терең жаткан,
Мезгилдин өзү аяй тургандыгын.

Алардын бир ажайып нурларынан,
Жаадырап жүрөктөрдө гүл ачылып,
Жаңырып мазмундарга улам-улам
Жашоого күч аларын кумарчылык.

Дааналайт
суу сыяктуу эскирбеген,
Мезгилдин тээ алыскы кабатынан
Муундар,
чуркап чыгып,
биз билбеген,
Кол берип, чакырарын аттарынан...

## А СЕН КЕЧИР

Оюм быт-чыт,
уйгу-туйгу ичим да,
О көп болот менде мындай минуттар.
Сен токтоолук кылып мындай учурда,
Катуу айтсам –
каршы чыкпай туруп кал.

Ишим жылбай,
карыш түшүп кабагым,
Өзүмдү-өзүм жактырбаган минуттар

Болгон кезде,
билип ошол абалым,
Жаман айтсам –
жакшылыкка буруп сал.

Каным кайнап,
кете жаздап жарылып,
Жаачу күндөй бүркөө тарткан минуттар
Менде болот –
калбай ага таарынып,
Кыжырыңа тийсем мейли, унуткар.

Ыры менен алпурушкан акында
Болот учур, болот абал ар кандай:
Бири сыйса,
бири сыйбас акылга...
А сен кечир, аны эсиңе кармабай?!

## ЖЕҢИШ ЖӨНҮНДӨ

Төрт жылы үйдөн-жайдан безип жүрүп,
Ажалдын не бир түрүн кезиктирип,
Күн-түнү жанталашып атып жүрүп,
Муздак, сыз окоптордо жатып жүрүп,
«Алсаң ал өз жанымды, Ата-Журтту
Бербейм!» – деп жерди төшкө басып жүрүп,
Жуурулуп жүрүп жалаң канга, жашка
Апкелген ЖЕҢИШ мына кырк беш жашта!

* * *

Ал жылдарда мен согушта болгомун,
Болгонумду, айтып турат сол колум:
Анда –

казган окоптордун издери,
Анда –
Баскан менин сансыз жолдорум.
Алаканым
окшоп согуш талаасы,
Октор жиреп,
Кыйрады беш салаасы.
Кыйраган ал беш салаанын түбүндө,
Бир осколок жатат «уктап» бу күндө.

Жатат уктап
отуз эки жыл бою.
Доктор аны алып салар учурда
Ага макул болбодум:
«Мүрзөсү окшоп согуштун
Ал түбөлүк жата берсин уучумда».

**ЭНЕЛЕР**

Кыштакты, бир учурда жоодо калган,
Күндөрдө, кайра өзүбүз кайрып алган,
Кудайдан миң мертебе тилечүмүн:
«Тоссо,– деп,– эне чыга калып алдан?»

Айтор бир Эне тоссо ошол жерлик,
Жоокерге ал кыргында кылган эрдик.
Айтмакчы, улам жашын сүртүп жатып:
«Силер жок, а биз канча кордук көрдүк...»
Колдо бар тамак-ашын ала чуркап:
«Каралдым, аз да болсо, койгун ууртап?»
Анан соң ары узатып коёр эле,
Энелик мээримине ороп-курчап...

Энелер,
кереметтүү о Энелер,

Салт ушул,
бу силерде боло берер.
Андагы азап-тозок жылдарында,
Ар кимиң биз таянар тоо элеңер!

## АВГУСТТУН БИР ТҮНҮ ЭЛЕ

Биз ал кезде дос курбудан төрт элек,
Он сегизден он тогузга караган,
Өзүнчө эле күйүп турган өрт элек,
Ата-Журттун керегине жараган...

Биз жатканбыз бак ичинде алмалуу,
Жанды азгырып турган сүтак үнү эле.
Эмне үчүндүр көп түндөрдөн андагы
Эсте калган ушул жалгыз түн эле.

Түн бар бекен биздин жердин түнүндөй,
Жибек болуп миң буралган шоодурап!
Сан жылдыздар анын сайма түрүндөй,
Тиктеп алган так төбөңдөн жоодурап!

Түн жок чыгар жай түнүндөй биздеги,
Ай талаада күүсүн тартса саратан,
Бака чардап көлчүктөрдө түздөгү,
Тоо дайрасы кошо өкүрүп: «Баратам!»

Чаалыгышкан күндүз кечке иш кылып
Жумушчу аттар жүргөн эле тушалуу,
Күртүлдөтө беде чайнап бышкырып,
Эми тым-тырс, мүмкүн, тоюп жуушады?

Көк тиреген өркөчтөрү миң салаа,
Балким, тиги тоолор дагы жуушады?

Бул дүйнөдө жуушабаган бир гана,
Аркы жакта жаагын жанган суу шары.

Мунун баары бир-бирине жарашкан,
Жаратылыш кучагында бой жетип.
А биз мында аттар окшоп таң ашкан,
Акыябыз, эртендерге ой кетип.

Бизге кымбат бул түн сырын түшүнүү,
Анын мукам музыкасын, ырларын
Толук жаттап, көкүрөккө түшүрүү,
Билип, эки кайталанбай турганын...

Ошол бир түн биз айылда өткөргөн,
Август айдын эң акыркы түнү эле.
Жоого бачым жөнөгөнүн эп көргөн,
Биз аттандык анын аркы күнү эле.

Биз ок атсак, кошо туруп аткансып,
Ошол бир түн бирге жүрдү биз менен.
Калар элек ага оронуп жаткансып
Кай бир кезде, жанга тыным издеген...

Тертөө элек, учөө кайтпай калышты...
Кадыр түндөр, келген август айында,
Кала берген күн батышта алыскы,
Курбуларды эске салат дайыма.

## КУБАНАМ

Бул турмушта:
чоң,
кичине болобу,
Деле бизди кубандырган нерсе көп,

Чынында да ошо чыгар оболу,
Көөнүңдү өргө сүрөгөнгө бир себеп?
Майдалыкты албай эле капарга,
Ар нерсеге мен кубана беремин:
Ала-туяк,
сын-сыпаттуу аттарга,
Мейли мага тийгизбесе керегин.

Август айда,
күн чыйылдап тийгенде,
Талааларга
боз чаң учуп кубарган,
Шатырата жамгыр төгүп ийгенде,
Карап туруп мен асманга кубанам.
Мен кубанам,
сапар чегип баратып,
Каркыралар консо тоонун кырына,
Же мен өзүм тердеп жатып жаратып,

Алган мабул беш-алты сап ырыма.
Же бир көрктүү үйүн көрсөм калаанын,
Же дарактын жаңы ачылган бүрүнө,
Же борсулдап күлгөнүнө баланын,
Окшоп көктө жылдыздардын бирине.

Же болбосо, аккан суунун шарына,
Мен кубанам эми көргөн өңдөнүп,
Анан ошо кубанчымды баарына
Бергим келет, бергим келет тең бөлүп!

## УКТАГЫЛА

Бир бейпил тынчтык келет иңир менен,
Бүт дүйнө калгансыды кулак түрүп,

Окшоду жер огунда жүгүрбөгөн,
Жел да жок азыр эле турган жүрүп.

Жумшайбы алдын ала түн кабарга,
Жым-жырттык аяр жылып келет жерге.
Шырп этпей тынч алышты каргалар да,
Чурулдап жаткан аркы теректерде.

Чарчаган күндүз кечке тынбай иштеп,
Аз-аздан ысык тери – буусу тарап
Магдырап, жан жай алар тынчтык издеп,
Дүйнө эми көшүлүүгө кетип барат.

Адамдар,
                аркалаган турмуш жүгүн,
Таңды-кеч
                жанды жанга үрөп жүрүп.
Алсырап,
                артта калып дагы бир күн,
Кетишкен
                үй-үйлөргө кирип-кирип.
Чарчадыңар,
                киргиле,
                          эс алгыла,
Жайма-жай олтуруп чай ууртагыла.
Ойлорду таштап анан өз алдына,
Түнүңөр бейпил болсун, уктагыла!

Акырын…
Уктагыла…
Уктагыла!
Жатпайбы терметилип түн бешиги,
Дабышын укпагыла…
Уктагыла…
Дүйнө эми силер менен бир көшүдү…

Көшүдү...
Түндүн салты адаттагы:
Жуп мына уктай турган убагында,
Дүйнөнү сенден бөлүп алат дагы,
Өзүңө берет кайра турарыңда.

Түн деген түн гана эмес, ал убакты,
Болсо да жылбаганга окшоп турган,
Кечээги сен түгөткөн ал-кубатты
Кайрадан сага жыйнап-топтоп турган.

Уктагын!
Уйку деген – өлүү эмес,
Үшүнтүп өтүп турган ар бир түнүң
Тек гана ортосунда турган белес,
Сендеги кечээгинин, бүгүнкүнүн.

Адамдар,
                    чарчадыңар,
                                        уктагыла!
Дем алып суналыша төштү керип,
Адамдар,
                    уктагыла, уктагыла,
Баарыңар бир ажайып түштөр көрүп!

## ТААРЫНБА

*(А... га)*

Койчу жаным, кейип-кепчип таарынба,
Мезгилдерге кек сактаган жарабайт.
Жер бетине келгендердин баарына,
Тагдыр деген дайым күлө карабайт.

Тыным албай жер которгон кербендей,
Турмуш көчү жүрө берет турбайбы.
Ар бирөөгө энчи кылып бергендей,
Алмашылып бирде шаттык бир кайгы.

Аның ырас, кыска кылып көктөмүн,
Аз жашатып койгон адам баласын.
Кайсы күнү өмүр өтүп кеткенин,
Элес алып байкабай да каласың.

Бар сыяктуу караңгынын жарыгы,
Бакыт бүгүн кол булгалап арыдан,
Балким ушул өмүрүңдүн жарымы
Таттуу болор баштагыңдын баарынан?!

## МЕЙЛИ

Берсең бергин
Мага жаңы сүйүүнү,
Сүйүү деген –
Жан эрите сүйүнүү.
Кайра баштан жандырып бир көрөйүн
Болсо башка чечилбеген түйүнү.
Берсең бергин.
Бирок аны чечем деп
Жаткан кезде
Мезгил калса кечеңдеп,
Эркем өзүң күндөр алдын тосуп кой,
Айтышпасын: «Бул сүйүүгө бечел» деп?

Жазда кайра
Болгон кезде жер жаңы,
Берем десең,
Махабатты бер жаңы.

Мейли, да бир өтүп көрсүн сыноодон,
Алдыдагы алтымыштын бер жагы.

## КӨПҮРӨ

Ашып кетсе бир ай көрбөй сагынган,
Ашыктардай шашып келип ар күндө
Жолукчу элек,
Суу үстүнө салынган
Эски жыгач көпүрөнүн үстүндө.

Эмне үчүндүр, калбай ар бир иңирден
Ошол жерде туруу бизге жакчу эле.
Сүйүү окшоп канибызда жүгүргөн,
Алдыбызда суу кузгундап акчу эле.

Ал аңгыча магдырачу түн жоошуп,
Ортобузга курулган бул көпүрө,
Биздин эки жүрөктү да бир кошуп
Турган окшоп көрүнчү эле көзүмө.

Көпүрөнүн аркы жакты кырында,
Акыркы ирет кандай турсаң жөлөнүп,
Дал ошондой калдың менин ырымда...
Ажыраштык...
Тагдыр экен, көнөлүк...

*1984*

## ЖАНА БЕРЕТ

Айтышат: жаман болмок, жакшы болмок
Адамдан,
маңдайына жазган анын.
Турмушта өйдө-төмөн жүрдүм, бирок
Ар качан кыргызыма ак санадым.

Ага мен алтымышка барганымча,
Эркелейм, окшоп ойноо баласына.
Кезинде жанын таштап ага мынча
Мен түгүл, эркелеген Манасы да.

Согуштун эң бир кыйын кездеринде,
«Колдойгөр, Манас ата элеси» – деп,
Айтчумун жаш айланып көздөрүмө,
Ал мени дайым жүрчү алга сүрөп.

Жогу чын канаат кылып, тоюу жашка,
А демек көп да болсо аз көрүнөт.
Алмашкан күндөр сындуу, улам башка
Муундар келет, турмуш өзгөрүлөт.

Тек гана көөнөрбөстөн, өзгөрбөстөн,
Эл-Жерди сүйүү дайым кала берет,
Өткөрүп алган өңдүү көздөр көздөн
От болуп түбөлүккө жана берет.

* * *

Мен төрөлгөн экемин
Күздүн кыйгач маалында:
Шөкүлөсү жекендин
Окшоп турган жалынга.

Төрөлүпмүн мен өзүм
Кызыл толуп кырманга,
Жер өзүнүн мөмөсүн
Көтөрө албай турганда.

Болуп баары мен үчүн...
Түшүнсөм да ал жагын,
Түшүнө албайм, эмне үчүн
Жазды сүйүп калганым?

Жер киринип жамгырга,
Мактангандай гүл менен.
Миң кулпуруп сан жылга,
Куштар бакта үндөгөн.

Жазды мен жандай көрөмүн,
Окшотуп жаңы түзгөнгө.
Жашырып салган жер өңүн...
Эмне үчүн антпейт, күз менде?

## МЕЗГИЛ ЖӨНҮНДӨ

Кайыңдын, тереземдин түбүндөгү,
Башкараак кечээгиден бүгүн өңү –
Бир азга солгун тартып калган экен,
Бул эмне, болгон ишпи түнүндөгү?

Бир кезде өзүм тиккен кайың ушу,
Термелип терезeмде жайы-кышы
Турчу эле... ал аркылуу сезилгенсип,
Табият, мезгил – экөө кагылышы.

А бирок бар болгону бир түндөгү,
Мезгилдин ага мынча сүртүнгөнү
Таптакыр байкалчу эмес, ошондуктан,
Таң калтты кайыңдагы бул түр мени.

Нерсе жок көөнөрбөгөн, эскирбеген,
А бирок кол тийгенин сездирбеген,
Аз-аздан жашырынып өзгөртө алган.
О кандай укмуш нерсе мезгил деген?!

Мүмкүн ал Ак куш болуп жаратылган,
Андыктан дайым алга шашат ылдам?
Канатын каккан сайын минуталар,
Тыпылдап тамып калар канатынан?!

Жашырбайм окуучудан сырымды мен:
Жоомарт же Жусуп болуп калбасам да,
Арман жок, жазган кээ бир ырым менен
Аларга окшоп турсам анда-санда

Баштады алар алга биздин көчтү,
А мен тек, ал сапарды улап келем.
Алар чоң дайра болсо төө өркөчтүү,
Өзүмдү бир кичине булак көрөм.

**АЛЫКУЛ**

Ойлор анда, ойлорунда ал өзү
Жашап жүрдү. Күңүрт эле мүнөзү.

Жар күтпөдү, дос-тууган да күтпөдү,
Ыры болуп билген бардык дүйнөсү.

Бир жанга айтпай, илдет сырын ичтеги,
Жалгыз үйдө жалгыз жашап, иштеди.
Күйүп-жанып, ал багынтып берди эле,
Күн жаркыган ыр белесин биздеги.

Өлгөндө да тирүүдөгү кезиндей
Жалгыз өлдү, жан адамга сезилбей.
Боздоп ыйлап турду ырлары – музасы...
Көрө жүргөн ал өзүнүн көзүндөй.

Үч-төрт адам ала чуркап шашылып,
Кайтты эртерээк мүрзөсүнө жашырып.
Табылган жок топурак да салган дос,
Түгөнгөндөй адамдарда жакшылык?

Ырас, анда бизден кеткен катаны,
Кайра түзөп алды акындын атагы.
Айткылачы, кайда элеңер, а силер,
Алыкулдун көп калемдеш катары?!

Ырларына таза туруп, ак туруп,
Кетти өзүнө, албай энчи арттырып.
Улуулугун билип туруп, а силер,
Жөн койдуңар билмексенге салдырып.

Ай ич тарлык, көралбастык, кыянат,
Алган биздин акыл-эсте уялап!
Алыкулга анда болгон кастыкты,
Эми айтуудан адам оозу уялат.

...Тээ-тиги ким, алп сыяктуу көрүнгөн?
Алыкул го!.. Туруп кетип көрүнөн.

Ал өзүнүн алган ордун энчилүү,
Кыргыз ырдын күн жаркыган төрүнөн!

## КАРЫЛАРДЫН КҮЙГӨНҮ

Жаралып ушул жерден биз,
Жаш болуп далай көргөнбүз.
Жалжалды сүйүп, ал үчүн
Жан десе, жанды бергенбиз.

Албырттап күйгөн көз эле,
Ал курак өттү тез эле.
Аңтарсак жанды калгансыйт
Алтын жок, сары жез эле.

Жөнөтүп өмүр жазын ал,
Жөнүң жок мөгдөп басынар.
Ардактай билсең жездин да
Алтынга тете баасы бар.

Турмушта жол көп сыйгалак,
Тагдырды түркүн ыйгарат.
Сымаптай жылып жаш өтүп,
Сыйлашып жүргөн сый калат.

Айтышып көнгөн сөз калат,
Арбашып көнгөн көз калат.
Адырдан ак гүл терчү деп,
Ала-Тоо бизди эске алат!

* * *

Көп сүйгүлө силер, лирик акындар
Түшүнбөстөр, жүрсө жүрөр каралап.

Өрттөнгүлө, бар силердин акыңар,
А лирика ансыз кайдан жаралат?!

Акын айтчы, күндүр-түндүр сен тилеп
Күткөн ырбы, мындан аркы жазарың?
О сен анда, Мажнун болуп тентиреп,
Тарт аябай ашыглыктын азабын.

Жаш сулуунун терезеси алдында
Күт зарыгып болгуча түн жарымы.
Келсе келер, келбей калса ал мында,
Кайра күчөп күйөт сүйүү жалыны!

Аркасынан ээрчип жообун алалбай,
Айлар өтсүн, өтсүн жылдар арада.
Сулуу сени ойнотуп жаш баладай
Алдаганга, жазгырганга караба.

Мүмкүн жашың калган сенин улгайып?
Өксүбөгүн, эптеп таап бир ыгын,
Махабаттын токоюна тор жайып,
Ачкын мөлтүр бир булагын ырыңдын!

## БИР КАТТАН

Алчадай көзүң мөлтүрөп,
Ар кандай ойго келтирет.
Алдыртан күлө карашың
Адамды гана «өлтүрөт».

Буралсаң белиң миң бурак,
Булактай үнүң шыңгырап.
Канча жыл жерде жүрсөң да,
Карыбас өңдүү бул курак.

Жамалың окшоп шам чырак,
Жарыгың турат чачырап.
Көрмөксөн болуп сен кетсең,
Жаралуу жүрөк жанчылат.

Баратсаң көчө аралап,
Басалбайм сага каралап.
Жалжал көз айтчы, сен өңдүү
Сулуулар кайдан жаралат?

Чачтарың түндөй карарган
Айдалың ылдый таралган.
Жансыңбы, көркүң жүрөктү
Өрттөсүн үчүн жаралган?!

## ДАРТ

Турмушта, ачык-бүркөө ар кыл күндө,
Жактырып куунагыраак жашаганды,
Мен өзүм жаман көрөм алда кимге
Жок жерден кыянаттык жасаганды.

Кең пейил, ак көңүлдүк кандай жакшы,
А кээлер кыянатка дилгир экен,
Кол берсем, бирөө жанда котур ташы
Турганын, коё алган жок билдирбестен.

Жок ага бересем да, аласам да,
Болгону – жөн айтышкан саламыбыз.
Ал дагы дайым эмес анда-санда,
Кезиксек бир жеринен калаанын биз...

Чыныгы «иттик» иш го бул менимче,
Бирөөгө ичи тарып, көзүн арткан?!

Андайлар башы жерге кирмейинче,
Айыкпайт деп айтышат андай дарттан...

## КЫШТАКТА

Таң агарып, жууп койгондой
Уйкусунан тура калат жер,
Көкөлөтө созгон обондой,
Бой керишет мырза теректер.

Эркешип ушул жарыкка
Гүлдөр жаңы ачып көздөрүн,
Кужурашат суулар арыкта
Түшүндүрбөй бирок сөздөрүн.

Ал суулардын шаңдуу шылдырын
Ала качып бара жаткансып,
Тоодон келет муздак сыдырым,
Айыл толо гүлдүн жыты аңкып.

Түн боюнча калган талыкшып,
Кызыл музоо туруп чиренди.
Кашынышат моюн алышып,
Эки кунан сазда чидерлүү.

Тириликти улап кечээги
Таң агарды айыл жеринде.
Күзөткөнсүп ээн көчөнү
Мен олтурам арык жээгинде.

## ӨТӨТ

Азбы, көппү – ар кандай,
Мөөнөт берет, аны өтөп,

Ашык бир күн кармалбай
Бул турмушта баары өтөт.

Баары өзгөрөт, агылат
Мезгил өзү баарысын
Турат улам жаңылап,
Жашка алмашып карысын.

Калат асман, калат жер,
Жылдыз жана ай болуп –
Кийин мында келгендер
Кирчү белен жай болуп.

## ЭНЕНИН КОЛУ

Кымбат, ыйык эмне бар,
Өз эненин колунан?!
Өмүр бою сени алар
Аяган да коруган.

Сен бөлөнгөн бешикти
Аны менен терметкен.
Ырдап: «Ырыс-кешиктүү,
Эл уулу бол, эр жеткен!»

Түндө уктабай, жаныңда
Турган сылап башыңды.
Белен кылган маалында
Иче турган ашыңды.
Суу сугарган, мал баккан,
Эгин оргон, нан жапкан.
Бышып түркүн мээнетке
Манжаларын чор баскан.

Кымбат, ыйык эмне бар,
Өз энеңдин колунан?!
Өмүр бою сени алар
Аяган да коруган.

## ЖАШАГЫМ КЕЛЕТ

Жайлоосу жагып турганда
Жакага неге шашамын!
Куладым жашыл тулаңга
Кучакка «кысып» жер шарын.

Бейпилдик кымбат баарынан,
Үргүлөйм жаным жай алып.
Бир гана тынбай арыдан
Күркүрөйт терең сай агып.

Бетимден окшоп өпкөндөй,
Аймалайт чөптүн баштары...
Күн оту көсөп кеткендей,
Кармасам ысык таш дагы.

Күтүрөп тулаң чөп кырчып,
Жылкылар оттойт жанымда.
Олтурат конуп көк чымчык
Кер кашка тайдын жалында.

Чалкаман жатсам далымдын
Алдынан сезем жер шарын.
Өмүрдүн ушул агымын
Бузбастан, келет жашагым.

## КАЛСАЧЫ

Түндө түштө көргөнүм –
Өңүм болуп калсачы,
Сенин «сүйбөйм» дегениң
Төгүн болуп калсачы!

Мага телип койгондой,
Сен соңумдан калбасаң.
Менде сезим ойгонбой,
Өзүмдү оолак кармасам.

Тереземе үңүлүп,
Күтсөң туруп көчөмдө.
Кетсең кайра түңүлүп,
Үйдө чырак өчкөндө.

Айланып да, кагылып,
Аягыма кулансаң.
А мен турсам кагынып:
«Болбойбу деп, уялсаң?»

Жалгыз мени, дүйнөдө
Сыйлап калар болсоңчу?!
«Акың жок деп сүйбөөгө»,
Ыйлап калар болсоңчу?!

Түштө көрсөм эмнени –
Өңүм болуп калсачы!
Сүйбөгөнүң сен мени –
Төгүн болуп калсачы!

## ТАБИЯТ ЭКӨӨБҮЗ

Табияты бул жердин башка дүйнө.
Коктуда, алыскы түнт өрөөндөгү
Быйыл жай жаттым келип бир боз үйдө,
Пааналап эки бээлуу «көрөңгөнү».

Жашыл бет күңгөй-тескей көк арчалуу,
Үн салат кырандардан уларлары.
Жайлоонун жаңы-жаңы толгон маалы,
Козголсоң белге оролуп туландары.

Мынакей, миң-миң жылдык эски мөңгү,
Курсантмын тоого келген бул чагыма.
Сагынып көпкө күткөн энем өңдүү
Табият кысты мени кучагына.

Бир кылым артка түшкөн «десант» окшойм,
Айлана баары жымжырт, басып чыксам.
Эрмекке өзөн суунун үнүн коштойм,
Соктугуп таштан-ташка аккан ыкчам.

Карасам асман бийик, асман узак,
Андан мен булут көрөм, бүркүт көрөм.
«Чырк» этип суурлары жылт коюшат,
Аларды менден бөлөк үркүтпөгөн.

«Бул жерге качан келген, жаш эчеде?»
Сырдашам шыңга бойлуу кайың менен.
Жөн эле сырдашкансып чоң көчөдө,
Эски бир тааныш-жакын айым менен.

Сиңирип алгансыды жаратылыш,
Бат эле унутулуп калаалыгым.

Жакшы экен ызы-чуудан жаның тынып,
Кайткандай кайра сага балалыгың.

## КАРЫШКЫР

Жайлоо түнү толо жылдызга,
Таш кулатып дайра күркүрөп...
Жолугайын десем бир кызга,
Жолум тороп дөбөт ит турат.

Айтайын дейм итке айталбайм,
«Сен дос, эми, мени кечир» деп.
Кайтайым деп, кайра кайталбайм,
Анда сүйүү муздайт, кечигет!

Ою барбы шерик болчу да,
Карайт мени кардуу бел аркы?
Ойнойт кирип коюн-кончума,
Сыдырымдуу жумшак желаргы...

Үрктү аңгыча койлор короодо,
Бөктөрмөкпү бөрү бир койду?
Аны жоодон жетип коргоого.
Ала дөбөт туруп дыр койду.

Андан-мындан шашып бир аттап,
Кыз атасы кошо жөнөдү...
Карышкырга бүгүн ыракмат,
Кудайымдай гана жөлөдү!

## ЭСКИ ЫРЛАР

Мектепте, кружогунда «ырдын-хордун»,
Мен дайым өзүң менен бирге болдум.

Көбүнчө катар туруп калган кезде
Сезчү элем урунганын колго колдун.

Колдоруң жумшак эле кебез окшоп,
Турчу эле менде түркүм ойду козгоп.
Өкүнөм, алып кетип калбаганга
Өзүңдү ошол бойдон үйгө коштоп.

Эсепсиз андан бери акты жылдар
Бир гана ошондогу биздин ырлар,
Эфирде калган кезде кайталанып,
Дирилдейт сезимдеги эски кылдар.

Укканда ал ырларды анда-санда
Азыр да сен бар окшоп сезем жанда.
Өзүңдү дайым эстей берет окшойм,
Турмушта ошол ырлар эсен барда...

## СҮРӨТ

*Кулчоро Керимбековдун жаркын элесине*

Кыз келет, күндүз күндө ай чырайлуу,
Кой айдап, өрөөн өрдөп капчыгайлуу.
Ким билет, жин тийгенби же дайрага,
Болбосо, жээгин мынча чапчылайбы?!

Алгандай өң-боёкту жанындагы,
Кып-кызыл күрмө кыздын жамынганы.
Келет ал, аз-аз калып кошулууга
Гүлдөргө, кырдын аркы жагындагы.

Чайылган айнек сындуу асман тунук,
Бир гана булут барат салып-уруп.

Аңгыча, кыз, кой, булут, анан дайра
Селейип, орду-ордуна калды туруп.

Баятан желге жеңил ыргалышкан
Гүлдөр да козголбостон, тим калышкан.
Чыгар же чыкпасына көзү жетпей
Кылтыйып, карап турат күн камыштан.

Бул пейзаж... Жер көркүнө жуккуң келет,
Андагы кыз обонун уккуң келет.
Болбосо, жээгине жата калып
Дайрадан шашып-ушуп жуткуң келет.

Элестей алмашылган кайра-кайра,
Кой, булут, жылып кетти, акты дайра.
Акырын кыз баратты, өрт өңдөнүп,
Алда ким коюп качкан капчыгайга...

Бул сүрөт... Бүгүн окшойт унутулган,
Жоголгон ээсин жоктоп улутунган.
Жаткансыйт ал гана эмес, жаш тамызып,
Үстүндө сүзгөн бир ууч булутунан...

* * *

Аппак кар түшүп турат, түшүп турат,
Себилип те-тетиги көктөн бийик.
Дарактар калч-калч этип үшүп турат,
Ар бири аппак кардан тумак кийип.

Кыңк этип үн чыгарбайт бирок бир бак,
Куштар жок, ысык жакка алар кетти.
Карачы, аба кандай таза, кургак,
Албырып анар окшоп балдар бети.

Кышкысын түндөр тынч да, түндөр узак,
Терезең турат көпкө жарык берип…
Акынды өз ордуна олтургузат,
Ойлору жумшак сүрөп алып келип.

## СӨЗ ЖӨНҮНДӨ

Акындар –
Сөз кайтарып, сөз баккандар,
Жүрчүлөр ар-кай жерден жыйып-терип.
Акындар –
Сөз дегенде көз каткандар,
Ар сөзгө аалам сыяр маани берип.

Ар сөздүн оозуңарда турат даамы…
Билгендей кулк-мүнөзүн балаңардын
Айныбай билесиңер сөздүн дагы,
Кимиси канча жарык бералларын.

Акынга, сөз – музыка аспаптары,
Андыктан күү ойнолсо анда кандай
Алардын жаңырыгы, кайрыктары
Байкалган, дирижорго байкалгандай.

Акындар, болсок кантет сөзгө сараң,
Акындар, болсок кантет сөзгө кароо,
Саяпкерлер күлүктү таптап, анан,
Байгеге алып чыккан окшоп дароо.

## МИДИН

Сен күбүнүп, кээде мезгил чаңынан,
Тура калып биздин күнгө келесиң.

Айырмаң жок ичип жүргөн чагыңан,
Азыр деле андагыдай элесиң...

Төбөсүнө көтөргөнсүп тоолоруң
Көңүлдүүсүң, өжөрсүң да өктөмсүң.
Келатышып бузуп-жарып коолорун
Күркүрөгөн дайрасындай көктөмдүн.

Бир элесиң – жолдун ыктап четине,
Жерди тиктеп, илкип келе жатасың.
Далда кылып кармагансып бетиңе,
Үстүңдөгү пальтоңдун бир жакасын.

Кейиштүүсүң, өтө бүркөө кабагың,
Эки көзүң каканактап шишиген...
Атаганат, сенин ушул абалың
Өзүңө да жакпасына түшүнөм.

Жакпасы чын: сага, мага, эч жанга...
Уялткым жок, ансыз да сен уяттуу,
Өз акчаңа сатып алып ичсең да,
Бирөөнүкүн тартып ичкен сыяктуу.

Кээ бир, кээ бир учуруңда соолуккан,
Байкалгансып турар эле таламың –
Болсом деген ырга кайра жолуккан,
Табылган жок бирок түшкөн каламың.

Тагдырды жок колдон кайра жасамак,
Күндөрүңдүн көлөкөлүү ал жагын
Турар эле дайым жууп-тазалап,
Сен турмушта Мидин болуп калганың...

Акын агам,
Сен бир эрте жаздагы

Жарк-журк ойноп, учуп өткөн чагылган
Добушунан бийик кыргыз асманы,
Ала-Тоонун аяк-башы жаңырган.

## ФРУНЗЕМ

埃земдеп
айнек, бетон, таштан жазган
Фрунзем – биздин повесть,
биздин дастан.
Ар бир үй – апкелгенсип Ала-Тоону,
Алыстан окшоп кетет анын тому.

Фрунзем –
асыл конуш,
алтын турак,
Бет алып карасаң да кай тарабың,
Ар түркүм гүлдөр менен күлүп турат,
Ар көчө алга түртүп бак-дарагын.

Кай бирде биз алыска жөнөлөбүз,
Жүрөккө калаабызды катабыз да,
Алыста ага дайым жөлөнөбүз,
Ал окшоп энебиз да, атабыз да.

Көналбай түш жарымдык айрылууга,
Сагынып куса болуп калабыз да,
Шашабыз кайра бачым кайрылууга,
Жан сүйгөн, өзүбүздүн калаабызга.

Кечээги көчмөндүктү таштап алыс
Биз андан калаа болуп башталабыз.
Фрунзем – жашы жүзгө толсо дагы,
Кыл мурут жигит курак жаш калаабыз.

Өлкөгө аты-жөнү тарап турган
Фрунзем – кызыл туулуу борбор калаа.
Кубанат көздөр аны көрүп турган,
Кубанат аны курган колдор жана.

Баш калаам,
бир өзгөчө салттуу калаа,
Айрыкча жайдын аптап кечесинде,
Шылдырап арыкта суу, салкын аба,
Аркырап келип турган көчөсүндө.

Кечээги улуу сыноо жылдарында,
Мен өзүм жоодо жүрүп даана сездим,
Табылгыс асылын да, жыргалын да,
Койнунда бейпил жашап жүргөн кездин.

Кай бирде, калбаганда амал-арга,
Кызыл өрт, кармаштарда толгон-толгон,
Дем берип,
мени дайым сүрөп алга,
Фрунзем – мага кубат, медер болгон.

Мен анда улутуна эстегемин:
Үйлөрүн,
парк-аянт,
бульварларын.
Эстегем көчөсүндө көк терегин,
Тургандай көз алдымда туугандарым.

Ким билет, таасиридир мүмкүн анын,
Не кыйын кармаштарда көз көрүнөө
Бир башка бийик,
күчкө толуп жаным,
Кайткамын Жеңиш менен өз жериме.
Ар күнү артып жаткан кубат-күчү,

Фрунзем –
мээримдүү жай баарыбызга.
Туугандар,
аман-эсен жүрөлүчү,
Жан сүйгөн ушул борбор калаабызда!

## МАНАСТЫН КҮМБӨЗҮ

*Алты жүз эркеч майына*
*Кыш бышырып бек салган.*
*Алты кылым өткүчө*
*Турар бекен деп салган.*

**(Манастан»)**

Элестейт ошол бир кез кумбөз курган.
Каныкей,
жанындагы бийик кырдан,
Бер жакта ылай ийлеп, кыш бышырган
Көп элди ойго батып карап турган.

Сан жетпейт жайдын күнкү бир кечтеги,
Союлуп, майы алынган эркечтери.
Тизилип катар-катар кермелерде
Күлүктөр тапка келген алпечтелүү.

Таңды-кеч такыр тийбей чололору,
Туш-тушка чапкылашкан чоролору.
Бүк түшүп үйдө жатат кары Бакай:
«Манас жок, эми болбойт толор орду!..»

Бүт кыргыз, тоонун кыры-оюндагы
Жыйналып, бүгүн Талас боюндабы?!

Чиркин ай, топурактын ийи жетип,
Камырдай колдон-колго чоюлганы!

Буу булап, адам менен ат деминен,
Үн чыгат: «Кана, балдар, бат!» – делинген.
Бул эмес, бир өзөндүн топурагы
Кыргыздын ар жеринен апкелинген.

Сан жетпейт кемегеге аш асылган,
Суу ташып, кырдын аркы кашатынан.
Кызыл, көк, жашыл кийген кыз-келиндер
Тынымсыз кылакташып басат ылдам.

Бул күмбөз туруу керек бузулбастан,
Тургандай дал ушул жер, ушул асман.
Эрдикти эртеңдерге даңктай кетчү,
Билгенге мунун өзү улуу дастан.

Мына эми, бүттү жазуу-оюмдары,
Таратты ага арнаган тоюн дагы.
Калды тек Каныкейдин бийлигинде
Манастын качан мында коюлмагы.

Ким билет, качан койду анан аны?
Же тынбай Каныкейде санаа дагы,
Башкача чечти бекен? Эскерели
Андагы жоокерчилик замананы…

Койсо да алды бекен же кайтарып?
Билбейбиз, билбеген соң нени айталык.
А бирок курган күмбөз турат дале
Кылымдап «Манастыкы» деп аталып…

## РАЙКАН

Бет алдынан өтөрүндө сен кайып,
Деген өңдүү: «Токто, сага сыр айтам?»
Адатынча ууртунан жылмайып,
Ана келет, Шүкүрбеков Райкан.

Тик карабай, кыя карап келатат,
Сөзү менен куудул сүйлөп тынбаган.
Эл жүргөндөй: «Тунук, таза» деп атап,
Талант менен карыбаган, муңбаган.

Келет шашып, келет алга умтулуп,
Тынбай соруп оозундагы чылымын.
Биротоло төлөп берип кутулуп,
Ларектердин, буфеттердин чыгымын.

Түшүнөбүз, себеби бул, шашкан ал:
Жатат үйдө стол үстүн бүт ээлеп
Ыр, пьеса, дагы толгон башкалар,
Баштап койгон, бирок али бүтөлек.

Таң аткыча кирпик какпай олтуруп
Иштөө – ага кийин келген кеч адат.
Муну менен бөксөлгүн толтуруп,
Бекер кеткен мезгилинен өч алат.

## БЕЛГИСИЗ МАНАСЧЫГА

Байыркы мезгилдерден бери карай,
«Манасты» – элдин ыйык аманатын.
Апкелген манасчылар өттү далай,
А бирок, калтырбаган алар атын.

Караңгы, сабаты жок кагаз жазган,
Өтүптүр кыргыз бабам ат жалында.
Таң калам ушунчалык улуу дастан
Алмадай башка кантип батканына?

Ыракмат ал белгисиз манасчыга,
Ар сабын карегиндей каткан эсте.
Кылымдар кылымдарга алмашчуда,
Доорлор астын-үстүн болгон кезде.

## ЖАЙЛОО ЭЛЕСИ

Тоо артынан кылайып
Чыгып келсе күн бери.
Кайра ачылат булайып,
Көгүш-саргыч гүлдөрү.

Көккө тоонун баштары
Тийип-тийбей аз гана.
Булут жыла баштады
Түнөп чыккан аскада.

Бийик адыр-белинен
Кетпей дале ак кары,
Суудан, андан эриген
Жутуп жатат аркары.

Типтик өргө жол турат
Окшоп койгон түркүккө
Кырда койчу олтурат
Окшоп кудум бүркүткө.

Жылкы жүрөт жайылып,
Арт жагында ал кырдын,

Үнү жатат жаңырып
Үйүрүн көргөн айгырдын.

Дал ортодо дарыя
Таш оодарып күркүрөп,
Айлананын баарына
Шыргалаңы бүркүлөт.

Басып чыксаң кеч күүгүм,
Төш боорунда булакта,
Шылдыр-шыңгыр чыккан үн
Калат көпкө кулакта.

Иңир тоону басканда,
Жылдыз болуп коштогу,
Лайнер барат асманда,
Таласкабы, Ошкобу?

Боз үй… Жайкы түн кирет
От чачырап арчадан…
Чабан барат үргүлөп,
Күндүз койдо чарчаган…

## БАЙБИЧЕМИ КҮТКӨНДӨ

Автобус келип токтой калчу жерди,
Акмалап күтүшкөндөр дале топ-топ.
Мен дагы күтүп келдим байбичемди,
Болжошчу баягы жаш кезим окшоп.

Кечикти… «Чыктым деген»… алда качан,
Акыям кыйпычыктап санаам тынбай.
Күн аптап, чыдай албай жакам ачам,
Жел кетет куштун жумшак канатындай.

Баягы сүйүп жүрчү курактарда
Жадабай, канча болсо күтөр элек.
Чилдеси чыкылдаган бубак-карда,
Жөн эле жүрөк ысып элеп-желеп.

Канчалык курч болсо да сүйүү маалы,
Байбичем андагыга караганда,
Көбүрөөк эми керек, көндүм аны
Күндүз да чырак кылып кармаганга.

Ал жокто аңгырап бош капшыттарым,
Азабы жалгыздыктын түшөт башка.
Ал жокто башкалардын кууруп баарын,
Суу татып туруп алат жеген аш да.

Анан мен аны күтпөй, күтөм кимди?!
Ал келет, коштоп алып жөнөйм үйгө.
Жөн эле колтуктаган окшоп күндү,
Тургансып бизди карап бүткүл дүйүнө…

## АК-БУУРА БОЮНДА

Дагы да бойлоп келем Ак-Буураны,
Жаш чакта көп ойлодум ал тууралуу.
Кайда эми, ошондогу айлар, жылдар?
Дал ушул суу мисалдуу акты баары.

Ак-Буура кайнап агат көбүк чачып,
Шоктонуп, улам кырын өбө качып.
Карасаң, тоо аралап шарак-шурак,
Келаткан жаштар окшойт көңүл ачып.

Шарынан улам ууртап татам дагы,
Ойлоймун: «Ак-Буура деп аталганы

Кай заман, кай мезгилден бери карай?
Бар беле анда түпкү атам дагы?»

Ак-Буура улуу дайра, күчтүү, арбын,
Алыстап тосуп чыгып анын алдын
Талаалар бөлүп алып тим болушат,
Дал тиги дарысындай аптекардын.

Билебиз: «Суу – өмүр» деп айтышканын,
Суу жокто кургап калат какшып каның.
Эсимде, согуш кезде Ловать суунун
Боюнда душман менен атышканым:

Эсепсиз кун чыйылдайт август айда,
Жатабыз бир тал чөпсүз жайдак жайда.
Кан катты... жеталбайбыз сууга бирок,
Он кадам алдыбызда аккан сайда.

Жоо жатат бет алдыда ээлеп жонду,
Ок менен баш көтөртпөй бөгөйт жолду.
Кан катып, а биз өлүп баратабыз,
Тамчы суу – өмүр болуп кетмек болду.

Суу көлкүп, жоо чегинде жатат ана,
Сүйрөлөп жанды бир күч тартат ага.
«Суу үчүн, өмүр үчүн» да бир ирет
Жабыла турду балдар атакага.

Бир гана кызыл кыргын андан ары...
Далай го бул дүйнөнүн армандары?
Кулады эт-бетинен жетип сууга,
Балдардын өлбөй аман калгандары...

Мен азыр ал жөнүндө ойлоп турам,
Көбүктүү Ак-Бууранын бойлоп турам.

Сыдырым тоонун муздак жели келип,
Оролуп буттарыма ойнойт тулаң.

## ТИГИЛ ТООЛОР, БУ СУУЛАР

Тигил тоолор, бу суулар
Мени берген энелер.
Акталбаса тузуңар –
Уулубуз дейт белеңер!

Тигил талаа, өзөндөр,
Баарың мени туудуңар.
Силер эмне десенер –
Дайым макул уулуңар.

Силер үчүн а чыны,
Боло аламын курман да.
Ким бар менден бактылуу
Силер аман турганда!

## ЖУСУП

Кыялга бир алданбай, бир алданып,
Тирүүдө сен өзүңчө серүүн жүрсөң,
Дайныңды өлгөндө да билалбадык,
Жок бүгүн жер бетинде сенин мүрзөң.

Жок жана эстеликке койгон таш да,
Жоокерлик жөн бир кызыл жылдыз дагы,
Таппадык, болбогон соң белгиң башка,
О, кайран талбас булбул кыргыздагы!

Жоо келди, тыным бербей сен аларга,
Ок менен кууп барып кулагансың,
Кан агып, көз жаш тамган талааларга,
Өлкөнүн коргоп ошол улагасын.

Жарышып жылдар өтөт, күндөр өтөт,
Ырыңда тирүү жашап жатканың чын.
Элиңе унутулгус кызмат өтөп,
Жусукем – менин кайгым, мактанычым.

***1985***

**АРНОО**

*(Чыңгызга)*

I

Сөз менен көркөм ойдун орбитасын,
Көтөрүп биз билбеген бийиктерге,
Көрүндүң ал бийиктен өзүң таасын
Жылдыздай, нуру жетип турган жерге.

Бир кеткен кыргыз атың кошоктолуп,
Бу күндө сен өзүңчө космонавтсың.
Канчалык бийиктесең ошончолук,
Адамдын жүрөгүнүн сырын ачтың.

Өлкөлөр, континенттер, элдер түрлүү
Багынып, таазим берет каламыңа,
Ал эмес аалам өзү кулак түрдү,
Чексизге кеткен сенин кадамыңа.

Ала-Тоо – Байконуруң старт алган,
Жонуңда ат көтөргүс даңктуу жүгүң.
Кыргызга болуп сыймык өзүң албан
Турасың чокусунан карап бүгүн?!

**II**

Дүйнөнүн салыштырчу ченемдери
Жашоонун салты тура жаңыланаар...

Көз салсаң бийиктерге төбөңдөгү,
Турушат жылдыз болуп жанып алар.

Сереп салып карап көрсөң бийиктерди,
Көтөрүп алган өңдүү далысына,
Ободу өзүн берген ыйык жерди
Айланып анын даңкы, намысына.

Карабай булут жиреп жүргөнүнө,
О, алар жер сыяктуу жупуну өтө,
Адамдын кылдай сезгич жүрөгүнө
Алпарчу жолдору да таасын, төтө.

Турганда Күн жарыгы тийип жерге
Белгилүү, урук жерге умтулаары.
Куштар да эңсейт ар кыл бийиктерди,
А бирок бүркүт эмес куштун баары.

Кызыгы болмок эмес жашоонун да,
Жок болсо ак-карасы, ысык-суугу.
Көрбөгөн бийик болуп, төмөндүктүн
Турбаса бийиктикке түшүп сугу?!

Бийиктик болбойт жалаң асманында,
Айрылбай, башкалардан башкасынбай,
Ар качан катарында, өз жанында,
Дапдаана, кудум аттын кашкасындай.

Кут болсун жолуң дүйнө жүзүндөгү
Аман жүр, Ала-Тоонун алтын уулу,
Ак мээнет, андан көргөн үзүрлөрү,
Жарашкан өлкөсүнө даңктуу, улуу!

## СИЛЕР КАЙДА

Улуу тоодон угулган,
Улар куштун үндөрү ай!
Жандан жумшак суурулган,
Жайдын салкын түндөрү ай!

Асман толо жагылган,
Жылдыздар ай, сурмалуу!
Ала салып жарылган,
Ашуу төрдүн суулары.

Турган кезде тийип күн,
Жамгыр төгүп жуулган,
Тулаңдары-ай, бийиктин
Тукабадай кубулган…

Сүйлөй алган менен да,
Силер билген тил менен,
Бала экемин мен анда,
Баркыңарды билбеген.

Башым ийип ар бир күн,
Бактым окшоп маңдайда,
Бааларымда, а бүгүн
Силер кайда, мен кайда?!

Кадам сайын бурк этип
Көк арчада жыт кандай!
Бул куракта бир жетип,
Болсом кана жуткандай.

Айгыр үйрү мал жаткан,
Аткулактуу кырлар ай,

Кечте чыккан ал жактан
Кыз-жигиттин ырлары ай!.

## МУКАЙДЫН АВТОГРАФЫ

Бир ирет айлыбызга келди Мукай:
Жүргөндөр анын атын угуп, укпай
Жабыла жөнөп калдык, жашбыз анда,
Жарышып таманыбыз жерге жукпай.

Токтотуп, айтты аңгыча бирөө жолдо:
«Ал киши кетти жөнөп Кара-Колго,
Мынакей, бул китебин берди мага...»
Эсте жок, болжолумда: «Узак жол» го?

Анан да ал мактанып айтып жатты:
«Куш каттап бул бетине жазды катты
«Иничек, элиңдин бол аш катыгы!» –
Мен үчүн мындан өткөн барбы бакты!»

А бирок: «Аш катык бол» деген кепке
Түшүнсөк, билсек десек келбей эпке,
кыйналдык... жашбыз анда. Сырын бизге
Апкелди аккан жылдар кийин, көптө.

***1986***

* * *

Поэзия – эски дүйнө баягы,
Бирок жолдор бийиктеп өр таяды.
Ал бийикте сыналышып жатышат
«Акын» аттуу байге аттары аялуу.
Эл айткандай
«Бара жатып күлүк озсо күлүктөн,
Күйүп-бышып тыпырайт төрт аягы...»

* * *

Искусство,
Эргүү алган канаттан,
Көрк үрөнү калып өткөн изинде.
Метеориттей, чагылганга бараткан,
Учкунунан сүртүү үчүн жүзүнө.

Искусство,
Канатты өзү жараткан,
Жердин түркүн жаңырыгын, күүлөрүн,
Кан аркылуу тамырларга тараткан,
Кошуп күндүн ууртунан күлгөнүн.

Искусство,
Жаралгандай жаннаттан,
Ой эргитер азоо кылы жүрөктүн.
Акын анын угутунан дан таткан,
Тартуу үчүн сөзгө айлантып сүрөтүн.

## ЫРЛАРЫМА

Келет алып ырларыма кийригим,
Бурганактын жибинин бир ийримин.
Же мезгилдин байкатпастан, алдыртан,
Бизге кылган өжөр, өктөм бийлигин.

Улуулукту, көз ирмемге кымтылган,
Үмүттөрдү, жаңы, алга умтулган.
Же деңиздин күр-шар түшкөн толкунун,
Жымжырттыкты, ойго батып тим турган.

Согуштагы ок жаңылган дарактын,
Адам окшоп онтоп ыйлап турганын.
Башкалары же таңалбай жараатын,
Ичтен кейип аяганын «тууганын».

Ырларыма келет алып кийригим,
Аба, суунун, асман, жердин бирдигин.
Ага кошуп сапардагы куштардын,
Токтой калып, бизде өткөргөн бир күнүн.

## ТҮНКҮ ОТТОЙ

Кеч кирди асман бүркөө, булут көчүп,
Олтурдум ташка келип коюп көчүк.
Арыда кыштак оту жалт-жулт этет,
Ымдалган көз сыяктуу күйүп-өчүп.

Дүйнөнүн бул да көрктүү бир учуру,
Баратты коюуланып түн утуру.
Жанымда, кыштак жакка көз жиберип,
Мен өңдүү ойго батып терек туру.

Куштармын мен ушундай көз ирмемге,
Жайкы түн бышып жеткен учурунда.
Табият белек этип берген менде
Канатым жарап турса учурууга.

Кызыкпайм алысына, жакынына,
Бир гана болсо болду бийиктиги,
Түндү да, түнкү жорткон закымды да,
Тең жарып турган оттой, күйүп тиги!

* * *

Мен жашоодо жеңилдикке көнбөгөм,
Кырстык мага андан бетер жатыраак.
Жаным болсо, өйдөсүнбөй өңгөдөн,
Кайра жапыс жүргөндүгүн жактырат.

## МӨӨНӨТ

Мен өзүмө берип бир кез убада,
Көз ирмемден сыр ачууга кылымга,
Тарттым далай ырахаттуу убара,
Издеп аны күүдөн комуз кылында.

Токтотмокчу болдум анан мезгилди,
Бараткаңда канатында куш алып.
Ал аңгыча бардык мазмун эскирди,
Калган үчүн мөөнөт азга узарып.

## ИШЕНИМ

Берерде ишенимин мага сөздүн:
Далбастап шаштым кетип турдум сүрдөп,
Калгандай сыноосунда миң-сан көздүн,
«Тууган жер, өзүң мени сүрөй жүр?!» деп.

Берерде ишенимин мага сөздүн:
Тереземди түн бою тынбай жууган
Жамгырдын бир калыптуу үнүн сездим,
Тыпылдап уйкаштыктар бийлеп турган.

Берерде ишенимин мага сөздүн:
Үнүн туурап куштардын асмандагы,
Жердеги чөптөр менен катар өстүм,
Алардан алып кыйла сабак дагы.

## ЖАШААР ЭЛЕМ

Кеме мисал, гавань сайын токтолуп,
Жашаар элем өзүмдү-өзүм шаштырбай.
Бирок күндөр тобу менен жок болуп
Жатат жана бир орунда жаш турбай.

Самолёттой, коно берген шашылбай,
Туура келген аэропорттун баарына.
Жашаар элем, бирок гүлдүү жашыл жай,
Өтөт ылдам кайра кыштын каарына.

Мен турмуштун этегине илээшип,
Ал шашылса, мен да кошо шашылам...
Улам кийрип күндөр ачып бир эшик,
Өмүр калат тоо артында жашынган.

## АКЫН ЖОЛУ

Учуудан анча-мынча талса канат:
Өзүндө боздоп турган жүрөк ыйын,
Аргасыз басып, тыйып таштай алат,
Ар качан акын жолу – татаал, кыйын.

Акынга чабыт керек алыс, бийик,
Үмүткө жарык кылып анын алдын,
Жер четин жылдыздарга жалгап ийип,
Басууга мөөр кылып, алаканын...

## ИЮЛЬ АЙДА СОҢ-КӨЛДӨ

Июль айда Соң-Көлдөгү гүлдөрдүн
Агат жыты жазгы жүргөн кыяндай.
Аны менен өтүп турган күндөрдүн
Ар бирөө менде таттуу кыялдай.

Тоолор узун-туурасына жазылып,
Үргүлөшөт ал жыт менен бир жашап.
Боз кылаңгыр булут көктө асылып,
Таанышындай мага башын ыргашат.

## КАЙЫҢДАР

Өзөндүн бою калың бак,
Бир чети аппак кайыңдар.
Өңдөнөт алар айылдап
Бараткан сулуу айымдар.

Төгүлүп «чачы» далыда,
Ипичке бели буралып,
Термеле калат баары да,
Элп эткен желден күү алып.

Жазгыдай жарык жүздөрү,
Бой сунбай күзгө көп анча.
Аларга, төмөн түздөгү,
Көз артат кырдан көк арча.

## ТУРМУШ АЙТАР

Болсо болор жүткүнгөнгө көп берген,
Тагдырымдын улагасы түбүндө,
Мен андайды көз жаздымдан өткөргөм,
Бардыгына кайдыгер жан түрүндө.

Талашкым жок, колдон жулуп алгым жок,
Турмуш айтаар кандай боло турганын?..
Эч нерседен кемиткен жок а бирок,
Өз энчиме тийген бир аз ырларым.

Ошол менин ооруксунаар жараатым,
Мен кирээчи арабага ыр баскан.
«Жымжырт» аттуу кең дүйнөдө баратып,
Өзү менен өзү жалгыз сырдашкан.

Жалгыздыктан издеп тапкан жан арга,
Окшойм куду талаа досу дербишке.
Бул сапарда жүрүп калсам далайга,
Маңдайымда ойногонсуйт периште.

Жалаң чындык болсун десең айтканың,
Кошпой сүйлө өңдөгүңө түшүңдү.
Турмушту да бийигинен байкагын,
Турсун даана ырахаты, түйшүгү.

## ЭСКИРБЕСКЕ БАРАСЫҢ

*Чыңгызга*

Кунт коюп карап турсаң, сырты калып,
Мазмуну бат өзгөргөн биздин кезде,

Кылымдын жүгүн жонго артып алып,
Сен кетип баратасың эскирбеске.

Көрө элек өзү жаккан коломтону,
Жашоону чындап баштай электер да,
Айрыкча жетине албай ушул жолу,
Бир белек сый көрсөтүп келет сага.

Куюндай сапырылып чачың башта,
Аркырап доорубуздун шамалы урат.
Тырышып туугандыгын жашырбаска,
Тоолорун, сыймык менен карап турат.

## АЙРЫБАСЫН

Жылдарың жетсе дагы канча санга,
Өмүрдүн бүтпөгөнсүйт баары акталып.
Адамга жарым-жарты ачылсам да,
Бергим бар табиятка баракталып.

Сыйлашуу кээде жетпей, кээде жетип,
Адамда дайым турат эсеп-кысап.
Дооматсыз, качан болсо эркелетип,
Табият бизди бекем төшкө кысат.

Ким билбейт ак-каранын айрымасын!
Табият – махаббатым, куштарлыгым.
Тагдырым угузгандан айрыбасын,
Көктөмдө сайрап чыккан куштар ырын!..

## ГЕТЕ

Рейин суусу шашып келип энтелеп,
Жоошуй түшүп сунган жерде аягын,

Сексен жашын жаш баладай жетелеп,
Гёте келет, тык-тык уруп таягын.

Таш, чөптөр да, жол боюнда камыш да,
Селт этишип жүзү менен бурулуп,
Дилгир ага баш ийкешип калышка,
Же калышка таягына урунуп.

Турса дагы өмүр жалгыз түймөдө,
Келет ана, сеңселген ак чачынан,
Шоола жанып, ал аркылуу дүйнөгө
Окшоп өзү да бир ирет чачылган...

Алгачкы ирет чыккан жок да үйүнөн,
Анда неге карайт баары курчалып?..
А чынында чарчап ырдан, сүйүүдөн.
Ал биротоло жаткысы бар тынч алып.

Бирок дале жалт-жулт жанат көзүндө,
Сан кылымга сакталуучу арааны...
Менин болсо, эс тартканы эсимде,
Келе жаткан Гётенин алп карааны.

## ТОКТОГУЛ

Тоолор мына экиге тең жарылган,
Ортосунан жол бошотуп дайрага...
Келип турду арык, жүдөө, жарым жан,
Анча ишенбей келгенине кайра да.

Сүргүндөгү чынжыр буттан жулунуп,
Бошонгуча өмүр канча кемиген!..
Ушул азыр суудан урган жылуулук,
Келгенсиди энесинин деминен.

Көпкө тиктеп бир боорундай Арымын,
Тебетейин колуна алып аңгыча,
Сузду дагы көбүктөнгөн шарынан
Жутту шашпай, кусалыгы кангыча...

Жерден алып анан жумшак сылады,
Комузунун чаңдуу, назик кылдарын...
«Токомсуңбу?» – уккансыды кулагы,
Үн катканын тоолор менен жылганын.

Кубангандан санаа-санга бөлүндү,
Жашы чууруп сакал ылдый карынын.
«Сагыныпмын... акыр келчү өлүмдү,
Айтсын сенден Ала-Тоом, Арымым!..»

Суунун шары, комузунун күүлөрү,
Куйду келип «Токтогулдун көлүнө»:
Өнсүн үчүн курсанттыктын гүлдөрү,
Жер бетинде, адамдардын көөнүндө...

**ТАГДЫР**

Бет алдын көралбаган сокур өңдүү
Келемин, тагдыр мени коштоп жүрөт.
Көп бастым турмуштагы ойду-дөңдү,
Чалындым өлүмгө да эчен ирет.

Антсе да аман бармын, бул бир олжо,
А демек, себеп жоктур кейишиме?
Бир тилек – бийлигимди алсам колго
Тагдырдан... барса барып келишимге.

Аз болор же көп болор калган мөөнөт,
Арга жок ылгашка да азыр эми,
Тек гана жалгыз ирет сезгим келет,
Мен эмес, ээрчигенин тагдыр мени.

## ЦЫГАНДАР

Көздөрү түнкү күйгөн оттой жанып,
Көздөрү – турган сага ок кадалып.
Куруна кыстарылган канжарлары
Жаркылдайт, алган окшоп күнгө малып.

Кан кызуу, дүрт этишке жаны белен,
Кайгысын жерге тепсеп аны менен,
Тубаса, өзгөрүлбөс «илими» бар,
Жоруп да, алдап дагы алуу деген.

Чыйрак-тың аялдары о алардын,
Төшүндө балкылдатып мамаларын,
Жер шилеп этектери кетип барат,
Бакылдап арты менен арабанын.

Ичинде бой жеткени жаңы бышып,
Атайлап же болбосо жаңылышып,
Көз менен издеп таап башка көздү,
Ыраазы калганына «кагылышып».

Алардын кыялына чабыт берген,
Талаа да мас кылаардай учсуз-кенен...
Баратат табор ана, атаандашып,
Көктөгү калкыган боз булут менен.

## КУР-ТАШ АСКА

Жайылган керегедей, керилген бир,
Айлымда Кур-Таш аттуу аска турат.
Белекке бизге атайы берилгендир,
Кылымдар катмарынан койгон курап?

Баратсам күндүк жерден мени көрүп,
Ордунан бир козголуп алган окшоп,
Аңгыча шашып-бушуп жели келип,
Аймалап өөп-жыттап, жөнөйт коштоп.

Ал турат, ээлеп менде жандын жармын,
Айлымдын чоң белгиси, жердин жери,
Дүйнөдө болгон бардык шамалдардын
Өтпөгөн ага тийбей эриндери…

## САЛГЫЛАШТА

Селейип, карда тоңгон шинель менен,
Карышып куралында муштумдары,
Кумсарган кан-сөлү жок ирең менен,
Кошулуп ички кекке кыштын каары,

Күркүрөп денинде ойноп согуш чуусу,
Тынууга жоонун тигил туусун жыгып,
Карабай, калды канча татчу тузу,
Өлүмгө өлүм болуп барат жылып.

Канчалык болгон менен жаның асыл,
Билесиң сенде жогун өлбөс дене.
Өлсөң да эч нерсеге арзыбасың,
Турганда Тууган жердей асыл Эне!..

## БИЗ – ВЕТЕРАНДАР

Мейли, алдыбыз бардык дейли сексенге,
Артыбыздын жашы, мейли, элүүдө.
Буйруганын жашап, мөөнөт жеткенде,
Бизге болот кам санабай өлүүгө.

Анткени биз, денебизден өткөрдүк,
Кыргындарда коргошунду,– темирди.
Өлбөсөк да, эчен жерден көктөлүп,
Биз актадык бул берилген өмүрдү.

Кийин-кийин азыркыдан жүз эсе
Эскерүүлөр болот бирге биз менен.
Анда биздин атыбызды издесе,
Табат жалаң «эрдик» аттуу тизмеден.

## ҮНСҮЗ ЖАҢЫРЫК

Акырын археологдор алды казып,
Байыркы бир адамдын сөөгүн жерден:
Денеге жоо-жарагын баарын асып
Көмүлгөн... бул эместир төгүн жерден.

Айтаарда унутулган бир сөз окшоп,
Жанында кошо жатты жаанын огу.
Кылычы «кыңгыр» этти, койсо козгоп,
Мүмкүн бул кылымдарга берген жообу?!

Ээсине кошуп көмгөн атын дагы,
Туякта жатты канча чакырымдар!
Үмүттүн жалгыз-жарым татымдары,
Айланат ишеничке акырындан.

## КЫПЧАКТАР

Көрсөттү да сүрөттөгү кыпчакты,
«Силер жакшы билесиңер» дегендей,
Музейчи кыз, карап койду биз жакты.
Чынында да түрү сендей же мендей.

Билебиз чын, биз алардын кимдигин,
Алар бизге бир тарыхта кезиккен
Чөл достору... Балдарынын киндигин,
Талаадагы бороон менен кесишкен.

Үмүттөрү үзүлбөстөн, тырмышып,
Чыйратылган тарамыштай тартылган.
Аттарына минип жайдак ыргышып,
Ажал болуп кууган жоосун артынан.

Бирде катуу ойрон салса касына,
Бирде кайра баратканы байланып,
Башы тиги кастын канжыгасында,
Тегирмендей тагдыры чарк айланып.

Көздөр жанып чанагында чыңалып,
Сырын каткан алкоо менен каргыштын.
Мезгил аны чөл-талаага чыгарып,
Кое берген: «Болсоң бол, дел карышкыр!..»

Көрдүң беле чөл-талаанын боорунда,
Бир кездерде алар курган дубалдын
Калдыктары, жашап өткөн дooруна
Күбө болуп, муңдуу карап турганын?..

## ЮЛИЙ ЦЕЗАРЬ

Мен бир кезде көп окугам тарыхты,
Артык көрүп башка бардык илимден,
Ал аркылуу айланып бүт жарыкты
Кайткам кайра байыркы карт Римден.

Рим калаада окуп гексаметрди,
Парнас жакка барчу төтө жол көргөм...

Чиркөөсүнөн чыгып Ыйык Петрдин,
Юлий Цезарь өзү мага кол берген.

Ошондогу жайдын жумшак кечинде,
Күн ордуна күйүп турду көздөрү.
– Сен, Аполлон, мейлиң кечир, кечирбе,
Ар нерсенин бар эмеспи өз жөнү!

А сен болсо… мени мейман деп санап,
Өзүң келип колуң бердиң, ырахмат!
– Тирүүлүктө бардыгынан сый кымбат,
Ансыз, алыс алпаралбайт бир атак…

Айтылбады андан башка көп артык.
Айыгышкан кармашында өз ара,
Анын оттой жаштыгына жан тартып,
Мен жакшылык каалап кеткем, Цезарга.

## СОКРАТТЫН ЖООБУ

Мен жаралып Прометей отунан,
Түшпөс болуп дүйнөлүк туу чокудан,
Ыйык десен; ыйык дагы, улуу да,
Сен бараткан жолдо күтүп олтурам.

Мен оболу баш тарттым да бийликтен,
Даңкты таптым кылымдарга дүүлүккөн.
А турмушта бир жөнөкөй адаммын,
Сен сыяктуу катын-бала, үй күткөн.

Дүйнөдөгү болгон бардык дарыдан,
Ойлор күчтүү оту менен каарыган…
Эгер бирөө ишенбесе, сура де
Сократтай, жер сыяктуу карыдан.

## ЭҢСӨӨ

Абада асылгансып мелжийт чоку,
Күн батып, кеч күүгүмгө берген кезек.
Чокунун алды боз үй, жаккан оту –
Талаадан өзүм терип келген тезек.

Түтүнүн жутсам канып жан кумарым,
Түндүктөн жылдыздарга чейин, аркы,
Тикийип узатып от учкундарын
Олтурган, жаш ойлордун чеги барбы!..

Азыр да ал куракты эңсөө эрмек,
Сагындым эркелетип турчу кезин,
Мойнуна олтургузуп мени жер-көк,
Ансайын максаттарга курчуп өзүм…

## ҮРӨҢ-БАРАҢ

Өрөөндөр жарым тирүү, жарым өлгөн,
Каалгып боз буу жерден көтөрүлөт.
Жер кайсы же суу кайсы – чек жок бөлгөн,
Бирок түн бир четинен барат түлөп.

Андагы атаар таңдын алсыз нуру,
Кадалса түн төшүнө бычак болуп,
А кайра мени төшкө кысып туру,
Сүйүүдөй ынак, ысык кучак болуп.

Өз өңүн издеп жатат жаратылыш,
Уктаган, аны өткөрүп түнгө берип.
Ан сайын агыш боло берет чыгыш,
Ал жакка аккан өңдүү жылдыз эрип.

## ЖАМГЫРДАН КИЙИН

Кайра ордуна туруп калды,
Асман жана эриген.
Күн каткырат, булуттарды
Көзөп ар кай жеринен.

Жер бүткөндүн баары «көз жаш»,
Тамып жаткан, кулаган.
Жол боюнда жаткан көк таш,
Түтүн окшойт булаган.

Көйрөңдөнөт көк тулаңдар,
Шуру, мончок тагынган.
Суунун үстү ак кылаңгыр,
Алар – сынган чагылган.

Кашатында мажүрүм тал,
Карап турсаң элесин
Суудан чыккан сулуу мисал,
Чачы чүмкөп денесин.

Жаратылыш жаңы, таза,
Жаралгандай кайрадан.
Сайда суулар сайрандаса,
Куштар жыргап сайраган.

## АЧ ТАЛАА

Калган бейм табияттын каргышына,
Муунтуп, кекиртектен алып күнү,
Бир тамбай жайда жамгыр, кар кышында,
Айкырган анафема ачуу үнү.

Эриндей, чарт жарылып keберсиген,
Жел жүрөт жалын менен камчыланган.
Терисин сыйрып алып денесинен,
Өткөрүп кургакчылык маршын андан.

Турмуш жок... Тек кулаалы куш олтурат
Бозоргон куу дөбөнүн этегинде,
Иши эмне алдындагы боз топурак,
Байыркы хан калаасы экенинде.

Кылчактап, карап-карап эки жагын,
Шарт учуп жөнөй берди чабытына,
Ага да оокат керек, эч бир анын
Иши жок, жаткан жерде табытында...

А менчи? Мен күнөөдөн тазаланып,
Актоого өзүмдү-өзүм арзыйт белем –
Биротоло бул жер менен жазаланып,
Темселеп кайра артыма басып келем.

## АЙЫЛДА

Бала кезден үйүр алышып, көз көргөн,
Жер-суудагы эчен-эчен белгиден
Бири калбай, баары небак өзгөргөн,
Тоолор калган эскилерден мен билген.

Адамдардын башта өзүм тааныган,
Көбү эчак жай алышкан арыда
Мүрзөлөрдө, аталардын жанынан,
Бир кездеги балдар өтүп карыга.

Ал гана эмес, мал жайылчу кырлар да,
Азыр башка, турат жаңы жыттанып...

Турмуш бизди зымыратат бир алга,
Тизгинде кол, үзөңгүдө бут талып!

## МЕНИН ЖАНЫМ

### I

Өз жаным – кулум дагы, малайым да,
Кечкээте жер казса да башы менен,
«Кыңк» этпес бир жери бар таалайыма,
Жашырып көп азаптуу жүгүн менден.

Ал үчүн кам көралбайм андан бөлөк,
Бул, балким, сыйлабастык өзүмдү өзүм?
Ар качан боло жүргөн таяныч-жөлөк,
Тайманбай тиктешиме элдин көзүн?

А демек, дайым керек катуу камчы,
Милдетин билип сергек жүрсүн үчүн.
Адат бар, жоктон барды тартып алчу,
Адат бар, андан күтчү пилдин күчүн?

### II

...Ынтымак бар жаным менен денемде,
Бул дүйнөдө башка бирөө билбеген,
Байлангандай бала тууган энеге,
Сезимдердин жиби менен миңдеген.

*1988*

## СУРАНУУ

Өтүнөм бизди берген Улуу Күчтөн,
Кайрыл деп Кан-Бакайдын кубатынан,
Үйүмө, эшик какпай келип түшкөн,
Карттыкты кайрып артка кууй турган.

Бер мага мен-менсиген жаштын күчүн,
Күндөрдө улам чууруп өтөр алдан,
Төрөлчү ал-кубаттуу ырлар үчүн,
Мезгилдин жүгүн жонго көтөрө алган.

Эски акын Жеңижоктун шыгын бергин,
Тил менен тамга баскан кара ташка?
Денемде жүгүрт канын тууган жердин,
Болду эми, сураарым жок андан башка.

## ӨТКӨНҮМӨ

Уктагыла менин өткөн жылдарым,
Уктагыла, бейкапар, тынч көшүлүп,
Билбепмин тез мезгил мынча жылганын,
Чөлдө көчкөн кум сыякту эшилип.

Жаман, жакшы чыгарсыңар, өткөнүм,
Бул өмүрдө жаңылышкам көп ирет?
Бирок алар жаштыгыман кеткенин
Сезгем дагы, койгом баарын көрүп эп.

Өткөн өттү, уктагыла өткөнүм,
Тынч мемиреп, тереңимде-түбүмдө.
Өмүрүмдүн карт курагын, көктөмүн,
Бирге кошуп турасыңар бу күндө.

Уктагыла, тыноо кагып, тынч алып,
Мен силердин – бешигиңер, өткөнүм.
Силер менен сапар чектим мынчалык,
Ойлойм дагы: басар жолум көп менин!?

## АК ТАҢДАР

Ак таңдар!
О, айылдын ак таңдары:
Тоо, талаа коюндашып жаткандагы,
А гүлдөр – уйкусуроо сулуулардай,
Салкынга тулку-боюн каткандагы!

Акырын түн түрүлүп, койнун жарып,
Арыдан келатканда таң агарып,
Торгой да, булбул дагы аны даңктап,
А суулар, сай-сайларда жаагын жанып,

Дүйнөнүн кирсиз кези, таза турган,
Алдыңда ак кагаздай жаза турган.
Күн келет – табияттын жалгыз көзү,
Өңдөнүп нак алтындан жасаттырган.

Ак таңдар!
О айылдын ак таңдары,
Гүлү окшоп жаңы ачылган пахтаңдагы!
Сонун кез, дарбазасы тириликтин
«Качырап» жаңы ачылып жаткандагы!..

## АЙ АСМАНДА

Ай асманда, бир перизат унуткан,
Шакек окшойт, алтын алкак-дөңгөлөк.
«Уурдайм» деп булут, кара мурутчан,
Ага жылып бара жаткан өңдөнөт.

Жан-жаныбар, бардык тирүү, жердеги,
Терметилүү уйку деген бешикте.
А Жаз гана Айдын болуп эрмеги,
Аны багып, басып жүрөт эшикте.

## ТҮШҮНҮП КОЙ

Түшүнүп кой, сен мен үчүн жаралдың,
Сенсиз мага өмүр түнт да караңгы.
Сан «жылдыз» бар, арасынан алардын
Жалгыз гана мен сага көз каранды.

Буга өзүмчө курсант болом ичимен.
Сенин нуруң башкалардын нурунан
Алда канча күчтүү болгон үчүн мен
Эң оболу ага келип урунам.

Сен болбосоң жүрүп дайым үйдө эле,
Баса турган багыты жок калмакмын.
Бул турмушта, бул будуң-чаң дүйнөдө,
Сенин нуруң болгондугу, ал – бактым.

## СӨЗ КАЛАТ

Ак жеринен күйдүрбө сен адамды,
Ушактаба, күнөөлөбө, каарыба.

Ал дүйнөгө убактылуу жаралды,
Ал да кетет, калат артта баары да.

Же таптакыр айла-амалың түгөнүп,
Жеңдирмекчи болгонуңда ачуурга,
Сен да жерде турбасыңды түбөлүк,
Эскер дагы, тырыш кийин качуурга.

Сезгич, назик, кыл тараза көңүлдөр,
«Кылт» эткенди алар дароо эске алат.
Тирүүлүктө бар сыйлашар жөнүңөр,
Адам өтөт, айткан жаман сөз калат.

## УНУТТУҢБУ

Бул сенин тамашаңбы, ырасыңбы?
Же чындап тааный албай турасыңбы?
Болбосо түшүнбөдүм: «Өңүң жылуу
Учурайт, ким элең?» деп сурашыңды.

Кечээги менин, сенин курч чагыңда.
Клубдун көздөн далда бурч жагында,
Мен күтүп, а сен шашып чуркап келип,
Куланып калчу элең го кучагыма?!

Эми аны унуттуңбу, унуттуңбу?
Биринчи ким өпкөнүн ууртуңду?
Болбосо, тааныттырбай турган чыгар,
Ап-аппак сакал менен мурутум бу?

Ооба мен башкалардан бат карыгам.
Карасаң сан жылдардын катмарынан,
Көрөсүң кандуу канча кармаштарды,
Андагы милдетимди аткарылган...

## ОШОЛ БОЙДОН

Үндөрү каркыранын, каздын жаңы,
Сездирет сулуулугун жаз мындагы...
Айыккан эчак эски жаратынан,
Талаалар,
Москванын астындагы.

Андагы жер үйлөрдүн, окоптордун
бири жок.
Ар келген жаз мээнет менен
Толуктап, оңдоп-түзөп койгон ордун,
Оңойбу, кырк жети жыл мөөнөт деген!?

Жерде жок: тынчтык чеги, согуш чеги,
Кемчилин мезгил өзү түзөй койгон...
А менин денемдеги ок издери
Айыкпай, дале жүрөт ошол бойдон.

## ФРУНЗЕДЕ КҮН АПТАП

Фрунзеде күн аптап,
Дем алалбай, акактап,
Көзүм өтөт тоолордон,
Моңгүлөрү ап-аппак.

Азгыргандай ач кумар,
Азыр ага качкым бар.
Булуттар көп үстүндө,
Балким жаан-чачкын бар?

Куйса нөшөр чорголоп,
Үй-үйлөргө корголоп

Калат баары. Тоодо антип,
Кайран салкын кор болот...

Жалынганым туйса го,
Жамгыр мага куйса го,
Жыргайт элем, суранбай
Бул ысыктан «жан соога!»

Бизди от менен камчылап,
Турат ысык канча убак?
Асфальт эрип, жолдордон
Бензин жыттуу чаң чыгат.

Фрунзеде күн аптап,
Тер куюлуп, акактап,
Көзүм өтөт тоолордон,
Мөңгүлөрү ап-аппак.

## ОРУС БИЙИ

Кыйма-чийме таралуу
Жоо бетинде калды издер.
Госпиталда жаралуу
Жаткан элек а биздер.

Рязандык улан-кыз
Концерт берди бир кечте.
Кызый-кызый улам биз
Кирдик бийге бир кезде.

Алгач окшоп чарчаган,
Араң ээрчип баянды,
Барып-барып шарт анан
Биз кызыттык аянды.

Аяктардын алдында
Калды тактай качырап.
Кана тердеп ал мында
Кара жанды камчылап.

Баш ийкектеп, чач кулап,
Бийге-бийге чакырат.
Кайра төмөн эңкейип,
Калат санды чапкылап.

Тең күлүңдөп, тең жаркып,
Бирден эмес, жуп алар.
Учкан куштай жер кайпып,
Чарк айланат юбкалар.

Бий жаралып такада,
Кетип кайра жакага,
Калса ийини кагылып,
Бий түшкөнсүйт агылып.

Кашаң окшоп сезилет:
«Кана, кана, тезирээк!»
Баарын, баарын чакырат,
Баян андан безилдеп.

Ах, бийиңден, бийиңден,
Агып ылдый ийинден,
Тамган ар бир мүчөңөн,
Тамган ар бир кийимден!

Жел дирилдеп этекте,
Жеңил калкып кетет же.
Кыздар, кыздар шоктонот,
Бирден жигит жетекте.

Жатканыбы эркелеп:
«Ух» делет да «эх» делет.
Эркелесең эркеле,
Эмне десен, эп келет.

Ах, бийиңен, бийиңен,
Адам жаны ийиген!
Жигит кызга кыналат,
Жиптей, бирге ийриген.

Эх, бийиңе эридим,
Көз алдыма келтирип,
Ала-Тоолук элимин,
Кыз оюнда каткырган
Кыз-жигитин, келинин!

## САЯПКЕР

*Атам Эралыны эскерип*

Дүкүйгөн калың бактуу, кыштак ары,
Жанында жашыл тоолор, учта кары.
Капталда оттоп кетип барат аттар,
Угулуп анда-санда бышкырганы.

Уккандай, жан эриткен укмуш күүнү
Саяпкер, калган ага кулак түрүп,
А кантсин, анын бардык өмүр-күнү
Өттү эле күлүктөрдү таптап жүрүп.

«Жибек-Жал», «Бөрү-Кулак», «Күрөң-Кашка»,
О чиркин, эмне деген аттар эле!
Из калып туяктары тийген ташта,
Учушкан куштар менен катар эле.

Чабылып, байге бербей майрамдарда,
Күлүктөр даңк апкелип колхозуна:
«Ар-намыс биздики,– деп,– Абам барда!»
Ал турчу элдин татып алкоосуна.

Күн-түнү жем баштыгы колдон түшпөй
Жүрчү эле… ага канча жыл айланды?
Баары өттү, бир гана ирет көргөн түштөй,
Карылык – казык экен, ал байланды.

Көрбөгөн өмүр бою башка иш кылып,
Эми да эси-дарты аттар жакта:
Алдында «Жибек Жалдан» жел ышкырып,
Аны алып бараткансып кайтып артка…

*1990*

## ЖАҢЫ КҮН ДАБЫШТАРЫ

Өлүмдүн караңгысы, муздагынан,
Жарыгы, ысыгынан төрөлүүнүн,
Теңирдин буйруп койгон туз-даамынан
Куралган сенин бардык өмүр-күнүң.

Сапарда келет, келет сени узатып,
Бүтпөгөн шекшүүлөр да, ишеним да.
Асмандай, бирде ачылып, бир суз тартып,
Сездирип ачуу тагдыр кишенин да.

Жашоонун жанып-жанбай табышмагы,
Артынан көргөн түштөй, жылдар чууруп
Келаткан жаңы күндүн дабыштары,
Эскиден жаш үмүттү алат сууруп.

## ЖОГОТТУМ

Жоготтум жан ырымды – жаш куракты,
Кечээ эле батпай ашып-ташып атчу.
Жоготтум ага кошуп жаш буракты,
«Агай» деп, күлө карап, кашын какчу.

Жүрөктүн жанып жаткан алоосу да,
Көңүлдүн кыя өтпөгөн каалоосу да
Жоголду, татыгансып кала берди,
Качандыр даамын алган бал оозумда.

***1991***

## СҮЙҮҮ ДЕГЕН

Сүйүү – өткүн, төгүп коюп бир өткөн,
Сүйүү – оюн, от ыргытып жүрөктөн.
Сүйүү деген – кокус түшкөн учкундан
Өрт кеткендей, бүт денеңде дүр эткен.

Сүйүү деген – жай бошотуп жүрөктөн,
Ашык жарды түбөлүккө түнөткөн,
Адам ата, Ева энеден бериге,
Адам барбы сүйүүлөрсүз күнү өткөн?!

## БИЛБЕЙМ

Бир өзүңдө канча мезгил ыргагы,
Бирок барын алмаштыра бересиң:
Булут болсоң, бирде сүзгөн кырдагы,
Бирде кечки жылдыз сенин элесиң.

Кээде көлдү жандап учкан куу дагы,
Туруп алат көз алдымда сен болуп.
А жок, кайра перизатсың суудагы,
Жүргөн ойноп, толкундарда толгонуп.

Кээде окшойсуң көк желеси обонун,
Таштап кеткен жайдын жылуу жамгыры.
Билбей сенин кай чекитте болоруң,
Качан болсо менде адашуу, жаңылуу.

## «АТА-БЕЙИТ» БАШЫНДА

*(Бейкүнөө репрессияланган 137 адамды кайра көмүүгө арналган кайгылуу митингге арналган ыр)*

Уруксат бер, жым-жырттык,
Уруксат бер,
Онтоп-буулуп турган жер,
Карашка ал күндөрдү –
Кайрат-кубанычтан кур калган,
Көз менен кектүү сурданган.
Кайда, жазыксыз бул өмүрлөр,
Үмүт-максаттарга толгон,
Тап-таза, тунук көңүлдөр?

Биз бүгүн мүрзө ачтык,
Өлгөндөрдүн сөөгүн эмес бир гана,
Арамдыкты, таш боордукту кошо ачтык.
Ооба, менин бул пенделигим,
Кыйналат өзүнө кабыл алалбай
Ал кездин шерменделигин.

Ырас, маркумдар укпайт сөздү,
Алар жашайт.
Бирок, жердеги шыбыштарда.
Мезгилде, сезимдерде, көз ирмемдерде.
Алардын айтылбай калган сөздөрү,
Жетпей үзүлгөн үмүттөрү
Бүгүн менде, сенде,
Бул турган баарыбызда...

Биздин күндөрдүн актыгынан, тазалыгынан
Кошуп алып бир үзүм,

Азыр мен, жашымды аарчып турам,
жаткан кулап улам-улам.

Жылдыз болуп жерде жанып,
жазыксыз кеткен өмүрлөр!..
Бир мүнөткө мен аларга айланам,
Айланам да, андагыдай уурдалып түн менен
Азага бүткөн
Чоң-Таш жакка айдалам.

Турам мына.
Казылган көрдүн башында
Желкемди тешип өтчү окту күтүп,
Жок менин жалооруган жашым да,
Калган ал муз болуп тоңуп бүтүп.
Бирок бар мезгилге наалатым,
Жок, мезгилге эмес,
адамдардагы жырткычтыкка,
Тепселген үчүн адам атым,
Кордолгон үчүн ар намысым.
Урпактарга таштадым
Үмүтүмдөн бир тамызым,
Жарым тамызым.

Азыр жай,
Чөп-жалбырактан
Аңкыган жыт менен кошо шыбыш угам:
«Мен... Айтматов Төрөкул.
Мен, Жусуп Абдрахман...
Бизди кечээ
биздикилер атышкан
Болбосок да жат, душман»,
Шыбыштар...
«А мен...
А мен...
Кайра дагы шыбыштар:

Алаканга сыйбады
Болсо да дүйнө мынча кең»
О, каран түн түшкөн жылдар,
Кара кийген күндөр,
Тарыхта түбөлүк калган
Күйүттүү чындык,
Бүтпөс арман...

Дүйнө сен, неге мынча таш боорсуң,
кара мүртөзсүң?
Буга чейин айтпай катып жаттың го
Кайда экенин жазыксыздар мүрзөсүн?
Өмүрлөр ай, бейкүнөө чорт кесилген!
Жапа чегип келет дүйнө,
Адамдарда текеберден, кесирден.
Алардын айыпсыз тарткан жазалары
Бүгүн, эми
Жаткан окшойт бизди кошо жазалап.
Бирок турмушту,
Жердеги наадандыктан
Мүмкүн эмеспи, биротоло тазалап?..

Ооба, ооба,
Азырынча аларга жок эстелик,
Бирок болот, ан үчүн
Мезгил өзү – жатат тезделип.
Ар-ар түнү асман карайт мелмилдеп,
Ар бир жылдыз сустайып:
«Ооба, алардын эстелиги менмин» деп
Айткан окшойт бизге улам кайталап.
Мындан ары
Түбөлүктүү тынч уйкусун алардын
Жер өзү да кайтарат!
Күн өзү да кайтарат!

*1992*

## СЕНИН ТЕРЕЗЕҢ

Бар-жогун аласамдын, бересемдин
Айталбайм, бирок келип турар элем,
Алдына сенин эки терезеңдин,
Ар кечте, барып кулдук ураар элем.

Күлүңдөп турган үчүн жарык берип,
Жан алек жалаң аны ойлоо менен
«Атайын көркүн күнгө малып келип,
Мен үчүн мында орнотуп койгон?» деген.

Сен турган үйдүн эки терезеси,
Азыр да мени менен, бүтпөгөндөй
арада аласасы, бересеси,
Жаркырайт «Келип дале күт?» дегендей.

## А... ГА

Балким, калган төрөлбөстөн мурда эле,
Махаббатың түгөл мага арналып?
Ал оболу алсыз, назик нур беле,
Кала берген ара жолдо кармалып?

Алдыдагы биз кезикчү күн келбей,
А мен аны каалабайын, каалайын
Улам жаңы ат которуп мингендей,
Алга узаткам жылдарымдын далайын.

Ай тийгендей, сенин сүйүүң кечиккен
Тапты акыры... Мына бирге келебиз,
Жаркын үмүт, ыйык сүйүү ээрчиткен,
Алпаратат бизди турмуш – кемебиз.

Биз кезиктик күздүн ачык бир күнү,
Бирок, жаным: жаздагыдан беш бетер,
Кулпурганда гүл өңгөндөй миң түрлүү,
Сүйүүнү да «сен кечиктиң» деш бекер.

## ДЕМОКРАТИЯ

Оң болсо да, терс болсо да кыялы,
Адам үчүн ак тилектей көздөлгөн
Биз сыйлайлы демократияны,
Маңкурттукту жоюп, тирүү сөз берген.

Ага кыйын өзүн актоо, далилдөө,
Биз колдойлу демократияны.
Чынын айтсак, биз көппүз – ал бирөө,
Керек болсо, ал үчүн жан кыялы.

*1994*

## ИЗДЕП КЕЛЕМ

Мен башыма жүктөп саат-сабырды,
Жөө чабытка чыгып алган Ылаачын,
Тынбай издеп келем жалгыз сап ырды,
Канатымдын бир жайылган кулачын.

Дүйнө кесип, кыйма-чийме сабаалап,
Күндө канча кайталанчу учуу ал,
Калып артта гимн ырдап же табаалап,
Жолдуу жана жолсуз кайткан учурлар.

## САНАРКОО

Ар бир аткан таңды тиктеп, жүз албайм,
Же бул күнкор замандан кол үзө албайм.
Же өзгөргүч өлчөмүнө тууралап,
Мен өзүмдү кайра жаңы түзө албайм.

Ага менин ар намысым жол бербейт,
Жаңы үмүттөр таарынгандай кол бербейт.
Туталанган байкуш акыл азабы
Туюк жарда турган кезин оң көрбөйт.

Кутман турак-конушумда байыркы,
Колун созуп, тилеп карайт кайырчы.
Эстен чыкты кечээ күнкү Гений да,
А бизди кой, биз катарда жай ырчы.

*1995*

## ООР ДАГЫ

Бул мезгил оор дагы, дарттуу дагы,
Угулуп жан кашайткан үшкүрүгү.
Көрүнөт далысынын артындагы,
Көп артып апкелаткан мүшкүл жүгү.

Көздү көз тиктеп турса ызырына,
Аргасыз, мен мындайча ойго келем:
Айкалып ысыгы да, суугу да,
Бул турмуш келет өтүп коога менен.

## ТААРЫНГАНДА

Көчөдөгү ураандын
Оңгон окшоп кызылы,
Бул турмуштун улам бир
Тарап барат кызыгы.

Кыштагында, шаарында,
Кылдай кымбат баарында.
Таш капты деп, үмүтүм
Тагдырыңа таарын да,

Аттан, колго ал камчы,
Жөнө изиңди жашырып.
Мезгил куу да алдамчы,
Кылбайт эч бир жакшылык!

*1998*

## ШЕКЕР АЙЛЫНА

Асыл жер, ата конуш айдың кенен,
Аманбы кереметтүү Шекер айлы,
Дүйнөгө уул берип, аны менен
Дүңгүрөп кетип жаткан атак-дайны.

Алдында багыт, максат тоодой бийик
Ата-Журт туу кармаган балаң мына,
Тууган жер бешенесин сылап сүйүп,
Бабалар бата берген каламына.

Багыттап адамзатка асыл сөзүн
Багынтып миллиондордун акыл-эсин,
Адамды «Адам бол!» деп, ачып көзүн
Канча ирет жер жүзүнө таанытты өзүн.

Өзүнө ала жүргөн даңк – абийир
Түбөлүк сыймык болду тууган жерге.
Байыркы Манас даңкы кайра да бир
Кайрылып келген окшоп улутка, элге.

Болбостур ыйыксың деп тергеш аны,
Болбостур Пайгамбарга теңеш дагы.
А бирок ага назар салып туру
Ай-аалам түгөл дүйнө, бүт жер шары.

Кылымдын кийинки бир кабатынан
Замандын октой учкул канатынан.
Урпактар улам чуркап чыга калып,
«Улуу!» деп атап турмак аны атынан.

***2004***

## ЭҢ ОБОЛУ СӨЗ БОЛГОН

Өмүрдүн узун-кыска жолдорунда,
Бaратат кетип адамдар,
Кармаган тагдырлары колдорунда.
Барат алар,
Бирде жай, бирде шашып,
Кылымдын кыйрын басып, даван ашып:
Жашоо – күрөш, зор майдан,
«Алдыга!» деп, ураан таштап, туу жайган.
Айткан бир кез философдор байыркы,
Теңирден деп, чечендик,
Теңирден деп жана акылман эл башчы,
Өз мойнуна ала жүргөн эчен жүк,
Эң башкысы – элдин ага ишенчи.
Эмне керек адамга?
Кеменгер, калыс сөз керек,
Андан ашкан жок энчи.

Ооба ошентип, эң оболу сөз болгон,
Сөздөн барып дүйнө уйкудан козголгон.
Андан бери келет тынбай өзгөрүп,
Ар кыл заман, доорлор менен коштолгон.
Кемтиктерин, кетиктерин дүйнөнүн,
Түзөтүүгө күчү менен сүйлөөнүн,
Акылман сөз учса туйгун куш болуп,
Рух бийиктеп, турган ага туш болуп.

Өмүр өтөт, улам аздан сездирбей,
Баары өтөт,

Жалгыз гана сөз калат,
Ак иш калат, түбөлүккө эскирбей.

## АЛТЫН ЖЕР

Тууган айлым, сагынганым айтпагын,
Бирок кыйын бүгүн артка кайтмагым.
Бар тилегим – аман турсаң болгону,
Алгач тартып минген жерим ат жалын.

Тызылдаган ойноо кезим элестеп,
Билем, сен да сагынасың мени эстеп.
Кечиккеним кечип күтө бересиң,
Балким аяп: «Бекер жүргөн эмес» – деп?

Демейдеги тынч күндөрдүн кээсинде,
Таңкы уйкумдан эми ойгонор кезимде,
Үнүңдү угам кулагымда жаңырган:
«Балам, айтчы, мен бармынбы эсиңде?»

Дүк-дүк этип, туйлап чыгат жүрөгүм,
Дабырты окшоп аттуу келген бирөөнүн…
О, алтын жер, сен бар үчүн дүйнөдө,
Көөнүм толук мен бейкапар жүрөмүн.

## ЖАШАР ЭЛЕК

О кайдан, кайран досум, жылдызданбы,
Башымда бөрктү көккө ыргытсамбы?
Кубанчым артып сени көргөн сайын
Кошубак боло түшөм кыргыз жандуу.

Жалганбы, жан кыйышпас курдаштыгың,
Жонго асып, ала жүрчү ыр баштыгын,

Кетчү элек дербиш окшоп жер кыдырып,
Кусалуу эстебесин ким жаштыгын!

О анда, Парнас тоодо бир түнөдүк,
Калчудай ошондогу ыр түбөлүк.
Жем издеп топ-топ болуп учуп-конгон
Таранчы үйрү өңдөнүп дүркүрөдүк.

Дайрадай дайым ашып-ташаар элек,
Бат эле эр жетсек деп шашаар элек.
Бүгүнкү күндү мындай коё туруп,
Келечек күндөр менен жашаар элек...

***2006***

## ЫР ЖАЗАРДА

Мына мен олтурамын, олтурамын,
Ыр деген үмүткө жык толтурамын.
Бирок да мен түшүнөм, ага жетүү –
Тар кечүү, таштуу тайгак жол турарын.

Чыгарда көк мелжиген бийигине,
Алгансып, асманды илип ийиниме
Аска-зоо боорлорун тырмалаймын,
Алайдын окшоп ыкчам кийигине.

Алдымдан алай-дүлөй бороон тосот,
Не түркүн кыйноо-азап колун созот.
Капыстан жарык «жылт» деп көрүнгүчө,
Бүт сапар тура берет болуп тозок.

О анан, көп күттүрүп, кээде тез же,
Акыры олжоң колго тийген кезде,
Бой балкып кандайдыр бир ырахатка,
Аласың, жан күсөгөн бейишти эске.

## ӨЛҮМ ТУУРАЛУУ

Эч ким качып кутула албайт өлүмдөн,
Ал ар кимге өкүм, бирден бөлүнгөн.
Мөөнөт бүтсө, бүгүнбү же эртеңби,
Ажал келет, көрдөй суук көрүнгөн.

Айтса эгер бир айылдын элине:
«Араңардан бирди мага бергиле?»

Эмне болмок? Кырылышып калышмак,
«Мен бер, сен бер» деп согушуп ар бүлө.

Өлүм ак да, калыс жана адилет,
Кайсы күнү кимди аларын так билет.
Албайт эч бир бирөө үчүн бирөөнү,
Өлүм келсе, башка арга жок, кабыл эт.

## ТАҢДА

Таң сереси асман-жерге сүртүлүп,
Түн карасы калды арыга түртүлүп.
Жетиналбай колго тийген жарыкка
Дүйнө өзү да ийди белем «бырс» күлүп.

Тарап жерге таңдын шаңдуу дүбүртү,
Сууту канган дайраларын жүгүрттү.
Ага кошо сайрап кирди сан куштар,
Шуудур-шуудур дарактарга тил бүттү.

Жылкыны ээрчип кулун-тайлар өттү удаа,
Күн шооласын улам күчөп төктү да
Энеге окшоп, эркелете жылмайып,
Көкүлүнөн сылап өптү чөптү да.

## БИЗДИН МЕЗГИЛГЕ

Аманбы, санаасы көп биздин мезгил,
Ашыкча суроо салсак, а сен кечир.
Тар болуп, тайгак болуп баскан жолуң,
Сүрдүгүп жай табалбай калдың эч бир.

Сен деле болгуң келер дилгир, сергек,
Анда не алга озбойсуң, канат сермеп?

Неликтен эл камына өталбайсың,
Жанды үрөп, башты байлап кургап-тердеп?

Неге сен күлүп, кабак ача албадың,
Пикеттер, митингдерден кача албадың?
Эмне үчүн элиң ишсиз, өлкөң жакыр,
Келди го элге ырыскы чачар маалың?

Байыркы биз элек ко Манас эли,
Канча ирет калчай берет мезгил сели?
Эчендер безип жүрү бөлөк жакта..
Ой келет: ушул деле жетер эми?

Айтчы сен, эмнебиз кем башкалардан,
Өлкөбүз «жигит курак» жашка барган?
А кайда эл алчу энчи, жердин кенчи,
Же кайда, эркиндик биз какшап алган?!

## ӨЗҮМ ЖӨНҮНДӨ

Азыр мен эсен-соомун, аман башым,
Бар жана киер кийимим, ичер ашым.
Бул үчүн Жаратканга кулдук айтып
Керек ко, көөнүм куунап жаркылдашым.

Колумда тагдыр буйруп берген калам,
Ар күнү күтүп калат мени ыр талаам.
Мен дагы кен издеген геологмун,
Казганым эмне берсе, ошону алам.

Бар менин бир адатым эрикпеген,
Олжолуу кайтсам эгер, эрип келем.
Ак дилден, колдо бардык тапканымды
«Кыргызым, сен үчүн!» -деп, берип келем.

Ар качан башкы үмүтүм каламымда,
Турса деп, трууган элдин таламында.
Ойлоном өмүр, турмуш, дүйнө жөнүн,
Ар күнү аны колго аларымда.

Билсем деп, элдин оюн убарамын,
А кокус жакпай калсам, кубарамын.
Арзысам кубаттаган бир сөзүнө,
Жеткендей төбөм көккө кубанамын.

Акынга оңой бекен жакшы ыр жазган,
Өңдөнүп ийне менен кудук казган.
А бирок айтып бүткүс шаттыгы бар,
Төбөңдөн куйган окшоп бактыны асман?

**УЧУР ЫРЫ**

Күчөдү кыжың-кужуң, чырдуу чатак,
Бир бирин «бузуку» же «чыккынчы» атап.
А кайда кыргыз «түптүү эл» аталып,
Байыртан бизде жүрчү сыймык-атак?!

Жашоо да аткан окшоп айлан көчөк,
Бир эсе «жарк» деп жанып, «жалп» деп өчөт,
Азыркы опурталдуу күндөр өтүп,
Журтчулук тынч жайына качан көчөт?

Канткенде боло алабыз биз этиет,
Көч деле бара-бара түзөтүлөт.
А качан эл тынчтыгы, биримдиги,
Көздөрдүн карегиндей күзөтүлөт?!

## АЙ КИМ БИЛЕТ

Бир кезде көп өтчү үлпөт, олтуруштар,
Жаш элем, жаным болчу ага куштар.
Шараптар кеселерде мелт-калт толуп,
«Ал, ал» – деп, сүрөө-коштоо, сый-сунуштар…

Дуу-дуудан кете жаздап үй жарылып,
Жалпыбыз коштоого алган ыр жаңырып,
Кызыткан ичте шарап ээликтирип,
Кай бирде калар элек түн жамынып.

Жакшы эле ошондогу тамашалар,
Күч да бар, керек болсо таң ашырар.
Чер жазып көңүл куунап, кыял учуп,
Учур бейм өз бактыңды талаша алар.

Шаңк этип алмак-салмак күлкүлөрү,
Айтылчу тамаша да түркүн эми!
О кайран дос-курбулар, силер менен,
Канча ирет жаштык доорум күркүрөдү?!

Кээде мен ал учурга кайткым келет,
Көөдөндө көксөөмдү айткым келет.
А бирок андагыны бүгүнкүлөр,
Түшүнөт, же түшүнбөйт, ай ким билет?

## САГА АРНОО

*(Альбинага )*

Бүркөө, ачык өтүп келет күндөрүм,
Кечээ терсем тоонун кызыл гүлдөрүн,

Бүгүн аяз, туш-тарабым калың кар
Мейли… кымбат сенин эсен жүргөнүң.

Канатымдай сени медер тутамын,
Дарак болсом, өзүң жөлөк бутагым.
Бул жашоодо жалгыз гана чындык бар,
Айырбасын андан тагдыр-тутамым.

Ошол чындык – бул дүйнөдө сен барың,
Түйшүгүмдүн сен бөлүштүң тең жармын.
Агыны күч зор дайра – бул турмушта,
Тилегеним бизге шыр жол, кең арым?

Биз түбөлүк бир тагдырга, түйүлгөн,
Сени көрсөм бакыт көрөм үйүмдөн.
Сенсиң менин кун жетпеген байлыгым,
Сен бар кезде дайым толук дүнүйөм.

## АК ШУМКАРЫМ

«Ак шумкар» – деп ким койду экен атыңды,
Акылманбы же бир даңктуу акынбы?
Абалтадан көксөгөнүң көк асман,
Ага ошончо табиятың жакынбы?

Сен дүйнөгө кун жетпеген табылга,
Качан болсо турган алгыр табында.
Учуп чыксаң, кош канатың күркүрөп,
Окшойт сүрдүү зор дайрада агымга.

Сени адамзат сүйүп «шумкар» атаган,
Ал салт келет урпактарга атадан.
Асманды ээлеп, сүргөн дооруң, эрдигиң
Балким, ал да алардын ак батадан?!

Улуу дагы, бийик дагы даражаң,
Жерде туруп, көктөн сени караган
Куштар учпай, жымырылып калышат,
Ошончолук айбат-даңкың тараган.

Шумкар учса, көздөрүнөн шам жанат,
Шоокумуна бүт айлана шаңданат.
Шумкар учса, коштобостон кош канат,
Алпараткан окшойт аны сан канат...

...Жалт карасам, көк зоокалар кырында,
Келатыпсың, жаадай сызган сырыңда.
Кереметтүү келишиңди бу жолку,
«Бул – бакыт!» – деп жоруп койдум ырымга.

Жорудум да, жерге сыйбай сүйүндүм,
Келишиндей эң алгачкы сүйүүмдүн,
Сыймык кушум, көктөн түшкөн кут болуп,
Кел, конуп ал, түндүгүнө үйүмдүн!

Ак жол басып келиптирсиң атайын,
Акжолтоюм, кел, койнума катайын.
Сен апкелген ушул намыс – насипти,
Элим менен чогуу-чаран татайын!

## КЕСИБИМ

Баштан жаман, жакшыны да өткөрдүм,
Мезгилдин да кысымына көп көндүм,
Азыр эми таразалап олтурам,
Оош-кыйыш учурларын өткөндүн.

Бул жашоодо кадам калбай карышып,
Келди өмүрүм мезгил менен жарышып.

Болду кээде өксүгөн да учурлар,
Бара жатып катар тизгин кагышып.

Ал бир дастан – согуштагы жылдарым,
Ачып берген кандуу кыргын сырларын.
Ар күнүндө баштан эчен өткөрдүм
Өмүр, өлүм кырчылдашкан кырдаалын.

Биз душманга чабуул коюп бараткан
же чегинип, алган нечен жараттан,
Тирүүлүктөн айрыларда түбөлүк,
Ырай кылып, колдоду өзү Жараткан!?

Кийин мени тагдыр кошту ыр менен,
Бул дагы бир купуялуу сыр белем
Аны менен жашоо даамын тең татып,
Кошо жатып, кошо туруп бир келем.

Түпкүрүндө, мүмкүн, акыл-эсимдин,
Жаткан чыгар ырдан бүткөн кесибим?
Анда, демек, бекеринен эместир,
Тээ бир кезде мен лирага кезигүүм?!

# ПОЭМАЛАР

## А К   М Ө Ө Р

*Биринчи бөлүк*

### Суу боюнда

**I**

Алда кимге түшсө жаштык сынагы,
Албууттанбай санаа ордунда тынабы?
Мас кылгандай башты айлантат махабат,
Билбейм десең, ага кыйын ынануу.
Сен канчалык сырга сараң болбогун,
Сезет өзгө эл, сезет достор ынагы...
– Мөкүш, сенде бир кебим бар,– деп күлүп,
Батыш барып ага өз боюн кынады.

**II**

– Курдаш элек, нечен сырлар катышкан,
Аядың го азыркыңды ачыштан?..
– Койчу, Акиштай?
– Бөөшсүнбө, шегим бар...
Сынай карап – шыңк-шыңк күлөт Батышжан.
Мөөр да анын моюнуна асылат:
– Кайран Батыш кайсы шекке чатышкан? –
Жулмалашып экөө бирдей каткырат,
Чака кармап сууга бара жатышкан...

### III

Мен кыйналам кыздар көркүн жазганда,
Ышкым түшүп, ыклас отун жаксам да,
Аны куду «айдай», «күндөй» деп мактап,
Жерден алып жеткире албайм асманга.
Көңүл тойбой кээбир буга кээ сулуу...
Ыраазы элем, көп болбосо, аз санда –
Акындыктын чабалдыгын кечирчү,
Ыр сыйлаган кээ бирөөгө жакса анда.

### IV

Турмуш мол го – далай-далай бар сулуу,
Ар сулуунун өз-өзүнчө баркы улуу.
Мөөр сыны: аппак ыраң, кара көз,
Кырдач мурун, субагай бой-чарчылуу.
Ичке кашы жүрөккө урчу жебедей,
Саал ийилип, саамай жакка тартылуу –
Бир жазылып, бирде азыраак жыйрылат
Сүйлөп жаткан сөз ыргагы аркылуу.

### V

Ичке бели, шоола теккен бурагы,
Узун кирпик – мелт деп жаңсоо ыраагы,
Кызгылт тарткан эриндери мөлтүрөп,
Кыз деминдей жылуу, таза бу дагы.
Тең төгүлүп жибек талдуу чачтары
Жука үлбүрөп алкымынын туру агы.
Тирсийиңки көкүрөктө кош алма,
Мүмкүн жеткен, бышса-бышар курагы.

**VI**

Оолжуй түшкөн суйсалыңкы басыгы,
Жылмаюусу – окшоп өмүр азыгы,
Сезимге аткан чайыттай ачык жамалы,
Кайрыгандай качанкы өткөн жазыңы.
Сөз соңунда ойлуу калат кылгырып,
Же бул күткөн сулуу заттар назыбы?
Ак сүйүүдөн эркелигин сермелейт,
Анткени анда жоктур жаштык жазыгы!..

**VII**

Берки Батыш шайыр кыздын бирөбү,
Күлгөнүндөй сыр катпаган жүрөгү.
Толмоч мүчө, кой көздөрү жоодурап,
Оймок ооз, ак саргылдуу иреңи.
Ачык неме, туура сөздү тике айтчу,
Учур тозуп, келер дебей бир эби.
Ынак бүтүп, таттуу болсо курбулук
Дайым минтип, бир-биринин тиреги.

**VIII**

Бири качып, бири четке чыкты, ана,
Кууп жетип, колдон алып чып гана,
Булка тартып булактаса Ак Мөөр кыз,
Үстүндөгү кызыл баркыт чыптама,
Кош этектүү чубалжыган ак көйнөк,
Көк шалы ойгон өкчө өтүгү бутта да,
Үкү таккан жазы кундуз тебетей,
Жай түрүнө жарашкансыйт куп гана.

**IX**

– Айтсаң, айтсаң, кай сыр экен катканым?
– Байкап калдым көптөн ойго батканың.
– Кандай ойго?
– Жакшы угулуп турабы?
Ошол чыгар сүйүү даамын татканың...
– Сүйүү дейби? – Мөөр күлүп тим болот.
– Жакшы эмес ко жашыргансып жатканың?.
Кыз түйшүгүн курбусунан катчубу –
Мейли өзүң бил, айтпайм десең айтпагын...

**X**

– Кой ишенбе, бул айтканың элдеги
Алда кимдин апыртмалуу жел кеби.
Жандай басып колтугунан кармады:
– Жаш күнүмдөн жашырчу элем мен нени?
«Ойлуу» дейсиң, анда кандай айып бар?
Ойлосун деп жаратат го пендени.
Батыш айтат: – Саал кысталып жатасың,
Жакшы ошентип кызды уяты жеңгени.

**XI**

– Ай, Батыш ай, таарынгансып калдың да,
Кана, кана кадимкиндей жалжылда!
Өпмөк болот колун артып мойнуна:
– Ырас, сүйүү, болор иштир алдымда,
Азырынча сүттөй акмын – деп гана
Күлүп койду, күмөн кошуп калжыңга.
Жашыл беттен бирин-бири куушуп
Кең жылгага кирип келсе – дал мында:

**XII**

Жалт-жулт ойноп, күнгө күмүш сыяктуу,
Түркүм тилдүү, кыл комуз, кыл кыяктуу,
Жардай эңсеп, көлдөн тосуп чөмүлүп
Каз каркылдап, канат чапкан буга ак куу.
Мөңгү жактан түн салкынын жеткирип,
Бой чыйралткан кечки илеби бубак-буу.
Колот ылдый агып жаткан ийрилип,
Жылаажын үн, мөлтүр кашка булак суу.

**XIII**

Чыккан жайы, аккан орду туруктуу,
Тоо коюну, кыз пейлиндей тунук суу,
Шылдыр-шыңгыр тартып жаткан күүлөрү,
Жароокердей, миң бир эки кылыктуу.
Жээгин бербей гүл бурагы ыргалат,
Кайдан болсо жыпар бүркүп буруксуу.
Моюн алышып, катар жатып кызга кыз
Өйүзүңдө сыр чечишет – муну ук суу;

**XIV**

Оюн да окуучу, өкүнч кылба муну укпай,
Эркти байлап тап жылдырбай, бурултпай,
Кездер келет тынч ойлорду козгогон,
Жакшы элесин сен карманаар унутпай...
– Унуталбай бир зор күчкө тартылам,
Үстүн ылгап, улам түбүн тунуктай.
Самоо менен санааларга соктугам,
Шамал тытып, удургуткан булуттай.

## XV

Жеңил, жумшак желине окшоп жазгы айдын,
Мени козгоп, алыска айдайт өз дайнын,
Кыйры чалкар ээндикте зымырап
Закым болуп, сары изинен жазбаймын,
Бакыт учун балга малып олтурсам,
Эрип, эрип, калбай кала жаздаймын.
Жок, Батышжан, кандай десең андай де,
Соо эмесмин, мен сүйүүгө мастаймын...

## XVI

Өмүр, жашоо жарашкансыйт, жаккансыйт,
Кымбат көрүп, кыл торкосун жапкансыйт.
Тунжураткан оор уйкумдан ойготуп
Күнгө жанып кош канатын каккансыйт.
Мен бараткан жеңил кеме дирилдеп,
Жаштык ташып, жаба салып аккансыйт,
Ойноок кездер алыс таштап кылчайбай,
Жылдыз болуп жылып-жылып жаткансыйт...

## XVII

Турмуш – дайра, кечип өтпөй сүзүп өт,
Ким ойлоптур, сүйүү минтип түзүлөт?
Түштөгүмдөй, түйшүгүнө туш келем,–
Дейт да үшкүрөт, сурмалуу көз сүзүлөт.
Сүзүлгөн – ширин, таттуу кыялдар
Маржан болуп маңдайына тизилет...
Батыш ойлойт: «Ай талаанын ак гүлү
Багы болсо – өз теңине үзүлөт»...

**XVIII**

«Чын» дегенсип, шыбыш салып, сырга ашык
Леп–леп этип, тоо желиойнойт кырды ашып
Анткен сайын бир тарапка бет коюп,
Ыктай берет чөптөр башын ыргашып.
Дилдирттетип кошо козгоп саамайын
Жай сылаган шоокумуна жыргашып,
Кыздар жатат – канды эргиткен жакшы ойдун
Улам жутуп, каркытынан бир кашык.

**XIX**

Жай имерип, Батма кыздын түймөсүн,
Мөөр эстейт, жаш күндөрдүн бир кезин:
«Тагдыр жазып, мүмкүн мында келбесе,
Жүрөт беле эрктүү сезип, үйдө өзүн?
Өтөт беле жатак жакта өмүрү,
Кыз башында тартпай түйшүк дүйнөсүн?
Укпайт беле, ойдо жокто маминтип
Махаббат деп, жүрөк тилсиз сүйлөшүн?!»

**XX**

Бирок дагы сүйүү курса салтанат,
Тап жылдырбай кишен салып шол замат,
Шашма кылып, сабырынан тайдырып
Үмүтүнө дарттуу санаа бал тамат.
Жедеп көздөп, бүт берилип алганда,
Ал жалтанбайт, ажал андан жалтанат.
Биздин Мөөр көптөн мындай абалда,
Анан кантип, анан кантип ал танат?!

## XXI

Эч таналбай... Торгоп келген курчалып,
Сүйүү күчүн болот кескис курч алып,
Жалаң ал деп, ал дегенде зырп этип,
Ичке от кетип, жүзүн кошо нур чалып,
Кээде адашып ийне ордуна жип кармап,
Ойлуу токтоп бир орунда тынч алып...
Сөз сурасаң, укпай аны «ия, я» лап,
уялат не болгом деп мынчалык?..

## XXII

Канча болсо жарыңды эңсеп бат-шашуу,
Ошончолук кечтейт дешет баш кошуу...
Үйдө олтурса тура чуркап шыкаалап,
Тышта жүрсө тиктегени – Башкы-Ашуу.
Анткен менен күткөн келбей, көбүнчө
Ылдам жетет, тунук түшкөн кашка суу...
Күлсө күлүп, бир сөз айтпай саламга
Жөнөй берет, соктугат да ташка суу.

## XXIII

Кирсиз обо, жылдыз төккөн майдалап,
Дүйнө баккан күзөтчүдөй ай карап.
Сүт сүрткөндөй аппак жаткан түндөрдө
Эч кимге айтпай, жылга жакка жай барат.
Жалгыз каңгып эмне жүрөт, түшүнбөйт,
Жел гана ойнойт этек-жеңин жалмалап.
Кийин билип, эне туруп жок издеп
«Ай каралдым, ай күнүм» деп жалбарат...

**XXIV**

Мөөр! Мөөр! Махаббатта баары бар,
Жанган алоо, темир аяз каары, бар,
Илбирсче ыргып жар таш боорун чапчылап,
Үрөйдү алган коркунучтуу шары бар...
Кыйык келер, кекчил келер жашчылык,
Мейли ошентсе – эркине кой, ары бар!
Ким сүйүүдө токтоо болсо, ал түбү
Кубанч табар, маңдай балкып жарылар!..

**XXV**

Бүткөн белем, Мөөр айтып басылат,
Сыр чечүүдөн чер жүрөктө жазылат.
«Ай кантет» деп жаштыгына чоочулар,
Эрки күчтүү сүйүүлөргө басынат...
Кыз күлүңдөйт, күнөө күтпөс баладай,
Бирок Батыш: «Ал ким, айт?» деп асылат.
Ошол кезде арттан жылкы азанап,
Жакын келди дүбүрттөтө басып ат

**XXVI**

Тура калып кыздар жалт-жалт бурулат.
Тизген өңдүү кылка кызыл шуру улап,
Жээрде жылкы катар тартып суу жутат,
Жигит түшөт, каңтаргада буурул ат.
«Болотпу?» – деп Мөөр ичтен күбүрөйт,
«Болотуң!» – деп жүрөк дүк-дүк урулат.,
Жигит, кыздар шынаарлашып калышат,
Жибекке окшоп сөз ыргагы суурулат...

## XXVII

Жазгырбады, жаштык – сүйүү жамалы,
Кыз буйдалып, түгөнгөндөй амалы.
Үн каргылдап эркин жыйбай дирилдеп,
«Эсенби?» деп айтууга араң жарады.
Болот болсо «саналуубу?» деп санап,
Күйпөлөктөп, калбай жүрөт жан-алы.
Биз, эркектер, сулуулардын алдында
Морт элебиз, муну кантип таналы!?

## XXVIII

Тургандыктан көп салт буга тескери,
Өтө аз болот кезигишкен кездери.
Көп көрүшпөй сагыныч толгон чактарда,
Кызга кымбат жакшы элесин эскерүү:
Шыңга бойлуу, көөдөй кара мурутчан,
Калдан бүткөн кызыл жүздүн кез жери.
Кырдач мурун… дайым башта ак калпак,
Ойлуу карап, басмырт чыгат сөздөрү…

## XXIX

Ушул чыгар ак билегин тутканы,
Жигит кармап, өзүн көздөй булкту аны.
Бир жагымдуу мүнөз менен толгонуп,
Качкан болуп Мөөр кайра ыктады.
Ошол кезде эрктен тайып кетти да,
Кынай кысып ууртунан жыттады.
«Бул эмнең?» деп уялтарын күттү эле,
Бирок сулуу минтип сөзгө жыкпады…

**XXX**

Ашыктыктын ак жолуна келишкен,
Кыз-жигиттер далай минтип өбүшкөн.
Жыргал экен жанга ыкылас жеткирип,
Бой чымырап махаббатты төгүштөн,
Күн чапчылап күр-шар эткен сүйүүнүн
Бирге энтелеп тереңине чөгүшсөң!
Биринчи өбүү! Бул не деген жакшы учур,
Келечекке кепилдик бар көп иштен!..

**XXXI**

Булаң этип, бошой берип кучактан,
Кыз бурулду курбусуна узаткан,
Деген өңдүү: «Кимди суйдүм билдиң го,
Эркем эми өзүң тоскун ушактан?
Көрбөдүңбү, менде кайдан айып бар,
Жылалбадым жаштык жайган тузактан!»
Кыз кылмыйып салааларын укалайт...
Ал кайсы күч, албырыңкы кызарткан?!

**XXXII**

Шылдырттаган күүсүн тыңшап олтуруп,
Болсо экен деп, бактым мындай мол, тунук,
Мөөр анда жакшылыкка ой жоруп,
Таза өзөндөн суу сузгандыр толтуруп.
Ойго алданып шибер жалдап баскандыр,
Катарында даңгыр даана жол туруп...
Бир чака суу, кыз көтөргөн тунук суу,
Таттуу белең талаштырар кол сунуп?

## Ак мөөр

### I

Күмөн кылбай, ишенчине тайкы алып,
Сүйүү деми ышкы отуна айкалып,
Үмүт бекип, жаш жүрөгү антаалап
Соккон сайын суу чакада чайпалып,
Чапчаң басып тигил кырды жаңы ашкан,
Жылмайыштуу кыз сүйүүсүн байкадык.
Бара турсун... А биз мында аялдап,
Арттан бир аз кабар алып кайталык...

### II

Тоо алдында жылгалары каттала,
Сырдуу жаткан коңур желдүү Ак-Талаа,
Ичти ысытыш, сезимине чок салчу,
Жалжылдашкан сулуулары мактала,
Илгертеден эл оозунда келген жер,
Суулары айтып кыз күлкүсүн жат гана.
Сен да, окуучу, сүйдүң бекен бирөбүн,
Жаш күнүңдө жашап ошол жакта да?

### III

Ошол айткан салкын булак Ак-Талаа
Куланакка чектешерде нак гана,
Кырчын, сыйда көк тал өскөн жайык бар
Нарын өтөт, ортосунан как жара.
Ошол жерде олтурчу экен бир боз үй,
Кышта сууп, жайда ысыкка кактала.
Паана өңдөнүп маңдайында турчу экен,
Жалгыз короо жана да бир аткана.

**IV**

Байлыгы арбып, бак-дөөлөтү ташпаган,
Жармач болуп, жардам күтпөй башкадан.
Журт ичинде өз оокатын тың көрүп,
Жай кыбырап, эмгегинде шашпаган,
Түркөй өсүп, заман жөнүн аз таанып
Бар билгени тоо айлынан ашпаган,
Анткен менен кичи пейил, бир сырдуу,
Адил ата калыс жүргөн жакшы адам.

**V**

Биз баарыбыз алдык мектеп таалимин,
Ата, энедей алпештетип маалимиң,
Билим берди, ак кызматын аянбай –
Кезек алдык журт жүгүнө а бүгүн...
Жанга батат кечээги өткөн бабалар,
«Оку, бил» деп сүрөдү эле аны ким?
Туюк келип, туюк бойдон кетти алар,
Бир көз ачып, билбей турмуш кадигин...

**VI**

Жок болсо да түз жолунан бузган жан,
Адил анда жарын эпсиз кызганган.
Кээде агынан ыйлачу экен бечера,
Айтса ишенбей, эри шекшип кыскандан.
Жаш кезекте болот дешет мындайлар...
Бирок кийин анын баары кыскарган.
Маржанкүлү узу чыгып уздардын,
Сайма түрлөп, салаага оймок кыстарган.

**VII**

Таза жууп ак кийинтип байына,
Ызат кылып жаадыраса дайыма,
Окшочу экен майдын жумшак түнүндө
Көлгө түшкөн көктүн кирсиз айына,
Бир бөтөнчө көрк бергенсип турчу экен,
Камдуу карап үй тирилик жайына.
Кыз тапканда жентек берип, канча элди,
Карк кылган дейт жалгыз уйдун майына...

**VIII**

Бакыт эңсеп, эртеңине кулүндөй,
Сынга сыпаа төрдүн кирсиз гүлүндөй,
Же туйлаган күмүш кашка булактай
Ээнде агып, тунугунан бүлүнбөй,
Жанга камсыз ууз, таза кездери
Улам артка уурдалып билинбей,
Кыз жетилди түнт тараша, чет жакта,
Биздин тоолук көп кыздардын бириндей...

**IX**

Көгүш, таза тукаба ороп этине,
Тамылжыткан нурлар балкып бетине!
Лента байлап, уяң карап жымыйып,
Мүнөзү окшоп назик кыздар нээтине,
Бойго таккан күмүштөрү шылдырттап,
Жаз келгенде жаркып короо четине –
Кайрылбастай тоо башына кыш кетет,
Аздап-аздап ак чапанын чечине.

**X**

Талаа көпкөк... кырда текей, мандалак,
Тоо гүлдөрү андан таза, андан ак.
Мурунду өрдөп шыбак жыты буркурап,
Жылгалардан булак оргуп чамданат.
Жарда жуушап, козу-улактар чубактап,
Куштар учуп, уясына камданат.
А тигинде башын салып өбөктөп,
Араң тартат жаз кошуна салган ат.

**XI**

Жөн өлчөй да, жыл наркына карай да,
Төккөн терге төлөмдөрү бар айда,
Мөөр барат түштө тамак жеткирип,
Аз сабырлуу, ата-дыйкан бабайга.
Бирок дагы айдоо, себүү учуру,
Эрте бүтпөй, узап кетет далайга.
Эми ойлосок ал күндөгү буурусун,
Эптеп эле жашоого экен жан айла...

**XII**

Чагылгандар найза учундай октолуп,
Чарт-чурт этип, алоолонгон от болуп,
Жамгыр төккөн күн күркүрөө маалында,
Суу болгончо сыртка атайын токтолуп,
Мөөр ойлойт «чачым узун өсөр» деп,
А кеч кирсе жылдыз көктө топтолуп,
Эрте кайткан турна үндөрүн тыңшачу,
Кыйкуулашып түнгө кеткен жок болуп.

## XIII

Издегендей кетпес бакыт жыргалын,
Жээгин карайт мөлтүр булак жылганын.
Кээде тиктейт жаштыгынан таңыркап
Көктө удургуп булуттардын жылганын.
Ак көңүлдүү пейли менен ишенчээк,
Кечки жорткон желге айтат сырларын.
Анан үйдө ээн калган кезинде
Жакшы көрүп созот кыргыз ырларын.

## XIV

Керегине тоо арасын суусаткан,
Кез мал жүктөп, ат каржалтып узактан,
Олжо кууп келе калган соодагер
Жибек сууруп кыздар көзүн кызарткан.
Шарты барда аз каржылуу ата-эне
Аянчу эмес кызга кылчу ызааттан.
Бирок Мөөр, кыйналышар деп ойлоп,
Эчендерин көрмөксүнтүп узаткан...

## XV

Ал аңгыча жай кылтыйып баш багат,
Жай келгенде көчүү маалы башталат:
Жер дүңгүрөп, тоо тарапка мал өтөт,
А жатакта башка сүрөт, башка адат.
Жүдөө чобур суу боюнда чымындап,
Шыйпаң этип жонун карай баш кагат.
Сайгак тийген уй өңкүлдөп жай таппай,
Аркандагы чебич маарап какшанат.

**XVI**

Эчен-эчен жыртык боз үй, алачык,
Күйүшөрдөй бири-бирине жаны ачып,
Тобун жазбай суу жакалап конушат,
Жайда өздөрүн жатак айлы санашып.
Жок болсо да өрүш толгон көп малы,
От тутанткан очоктору жанашып,
Эрте, кечте түтүндөрү тең тарайт,
Жел жапырган өз багытын талашып.

**XVII**

Көрктүү кыр башында бак бар жак,
Алдында суу, суусунда ойноп ак чардак.
Анда азгырып жеңил жаштык кумары,
Кыздар келет тезек издеп, кап кармап,
Шаңк-шуңк күлүп, оюн кызып алганда,
Ойдон чыгат кайра үйлөргө бат бармак.
Кейип-кепчип мында күтөт энелер:
«Алар кайда айтканыңды аткармак...»

**XVIII**

Жатак айлы опур-топур кечкисин:
Музоо мөөрөп, кемпир кайрып эчкисин.
А мынакей, тамак камын дааналап,
Асманга атты бурк-бурк эткен көк түтүн...
Жаңы келди чөп чабыктан кайткандар,
Үйгө угулат сырттан чыккан кеп бүтүн.
Чурулдашкан балдар үнү басаңдап,
Бир оокумда өз эркине кетет түн...

## XIX

Ата кирип үйдө бир аз жайланат,
Анда Мөөр нан белендеп, майды алат.
Элпек басып, дасторконун жаят да,
Чалап коёт сыр кесеге жаймалап…
Курсант болуп кызды берген кудайга,
Адил ичтен миң мертебе айланат.
Аны сезбей Мөөр отурат от калап,
Алоо учат казан түбүн аймалап…

## XX

…Кармап көрүп кырдан казган эндигин,
Сүткө чылап, кызарды дейт эмдигим.
Ал аңгыча кыздар менен гүл терип,
Өрдөп барат Ичке сайдын өндүрүн.
Мына, мына эски шайтан көпүрө,
Өтөм десе, жоготкондой теңдигин,
Учуп кетти… – Апа! – чоочуп ойгонду:
– Ай, ай Мөкүш, бул бакырган сенби, ким?..

## XXI

Кулак түрөт дүйнө түгөл тынчтыкта,
Кырр-бырр уктайт таргыл ала мышык да.
Тышта тынбай сары күчүк борсулдайт, –
Ай балакет, бул ушундай бышык да,
Таң жакын бейм… кайра дагы чий токуп,
Үйдө олтуруп кир жууганың ысыкта…
Дене алсырап салкын күзгө жан тартат…
Деги ойлосоң турмуш деген кызык да!..

**XXII**

Куусаң кылып жашыл жапкан белди аркы,
Кууп-сүрүп, мына жайдын келди арты.
Күүгүмдө учкан коңуз үнү дыңылдап,
Түнөгүнө кыргый менен тең барчу,
Коон жүздүү, алма жыттуу жакшы убак,
Төрт мезгилдин эң камбылы, эң марты.
Күз ай, күз ай! Жыргалыңа канбагам,
Кымбат тийип жийде бышкан жер баркы.

**XXIII**

Жел козголсо, эркелигин кырга алып,
Тармалданып, өлөң сазда ыргалып.
Албууттанган жазгы суулар басаңдап,
Акырын-жай, агымында бир калып.
Шилби тагып, жийде курдуу мөмөсүн,
Чоктой кызыл тобулгуда нур жанып,
Ыңкып турган күздүн мындай элесин,
Мөөр тиктейт, кайтпас кумар сырга алып.

**XXIV**

Жыл суз тартып, күз ортолоп барганда,
Түшүм камы бирдей келет бар жанга.
Адил басып «орток» алган арпасын,
«А кудайлап» дан жоруптайт Маржан да.
Аз кармалып үй ичтерин ирээттеп,
Кээде алардын кызы келет жардамга.
Бирок кантип кара жанды карч урба,
Заман өзү данга, нанга жарды анда

## XXV

Кыйры чексиз дан деңизин тебелей,
Калкылдашып комбайндар кемедей,
Кызыл тарткан машиналар шарактап,
Боз чаң аткан жол өрдүгүн кенебей,
Молотилка саман бүркүп буркулдап,
Боо чак келбей, үстү-үстүнө «келелей»,
Азыркыдай эгин басуу анда жок,
Өткөн күндөр «оп майдасын» жемелей.

## XXVI

Жерди чүмкөп жөө тумандар утуру,
Аба оордоп, желден нымык жыты уруу,
Күүгүм талаш кеч кайткандай жыйындан,
Самсып учкан каргалардын уу-чуру,
Күбөө өңдөнөт күздүн бүтөр соңуна
Далбактатып сар жалбырак учуруу.
Андан ары кыламыктап кар түшүп,
Кирип келет кыштын кыйгач учуру

## XXVII

Ак буурадай чуудаларын булгалап,
Атырылып бетти чапчып бурганак.
Үлпөк карын чапаныңа чаптаса,
Пахта өңдөнөт жөн жабышып турган ак.
Ал аңгыча бороон жондон ышкырат,
Аткып-жулкуп үй капшытын тырмалап.
Тоңгок ийлеп ызгаарына дем берип,
Жүзүн үйрүп, аяз андан сурданат.

**XXVIII**

Кырда угулчу жорткон бөрү үндөрү,
Оор, сүрдүү кыштын ошол түндөрү.
Шыбыш салып энеси айткан жомоктор,
Муңдуу тийип кызды айрыган бир жери...
Анан коркуп көпкө жатат уктабай,
Кайрылгандай аккан жылдар илгери,
Кылыч жарк деп, найза учтары кылкылдап,
Дөөлөр кулап, качып кара жиндери...

**XXIX**

«А бу кайсы, кокуй, мына зор кагыш?
Сок,- дейт,- Бугу, сок,- дейт,- сен да Сарбагыш.
Ай кудай а, эмне болуп кетишет,
Эки уруу эл экөө бирдей канга жыш.
Катын боздоп, чыр-чыр этет балдары,
Үй өрттөнүп, мал таланды... «Кол кабыш?»
Ай талаада кансыраган эр жатат...
Келди мына дүбүрттөгөн бир дабыш...

**XXX**

Башын катат төшөк учун тарткылап...
Дале боздоп, дале бороон каткырат...
Таттуу ойлор, термеп, таптап апкелип,
Тынч көшүлткөн уйкусуна жаткырат.
А бир кезде чолпон келет саламга,
Адил үйү эрте ойгонуп, бат турат.
Тигил тышта чөбүн бүт жеп чыйрыгып,
Ээсин күтүп окуранган ат турат...

## XXXI

Салт кубалап, кыз себине камды ойлоп,
Эне олтуруп адатынча алды оймок.
Ата кетти сыртта бүтчү иш менен,
Кыз милдети – үйдү жыйнап, чай коймок.
Анан мына, элпек басып тыпылдап,
Суугa барат кардуу кашат сай бойлоп...
«А тиги ким?» «Ким,– дейт,– киндик энеңчи!»
Билет, билет... эчен жылдар ал бойдок...

## XXXII

Уккан жана анын көп-көп жайларын,
Дале болсо калптан бир аз айдарын:
– Ох-хоо! Мөкүш, кагылайын аманбы?..
Кандай жакшы кыз болгонсуң жайдарым!
Апаң барбы? Атаң мени ойлойбу?
Али эсимде коңшу олтурчу айларым.
Түзүк, түзүк... бойго жетип калыпсың,
Эми унутпа кызды сүйүү байлаарын?

## XXXIII

Кыз уялат. Берки болбой кеп салат:
– Ээ, садага, бизден да өткөн көп санат,
Жаш күнүмдө тооруп калдым мен бирди,
А жөн эле келбетинен эс танат.
Жүрүп жүрдүк... көзү өткөнчө билген жок,
Байкуш эрим, мени ак экен деп санап.
Сүйүү деген – бир балээ го азгыргыч...
О, ал күндөр келбейт эми,– деп калат.

**XXXIV**

Мындай сөздү Мөөр көрүп жатыраак,
Суу боюнан үйгө кайтат батыраак.
Кыш олпогун чыйырына каткан жол,
Калып жатат таманыңда катырап.
Жылт-жулт этип шекер сепкен талаалар,
Бет каарыган таза абасын качырат.
Күмүш жапкан бутактары селт этип,
Араң турат кайың жолдо качырап.

**XXXV**

Ар адамдын «кайрыла кет бери» деп,
Тирүүлүктө ызаатташар жери көп.
Сыйлоо деген – пейил түздүк эмеспи,
Күтпөсө да берип ак май, берип эт.
Апасы экөө минтип бара калганда,
Адеп күтүп, сыпаалыгын көрүп эп,
Биздин Мөөр ал үйдөгү кыз менен,
Төрдө үлбүрөп, чай алуудан эригет.

**XXXVI**

Намыз деген – кыз наамына бийик жер,
Ыйык сактап, кымбат көрөт, ийип көр?
Өз бактысын башкалардан эрте ойлоп,
Тартат далай таттуу санаа, күйүттөр.
Бир-бирине атаандашкыч келишет,
Анткени алар – байге атындай үмүткөр.
Бирок муну назиктиги байкатпайт,
Анте алышпайт биздин кээ бир жигиттер.

## XXXVII

Токтоо кармап, эстүү тутуп өздөрүн,
Эске алышат, кечээги өткөн кездерин...
«Билесиң го палан кызы түкүндү –
Ал жакшы эле, алыс кетти көз көрүм,
Жататко эми чалы менен жытташып...»
Шыңк бир күлүп, чукул бурат сөздөрүн.
Анда Мөөр: «Кой, табалап күлбө» деп,
Корккон өңдүү жалжылдатат көздөрүн...

## XXXVIII

Мында өзүнчө кажы-кужу энелер:
«Силер быйыл салык тарткан белеңер?»
«Тери тапсам үйдөгүмө тон тигем,
О кудагый, анда айттырбай келегөр...»
Анткен менен булардын эч жөнү жок,
Кылыксынган кыздарына теңелер –
«А-а!» деп коюп, тынбай согуп жатышат,
Аш кадырын жакшы билген эмелер.

## XXXIX

Сыйлоо бүтүп, сырга жазып кусасын,
«Кош, кош!» айтып келген конок узасын.
Бая олтуруп байкап калган кыйды эне,
Эми ачкансыйт ички сырдын ызасын:
«Сен куруп кал, жеңил мүнөз ойсоке,
Көрчү Мөөрдү, көрчү ошонун ызаатын?
Ай, чиркин ай, мындай басмырт болорбу
Кыз ошентип, сактаар болсо кыз атын!»

**XXXX**

Мөөрдү да үйдө энеси тескерет:
«Кыздар жөнү жигиттерден өзгөрөөк,
Дайым болбойт ата үйүндө турар күн,
Эртең эле кыз конушу өзгөрөт.
Мына ошондо кимдин кызы, кайда өскөн,
Жакшы бекен? Далай сынчыл көз көрөт...»
Анан дагы эркек кетип баратса,
Алдын тороп өтпөө жолун эскерет.

**XXXXI**

Эне сынчыл, сынай турган кези көп,
Тилейт дайым эстүү болсо өзү деп.
Ынак көрүп, чынчылдыгын, мээримин,
Миң кагылып, ичи элжиреп эзилет.
Ар убакта апа оюна кыз маалы,
Али уздай, али эртедей сезилет.
Анткен менен бой жеткендин белгиси,
Алгач эле сүйүүсүндө кезигет.

**XXXXII**

Өзү эскертип көп ойлордун тармагын –
Бойго жетсе бөтөн жерге бармагын...
Бир түнү анан эрин түртүп ойготуп:
«О баланча, кыялынан кармадым,
Кызың кургур билет окшойт бир неме».
Анан буулуп айталбастан ар жагын,
Бышакташкан энелерди билчүбүз:
«Бизди таштап кетер бир күн ардагым!..»

## XXXXIII

Туура айтасыз… Турмуш агат тамчылап,
Тизгин тартпай, мезгил атын камчылап,
Кары ордуна жаңы өспүрүм жаш келет,
Кайрылганча өткөн жолуң канча убак? –
Каршы алдыңдан сүйүү тосот күлүңдөп,
Суусун сунуп, өмүрүнө бал чылап.
Ансыз жол жок!.. Кайттык анда Соң–Көлгө
Бизди күтүп бир жыл жатты ал чыдап.

## Эл көчкөндө

## I

Жылдыз батат, көккө катып айды ыраак,
Түнгө из чалып таң артынан кайрылат.
Кечте түшкөн шүүдүрүмдөр мөлт этип,
Жашыл кырлар гүлүн күнгө жайдырат.
Айыл туруп, тышта жаң-жуң көбөйүп,
Мал топурап, бат кармалып айгыр-ат,
Чала уйкулуу балдар ыйлап бышактап,
Соорото албай энелери кайгырат…

## II

Көч сапарын жүк көтөрүп жүз өткөн,
Төөлөр чөгүп, үй жандарын күзөткөн.
А тигинде өгүз мөңкүп ойдолойт –
Кош жигиттеп тарткан аркан изи өткөн.
Кыйгай басып кылмың этет жаш сулуу,
Мүмкүн ал бир көз караштыр түзөлткөн?

Ал анткени, биринчи өпкөн бозойдой,
Ар убакта сүйүүлөрдүн күчү өктөм!

**III**

Ылдам колго иш каяктан түт келет,
Жалп-жулп этип үй чечилип бүктөлөт,
Кош тең алып, таңгактарга оролуп,
Ком тартылган көлүктөргө жүктөлөт.
Калчу журтка кайра дагы бир карап:
«Эмне унуттук, эмне жок?» деп бүттөлөт.
Бүткөн кезде эң акыркы камынуу,
Уу-чуу түшүп дүңгүрөшөт бүт жөнөп.

**IV**

Алды менен төөлөр алга козголот,
Кербендердей саптар тизип, созмолоп.
Аялдар бар атчан, бешик өңөргөн,
Канча көчөт, кайда жетип токтолот?..
А башталат айылга айыл кошулуп,
Ит талашып, бото адашып боздомок.
«Бырр» бышкырып желе басып дүбүрттөп,
Жылкы жөнөйт, малчы чабат тосмолоп.

**V**

Мелт-калт этип сайларында толуп суу,
Куртка ташыйт мезгилидир толукшуу
Же шашылар көлгө эртерээк жетүүгө,
Чардасын деп, конуп чүрөк, конуп куу.
Ар кимде бар максатына умтулуу,
Жана да бар кастык жетер жол ыктуу.
Эртеңкисин көп кенебейт адамзат –
Сак бол сен да, ыйык сүйгөн колукту!..

## VI

Кооз жерлер – Норуз-Булак, Ара-Төр,
«Эс алтпасак аттар чарчап кара тер...»
Жылкы өргүтүп, көчтү күтүп жатканда:
«Болот курбум, бир ишиме жарап бер,
Кары, жашка кадыр тилдүү эр элең,
Бак буйруса Ак Мөөр кызды жар этер,
Кезим келди, арага түш! – дейт Баян,
Албай калсам жарык күнүм кара өтөр?»

## VII

Баян – бул ким? Байдын эрке баласы,
Журт башкарып, эл бийлөөнү самачу.
Өз атасы Келдибектен айныбайт,
Карашы сук көздөрүнүн аласы,
Кочкор тумшук, дөңгөлөк бет, жар кабак,
Үлпөт, сайран отунда өскөн санаасы.
Жылтаң короз көйрөңдүккө күбөдөй
Жарк-журк ойнойт шакек салган салаасы.

## VIII

«Жаш кумары тар төшөктө канчу убак,
Солгун тартып узабастыр анча убак
Ачык айтып, эртелигин күтөт де,
Өргөө күтүп, өрүшүндө мал чубап,
Кызматына кулдар чуркап дирилдеп,
Бай үйүндө ал дүңгүрөп алчу бак...»
Жүрөк ыйлап, от чагылып көзүнө,
Муну укканда түтпөй кетти жан чыдап:

**IX**

Берип калды Болот аны кайрылып,
Шар-шар этти жибек көйнөк айрылып,
Бир айкырып тап берди эми Баян да,
Калышкан жок бир-биринен тайгылып –
Экөө бирдей былчылдашып жүрүшөт:
– Ойой, Болот, мунуң сенин кай кылык?!
– Мегин сага! Бул атаңдын башы! – дейт..
Көчтөр барат өз бетинче жай жылып…

**X**

Көчтөр өтөт, көчтөр келет агылып,
Көркко таккан коңгуроолор кагылып,
Кербезденген бураң белдер үлбүрөп,
Минген аттар – сыйда жүргөн багылып.
Эч жок десе эл көзүнө кароого,
Бүгүнкүдөй бир жакшы учур табылып.
Төө жетелеп шарактата бастырат,
Күмүштөрү күнгө жарк-журк чагылып.

**XI**

Үлпүлдөшүп өчүп, күйүп өзгөрөр –
Кирсиз көктө жылдыз болсо – өзгөлөр,
Мөөр – чолпон, ортосунда кашкайып,
Жалгыз туруп жалжылдашын көз көрөр,
Бир караган карылар да тамшанып,
Ак батасын берет ага: «Өс, көгөр!»
А ким билет, кыз ойготкон кыялда,
Өкүнч кылып өз жаш чагын эскерер?..

### XII

Жолдо айылдар көчтү көрүп узакта,
Дос пейлине сый бөлүшкөн кысапта,
Тосуп чыгып көөкөрлөрдөн көбүртүп,
Кымыз куюп, ат жалынан узатса,
Колуна алып жутар-жутпас жыбылжып,
Калат деле жарашкансып кыз атка.
Кайра сунуп ажарынан наз берип,
«Ыракмат!» дейт бир өзгөчө ызаатта.

### XIII

Ал сурашып а-бу дешип аз турат,
Андан ары жай, сабырлуу бастырат.
Ойлойт бекен, өмүр неге өзгөргүч,
Бир көрсөң кыш, бир карасаң жаз турат.
Түйшүгү көп жоболоңдуу келечек,
Күндөр дайнын күүгүмүнө жазгырат.
Кандай болот жаздыгына термелтип,
Жаштыгына сүйүү кошкон жакшы убак!?

### XIV

Ак Мөөргө деп күндө жуучу көп келет,
Каада билген «канбыз», «бекпиз» деп келет:
«Теги бийик шарапаттуу жакшыдан,
Бакыт келсе терстик кылып теппөө эп»
Бирок буга Адил жообу бир гана:
«Кыз эркинде... Күтпө менден өзгө кеп».
Катуу буруп, ат тизгинин какмалап,
Келген кетет, таарынч кылып өпкөлөп.

**XV**

Дүр-дүнүйө, миң-сан байлык өрүштө,
Түк арзыбай мүлк катары көрүшкө:
«Аттиң арман, аттиң дүйнө, деген бар,–
Жаңылган ээ, сулууларын бөлүштө!
Жок антпесе кимге бүткөн, о чиркин,
Ак Мөөр сындуу ай жамалдуу периште?!»
«Ач көз күндө ач көз жандар тубат» деп,
Адилдин да кайгы-азирет чери ичте...

**XVI**

Эки жигит эси оогончо мушташып,
Эми олтурду көк шиберде тушташып.
– Айтчы Болот, кай себептен жаздым мен,
Бар айыбым – болгонумбу кызга ашык?
Эмне демек атам муну укса эгер? –
– Бар айтып бар, жеткин эрте, уч шашып!»
Анткен менен алды моокун кандырып...
Бирок ичтен сыр чыккан жок тышка ашык.

**XVII**

Эч түшүнбөйт: «Болот неге кызганды,
Кутурган го убада алып кыздан бу?
Өгүнү айтсам Мөөр кагып койду эле,
Мен ойлодум, бир оңбогур бузганбы?
Мына көрчү, туура чыгып келатат?
Жоготпосом бул кара тер кысканды...
Шашпа жетим, жаңы жерге жетели!..»
Деп ичинде эрибеген муз калды...

## XVIII

Эстен чыгып, «өргөө күтүү», «кыз алуу»,
Баян азыр өлгөнүнчө ызалуу.
Ал нааразы жылкычынын баарына:
«Болот муну уруп жатса, мисалы,
Бири келип жардам берип койбостон,
Таныып кетти «көрбөдүк деп биз аны».
Дайым минтип мыят боло калышат,
Акмактардын качып уят, нысабы...

## XIX

– Аман жүрсөм үйрөтөрмүн барыңа,
Кас турдуңар менин алар жарыма,
Томаяктар, салпайган ит, акмактар! –
Баян «мырза» тетир басат таарына.
– Ай, ушуну!.. – бири тартты желкеден,
Бири буттан... Сүйрөштү суу шарына:
– Кагылайын!.. Өлдүм, кокуй, жан соога!
– Анда эмесе карап иш кыл арыңа!..

## XX

Эрке көнгөн эч ким «колу тийбести»,
Ээн жерде эрктеринче ийлешти,
Узунунан, туурасынан салышып:
– Билип жүргүн бизди кантип бийлешти!»
Сууга урабыз, же корумдап кетебиз,
Болбосо кой, «Мөөр мага тий» дешти!.. –
– Койдум, кокуй! Калтыргыла жанымды...
Көйнөгүңдү дароо жамап кий – дешти

Атчан жүрүп алыс-алыс барганда,
Селт этишти көч экенин эми эстей.

**XXI**

Ийнени алар катчу калпак кырында
Алып берет...
Тийбей бет, көз, мурунга,
Жалаң гана жабык жерге урган соң,
Ал жагынан шек билинбейт ырымга.
– Эскертебиз, атаң муну укпасын,
Эгер, кокус бир неме деп бырыңда –
Анда өлүгүң бир өзөндөн табылат!.. –
Мактаныч жок жылкычы калк сырында.

**XXII**

Көчтөр узайт, Куртка белин ары ашып,
Сары-Ой жакка сагынычтуу карашып.
Карашканы – тоо койнуна чөгөргөн,
Коргошундай көлкүп жаткан жарашык –
Көк толкундуу көл кылаасы эмеспи,
Жаштар жаңы түнкү оюндан тарашып,
Ич тарылтып, ысык калган жер сындуу,
Шоокум салган көңүл моокун талашып!

**XXIII**

Көчтөр келет... Мөөр ана, токтоду,
Жерди тиктеп, бир нерсесин жоктоду...
Жетти Болот, аттын оозун дуу коюп,
Камчы түшкөн, тартынганда коштогу...
Алып берди... Ай ким билет амалдыр –
Кыз Болотту көрүп аркы топтогу,

«Эми өзүмө келер бекен деп кылган?,»
Андан ары бастырышты чоп-чогуу...

**XXIV**

Болгон чатак... ал да эч нерсе эместей,
Чындап сүйсө тагдыр чеки дебестей,
Жең алдында колдор колго кысылып –
Бири москоол, бири үлбүрөп кебездей,
Жай табалбай алдас уруп кош жүрөк,
А өздөрү же уйкулуу же нестей,

**XXV**

Болот тиктейт Ак Мөөрүнүн атына,
Ак санаган пейли менен батына,
Токуп берген, көчтө минип барсын деп,
Эң кымбаттуу, эң бир кыйбас затына.
Куш сыяктуу, чабытына тиленген,
Ыкыс берсе, ордунда октой атыла,
Көйрөңдөнгөн сындуу жакшы ат, сулуу жар
Махаббаттын күлкүсүндөй татына.

**XXVI**

Малайлыктын кирээсине келген ат,
Эртең өлчү, кыл кырчаңгы делген ат,
Бат сынайып, бөрү жортпос жон менен,
Түрсүлдөтө таскак салып желген ат.
Кызганч кылып, бай көзүнөн аярдап,
Ээн чапса, жетпей ыза жел калат.
Соолап турар үй-бүлөдөй көрүнүп,
Мал да болсо жалгыз башка дем, канат..

**XXVII**

Жаңы сүйгөн ууз жаштык убакта,
Жоктон келип бир курч сезим тубат да,
Жазгы тиккен жаш көчөттөй буралып,
Али бышып жете электе кубатка,
Жан сөөлөтү жыргал айдап келчүдөй,
Бүтпөс сагынч, кумар күчү кубат да,
Кездер келет мас-маңыроо тарттырып,
Ой-сырыңды журт сезбейт деп жубатма.

**XXVIII**

Бирок сезет... Муну эстей жүр, кыз-улан,
Махаббаттан шарап жутуп кызыган,
Ал анткени же сүйдүрүп, же сүйүү,
Ар өмүрдө кайталанар из улам.
Жаш көөнөрүп, ал курактан алыстап,
Карылыкка кайткан сайын биз улам,
Көп урматтап жакшы элесин кармайбыз,
Ал куракты, сүйүү менен ысыган.

**XXIX**

– Сен турганда турмуш көлдөй түз өңдүү,
Билбей кетем, калкыймынбы, сүзөмбү!
Чынбы, Мөкүш, неге унчукпай келесиң? –
– Ойлойм, кокус, таттуу оюңдан үзөмбү?!
– Ошондой де!.. Ойноп колдон тартты эле,
Шыңгыр этип үн алышты үзөңгү.
Кундуз таккан шуру отого тебетей,
Кыз башынан түшө жаздап түзөлдү...

## XXX

Муну көрүп Баян ичи тарышта…
Атты алкынтып арттан жете барышса,
Мөөр айтат: – Сөз салыпсың жаш «мырза»,
Эми эп болсо бир сынашсак жарышта.
Чыксаң – макул, калсаң – кайтып айткыс бол.
– Кой, кой Мөкүш! –
– Жок, сен антип карышпа,
Кыз шертине кыйгач туруу жөнбү – деп,
Эл жаалашып кыстоого алып калышса:

## XXXI

– Качпайын,– дейт, кааладыңар өтө көп.
Бирок эч мал Карагерге жете элек,
Ат маанисин кайдан билсин үй кызы,
Утсам шартым – кете берүү жетелеп,
Ал андыктан, барың башта калыс бол,
Боштук кылар, «тием» деген жеке кеп.
– Туура! – дешип чурулдашты тургандар,
Болсун ошо – биз эмнени десек эп.

## XXXII

Кыз чоочулап күмөн кылып бүшүркөп,
Болот жакка көз кыйыгын түшүртөт.
Жигит сезип, жактайт барып Кашканы,
«Ай жаныбар, дүбүрт укса үшүнтөт!»
Бул биринчи – атка ишенчин билгизсе,
Анан да артта кек каларын түшүнтөт…
Бет алдыда кумарды ачар түз жатат,
Ким күлүктөн чаппай күдөр үзүлтөт?!

**XXXIII**

Тап беришип тай-кунанын кырданткан,
Жаңы өспүрүм жаш уландар бир жактан,
Керме каштуу кызыл кыргак келиндер,
«Чечек ий,» деп жигит жанын жыргаткан,
Жылдызындай тоонун уяң кыздары,
Назилинде Соң-Көл сындуу сыр жаткан –
Дуу коюшту – учарында шатырап,
Кептерлердей канаттарын бир каккан.

**XXXIV**

«Бар жылдызым, багыңды ачсын, бара бер,
Бир иш болор, калып калсаң а эгер?»
Сүйүү мында соодаланып жаткандай,
Туталанып, батат белем санаага эр.
Кушун кошкон мүнүшкөрдөй серептейт,
Катар озгон Кашка ат менен Карагер.
Жел ышкырткан эпкининен жаш ыргып,
Ийик болуп чимирилет кара жер.

**XXXV**

Суйдан тартып топтор дагы бириндеп,
Алыс барса анан дайны билинмек.
Анда эмесе жамандыкты кеч тилеп,
Жакшылыкка эрте энтелеп жүрүү көп!
Аттар сызып… талаа, түздөр кыйырсыз,
Артка агылат ташкан суудай күрүлдөп.
«Махаббат!» деп какшагансыйт бир гана.
Шамал жулган кыз этеги дирилдеп…

**Тар жолдо**

**I**

Даван ашып, жүктүү чубап жетеги,
Самсып шашкан «көлгө эртерээк кетели»
Көчтөр токтоп, боз үйлөрүн жайган жер
Көк чалгындуу Куртка төрдүн этеги,
Жөпжөн туруп кубулуңку кулпурат,
Же толку деп көл шек берип кетеби?
А болбосо чөптөр-чөпкө шыбыштап,
Айтат чыгар жарыш жайын кечеги!

**II**

Ырас, мында бир сөз эрте тараган,
Билген билер акты ылгоону карадан,
Ыза кылат кээде турмуш кемтиги,
Ал анткени – арабызда бар адам,
Таза ойлордун тунугуна шек коюп,
«Бул неликтен кирдейт?» дешке жараган.
Демек, жанга өмүр, өлүм парс сындуу,
Чындык турса кыйбай калыс караган!..

**III**

«Жарышат...» деп Болот билип башта аны,
Кайрып таптап, кызга берип Кашканы
Чыгарды... Анан басып алып тепкилеп,
Баяныңдын баркын төгүп таштады...
Кол көтөрүү – урматтуу бай уулуна,
Бул – кутуруп кул чегинен ашканы.
Жакшы үй наамын булгайт деген не шумдук?
Көрчү, булар башка чыга баштады!..»

**IV**

Жүзүн үйрүп, кимдер кимге тиш кезеп,
Кекке шылтап, жоктон мактоо издешет.
Кээлер болсо, жаштар ойнун мынчалык,
Терске буруу текеберлүү иш дешет.
Мына ошентип, актык менен арамдык,
Жер бетинде кез келишет жүз кезек.
Кыл как жарган калыстыктар каккы жеп,
Көп учурда керегине күч чечет.

**V**

Бул кабарга каны кайнап Келдибек,
Угар замат, Болот көчтөн келди деп,
Аны байлап апкелдирип алдына,
Зор экенин, мыкты экенин белгилеп,
Сабап кирди керегеге кердирип...
Жатты жигит эстен тана кеңгиреп.
Бир жылкычы арачалай калды эле:
«Кошо ургула, кайдан келген кең жүрөк?!»

**VI**

Бели эңкейип өмүрүнө кеч кирип,
Карып калган кемпир ыйлап эчкирип:
«Кагылайын Баяныма кол кайрып...
Кутургандын жон терисин терс тилип,
Боздоткула, колго берип сазайын,
Экинчи ирет антпес болсун, эс кирип?..»
Уруп-уруп чарчаганда коюшту,
Бошотту анан, колу-бутун чечтирип...

**VII**

Окуучу дос, сынап көргүн сен нече,
Тулпар сызат арттан аттар чендесе.
Бирок дагы күлүк күнү не болот,
Эликче эргип, эчен артуу бел кезе,
Караан үзүп каңгып келе жатканда,
Жолун тороп: жок тура тур, сен десе?
Шол сыяктуу Болот көргөн бул кордук
Жүрөк кезген канжар менен теңге эсе.

**VIII**

Араң-араң чыкты азаптын шишинен,
Жон айрылган, баш көнөктөй шишиген.
Бай күрсүлдөйт: ой, оңбогон ит десе,
Сен өлөрдө сактап калган киши – мен...
Бир ат бердим... он жыл акың үчүн деп,
Ырас бир аз түзүк болдуң ишиңен...
Аттан айлан, аны мында ташта да,
Жогол эрте! –
Болот айтты: – Түшүнөм...

**IX**

Ал, алып кал, аз көрүнсө жыйганың –
Бүткөн мүлктүр көз жашынан кыйланын.
Кул, күң жүрүп, ирегеңден кеталбай,
Атам, энем анда жанын кыйганын,
Көргөн, билген карылардан көп угуп,
Мен жылдарга муңумду айтып ыйладым.
Аны коюп ат деп кайра док кылат,
Айла барбы жеп койгонго ыйманын! –

**X**

Болот анда «кечир» дешке тырышпай,
Тике тийди, шарт деп кыйган кылычтай,
Адаты эле бар жыйганын ичтеги,
Бир гана айтып, бар, жок кылып тынышмай...
Кайра кайрып кол салалбай жигитке,
Кала берди кегин ичке жыйып бай.
Болот чыкты кармап жалгыз комузун...
Андан бери дагы канча жылышты ай...

**XI**

«Бат жоголсун, көздөн далда алыска
Мүмкүн эмес көл жээгинде калышка,
Эл четине келгис болсун экинчи,
А болбосо, жыккан итти намыска –
Колум менен өрттөп коём күл кылып!»
Төкпөй-чачпай жеткирилди а нуска...
Эч болбосо күркүрөгөн зор турмуш,
Сен бир ирет келсең кантти калыска?!

**XII**

Анткен менен байдын башка тилеги,
Аны аткарбай токтоор эмес түк эми.
Жөөкөрүнө буйрук айтты жашырын –
«Эл бузулса – Болот гана күнөөлү,
Жолун жолдоп каяша айтып калышат,
Кээ малайлар...
Анын да бар бир эби:
Кетеринде ээн жерде чап кармап,
Иштегиле – күм-жам кылар илени!..

## XIII

Бирок азыр шек албасын жан адам,
Кудай кечпейт – биз жиберсек аны аман.
Өткөн белем уудай ачуу учурум,
Тарыган бейм кайран гана заманам!
А болбосо буга окшогон кул, күңдөр
Кайдан мага тик карашка жараган?
Кайда күндөр көз көрүнөө өлтүрүп,
Канын ичип, анан моокум тараган?!»

## XIV

Түшкөн кезде бак талашкан чыр башка,
Дос бар беле калканч берер бир жашка,
Көпкө… бирок Болот өзү тартынат:
«Кокус, мүмкүн кастык оту ырбашка?..»
Дагы ойлонуп: «Ак Мөөр алы кантер?» деп
Кала турду дос үйүндө-курдашта…
Адил баштап, малчы-жалчы калың эл
Аны ызаттап, ой бөлгөнсүйт бир башка.

## XV

Бирок күндөр өтө берди… кечки убак
Көлдү акмалайт… кайтып койлор, эчки–улак,
Те алыста иңир–күүгүм жамынып,
Жылкы барат түнкү өрүшкө кеч чубап.
Ошол кезде бир четинен айылдын,
Сагынычтуу ыр, санаа арал сөз тубат.
Болот созгон жакшы обондор кайруусун,
Коштоп чыгып тоо жели эзет көпкө улап…

**XVI**

Мээри жумшак, сырга ишенчээк апалар,
Бир мүдөөлү, өң дос, тууган, ата, жар,
Угат уюп муңдуу кыргыз күүлөрүн
«Сыздама» деп, «Арман күү» деп аталар...
Батыш мында... Мөөр неге суз карайт,
Балким сулуу алда неге кападар?
Же шол ишке «мен айыпкер» деп билер,
Анда эмесе, анысында ката бар...

**XVII**

Сүйүү – сыноо, миң электен кечирет,
Сүйүндүрөт, сүрдүктүрөт эче ирет...
Таңкы сергек жылдыздардай күлмүндөп,
Ары азгырып далдасына бекинет.
Турмуш – сыноо, ал колуна алганда,
Морттон бүтсө – дайым мизи кетилет.
Жаштык болсо – күчүн эрте майтарат,
Жок, курч болсо – мезгил менен жетилет.

**XVIII**

Тыңша, тыңша, бул чертилген «бийчи күү»,
Эркти тартып, өз боюна ийчү күү,
Бир жылкычы сыйкырдаган сыяктуу,
Калкып калса... күлкүгө үйдүн ичи «дүү!»
Кой соңунда, жылкы артында кеп басып,
Каржалган эл бүткүл улуу-кичилүү,
Кечте минтип чер таратып алышты,
Адат кылган – күндө ашындай ичилүү.

**XIX**

«Кана Мөкүш, сен да ырдап кой бир ирет?–
Маржан эне маркабатын билдирет.
«Ай, апам ай, ай жарыктык» дегенсип,
Жумшак күлүп, уяң калат үлбүрөп...
Анда ашыгып издейт комуз кайруусун,
Кыз тилегин жазбай сезген бир жүрөк.
Соң-Көл селт деп, үнгө тосуп кулагын,
Өйүздү урат толкундары дүңгүрөп!

**XX**

Назик ыргак бирде бийик, бирде пас,
Күн алдында кош канатын ирмеп аз,
Ак буладай соноор жүнү делбиреп,
Булут коштоп калкыгандай турна-каз,
Жаркын шоола, күмүш күүлү, көрктүү үн,
Ал болбосо антип эч ким ырдабас...
Жай термелип кармап кыял чабытын,
Отургандар сезим толо сырга мас.

**XXI**

Мөлт-мөлт этип бышкан алча таризде,
Эриндери балалыктай наристе,
Ырга эрк берип, улам бат-бат ачылып,
Жарк эттирет ак тиштерин ары ичте.
Анткен сайын ойнойт толкун кырындай,
Ак богогу ары жука, ары ичке.
Байсал таппай уу жуткандар сүйүүдө,
Бир жылмайып карашынан дары изде!..

**XXII**

Кыйгач кашы леп деп каккан канаттай,
Жыйрылат да кайра ордуна жанат жай.
Күмүш сөйкө сагагында дирилдейт,
Кайруусу мол күү тараткан санаттай.
Бул түндөгү сулуулуктун, жаштыктын,
Ушул көркүн дагы көпкө таратпай,
Тура турса... черге толуу азамат,
Кайтар беле өз тууруна таң атпай?!

**XXIII**

Жарды кагып, жалт деп артка бурулган,
Чапчаң, шашма толкундарга урунган
Ошол ырлар... сагынчыдыр жаштыктын,
Үшкүрүктүү кыз деминен курулган?!
Ошол ыр го канга жетип эң мурун,
Сырларды айдап капкайдагы бугулган,
Махаббаттын коңгуроосу өңдөнүп,
Шыңгыр этип, анан бизге угулган?!

**XXIV**

Ал ырдады: жаздын жашыл курагын,
Жазда чыккан жыттуу гүлдөр бурагын.
Бирок дагы күн кактаса гүл чаңкап,
Көгөртсө деп көктөн жамгыр сурарын.
Эскирткендей биз жашаган өмүрдү,
Мезгил өңү бат өзгөрүп турарын.
Демек күтпөй, күз соңунан кыш жетип,
А кыш келсе гүлдөрдү үшүк урарын...

**XXV**

Ушул болду өзү билген дүйнөнү,
Шертке такап, бир нокотко түйгөнү…
А ким билет – айтар беле дагы кеп,
Бирок кымбат эне, атадан ийменүү.
Ыр жеткирген үмүт, күйүт талашын,
Билгенсиди бир гана ынак сүйгөнү!..
«Алты аркар да ашкан окшойт төбөдөн,
Кана балдар, кайтпайлыкпы үйгө эми?!»

**XXVI**

Күндүз да күч бир көрүшүү тилеги,
Деле болсо Батыш сүйүү тиреги.
Мурда үйүнө Мөөрдү кийрип жиберип,
Кайра чуркайт: «көп кечикпей жүр эми»…
Шыңк күлүүлөр, эчен кынай тартуулар,
Үлпөт ойну… Болот билген илээни,
Сезбей калып чүкөлөрү аз коноп,
Көп кызарат назик кыздар билеги.

**XXVII**

Ал аңгыча Батыш кымыз келтирет,
Сыр кеселер мелт-калт толуп, мелтиреп.
«Мыкты болсоң мени ичпей көр» дегенсип,
Шуу-шуу ойноп, бетти көздөй чертилет.
Бул эмеспи – тоо чөбүнүн кубаты,
А калганы сабаларда жетилет…
Эх, кымыз ай! Элде сыйлуу тамак ай,
Жаралбаспы, жайда-кышта эки – ирет!

## XXVIII

– Кана алгыла, дос-курбулар, алгыла! –
Кайткан идиш кайра келет алдыга.
Устат колдо ынак бүткөн кымыздан,
Жазы жаркып... жибигендей кар буга,
Дене балкып, магдыроого жан тартат,
Жумшак ойлор сүйрөп улам аргыга...
Муну жасайт байга Батыш атасы,
А болбосо, кымыз кайда жардыга?!

## XXIX

«Түгөтө албай акыр жагын арттырат»,
Дешип кыздар, «дем албасын» тарттырат.
Бирок Болот бийигирээк олтуруп,
Кылк–кылк жутуп анысын да «ак кылат».
Мөөр буга саал ызалуу болсо да,
Өз ичинде: «намыскөй» деп жактырат...
Ал учурда атчан бир топ киши өтөт,
Жуучу өңдөнөт, айлы тиги жакта ыраак.

## XXX

Мөөр туруп карай коюп жабыктан,
Кайра олтурат өңү качкан, жабыккан.
Көз алдында аянычтуу ата-эне,
Да кимдердин кагуу тилин кайра уккан...
Күлкү ордуна күйүт тапкан жүзүнөн,
Болот окуйт: «бир жол көрсөт, кана ыкчам,
Жалгыз бүткөн махаббатым актаар деп,
Кең дүйнөдө сага ишенип, сага ыккам?»

**XXXI**

Сезгич бийкеч сыр бербеген салтында,
Сезүн буруп, жазган болуп жарпын да,
Бооруна алып Батыш кыздын бөбөгүн,
Төлгө тартып жорумакка бар чынга: –
Кана, кана! Оң бутуңду көтөр! – дейт,
Перзент билбей эмне бар кыз дартында,
А тек гана дүйнө-өмүргө талпынат…
Бирок бир шерт турду ал күндөр артында:

**XXXII**

Мезгил эмес, максат бүтпөй шарактаар,
Куугун катуу… жүрктөрдө жарат бар,
Кыйбаса да эне жыттуу туулган жер –
Сагынтса да жаштык каада, адаттар
Эртеңкиге медер күтүп, бел байлап,
Кала турат келер жолун карап жар,
Болот барат ашыглыкка арга издеп…
Кайда Кум-Бел, Кара-Кужур тараптар?!!

**Турмуш-турмуш**

**I**

Ах, кудурет бул не деген ырахат:
Тулку бою туташ таштан турат ат!
Жаратылыш, олдо сенин көркүң ай,
Теңдеш чыкпас бүт ааламды карасак?!»
Андан ары кашка суулу түнт токой,
Элсиз, эрксиз жалгыз кирип баратат…

«Өлдүм, кокуй!» – бир жалынчтуу үн жетип,
Капыс-купус жалт артына караттат.

**II**

Мөкүш экен… минтип көрүү ойдо жок,
Жаш сулуунун көрк-сымбаты бойдо жок.
Ирени өчүп, кийимдери самтырап
Качып келет… алдын торойт ойноп ок.
Барам десе жылан тилдей жаландап,
Жалын атат, эки ортого койгон от…
«Оо жараткан, бу кандайча кастыгың?!»
Деп шолоктоп ыйлап жатып ойгонот.

**III**

Көргөн түшүн көп ойлорго ыйгара,
Көз жумулуу, жатты жаны кыйнала:
«Алты сан эл оң, сол аттуу кыргызды,
Араласаң кыз ысымдуу кыйла да.
Бирок да мен мынча көптүн ичинен,
Бирди таптым, ырайым эт, кый мага.
Эгер эгем, пендем экен деп билсең…
«Ай, ай Болот! Антип өксүп ыйлаба?..»

**IV**

Баян турду анткор күлүп чечиреп, –
Курбум Болот, келдиң дебе кечирээк.
Жуучу болсо, кийим кирден тазарып,
Куучу болсо көңүл кирден чечилет.
Тирүүлүктө күнөө күтпөс пенде жок,
Бир башында жаңылуу бар эче ирет.
Анткен менен достукка бек азамат,
Көктүк кылбай эр күнөсүн кечирет.

**V**

Кечтим мен да... кара кылды как тилип,
Чынчыл болуп, таза болуп, ак жүрүп.
Сыйлашалык, кайра-тийсин колуңа
Кашка ат сындуу куш канаттуу нак күлүк.
Мынча созбой башта басар иш эле, –
Бой бербедим мага түшкөн көп бүлүк:
Ал – мына бул айылдаш кыз Ак Мөөрдү
Алам дедим, достор укту, жат билип.

**VI**

Сен да сүйдүң, дартың ырбап а кызга,
Жакшы дечи жаш көңүлдөр жагышса.
Бирок ойлоп, жалгыз баштык... жакырлык...
Эртең бирөө бак талашып кагышса,
Колдон кетер теңдеши жок сулуу зат,
Кордук этер эр канаты – насымка... –
Болот аны жактырбаган мүнөздө,
Карай берет Кош-Көл жакка, алыска...

**VII**

– Мына ошентип чардап калар бир душман.
Мен жашымдан кынык алып турмуштан,
Анын түркүн терс жактарын көп байкап,
Ага-иниге ак болууга тырмышкам...
Ыйык баалап журт абийрин, эл камын,
Келип турам, кыйылбас деп... бир кыздан...
Керек десең кечке кийрип берейин,
Сугуң тартчу сулуу тапчы, кыргыздан?!

**VIII**

Чок баскандай Болот чоочуп кайрылат:
– «Эл» дейт, «журт» дейт, ал экиге айрылат:
Бирөбүндө бийлик, байлык, бак-дөөлөт,
Айтчы, анан да жетпей жаткан кай мурат?!
А биринде бечералык, жокчулук,
«Ай аттиң» деп, жазганына кайгырат.
Кана эми сен кайсы журттун камкору? –
Күлөт Баян, күлөт кебин кайра улап:

**IX**

– Кээде адамды бакыт ымдайт «келчи» деп,
Ар кимге парс кырстык кылбай ээрчимек.
Барга, жокко тең караган кудурет,
Керек десе берери мол, кенчи көп,
Мисалы, мен бир периге үйлөнүп,
Үй көтөрүп, дүр-дүнүйө энчилеп,
Багыңды ачсам, чардар элең өмүргө,
Сен күркүрөп, атак алып менчилеп...

**X**

«Ак Мөөр» деген жаштар да көп, карт да көп,
Жуутпайт дейт, «кайта бергин артка!» деп,
А биз болсок андай-андай чактарда,
Дилгир элек, махаббатка март элек.
Билем бешин ага окшогон кыздардын,–
Жигит колун ак ийнине арта элек,
Анан дагы көшөгө арты шуудурап,
Жылуу коюн жыргалдарын тарта элек.

## XI

Анда алардын азоолугу тез калат,
Ал анткени – «эскиргенин» эске алат.
Болсо да эри эркек сөрөй бир неме,
Жалынычтуу, жагынычтуу көз карап,
Орой айтса, сылык болуп кечирип,
Ошондо да «мен күнөөлү» деп санап...
Ал аңгыча көңүлүң оойт башкага,
Азгыргандай жылтаңдашар эски адат.

## XII

Сен ошондо берер белең сазайын,
Болсо да аның барктуу айым, таза айым.
Биз аларды урмат кылсак канчалык,
Алар бизди кордой билет ансайын...
Бирок аял – бат өзгөргүч табият,
Ойлош мүмкүн: «жаш күндөрүм – жаз айым,
Мени эскиртип, алыс таштап кеткиче,
Кумар отун күлүп ойноп басайын...»

## XIII

Биз билбейбиз, кайрап коёт мурда аны,
Каада билип... «жан күйүшүп» турганы:
«Э, жээн кыз, эриң сенин көзүңө,
Чөп салат дейт, а кылганы туурабы?
Берки кантсин, ыйлап ийет, а тигил,
«Акыл» айтат, «сен да ошентип туура аны»
Түбү келип жөөлөштүрүп коюшат,
Түз жүрбөгөн эки бирдей «бууранЫ».

**XIV**

Ал андыктан көп үзүр бар бойдокто,
Катын, бала, үй-жайынан ой жокто.
Дуулап өткүн, жаштыгыңа дем берип,
Карылык да болор бир күн бой нокто...
Бирок дагы кылактаган Ак Мөөр кыз,
Мени минтип тирүү кармап койду отко.
Андан алып, алоо бойдон сызга уруп,–
Бир балээ экен миң жоруктан ойнотмо...

**XV**

Болот ойлойт, «көрчү мунун далбасын»,
Күйөт имиш, «бирөө тартып албасын».
Бат кулагыч, махаббаты тил алчаак,
Кээ бир жумшак аялды антип алдасын.
Оо, бул баштан андайларга маш болгон,
Тосо коёт эски билген чалмасын –
«Сени сүйдүм, жан бер десең, берем» – деп,
Ырпы куруп, эсин жыйбай калмасын.

**XVI**

Тиги ишенип, алдоосуна жеңдирип,
Боюн жасап, беттерине өң кирип,
Назик, сулуу, жаш көрсөтүп, жана өзүн,
Эрке сүйлөп, кыңкыстоого көндүрүп...
Антип дароо анын башын тумандап,
Алгандан соң ойдогусун өндүрүп,
Биздин мырза жээрип кайра карабайт,
«Койчу эми аяш, сый бололук жөн жүрүп!»

## XVII

Көл кылаасын сулуу жандап жөө бойлоп,
Жумшак түндө шапар тээп көп ойноп,
Уктай берет, шашке, түшпү ылгабай
Ал андыктан өзүнө-өзү ээ бойдок.
Көп жаңылып, күн эсебин так билбейт,
Чын куранды Теке айы экен деп ойлоп.
Көрбөсө да чыр-чыр этип талашат,
«Соң-Көлүңдөй төрт келет деп, Көк-Ойрок!»

## XVIII

Шерине, үлүштөр жадаткандай манчыркап,
Чөйрөсүндө кошоматтап жан чуркап...
«А келген ким? – Палан тойго чакыртат»,
Мына, мына кең үлпөткө чалкыр чак...
Дароо жетет... капшыт толо кыз-келин,
Жанын түртөт: – кайсынысын жактырсак?
Тамак келет... жебей коюп жыбылжып,
Ошол бойдон ырдап калат салт курсак.

## XIX

Конок келет... той аяктап, аш тарап,
Күтмөк керек, сый көрсөтүп башкараак...
Эркектери алар менен күүлдөп,
Кылгырышып... катын-кызы жаш карап
Бурчта олтуруп, козголо албай калышат...
Бирок белен, мейман ичер аш-тамак,
Ат багылуу, минсе алдына тартылуу,
Кимдер булар, кызматына шашкалак?

**XX**

Алар ошо – кирбей кайтып эшиктен,
Берсе жешип, бербесе жок кешиктен,
Күнөкөрдөй жалтак-жалтак карашып,
«Тойбостор!» деп – кекеткенин эшиктен...
Антсе дагы сырын сыртка айталбай:
«Кантсин эми, пейилдери, дешип, кең...»
Бирок ырбап канга сиңген кастыгы,
Чоң кылымдын кыр белинде кезиккен.

**XXI**

Жаз болгондо жаз бороону жулмалап,
Кыш келгенде жапшыра уруп бурганак,
Ачык түндө айды карап жабыктан,
Жамгыр күнү жашын төккөн мурдараак,
Мабул үйлөр – ал байкуштар маанеги,
Ак тер төккөн мээнетине кур жалак.
Салт ошондой – оолак барып олтурат,
Жок антпесе, конуш көркүн «булгамак».

**Кыз оюн**

**I**

Оюн-кумар, жаштык табар маркабат,
Бизди азгырып кучагына тарта алат.
Издерине какшык, лакап чачырап,
Эчен таттуу күлкү, обондор таркалат..
Тарап жатсаң таң бүүрулу болордо,
Көңүл толо шаттык шыгын аркалап!

Ал андыктан, ага энтиге жеткендер,
Түн сулуусун, ай жарыгын барк алат...

II

Тандап үзүп, өөп бейиш гүлдөрүн,
Канбай тыңшап, комуз, кыяк күүлөрүн,
Кирсиз агып жылаажындай жыбылжып,
Махаббатка балкып жаткан күндөрүн,
Музга чачкан бермет мисал жылдыздуу,
Ак жибектей шоодур эткен түндөрүң,
Ынак көрчү – эрке сүйүү рактар,
Кайдасыңар? Кана оюнда бир көрүн!

III

Көк ыраң чөп жел эркине ылдырап,
Кең мейкинге көктөн ай нур жылдырат,
Соң-Көл тыптынч... Берки өзөндөн бир гана,
Суу үн катат араң-араң шылдырап...
Тоолор уктап... андан аркы жылдыздар,
Моймолжуган сулуулардай кылгырат.
А кайдадыр жаштар ойноп дарбышып,
Уу-чуу түшөт... күмүш чолпу шылдырап...

IV

«Ай, жүргүлө! Ак чөлмөккө ким чыгат?
Ана ыргытат... Жер дүңк этип унчугат.
Баары жөнөйт тең жарыша дабырап,
Асылышып, түрткүлөшүп, чымчылап.
Кыз, боз бала! Алар – айыл жаштыгы,
Мөөр да бар – сүйүүсүнө чынчыл, ак,
Батыш жүрөт – кирсиз эрке күлкүлүү,
Болот мында – ашык жарга мынча ынак.

**V**

Күйөөлөрү сырттан багып сак болуп,
Келиндер көп, макмал күрмө, ак жоолук,
Жаш кыздарга адептүүлүк көрсөтүп,
Кээ бир жерде топтолуша токтолуп.
Жигиттерге алда нени айткансып,
«А койсоң!» деп шыңк күлүшөт шоктонуп.
Ал аңгыча... мына, мына «Бекинмек»,
Качты баары, далда издешип, жок болуп.

**VI**

«Тапчы Болот, эмне күчтүү өмүрдө,
Жашоо? Сүйүү? – жактыр бирин, сен ирге?
Мисал үчүн, жүзгө чыгып, бирок да,
Ысык сүйүү курсантына семирбе?..
Же болбосо, айтчы, эмине демексиң,
Махаббатың бөксөрөрдө, кемиирде?»
«Чын сырым бул – айтаар элем мен анда:
Бири аз болсо, миң өлтүр деп теңирге!»

**VII**

«Бирок адам жашашка да шашат да...
Токтойлу эми... ушул ченде, кашатта,
– Бабереги топ бадалдан бурулуп,–
Кокус ары өтүп кетпей башатка?..
Тике түшсөң атты кармап күтүшөт.
Бул ким? Бирөө бизди имерип басат да?
Жүрчү мындай... айланайын асыл дос,
Сен соо кеткин... биз да калбай азапта!»

**VIII**

Минтип айткан койчулардын бирөбү,
Өз канына тарта соккон жүрөгү,
Жылкычылар жаңы апкелген Кашканы,
Көрсүн үчүн бул тарапка сүрөдү.
Анан, анан... оюн бүтөр алдында,
Түн жамынып Болот жолго жүрөбү?
Ооба, бирок босогодо балта алып,
Душман турат, келди го деп бир эби?..»

**IX**

Бекингендер «түкүн» жайда «паланда»,
Бирин-бири табар деген таламда,
Токтой туруп, дем алсак бейм азыраак,
Тыным берип, кашаң жазган каламга.
Ырым сени жадаткандыр, окуучу...
Тууган жерден күү толгоюн ал анда,
Көздөн учуп сагынтканда бир бардым,
Көп кармалып жандай көргөн калаамда.

**X**

Биз ал кечте конок болдук Асанга,
Чай... дасторкон... тамак кайнап казанда,
Шампан келет... «тарс» атылат пробка...
– Э, жигиттер, ырдап кумар жаз анда! –
– Сиз баштаңыз? –
– А болуптур, баштайын.
– Балдар, балдар, кепти бир аз басаңда?
– Карыса да калбайт экен адаты,
Бир баштаса, токтолот таң азанда. –

**XI**

– Жок, байбиче, айта берсе арыбас
Аңгеме көп. Ары узатып барып аз,
Басылайын… Булар эмей ким уксун,
Күндөр экен карыгандар – карыбас…
Силер жокто, биздер бала кезекте,
«Беркел» дебей, ар ким түртүп «ары бас!»
Жексур көргөн… Керексиздей жаралган –
Бир жан экем, топор элем жарыбас. –

**XII**

– Ии, карыя, дал ошону, ошону? –
Жомок төрөп, муңдуу тапкан кошогу,
Көздөн сызат чиркелишкен көп заман:
Кыш… түн… аяз… жылкы беттеп Жошону.
Үшүк… Ачка… Үрөйдү алган чоң көчкү,
Мал кырылып… эптеп качып бошонуу,
Солто элинде… малай жүрүп, кыз сүйүп,
Зарлап тилөө, «тагдыр буга кошобу?»

**XIII**

Кыз да ынтызар сүйүү согот катылап,
Бирок жетпейт, үмүт бошко атылат.
Эки желдет үйдөн сүйрөп апкелип,
Кызды өңөртөт… кыз жаш төгүп сатылат.
Элге кайтат… эски куугун-жокчулук,
Дале күн тар… ажал аңдып катынат. –
Кийин, кийин бул апаңа үйлөнсөм,
Жийдеш экен – ал байкуштун атына ат.

## XIV

– Анда Асаке, коштуң бекен Жийдени,
Же жалганбы, сизге ыр кесек тийгени? –
«Перизаттай байкалчу,
Бөз да болсо кийгени.
Бетке карап айталчу,
Мен да сүйдүм, сүй мени...»
– Бали Асаке! – баары жактап күлүшөт.
Жийдеш апа: «Ээ үйдөгү, үйдөгү,
Кокуй ботом, алжыбай кал сен минтип,
Кайда мабул балдарыңдан ийменүү?! –
– Токто кемпир, калп айтам деп өзүмө,
Кас кыламбы качанкы өткөн дүйнөнү!..
«Алты аралга эл көчөт,
Ак ирим суу, көл кечет.
Айтпай кетсең эрке жан-ий,
Ашыглык от желге өчөт...»

## XV

Сыртта жатып жаңы үргүлөп баратсам,
Шыбыш салып жалбырактар дарактан,
Тил бүткөндөй зым карагай дыңылдайт,
Түн чыйрыгат... ит абаалап ыраактан.
Кырман жакта тырс-тырс басып дабыштап,
Асан жүрөт...
Ойноп черин тараткан,
Жаштар келет дуу күлүшө кобурап,–
Сезим жылыйт жөнөкөй көз караштан...

## XVI

А эртеси аштык Беш-Суу белести,
Бетти аймалап тоонун тааныш жели эсти.

Байкап барам: ар бир колот, ар бир сай,
Кайрыгансыйт калган жаштык элести.
Чубайт улам өмүрдө өткөн көп иштер,
Эстөө менен жер аттарын эң эски,
Мен баарында жыланаяк жарышкан,–
Из суутпас сүйүүм калган эмеспи...

**XVII**

Мында олтурчу мен төрөлгөн үй көптөн,
Апам анда таар согуп түйдөктөн,
Мага далай чепкен жасап кийгизген,
Уй аркандап, от жагууга үйрөткөн.
А баягы сарала каз кончу жер,
Издер мына, тоодон арча сүйрөткөн.
Дале турат уя издөөчү көк зоока,
Суусу ташып күркүрөгөн күүдө өктөм.

**XVIII**

Жаттым сулап, тулаң жаздап башыма,
Бутум малып, шарларына ташыма.
Бир оокумда кыт-кыт күлгөн үн угуп,
Карай бердим кырдын аркы башына.
Бул ким болду – бир кичине сар бала,
Улам басып, уяң карайт жашына?
Билдим-билдим, балалыгым өзү экен...
Ал таң калар мен эскирткен жашыма?!

**XIX**

Күздө сүйүп мектеп эшик ачканын,
Жазда көрүп, дыйкан үрөн чачканын,
Далай байкап, энем каткан курутту,
Айтпай аңдып ачкыч таккан чачкабын,

Анан түндө кыз, жигиттин ойнунда,
Бир билемин чөлмөк алып качканым...
Андан бери кайда кетти, көрбөдүм,
Андан бери жаштыгыма ачкамын.

**XX**

Биз шаштырып, мезгил баспай тартына,
Жетпептирбиз анда жаштык баркына,
Үч мезгилде бир келбеген сыяктуу,
Жаз жарчысы – эрте кайткан каркыра,
Ойсуз ойноп бошко кыйган күндөрдү,
Эми эч качан кайрып болбос артына.
Бирок достор, жаңы бойдон, жаш бойдон,
Калып калар жалгыз нерсе бар тура:

**XXI**

Дүйнө-өмүргө жаңы жыртып көзүңү,
Сен торолуп, токтотпончо эсиңи,
Жумшак сылап билинбеген кол менен,
Багып жүрүп... Коштоп барып өзүңү,
Турмуш – сапар жолдоруна чыгарган,
Туулуп-өскөн жерди сүйүү сезими
Кандай күчтүү! Канча болсо карыбайт,
Сактагандай сенин жаштык кезиңи!

**XXII**

Сен уялып качпа алыска кылактап,
Карт экен деп, чачтын кээ бир кылы аппак,
Бирок уял жаман жазган ырыман,
Отуз жаштан улам ары жыл аттап,
Бералбадым эл карзына эч нерсе,
Жаш күндөгү жакшы ойлоруң бир актап.

Кубанармын, кеч да болсо тапканым –
Арзып калса эл айтууга «ыракмат!»

**XXIII**

Бирок бир аз күн мөөнөтүн созоюн,
Ал анткени, катуу самап бозоюн,
Күн эсебин жатка билген сулуудай,
Күтөт бизди көлдө калган кыз-оюн.
Сен да, окуучу, сөкпө мени – ырымда,
Ой кылбагам – бир кылымга озоюн.
А тек гана жаш кез эске кылт эте,
Алып учту өз кыялым, өз оюм…

**XXIV**

Айыл уктап…
Али чуулап жатты ар жак,
Кербез кыздар жаштык отун жакса ардак!
А боз балдар минип албуут кыялга,
Жүрүшкөнсүйт, ырыс сермеп, бак кармап.
Батыш, Мөөр баштап койгон бул оюн,
Амалсыздан айрылышар чакка арнап –
Кээде адамга көнбөс турмуш эрктери,
Бул түн эле… Болотту алыс аткармак.

**XXV**

Батыш айтат: кулак салгын курдаштар,
Кезек келди кыз-оюнга ыр баштаар!
Анда эмесе, аял, эркек бөлүнүп,
Ар бир топтон бириң чыгып ыр башкар…
Мына жыргал! Мактап келип өбө бер,
Болсо сенде сүйгөн селки, сырдаш жар.
Жакшы үн салып кимдер кимди жактырып,
Жоолук урат, аны абайлап тур жаштар!

## XXVI

Көп жигиттер ыр билишпей сүрдөшөт,
Улам бири: «Болот бирге жүр» дешет,
Агып турса – ал неликтен тартынат?
Шыңгыр-шыңгыр комуз салган күүгө шерт,
Кимге арналса өзү кармап, өзү угар,
Созул аван, дирилде кыл, түнгө черт!
Жүрөк каны күйүт менен айкашып,
Үмүт күткөн ойду алыска үндөшөт.

## XXVII

«...Арман жок деп таттуу, ачууну бир жесек,
Сүйүү – гүл бак, кирген элек бир кезек.
Ал аңгыча жаздын жандай ынагы,
Акын булбул таңшырында тил безеп,
Сени имерип өз боорума кыскандын
Эми ойлосом, бир жолкусу миңге эсеп.
Бирок минтип жазмыш жолу жазгыргыч,
Соңун таппай адашмакпыз, билбесек...»

## XXVIII

Ыры тынбай агылат да, агылат,
Алда кимдин жүрөктө оту жагылат,
Мүргүп угуп, мууну бошоп калтырап,
Демин тартпай, тилейт ичтен «дагылап»,
Илкип жорткон көлдүн коңур желиндей,
Аван тарайт дагы күчөп, дагы ыраак...
Залкар тоолор орду-ордунда селейип,
Катып калган тыңшамакка тагыраак.

## XXIX

Кырын жайпап толуп ташып бөксөдөн,
Кадам коюп, өмүр өрүн көздөп оң,
Бакыт жоктоп көлдө туулган бул ырлар,–
Сүйүү билген жөпжөнөкөй сөз менен,
Чоочуй карап бүгүнкүдөн жатыркап,
Күдөр үзбөй эртеңкисин «өз» деген,
Ырлар эле – Толкунунда шаркырап
Тор кушундай жарык дүйнө көксөгөн.

## XXX

Ооба ошентип, зарыгуудан кан кургап,
Серпилер деп, шашпай атар таңды ырдап,
Бойго житип миң бүктөлө дөңгөкшүп,
Түпкүрдөгү санааларды санга ыргап.
Басылды анан экиленген шаңдуу үн...
Мөөр турат эстен тана жан жыргап.
Каткырыктап айга чайкап жаткансыйт,
Жаш сүйүүнүн жараттары анда ырбап...

## XXXI

«Ай, үнүңдөн!», «Өркөң өссүн, азамат!» –
Толкун шилеп, көл киргилин тазалап,
Ак куу, казга жибек жайган шекилдүү,
Жакшы ыр менен көңүл кыздай жасанат...
А ыр куну өпсө гана төлөнөт,–
– Кайда Ак Мөөр?!
– Алпаргыла!..
– Баса, бат! –
Башта уялчаак, намыска курч жаш эрке,
Эми илкибей, махаббатка баса алат...

## XXXII

Күтүү болбойт оюн аздан таралат,
Ага чейин түн коюусун аралап
Кетүү керек...
Жетер бекен атка аман?
Же мерт кылар жазмыш огу жаралап?
Сүйүү бүтпөйт... Киши үмүтсүз жашабайт...
Ак Мөөр келип кучагына кадалат: –
Кантейин!.. – деп башка бир сөз айталбай,
Бүлк-бүлк ыйлайт... айрылбаска адал, ак.

## XXXIII

Кан буулуп, Болот буга буйдала:
– Кой, Мөкүшжан, кой, муңайып ыйлаба?!
Эркелетип маңдайынан жай сылайт,
Экөө бирдей үнсүз токтоп кыйлага...
– Бул турушуң – сапарыма күлазык,
«Мени эскер!» деп сүйүү тарткан сый мага.
Туруп-туруп ай булутка бекинди,
Алар күткөн айрылуудан ыйбага...

## XXXIV

А кайдадыр күмүш чолпу шылдырап,
Ат дабырттап, үзөңгүлөр кыңгырап,
Сары-Ой жактан шашып жеткен жел аргы,
Канжыгада комузду урбай, кылга урат.
Тоолор уктап, андан аркы жылдыздар,–
Сулуулардай, сулуулардай кылгырат.
Агыш тартып түндүн кээ бир жерлери,
Көлдү ойготпой көшөгөсүн жылдырат..

*Экинчи бөлүк*

**Курчоодо**

**I**

Чөп козголот, анын сырын жел билет,
Аркы жакта кымызга мас эл күлөт,
Бээлер саалат...
Соодагерлер жол тартат,
Кыз суу алат, кош этеги делбиреп.
Козу маарайт...
Балдар сайда чурулдайт,
Демейде өтчү күн экенин белгилеп.
Өмүр бою баш бакпаган бул үйгө
Биринчи ирет бүгүн кирет Келдибек.

**II**

«И, келиңиз!.. Урматтуу бай, келиңиз!..
Төргө, мына?.. жок, жок өтө бериңиз!»
Хан киргендей шашып калат калдастап,
«Адил мырзам, сак турабы дениңиз?»
«Шүгүр, шүгүр, жаз чыкканы жакшымын,
Билбейм анан... мени «мырза» дедиңиз?»
«Ооба, ошенттим... атайы айттым мен аны,–
Бай каткырат: башка эмеспиз эми биз...»

**III**

«Башка эмеспиз?... Бул не деген табышмак?
«Маржанкүл!» дейт, Адил тышка дабыштап.
«Азыр, азыр!» үй артынан үн келет,–
Чукул калган айт күнүнө багыштап,

Кызы экөөлөп таар согуп жатышкан,
Бүтүп калса туштарына тагышмак.
От каланып, суу бастекке куюлат,
Шарак-шарак чай тулгалар кагышмак…

**IV**

Бай байкады үйдүн ички турманын:
Үкөк жүктө, бакан бурчта турганын,
Ага илинген ат жабдыгын кызынын,
Адил кийген тон да көөнүн бурду анын.
Көп карады жибек, килем жоктугун,
Бар турмушун жөпжөнөкөй курганын,
Жакшы экен деп, бир камчыга көз артты,
«Мен бер десем, ыргытарсың, урганым!..»

**V**

Бай чийиткеп, этек учун кагына,
«Чаңдыр, кирдир?» карайт эки жагына.
«Жок, таза экен». «Кыйшайсаңыз, мынакей»?
Жаздык коёт – аң-таң калат агына.
Ошентсе да ойдон кетпейт бир күдүк:
«Кедей туруп… ач көз болсо дагы да?»
Чоочуп кетет… «Мал бералбайм мен буга,
Балам сүйсө – ал кызынын багы да».

**VI**

«Азыр антпейм, барын ал деп балкытам,
Андан кийин башка ургандай жалкытам.»
– Биз турмуштан эмне таптык? – деп сурап
Адил мырзам, кыял минип калкысаң,
Же олтуруп, жөпжөнөкөй көз карап,
Өзүң өткөн өмүр көлүн калпысаң.

Колго урунат жалгыз гана бир нерсе,
Ал – сый экен, аман чакта алты сан…

**VII**

Дүйнө жүзү кызыктарга жыш экен,
Жаштыгың – жаз, карып калсаң – кыш экен.
Кайран өмүр бат тозулуп, бат оңуп
Колдон качса, кайра конбос куш экен.
Тирүүлүктө барк алышпай бир-бирин,
Адам чиркин ар күнөөгө туш экен.
Өлсөң артта – жаман айткан сөз калып,
Жок, сыйлашсаң – арттырарың ушу экен.

**VIII**

– Бах, сөз экен, о дүнүйө ай, десеңиз!
Ошол жагын биз кечигип сезебиз,–
Адил ата колун жазып көрсөтөт:
Чай алсаңыз, майдан, нандан жесеңиз? –
Маржан апа эми берээк эңкейди:
– Ке бериңиз, муздады окшойт кесеңиз?
Соң-Көл жели чамгарактан кайра уруп,
Үйдө бир аз быкшый түштү тезек ис…

**IX**

Чайдан ууртап, үнүн созо кырааттап: –
Адил, Маржан, пейлиңерге ырахмат,
Жупуну өскөн карапайым кишилер,
Баспагандар арам ишке кыл аттап.
Мен силерди дайым минтип баалагам…
Бирок кийин кеттик бир аз ыраактап.
Анан кээде алыш-бериш жоктугу,
Жан кыйышпас жакынды да кылат жат…

**X**

Деген өңдүү «куп айттым бейм ушуну»,
Каадасындай белги менен ышынуу,
Жумшак сермеп колун артка койду эле,
Түккө тийди – «кай буюмдун тышы бу?»
Билмек болуп өйдө чымчып тартты эле
«Кырр–кырр» этип аткып алды мышыгы...
«Ий, кокуй эй, сексейген ит сен белең?»
Ошол жерин кайра-кайра жышыды...

**XI**

Билгизбейм деп бат эңкейип май алды:
– Мактаса төк Маржанкүлдөй аялды,
Берген ашын жарылганча жегиң бар,
Барс-барс күлүп бай азыраак жай алды.
– Адил мырзам, эмне келдиң дебедиң? –
– Айт, айтыңыз? – ал да жаагын таянды.
– Ак тилектен кошсом деген ойдомун,
Ак Мөөрүңө менин эркем Баянды...

**XII**

Келгеним жок бүткөндүктөн айла, амал,
Элде кыз көп жаркын мүнөз, ай жамал.
Бирок балам Мөөрдү атап калган соң,
Неге аянам, калбай келген кайда мал.
Жатат анда сай ташындай сан болуп,
Баргын дагы бир четинен айдап ал.
Күндүк өмүр түштүгүнө жыргасаң –
Күлүгүн ал, күмүш көкүл, майда жал...

**XIII**

Тамыр жайып Кочкор, Нарын тараптан,
Багыш элин кыңк эттирбей караткан,
Жеке билип, Ыман менен Чорону,
Моңолдорго өз өкүмүн тараткан,
Алкымдагы сейрек үйлүү Сокучу!
Кас турам деп түшүп берген баары аттан,
Аркы атабыз таштап кеткен сыйлуу даңк,
Бүгүн бизде ыйык бойдон бараткан...

**XIV**

Дайны тарап, Сарбагышта чоң делип,
Кадыры өткөн кан Жантайга кол берип.
Кайра кайтсам акыреттик дос болуп
Калың Бугу ызаат кылып жол берип,
Кошоматтап Жумгалдагы көп Саяк,
Кызматыма Саруу, Кушчу-Сол келип,
Кошо чуркап андан берки Солтолор,
Турбас беле айтканымды оң көрүп!..

**XV**

Дүйнө – таш боор, даңксыз өмүр кор болот,
Коңул издеп коён окшоп корголоп...
Кудам болуп, менден алчы шарапат,
Кулуң болот баары алдыңда жорголоп.
Көктө жылдыз кадырыңа жылмаят,
Алтын тамат, күмүш агат шорголоп...
Тирүүлүктө мындан артык эмне бар?
Тирүүлүктө мындан артык олжо жок... –

## XVI

Адил айтты: – Эч калет жок сөзүңдө,
«Сыйлашалык» – бул да калсын эсимде.
Бирок да мен тоо түшкөндөй кыйналам,
Адамды адам «бер» деп турган кезинде...
Мүмкүн сизге бой жеткендей болсо да,
Биз үчүн кыз ууз гана сезимде...
Бала өмүрдөн эркиндигин тиленет,
Ал андыктан өз бийлиги өзүндө.

## XVII

Аялым, кызым – ушул кедей тапканым,
Аман турса, ошол баркка батканым,
Аалам ичин калтыратып билгеним,
Алтын ордо, ак сарайда жатканым,
Жана өлгөндө жайлуу-жумшак орун таап,
Жаннат көрүп, бейиш тузун татканым...
Мен ошону кыялымда кыялбайм,
Дүңгүрөткөн атагына датканын...

## XVIII

Бала – бакыт, бала – «аппагы карганын»
Ата-эне үчүн кандай урмат бар дагын?
Мөөрүм менин зарлап жүрүп тапканым,
Жалгыз кызым – жан эрмегим, ардагым.
Эми ошонун тагдырына кас санап,
Дитим батып: «паланга бар, барбагын?»
Жок, мен өлсөм бейитиме жаш төгүп,
Көөмп коёт... Таза турсун арбагым.

**XIX**

Бай сурданды: – Ой, сен боюң көтөрбө,
Баягыда Болот илип кетерде,
Мен өзүмө келин кылам деп санап,
Кууган элем... эми ойлосом бекерге...
Күйөө күтсөң жалгыз баштуу томаяк,
Ал жакшы эле кайыр тилеп өтөргө.
Эми үйүмө өзүң кийрип бер Адил,
Беш күн мөөнөт... Кыз түбүңө жетер же!..»

**XX**

«Убал барбы? Жакшылык жок жалчыга!»
Бурк-бурк этип төрдөн төмөн ал чыга,
Кепичине бут салалбай буйдалып,
Колу урунат капшыттагы камчыга.
Адил байкап: «Алсын, алсын» дегенсийт –
Ал да болсо, байлыгына тамчы да!»
Бай баратат карт буурадай калчылдап,
Чыда, чыда, чыгып кетпей, жан чыда!..

**XXI**

Жалкоо жанат буурул тарткан көк тезек,
Кыпчуур алып, күлүн таптап от көзөп,
Атасы андан кабак бүркөп салбырап,
Алда неден тиктеп көзүн өткөзөт...
Ал аңгыча чокко конуп көпөлөк,
Ыс-пыс түшүп тыпырады көп кезек...
Алып салды... аны өзүндөй кетти аяп:
«Э, макулук, сенде эч арман жок десек?»

## XXII

Кызы кирет. Эне муңдуу, кетип өң:
– Айтчы апыке, мен угайын четинен? –
Маржан анда үн чыгара буркурайт:
– Шордуу кызым… бүтпөс жарат, жетип эм..
Баянга деп сага айттырат Келдибек.
Бооруна алып, жыттап калат бетинен…
– Ошо элеби? Анда жөнү табылар,
Койчу апыке, койчу сенден өтүнөм?! –

## XXIII

Күлгөн болуп шылдырады күмүш үн…
– Кагылайын, сен энеңдин күнүсүң! –
Бекем кысат, «бербейм эми» дегенсип:
– Менин минтип жашаганым ким үчүн?!
Кыз сөзүнө Адил кошо жылмаят,
Нур көргөндөй ордо жатып, түбү түн,
Качыргандай жан алгычты жанынан,
Кайра алгандай колдон түшкөн үмүтүн…

## XXIV

А түн кирет. Мөөр уктайт бат эле…
Жапа чегип түн терметет ата-эне,
Талкуулга алып адат болгон бир ишти:
«Кемпир, көлгө келгенибизката эле,
Же бизде бир бел байлашар тууган жок…»
«Аттиң десең… Мындай да бир маселе,
Башта экөөн кошуп койсок куп болмок…»
«Болот шашпай токтогондо… аз эле?»

**XXV**

Желдерге окшош тоолор боорун кыялап,
Келгин келет, көл кылаасын уялап,
Байыр алып жаздап калат анткени –
Бала ээрчитпей кур кайтуудан уялат...
Аңдып туруп эми учурар учурун,
Чеңгел салып куушурулат кыянат...
Эне кантет? – кирем десе жер катуу,
Качам десе – төрт тарабы кыямат?..

**XXVI**

«Шашке», «бешим», «намаз шамга» аз калган,–
Мезгил болжоп күндү карап асмандан,
Ата байкуш сакалына жаш куюп,
Курун асып: «куткар?» деген кас жандан...
Бирок мезгил коркунч барда бат өтүп,
Сүйүнчүңдө шашпайт алга баскандан.
Турмушта азбы минтип тетир түшүүлөр,
Биз койгондой, деп: «маңдайга жазгандан...»

**XXVII**

Өттү беш күн, бир ирмемге келалбай,
Качканды алып ый артында жеңалбай,
Узун, түпсүз санаа берип сооротуп,
«Жылт» деп жанар үмүт алда» деп алдай.
Эртең менен кыздар келди Мөөргө,
«Сагындык, жүр, көл жакта ойноп дем албай».
Адил, Маржан жалгыз калып үйүндө,
Күтүп жатты...
Жай кыбырап эми ал бай,

## XXVIII

Беш күн күтүп, алар кызын «тий» дээрин»
Акыры анан... жазаттырып үйлөрүн
Алдыңкы ашка кеңеш берип жаткандай,
Жыйнап алды элде манап, бийлерин.
Кер аякка кагуу, каргыш айтарын,
Жана өзүнө кошоматтап сүйлөөрүн.
«Өрнөк калсын, билип жүрсүн» көрсөтмөк
Букарасын бул кандайча бийлерин.

## XXIX

«Дароо келсин, күттүрбөсүн элди көп!»
Буйрук жетет...
Бууган болуп белди бек,
Адил чыгып топ тарапка бет алат...
Арттан Маржан... ак жоолугу желбиреп,
Кошо чуркап жаратканга жалынат.
– Айткыла журт, мабул турган келжирек,
Кыздуу имиш, бербейт имиш Баянга,
Ай, арсыз кул! – башын чайкайт Келдибек.

## XXX

– Адил, сага кереги эмне амалдын,
Бересиңби, анча неге камалдың? –
– Ой, тексиз ит, улуу-кичүү ушул эл,
– Сурап турат алалы деп дагы алдын!..
– Эгер кызым, өзү сүйүп, каалаcа... –
– Көрчү, үшүнтүп кызы билет жамандын.
– Кайсы катын эрки менен келчү эле,
Бузулганы ай, бузулганы ай замандын...» –

**XXXI**

Айтты бири: – Көрсөңүздөр эгер эп,
«Бер», «бербе» деп, иттен сурап не керек,
Кекем кызды кийрип алат кечке эле,
Кеп башкада,.. айлана журт тегерек,
Күбө болуп эл бузарды айыптап,
Жанчса ылайык, иттен бетер тебелеп,
«Экинчи антпейм, кечир, таксыр», дедиртип,
Эми өлөрдө суу оозуна себелеп...

**XXXII**

Да бири айтты: «Аздык кылар бул айып,
Кайра өмүргө кайткыс болсо кылайып...
Азоо атка арта салып жаткырып,
Бекем таңып, айдап ийсек ылайык. –
Муну укканда таман бою дүркүрөп,
Коркуп кетти Маржан, көзү алайып: –
Өзү оорудан жаңы гана турду эле,
Кантесиңер, кагылайын калайык?! –

**XXXIII**

«Байга жүгүн, буту алдына «агалап»,
Күлдү кээлер, байкуштарды табалап...
«Ой, тигил ким?» – өлөрүнө карабай,
Учат бирөө атын санга сабалап.
Көрө коюп, бута атымдай алыстан,
Иттер аны тосуп келди «абалап».
Келген сурайт:
– Келдибек ким? –
– Мен болом! –
Бай ал жакка бара калды сагалап...

## XXXIV

– Баатыр Жантай, берки атасы Карабек,
Каарына алса кабылан сүрдүү кара көк.
Кулак уккан дубан-дубан кыргыздан,
Эч ким анын баралына бара элек.
Сейил салып... сиздикине келатат,
Чаптырды эле үйдө бекен, кара деп... –
– Ах, кудурет! – Жик-жик этип шашып бай,
Бир гана айтты турган элге: «Тара!» деп.

## Көлдөгү ак куулар

### I

Тынч жатканда көл түшүрөт көп сүрөт:
Тоолор, тоолор, түркүк болуп көк тиреп,
Ылдый калган булуттарды ызалап,
Кыл чокусун айга жетип өптүрөт.
Кеч киргенде санап туруп асмандан,
Түн берметин төшөгүнө төктүрөт,
Же келиндер «жээн басты» кылгандай,
Төмөн ныктап чөмүлдүрө чөктүрөт.

### II

Мелт-мелт этип, кыр кылаасын көл тиреп,
Кээде үн катпайт, таарынгансып мелтиреп.
Жатып, жатып кайра эле өзү жазылат,
Жарын көргөн жароокердей мөлтүрөп.
Анан кээде тармал тартып термелет,
Термелгени – этек-жеңин жел түрөт.

Жээгин чайып ойноп турган толкундар,
Кыт-кыт күлгөн кыз элесин келтирет...

### III

Кээде ачуулуу – жарга тийип шарактап,
Дир-дир этип кайра артына араактап,
Шартылдтып тынбай ачып жаткансыйт,
Замандардын тарыхтарын барактап...
Барагында өтүп жаткан өмүрлөр –
Бүгүнкүсү эртеңкисин карактап.
Барган сайын көл көшөрүп буркандайт,
Буркандашы – муңун сыртка таратмак.

### IV

Көрүшмөккө көл ынтызар, көл ашык,
Көп кечикпей кыздар келет бел ашып.
Кырдан кырга энтелешип жарышат,
Жыттуу, таза тоо гүлдөрүн талашып...
Анан кээде жээгин бойлоп басышат,
Ар жактагы ак кууларга жанашып.
Ак куу, кызды ажыратып билалбай,
Асманда күн аң-таң болот адашып.

### V

Мөөр олтурат көлдүн кумдуу боюнда,
Соңку элесин... түнкү курган оюнга
Апкелет да... кокус колдон түшүрөт,
Дароо «шырт» деп суу каткансыйт коюнга.
«Берчи элесин, мен шордуuга боор ооруп?»
Мына берет... Асыл барып моюнга...
Желсиз көктө чубалжыган түтүндөй,
Самсып учкан санаа калат оюнда.

**VI**

Байкап турса көл бетинин сүрү көп:
Көк толкундар тереңдерден түрүлөт,
Ийрелеңдеп жылып келген жыландай,
Улам берки четти көздөп сүрүлөт,
Кыз кыялда сууга тарткан сүрөтүн,
Көргөзбөстөн көөмп өтөт күнүлөп.
Ошол ордун бир кочуштап жутат да,
Кайра ашыгып үмүт менен үңүлөт.

**VII**

Сайга ыргытып, белдин бермет булагын,
Тулпар коштоп, көлдө чапкан бул агын.
Чукул чыгып алда нелер айткансыйт,
Кыз өбөктөп, ага тосуп кулагын:
«Качан келет? Бүгүн? Эртең дейсиңби?»
Сурайт, сурайт... суу билеби бул алын,
Жээкти уруп ага алдыртан тийишип,
Кайра качат: «О, куладың, куладың!»

**VIII**

Толкун бастап, жел аягы суюлат,
Таштап кетпей дале карап кыйылат:
«Ай, кудай ай, айтпадыңбы эч кабар?»
Ага угузбай, жашы мөлт-мөлт куюлат...
Жок, мынакей, бетин басып сулк түшүп,
Өпкө каккан кыз ыйына ый улап –
«Мен да минтип муңга толуп бүткөм» деп,
Көл шолоктоп жатканга окшоп туюлат...

**IX**

Коркуп кетет... «Мында кандай сыр турат,–
Суубу, жашпы? Бул адаттан сыртыраак?»
Көл муңканып ыйлап жаткан сыяктуу,
Дале тынбай жука толкун «шырп» урат...
«Чын ый экен... мен боздосом, боздоюн,
Сүйүү жоктоп, күйүп сай-сөөк зыркырап,
Бирок дагы эне жыттуу ыйык көл,
Кагылайын, сен ыйлаба, буркурап?..»

**X**

Толкун таштап, аны артына кайта алат,
Салт аттуудай жүрүш жасап кайталап.
Же «батыраак кургаар бекен» деп санап,
Жашын сууга сапыргандай байкалат.
Ошол бекен – көлдүн кээ бир жеринен,
Боз буу чыгып көккө житет, жай тарап.
Мүмкүн ал бир махаббатка чалгынчы?
Мүмкүн жолун же каракчы кайтарат...

**XI**

Кыз кызганып карайт ошол тарапты:
Сүйүү кайда өзөн толуп шар акчу?
Ырайым эт, өткөрүп ий бир ирет,
Канжар катып жолун баккан каракчы?
Аңгыча арттан Батыш аңдып келет да,
Көзүн басат: «Тапчы майбы, таракпы?»
Ким болду экен – бирөө кырды бери ашып,
Сылай, сылай камчыланат кара атты?

**XII**

Боз кыроо кез – табиятка кыянат,
Кийми эскирип, жаш өңүнөн кыярат.
А турмушта андан кыйла күчтүүрөөк,
Эч селт этпей кыйындыкка кыя алат.
Бирок сүйүү чыйралып тар шарттарда,
Мыят табат, куш канатын уялап.
Болотту издеп досу аттанса алыска,
Кыздар тосот жашыл беттен кыялап.

**XIII**

– Көп ойлонуп, өң жылкычы, өң карып,
Башка түшкөн күн кысымын талдадык:
Деле куу бай аяп койбос, жаны ачып,
Жалпы туруп жаш төксөк да жалбарып.
Ал андыктан айгыр үйрү жылкысын,
Алыс катып «жоготтук» деп алдадык.
Бүгүн мына аны издемек киши окшоп,
Болгон ишти Болотко айтам мен барып.

**XIV**

– Менде эмне акыл, бар тапканым шолоктоо,
Ал жеткенче айбат кылуу, жолотпоо,
Бирок корком атам байкуш кантет деп,
Алпарардай алдыдагы жол отко…
Бек ыракмат, жакшы агалар силерге
Жете келген, кыз аргасы чолокто!
Жан жарадар, оюм быт-чыт, башым маң,
Билбей турам эмне айтарды Болотко?..

**XV**

Сүйдүм таза, антым ырас куранга,
Чамам алсыз өкүм кылып сурарга.
Эгер тагдыр кагуу берип, суз карап,
Жерип койсо, мен үмүткө куру анда.
Таштаар бекен мелмилдеген талаалар,
Кайран жерлер сан гүл сайып буралма.
Анан Соң-Көл, көп балалуу энедей,
Чурулдашкан түркүм суудан куралма.

**XVI**

Сөзүн бүтүп, жандан алып жай гана,
Ат жалына бир бет аарчы жайды ана:
Жан бергендей жубардай ак жибекке,
Ой салгандай төшөлүшкөн саймага.
«Аманат...» дейт жаштуу көзү жалжылдап.
Кош, жолоочу, кайтарында кайра ага,
Эч болбосо бир тал үмүт таба кел,
Чөгөрбөй кел, жолдо Нарын дайрага...

**XVII**

Суу ичинде кыздар сүзүп көп жүрөт,
Кээде түртүп бирин-бири «чөктү» деп,
Батыш, Мөөр башкалардан бөлүнүп,
Алыс кетет, арал жакка өткүлөп.
Жыргал сезип чабак болуп чайпалат,
Улам алдан толкун кырын өпкүлөп.
Көрсөткөндөй меймандостук мээримин,
Көл да энтигет салкын шарын төккүлөп.

**XVIII**

Сүңгүп кирип, суу түбүндө соо жатпай,
Да баягы буттан тартып оонатмай...
Шыңк-шыңк күлүп али кетип барышат,
Мөөр кууп, Батыш качып оолактай.
Кадырына канат таккан жаштык ай,
Толкуй келсе туралбаган тоого акпай.
Ана «шоп» деп жээкке чыга калышты,
Учуп-учуп кырга конгон тоодактай.

**XIX**

Жазылганбы, суу ичинде жүргөндөн,
Же жароокер эрингенби түргөндөн,
Толорсукта чубайт Мөөр чачтары,
Ай далы ылдый аскан шалы түрлөнгөн.
Алар мында эми олтура берерде,
Калың аттуу дүбүрт келди бир жерден.
Кыздар качып кайра көлгө киришти,
«Алда ким?» деп айбыгышкан, сүрдөгөн

**XX**

Бул тарапта өзгө өңүт жок корголор,
Кийим анда – учур алды торголор...
Шапа-шупа чыга келди топ киши,
Ээсин термеп чайпалышат жорголор,
Баары жароо, акыреги ак көбүк,
Көп жүргөндөн чарчап тери шорголор?
Башта суусар, үстүндө бар кыл торко,
Берки бири – тектүү болор, зор болор?

**XXI**

Боюн катып кыздар сууда бүрүштү,
А тигилер басаңдатып жүрүштү.
«Кокуй, мында ак куу жүрөт!» деп күлүп,
Кээ бирлери оюн көрдү бул ишти.
Акырында ырчысына беришти,
Аркылардан ал жай сурап билишти.
Көл боюна такат келип токтошуп,
Ат тизгинин каңтаргага түрүштү.

**XXII**

– Көл мелтиреп, жээги жашыл саз болуп,
Анда чардап ала моюн каз болуп,
Сүзүп жүргөн сулуу жандар, силер ким –
Жүзүңөрдөн күн күлүңдөп жаз болуп?..
Оңго-солго кадыры өткөн кан абам
Жантай баштап жаныңарда аз болуп,
Биз жөнөйлү, шербет жутуп алгансып,
Жаркын жаштык илебине мас болуп.

**XXIII**

Анда Ак Мөөр, Батыш жакка көз кысат,
Деген өңдүү: сен да ыр менен сөздү узат.
Батыш баштайт:
– Чоочун Жантай карыя
«Кан» болсоңуз, «бек» болсоңуз, сизге ызаат,
Бирок минтип бейкут жүргөн кыздарды,
Камадыңыз кайсы салтка деп кысап?
Жок кайтыңыз, эл расими көтөрбөйт,
Ал кайтара жобо бузат, чек бузат?..

## XXIV

Ардуу болсо – жазбай даана тийди эми…
Алдыңкысы баалуу кийим кийгени,
Төшүн жайып менменсинип турганы,
Сакалдары ат жалына тийгени,
Кыл торконун жакаларын кымтылап,
Бери карап бир неме деп сүйлөдү,
Ак Мөөр жакка жаңсагансып жатты ошо…
Сулуу кантсин, сууда туруп ийменүү…

## XXV

– Жан карындаш, айттың: «артка кайтыңыз»,
Ким баатырга тил тийгизет – тайса ырыс.
Биринчисин кеңдик кылып кечирет,
Экинчи ирет байкабыраак айтыңыз…
Көк жибекке көркүн каткан перидей,
Аркы турган Айчүрөкпү, кайсы кыз? –
Мөөр айтты:
– Көп турбаңыз, кайтыңыз,
Ансыз дале биз ырыска тайкыбыз. –

## XXVI

Жанбай жаткан чыракка окшоп дүртүлдөп,
Жантай аны өтөр беле бир тилдеп…
Бирок да ал алыс ойлоор куу киши,
Аяган жок: «Мени эскере жүрсүн» деп,
А тек гана кыз көркүнө жеңдирип,
Ачуусу эмес, санаасы артты түркүмдөп.
Максаты эле – бала жыттуу жар күтүп,
Жаны өткөнчө жаштыгына сүртүнмөк…

**XXVII**

Аны билбей кээси көлгө таш урат:
«Чыккыла» деп, жеткирбейт же ашырат.
«Эстүү жандар, бул кай жорук?» дегендей,
Мөөр анда ийменинки баш урат.
Аркылардын кастыгына кан кайнап,
Суу буркандап, кыз денесин жашырат,
Бетин басып күн булутка корголоп,
Булут ыйлайт, түшөт жерге жаш урап...

**XXVIII**

«Жантайың мен, ак жолум ач, о кудай,
Таптым аны – ал мына» деп жорумай...
«Кой, кетели, ай уятсыз жигиттер,
Кыздар кечир?» Өз абийрин корулай,
Мөөр айткан кагуу сөздү эскербей
Жаш экен деп аяп ичи оорубай,
«Тарт айылга!» – жөнөй берди шарт этип,
Топуратып күйкө эрчиткен жорудай.

**XXIX**

Алар чыгып Чоң-Кеминде Тынайдан,
Кээ күндөрү кирпик какпай кылайган,
Кийик окшоп бийик аскар бел кезип
Араң жеткен аша жүрүп бир айдан.
Издешкени – кара көздүү жаш сулуу,
Күндү уялткан, келбетинде сынайган –
Өлөр чакта Жантай кысып бооруна,
Болсо дешкен, карттыгынан тыңайган...

**XXX**

Шабданга деп, Бакты кызды мудаалап,
Жантай анда Жанкарачка[1] кудалап.
Калыңына кырк кул кошуп жөнөтүп,
Миң жылкыны элден берген кубалап.
Жүз кул сайып ат чаптырып тоюнда,
Андагыдан ашып түшкөн бул адат.
Калуу кыйын кандуу изди жашырып,
Алдоо кыйын тарых бетин будалап...

**XXXI**

Өткүн кетип турган асман сурданып,
Күлүп ийсе кең дүйнөгө нур жанып,
Жайлоо андан жашаргандай жалтылдап,
Жерде шибер, көлдө толкун ыргалып,
Окшойт куду – сууга түшкөн сулуудай,
Бирок али бүтпөй жаткан курганып...
Айлын беттеп кыздар кайтып баратты,
Ал күн бөлгөн кубанчынан кур калып...

**Үмүт жанат**

**I**

Биз бир кезде билим жоктон жутадык...
Таң апкелген бороон жактан жыт алып,
Калк ичинен караңгылык качты үркүп,
Бастык бүгүн улуу маршка бут алып...

[1] Жанкарач – Солтонун манабы. Анын Бакты деген кызын Жантай өз баласы Шабданга алып берген.

Ал аңгыча калам тийип энчиме,
«Келчи,– деди,– лира күүсүн жуталык.
Бирок жүрдүм айдоолорун ала айдап,
Ыр отунда ышкым алсыз тутанып…

**II**

Мен ал жакта шилтеп көрүп аз кадам,
Жол табалбай тырмалама аскадан,
Анын түрдүү мээнетинен жан безип,
Көңүлүм калып таштап кете жаздагам…
Жылдар өтүп… келдим ага кайрылып,
Ырларым бул – дале жарпың жазбаган.
Эй, акындар, айткылачы кимиң бар,
Алгач минтип менче там-туң баспаган?

**III**

Жылдыз челген чокулардан артыла,
Бир кылымдын тоолорунун артына,
Көз жүгүртсөм, көлү качан какшыган,
Бул сүйүүнүн келди элеси тартыла.
Окуучу дос, сен шек алып жаткандай,
Козгогон жок жаштык түшүп дартыма –
Биз канчалык өткөнгө өлчөп көп билсек,
Ошончо артмак бүгүнкү күн баркы да!..

**IV**

Сергир дедим, буга алаксып минуттук
Жетет эми… Болот кайда? Унуттук.
Кетти бекен көздөн далда жан багып,
Жетпей кирдеп сүйүү тапкан тунуктук?
Жүргүн достор, ак тоюна алпарам,
Мына, мына май жыты урат буруксуп.

Үйдө толо бизден бөлөк көп конок,
Кажы-кужу... Күлкү келет... муну уктук.

**V**

Атыңды алды, кирдиң үйдүн ичине,
«Кел, келгиле!» Тынчый түшүп кичине,
Орун берет жаштар төмөн сыйлыгып,
Чай соңунан кымыз белен ичүүгө.
Табак-табак эт алдыңа тартылат,
Чайпаласың жеген тамак күчүнө.
Болот тынбайт, барын чуркап башкарат,
Конок келсе күтчү милдет кичүүдө.

**VI**

Көшөгө ичи келин-кызга толтура,
Жоолук салып, ортосунда олтура,
Ак Мөөр сүйлөйт Соң-Көлдө өткөн учурун...
Акын, сүйүү – экөө бирдей жол тура:
Көп кыйналып сүйгөнүңө жетип... же
Жакшы ыр жазсаң – кубантары мол тура.
Турмушта жок «ме» деп, белен берүүлөр,
Ким күрөшүп жеңип алса – шол туура.

**VII**

Эки-үч аял, эчак кирген чачына ак,
Басып барат, көшөгө шарт ачылат.
Мөөр туруп сый билдирип, жүгүнөт,
Алар алкайт: «аппак экен, а чырак!»
«Ырыстуу бол, жарың менен тең карып,»
Дабырады кант, момпосуй чачырап.
Бир чал кирди... «келин» жылт деп бекинди,
Кыргыз салты – кайнатадан качырат.

**VIII**

Курбу, достор келип жатат ар жерден,
Эл расми келин көргөн, жар көргөн.
Болот, Мөөр бул ызаатка ыразы,
Чалдар айтат: «тайгак ашуу, тар жерден,
Эптеп жол таап, бир-бирине жетишти...»
«Байкуштарга теңирим өзү жар берген».
А бул жакта комуз кылы дирилдеп,
Шаңк дей түштү тойдо ырдалчу сармерден...

**IX**

Кеч да кирген, жай-жайына эл кетип,
Жанда жалгыз өзү экенин белги этип:
«Мөкүш!» деди Болот ага акырын
Шарт бир кайрып көшөгө учун желдетип,
Ар жагынан чыга келди жаш сулуу,
Күлөт: «кызык... жүк бурчуна мен бекип...»
Үй-жай, төшөк – эч бири жок, бирок да
Сүйүү барда толук турат кем-кетик...

**X**

«Келбесе эгер, арттан кууган балаабыз,
Ата-энеңди мында алдырып алабыз».
Бир-бирине эркелешет, өбүшөт:
«Болор бекен ортодо ойнор балабыз?»
«Төрөп берсең... тогуз уул, тогуз кыз!»
«Алар өсөт... а биз карып калабыз...»
«Бирок сонун убай көрүү баладан...» –
Болот! Болот! Кетти тиги мал алыс! –

## XI

Ойготту аны, тура турбай азыраак:
– Тогуз уул, тогуз кызды асырап,
Жаткан экем... жанымда экен Ак Мөөрүм,
Бекер кылдың. – Болот кейип басылат...
– Ак Мөөрүң ким? Соң-Көлдөгү сулуубу?
Сүйдүңбү аны? Айтчы? – дешип асылат.
Жылкы ичинде, жылдыздуу көк астында,
Сырын каткан да бир түйүн жазылат:

## XII

– Билбей калдым эне-атамдын өз өңүн,
Эмне айталмак эмчек соргон кезегим?
Бирок тагдыр түңүлдүрбөй койгон соң,
Али дале эне колун сеземин...
Чындык ошо, бар чагында көралбай,
Жок чагында, тууган күйбөйт десе ким,
Эс тартканы энчим болуп малайлык,
Быштым эрте... аштым турмуш кезеңин. –

## XIII

Жигит сүйлөйт, жалпыга орток дүйнөнүн,
Жалаң ага кайгылары тийгенин,
Ак Мөөргө ашык болгон учурун,
Ал да ичинде айтпай сырдөп сүйгөнүн,
Акырында балама алып берем деп,
Болотту бай бул тарапка сүргөнүн,
Жана дагы жакшы кызды сүйүүгө
Жылкычы деп... кыйбаганга күйгөнүн.

**XIV**

– Кайрылармын күн болбосо айда деп,
Таалай издеп, Кара-Кужур кайда деп,
Баягыда келдим мында туз буйруп,
Жүргөнүм жок, малайлыгым пайда деп.
Билип калдык, сабак алып ал жактан,
Марттык кылса, бир кулунун бай берет.
Бирок достор, камоо түшкөн сүйүүгө,
Жардам керек, баш калкалар жай керек.

**XV**

Ал анткени – бакыт тилейт ар адам:
Өттү күндөр, сызды күндөр арадан.
Калды Соң-Көл, калды сүйгөн жаш сулуу,
Керек десең, жан берүүгө жараган,
«Жан чыкканча мен сендик» деп берген шерт,
Сонун чактар кылгырыша караган.
Калды, калды аянычтуу кез дагы,
Көз жаш төгүп, түнкү оюндан тараган. –

**XVI**

– Ооба, ал кыздын акыл-көркүн айтышкан,
Айттырат деп эчен-эчен бай тыштан.
Бул айылдан жуучу салып үч мырза,
«Болбоду» деп көңүл чөгүп кайтышкан.
– Тынчым кетет сен алыста жүргөндө,
Аны өзүнө жалжылдатты кай душман? –
– Ойнуңду кой! – какты муну бирөбү,
Кабар алса, камоо түшкөн байкуштан?.. –

### XVII

Болот айтты: – Билем сүйгөн катарым,
«Келеби» деп дале күтүп жатарын.
Мөөркандын жолоочудан жөнөткөн
Бул сөздөрүн угуп алып капамын:
«Жазып-тайып келеринен кечиксе,
Ыймандай ак мен да күндөй батарым».
Көрөм аны, көрөрүмдө шегим жок,
Мен ал үчүн тапкам тентүү сапарын. –

### XVIII

– Барыш керек, ал жер эмне узакпы!
Минем десе, берем алсын боз атты,
Кечүү бербей арстанга окшоп айкырган,
Нарындыбы,.. как жарылта бузат бу. –
– Болбоо керек махаббатка айыпкер,
Эр азамат ага ар качан кысаптуу. –
Бар тилегим – жетип тапкан теңине
Бул өмүрдө кор болбосун кыз аттуу. –

### XIX

– Эх, курдаштар, башты оорутуп не керек,
Ак Мөөр келсе төбөм көккө теңелет.
«Суу керекпи?», «отун жарып берсемби?»
Чарк айланып чуркап турсам жеңелеп! –
– Кашаң элең кейип турса дейсиң го,
«Ай жубалай, життиң ээ» деп жемелеп? –
– Көрчү мунун кичүү боло калганын,
Кече эле биз «ит жыгылыш» тең элек. –

**XX**

– Жок туугандар, биздикине апкелет,
Кара алачык төрт баш жанга бап келет.
Жамгыр күнкү тамчысы эле болбосо,
Кийиздерин кечээ жаңы жапты элек. –
– Бирок сенин энең бир аз урушчаак? –
– Кайдан антмек... сыйлап турса «апкелеп»
– Баарың бирден ээлеп-ээлеп кеттиң да,
А биз эмне, биз Болотко жат белек? –

**XXI**

Тонун силкип бирөө турду күүдүрөп:
– Той бергенде салар болсок сүрдү көп.
Ошол жагын мен башкарып берейин. –
– О бул анда, өзү эле жеп бүлдүрөт. –
Жылкычы калк жоокер мүнөз, шайыр эл,
Дайым минтип сөзгө чалып... күлдүрөт.
Бирок алар мунун баарын Болотко,
Жан күйүшөр дос пейилден билдирет.

**XXII**

– Ошент Болот, мезгил кымбат, жөнөгүн,
Жылкыңды мен өзүм багып беремин.
Керек болсо бир баруугa даярбыз,–
– Макул достор, айтканыңа көнөмүн.
Мен атадан албай калгам сый, урмат,
Канбай калгам мээримине эненин.
Эми силер... – жигит үнү дирилдейт,
Чертилгендей назик кылы дененин.

## XXIII

– Өмүр бою бай жылкысы бакканым,
Ойлойм толук өз милдетим актадым.
Обон салып, комуз чертип күү кайрып,
Черин жаздым капасы бар чакта анын.
Кудай сүйгөн «улуу жандар» экен деп,
Оозун тиктеп улагасын сактадым.
Өттүм сыйлап, уктум кебин ийменип...
Кана достор, менин ага жакканым?

## XXIV

Жок курбулар, дүйнө бети тар экен,
Киргил экен, ичи толгон зар экен.
Анын али биз үйрөнүп биле элек,
Далай чукул буруулары бар экен.
Кеч да болсо бирок коёр эскертип,
– «Ай, ай баатыр, алды-артыңды кара сен? –
«Туура!» – дешип олтургандар чууласа,
Тартылгансыйт кыяк ыйы – «Сары-Өзөн»...

## XXV

– Өмүрдө азбы тагдырына таарынган,
Баары болуп бир тилекке багынган,
«Жок!» деп койсо сокпос турмуш тамыры,
Өтпөс күнү. –
Мен ыраазы барыңдан
Уктум анык эр семиртер жылуу кеп,
Кайтам, макул, кабар алам жарымдан.
Билбейм кантти, махаббаттан каккы жеп,
Байкуш азыр калган бекен жарым жан? –

## Сүйүү, сүйүү

### I

Оттор өчүп, кечки ireде жагылган,
Үйлөр жымжырт түндүктөрү жабылган.
Жар салгансып жаңырыктайт кашка суу,
Мончок бүркүп улам жарга кагылган
Асман тунук. Сапар тартып сан жылдыз,
Каяккадыр, каяккадыр агылган.
Ортосунда араң калкып ай барат,
Мис табактай түнкү көркө тагылган.

### II

Тынoo кагып, тынч көшүлөт капчыгай,
Өжөрлөнүп жели кырга чапчыбай.
Кайда? Кайда?.. Калган белем көрүнбөй,
Кызын жасап кырда олтурчу чакчыгай.
Кабак чытып карагансыйт сары аска,
Жазмыш өзү жасап койгон сакчыдай.
Жолборс сүрдүү жондор жатат комдонуп,
Кылым ачпай сырын ичке катчудай.

### III

Аяк серппейт Соң-Көл андан ныксырап,
Ай кучактап уктап жаткан кыз сымак...
Асман учун ары чоюп тургансып,
Алда кайдан тоолор тиктейт суз сынап.
Бул кадыр түн ак, каранын айгагы,
Жол төтөлөп, жортуулдарга чыкчу убак,
Же жаштыкты ойго ыргытып кайдагы,
Тынчыңды алат, тынчыңды алат чымчылап.

**IV**

Ооба, ошентип, кеч соңунан түн кирет,
Чокуларга башын жөлөп үргүлөп.
Кыймыл бастайт – байгедеги аттардын
Улам соңку дүбүртүндөй дүңгүрөп.
Гүлдөр кырда көпөлөгүн жыттатат,
Күйөөлөткөн аруулардай үлбүрөп...
Ушул түндө жалгыз бирөө баратат,
Баратат да, ойго батат күңгүрөп:

**V**

«Канча жылы камын ойлоп бир баштын,
Жылкы артында жылганы өрдөп, кырды
аштым.
Муздак төргө шүүдүрүмүн түнөткөн,
Ичиркенткич шамал менен ырдаштым.
Таңды тосуп, кечти бирге узатып,
Алтын казык, Жети Аркарга сырдаштым.
Убак таап колун кенен кыспадым,
Те алыста жол караган курдаштын».

**VI**

Көз алдына Мөөрү келип токтолот,
Тегеректеп келин-кыздар топтолот.
Жалт бурулса чач мончоктор шарк этип,
Шыңкылдашып тийип-качып шоктонот.
Эми жетип, чап билектен аларда,
Кайда кетет?.. Кыз элеси жок болот.
Ах, махаббат, азгырганың койбодуң,
Алек кылып тынч жүрөктү козголоп?..

**VII**

Кимдер минтип азгырылбас сулууга,
Анда күч бар арбап тартып туруугa,
Муктаж болуп махаббатын ким төкпөс,
Ким умтулбас жамалынан жылууга,
Арбап келип кылтагына кармаса,
Арган калбас андан кайра чыгууга –
Билип туруп, бирок сезбей каласың,
Ошондуктан сулуу деген сулуу да!..

**VIII**

Ал аңгыча борчук кара таштагы,
Көк башатка жете келип Кашканы.
Канганынча бир сугарып, жүрдү ары,
Желип-жорткон аяң менен баштагы.
Дагы кызып кыялына жан тартат,
Түндү чапчып туйлайт белем жаш каны:
«Кимди сүйсөң – ал гана окшойт жаркының,
Көрбөгөнсүп жалаң андан башканы.

**IX**

Сүйүү! Сүйүү! Укса канбас сыры бар,
Ойду козгоп, кумар ачкан ыры бар.
Ылгый таза ынактыктан жаралган,
Жалыны бар сезим оттой жылынар,
Сүйүү деген токсон кырлуу эмеспи,
Кыйын чыгар, билиш анын кырын ар?
Кээде ызалап, кээде шаттык түнөткөн,
Бул да сенин демиң беле сулуу жар?

### X

Сүйүү деген – тилсиз сүйлөп жүрөктөн,
Ашык жарын сөөлөтүндө түнөткөй.
Кыялыңа канат байлап учуруп,
Сезимиңе жыпар жыттуу гүл эккен,
Көз алдыңа келе калса элеси,
Капысынан кан денеңе дүр эткен.
Аралыгы ай менен жыл болсо да
Ак сүйүүлөр качан күчүн түгөткөн?!

### XI

А кыз эмне? – Кумарчылык бир өзү,
Асыл, таза жана да жок күнөөсү,
Жаңы жааган жазгы кардай уялчаак,
Миң буралып, жумшак келип мүнөзү.
Назик, сылык, ата-энеге боорукер,
Качан болсо жакшылыкта мүдөөсү.
Абалтадан келаткан салт боюнча
Бойго жетсе, башка жердин бүлөөсү.

### XII

Кызык тура, кымбат тура кыз деген,
Эстегенде жүрөк учу тыз деген,
Бул өмүрдө болбос эле арманым,
Жашап өтсөм жаным сүйгөн кыз менен.
Ойлоп-ойлоп өзүм чече албадым,
Тагдыр мени кимге кошуп сызды элең?
Мөөрдү бер, кереги жок башканын,
«Ай, Күнүм!» деп кучагыма кысчу элем.

**XIII**

Кээде ушинтип келечекке ой буруп,
Кыял менен махаббатка той куруп,
Аз да болсо чер таратып алчу эле
Анын түпсүз деңизине бойду уруп:
«Ай дүнүйө, алдап койбос бекенсиң...»
Тилек мизин, үмүт курчун жойдуруп.
«Шашпа Болот, азыр жоруп нетерсиң..
Жөнөп кетти аттын оозун чойдуруп.

**XIV**

Байкабастан камчы басып жамбашка,
Өзү үстүнөн ыргый жаздап алгачта
Кайра оңолду: «Кантет, кантет жаныбар,
Куткарбас дейм куюн ойноп, жел качса».
Жанга өлчөлүү жалгыз аты сыр билги,
Дубан бузган тулпар чыккан Керкашка:
Ай, ай баатыр, кол карышып баратат
Абайлап чап: айлана түн... жер башка?..

**XV**

Шаш жолоочу, барарыңа жетчи ылдам,
Учур эмес, жай жетермин деп тынган.
Өбөрүндө жумшак эрдин төшөлтчү,
Асылкеч жар алыс турат көп мындан.
Санаасы арбып, зарыккандыр бураң бел,
Күндөр өттү жебе огундай тез жылган.
Баягы айткан убадалуу сөз гана
Барарыңа үч мезгилди шерт кылган:

## XVI

«Жай аяктап, тегиз бышып күздө эгин,
Кызгылт сары шайы өңдөнтүп түспөлүн
Жаңы чапкан чөп жыттары буруксуп,
Аптап каарып, алалантып күз көгүн,
Тоо такылып, тескей жактан эл кайтып,
Өзөн, сайда өткөрүшөт күздөрүн –
Мен келермин, ошол кезде келермин
Эркем эстеп, күткүн, күдөр үзбөгүн?..

## XVII

Түн узарып, күн да тартып кыскарак,
Тунук асман түнөрүңкү суз карап,
Ай талаада аяз боздоп үңүлдөп,
Анткен сайын көпкөк тартып муз тарап,
Таң чыкылдап, жылкы өрүштө кар чапчып,
Бак-дарактар күмүш кыроо кыстарат –
Мен келермин, ошол кезде келермин
Күтөр болсо, күн эсебин кыз санап?!

## XVIII

Жер тоборсуп, көк кылтыйып күн чубак,
Алдан тайып, жашка айланып бозбубак,
Суулар кирдеп, өрүк сөйкө тагынып
Сап-сап болуп турна чубап, каз чубап,
Уу-чуу түшүп, төлү менен мал каптап,
Уйкусуна магдыратар жазгы убак –
Мен барармын, ошол кезде барармын,
Ага чейин аман турсун жаш бурак».

**XIX**

...Үйгө кирди. Баары жымжырт, караңгы:
«Кантем ушул каңкылдаган арамды» –
Адил ата, ачууланып итине
Ала салып капшыт жагын каранды.
Маржан эне уйку аралаш кобурап:
«Аткын, деди, алып чыгып бараңды?!»
Биздин жигит босогого жармашып,
Дир-дир этет, көрбөсө деп караамды...

**XX**

Дагы тынчтык... төрдө жаткан тиги эми
Жан шооласы, жакшы үмүтү, тилеги –
Мөөрү бекен? Ооба мына, аймалап
Алып барат анын оттой илеби,
Жаткан экен жай мемиреп, капарсыз
Ак жаздыкка артылгансып билеги.
Деми тездеп кээде гана энтелейт,
Же жаштыктын шоокум-шегин билеби?!

**XXI**

Жүрөк дүк-дүк, эрте жет деп, периге
Шыкак берип, сүрөп коштойт демиге.
«Болот, токто, жата түшсүн жаш эрке
Аралашып демиң ысык демине...»
Кармайын дейт, кол тайсалдап даай албайт,
Калтыраткан сүрдөө кирип денине.
«Ай тобокел!» – билегинен сылады
Кыз селт этти:
– Ой ким? Ой бул эмине?!

## XXII

– Бул мен, Мөкүш! Менмин, Болот элемин.
– Болот? Болот?!
– Ооба, түндөп келгемин... –
Ай акырын, кулак кыры чалбасын,
Күмөнү көп, аз уйкулуу эненин? –
Колун алып кысат басып төшүнө:
– Көп кечикпей келер бекен дегемин. –
– Келдим, жаным!.. –
Ат ылобуң аманбы? –
– Түгөл, бирок сен деп санаа чегемин. –

## XXIII

Бозой издеп чаңкап жетсе атайын,
Кыз айтпайбы «орун берип жатайын,
Кайда кеттиң бороон кууган камгактай,
Үшүсөң кел, кучагыма катайын?
Мөлтүлдөгөн мөмө эмеспи махаббат,
Сен да таткын, мен да кошо татайын?
Маанайы пас, сабыры суз бул учур,
Салса азапка – аргам барбы, батайын?»

## XXIV

Бирок минтип ал каяктан айталат,
Айтпаса да аракеттен байкалат.
Жаралгандан кыз көңүлү аярдуу,
Кээде оюнан оңой эле кайталат.
Жигиттерден сезгичирээк келишет,
Көз карашы ички сырын кайталап...
Мөөрү сурайт: – неге эртерээк келбедиң?
А мунусу таарынч эмес, жай талап.

**XXV**

Көркүн төгүп, көп буралса ак кызы,
Эстен чыгып, баштан өткөн запкысы,
Салкын сепкен жайкы кечтей сергүүндөп,
Жаңырбайбы жаш өмүрдүн бактысы.
Ой бүтүрүп кирсиз, кине жукпаган,
Ушу экен деп чын сүйүүнүн таттысы.
Жүргүсү бар журт кыдырып жар салып,
Бул учурун келбей ичке каткысы.

**XXVI**

– Уктум. Мөкүш, мында болгон абалды...
– Кайсынысын? Баяндыбы? А калды...
Азыр келип Жантай деген жармашты,
«Алперем» деп бай ошого жага алды.
Унутту өзүн, тепти жерге намысын,
Эми издөөдө эрте атказар амалды...
Куугун жеген кайберендей дирилдеп,
Кайра дагы сүйүү жарга камалды... –

**XXVII**

Кыз тиштенип демин ичке жыят да,
Ыйлап иет:
– Ким табылат миятка?!
– Токто Мөкүш, кантип билди ал сени? –
– Кайдан дейсиң, эл болгон соң, туят да!
Калса дагы жетимиш жаштан ары ашып,
Турса дагы төрт аялы тыякта... –
– Ай, жан эркем, алар көнгөн башынан,
Карабастан күнөө, айыпка, уятка... –

### XXVIII

– Мына ушундай орду толбос убайым,
Көздөп калды, жөн койбосу бу дайын.
Алдап жатам, «кырк күн катар той берип,
Оюн курсун, болом десе жубайым,
Күйөөчүлөп отуз нарга мүлк артып,
Салттуу келсин, бөлөк айдап субайын».
Ага чейин бизге берер бир шыбаа,
Ак эле деп боору ооруса кудайым!

### XXIX

Жооп айтыптыр «аны ойлонуп көрөм» деп...
Бийлер, байлар бөжөктөшүп «төрөм» деп,
Күн-түн бирдей чууруп кирип жатышат...
Улам мага курчоо салып тереңдеп,
Ырылдашат ач бөрүлөр, ажалдар,
Ай талаада биз качабыз сереңдеп.
– Коркпо, Мөкүш, тирүү жанбыз биз дагы,
Бизге дагы доспуз, өзбүз деген көп.

### XXX

– Жаш жүрөктүн энтиккенин, жанганын,
Жакшы эместир жашырганым, танганым.
Актык ишке күмөн жоруп не керек,
Жалгыз сен деп жаралгансыйт кан, жаным.
– Сен мен үчүн кунсуз көркү дүйнөнүн,
Көрөр бекем өмүр мооку канганын? –
Ээн түндө экөө сезип умтулат,
Башта нокто, бутта кишен салмагын...

**XXXI**

«Мөкүш!» деди Болот ага эркелеп,
Эркелеши эмес бекен эртерээк?
Сүйүү жолу кээде ийри да, кээде түз,
Ийри болсо түзөй турган кез керек.
Анан мындай тагдыр талаш чактарда,
Коога кылып эртеңкисин эскерет.
Бир ишенет, бир сүйүүгө багынат,
Антпей туруп кыз каяктан сөз берет?

**XXXII**

– Ишен Мөкүш, айтсам эми куткардым,
Жан жай алып, анан тынчып уктармын.
Үлпөтүңө өзгөнү орток кылалбайм,
Жан чыкканча жалгыз өзүм куштармын.
Качсак бекен ый-муңу жок жактарга,
Устүн тепсеп мунарык чөл, муз-кардын?
Сызсак бекен жыйбай тулпар тизгинин,
Изин кууп күлүк канат куштардын...? –

**XXXIII**

– Кээде сүйүү көз кайкыган чынардай,
Сын-сыпатын сан жыл бузбай чыдаардай.
Ырас, Болот, чыдашарды билсем да,
Аяп, сүрдөп жүрдүм сыртка чыгарбай,
Ал мына эми: салкындыгы – Арпадай,
Бийиктиги – Ак Аблетун мунардай,
Тунуктугу – коңур жыттуу Соң-Көлдөй
Кенендиги – турган асман тунарбай...» –

## XXXIV

– Мен да,  сен да ууз  кырчын кездеги,
Ак тилектен алышкан кол эстеби?» –
– Эсте эмейчи! Анда го ойноо кыз элем,
Уяң элем жана да жок сөзгө эби...» –
– А мен көрсөм аптыкчу адат тапкамын,
Мүмкүн алдыр – курдаш сыйын сезгени?
Жатыга элек жаш сүйүүнү жетилтип
Көрчү Мөкүш, мезгил кандай тездеди!» –

## XXXV

Болсо да узак ант алышкан жылдары,
Аз чертилди махаббаттын кылдары.
Калыс чечпей, жигит зарын, кыз муңун,
Мындай далай кездешүүлөр жылды ары.
А мына эми эринге эрин тогошту...
«Койчу, Болот?.. не деген кеп, бул баары?»
«Жаным, күнүм, дүр-дүнүйөм, жаркыным,
Жаш күнүмдүн жарашыгы, дилбары?»

## XXXVI

Суу куралып, жылт-жулт эткен бир кулак,
Дайра болуп, сырды сырдап, кырды улап,
Күрп-шарп этип, муздак шары чарпылып,
Чарпындысы айды бетке ургулап,
Чарчоо билбей, агымынан айныбай,
Айкырыктап күүлөр чалып миң бурак,
Сан кылымга сабаалаган Нарындай,
Сүйүү эрки кыз эркинен алдуураак...

## XXXVII

Көктөн көлбүп, төшүн тосуп калкылдап,
Ак куу көлгө, ак куу көлгө тартылмак,
Анткен сайын көркүн ачмак жаш сүйүү,
Жамгыр жууган жаш ырандай жалтылдап.
артып алып түндүн түркүн бейишин
Эки ашык жар эришти бейм балкылдап.
Махаббаттын мындай кээ бир кездерин
Жазуу кыйын колдо калам калтылдап...

## XXXVIII

Бир жагынан жүрөктү өйкөп ызалык,
Кайра «кой» деп жубаткансып кусалык,
Деми кургап, дарман калбай ырп этер,
Чок түшкөндөй беттин оту кызарып,
Азыркы иштин ак, карасын билалбай,
Шекке урунуп кысталдыбы, кыз анык?
Бир түн билет...
Сөз кезеги жеткиче,
Биз да окуучу, далай жерге узадык.

## XXXIX

Түн бир оокум, айды тоого каткандыр,
Каткан жагын Соң-Көл тиктеп жаткандыр?
Кыргыз көлдүн кыз-жигити – каз-өрдөк,
Айкалышып ал да сырга баткандыр?
Батаар чагын тоо булагы жомоктоп,
Кирпик какпай, кыткылыктап аккандыр?
Түндү түртүп, таң супасын салгыча,
Кой, жароокер, сен да ашыгың аттандыр!..

**Эгеште**

**I**

Түн серпилди, үй түндүгү түрүлүп,
Түрдүү жандар турду уйкудан тирилип...
Бир неме деп, алда кайда айкырып,
Кетип жатат суулар сайда жүгүрүп,
Минтип дайым күн алмашат, жаңы өсөт,
Эски кулайт, биз да өтөбүз сүрүлүп.
Кел, окуучум, иште үлгүрүп калалы,
Өлүм үчүн кымбат турсун тирүүлүк.

**II**

«Таң ашсын» деп кеч коюлган ат кандай,
Солк-солк этип, жонун желден каткандай,
Башын салып жер отуна жутунат,
Улам аркы ширесине бат канбай,
Талыкшыган уйлар туруп чиренип,
Короолу кой бир уяда жаткандай,
Козголду эми үн алыша маарашып...
Жылкы түшөт түнкү жайыт жактан жай.

**III**

Кыл чокулар айрыга окшоп жүз илик,
Күн шооласы бөлөк-бөлөк үзүлүп,
Минди аларга.
Күн нуруна жылыды,
Ала-Тоонун кырлары бүт, түзү бүт.
Чөп чыгына мас болгондой кулундар,
Жуушап уктайт желелерде тизилип,

Саан бээлер курсактары чытырап,
Араң турат орду-ордунда сүзүлүп.

**IV**

«Барбай калсак кан көөнүнө кетет кек,
Оюн тапсак, бизди эскере кетет» деп,
Союшуна кысыр эмди тай алып,
Эчен-эчен туу бээлерди жетектеп,
Бал куйруктуу багландарды өңөртүп,
Тулпар-Ташты, Бурган-Сууну этектеп,
Эл ичинде биз «жакшыбыз» дегендер,
Таңдан тартып бул тарапка өтөт көп.

**V**

Бул тарапта... малдар, малдар союлган,
Шарак-шарак самоорлор коюлган.
Кыска сүйлөйт: «Жүгүр эрте!» «Бол ылдам!»
Чоң эшиктин кербез бураң белдери:
«Бармынбы эсте?», «Чыкпадымбы оюңдан?»
Деген өңдүү алда кимге шек берип,
Араң басып, эрингендей чоюлган.

**VI**

Жантай курдуу жакшыларга бир бөлөк,
Жасалгалуу сегиз канат үй бөлөт.
Андан берки орто, кичүү манаптар,
Ага жетип кол бералбай сүрдөнөт.
Бирок алар өз бетинче олтурат,
Бек, бийлерди башка топко сүрмөлөп.
Чакан-чукан бай атагын алгандар,
А жөн эле карта ойношкон үймөлөк.

**VII**

Конок күтүп күйпөлөктөйт бай андан,
Азыр келип чоң өргөөдөн жай алган...
Кечээ Жантай Мөөр жөнүн айтканда,
«Ырас болот!.. Жан жок сизден аянган,
Өтө ылайык акыл, көркү...» – деген ал,
Өз мансабын артык баалап Баяндан.
«Кыз табылар, деп баласын сооротkon,
Мындан ары тооң күчтүү таянган...»

**VIII**

Ал аңгыча тамак алга тартылат,
Эттер келет чараларда калтырап.
Асманга азып, ысык буусу бурк этип,
Каңшаарыңда жылуу жытын калтырат.
Ар биринде казы-карта титиреп,
Сары алтындай кертип, бышкан жал турат.
Аларды алып үйгө кирген малайлар,
Кое салып кайра артына «жалт» урат.

**IX**

«А кудайым, жегизе көр аш буйруп?»
Кабырга алып, кыртышынан аз сыйрып
Ооз тийип, көп жей албай манчыркап,
Аш тажаткан окшоп кабак-каш чыйрып,
Жантай кайра жатып алды жамбаштап,
Кээ бирөөгө күрөң түстүү баш буйруп,
Кээ бирөөлөр жилик кармап кажаса,
Бирөө ашайт төңкөрүлгөн жаш куйрук.

**X**

Аш үстүндө кептер кайдан ташталат,
Той айтылса, ат чабыштар башталат.
Бардык адам бир кишиге ийрилип,
Ал алдында байкуш мисал баштанат.
Ал сүйлөсө өлүк жандай тынч болуп,
Ал жылмайса – дуу күлүшкө шашкалак.
Тойгон көңүл мурду менен ышкырып,
Шүмөң-шүмөң чыгып жатты бош табак.

**XI**

Кымыз! Кымыз! Ушул керек суусунга,
Чыны чертип шыршыр эткен чуусунда!
Күлдүрт-күлдүрт сарчаначтар бышылат...
Көп жеп койгон күчтүү тамак «уусунда»,
Кээ бирөөлөр онтолошул оорудай,
Тоголонуп жатат үйдүн тышында.
Кезек менен кесе сунган бир жигит,
Карап калды, токтоп Жантай тушунда.

**XII**

Мүмкүн аны карайын дээр дурустап?
– Баатыр Жантай, болсо сизден уруксат,
Айтарым бар бул дасторкон үстүндө: –
Селт этишти, эл кулагын түрүп сак.
– Кана, сүйлө? – койду акшыя бир карап,
– Кудай сүйбөс куран жолун унутсак?
Жалгыз жарды талашсын деп сизди анда
Кай мыйзамга жазган экен, муну уксак?

## XIII

– Кимсиң өзүң? – сурап калды чамына,
Чыга түшүп көздөрүнүн чаары да.
Кыл торкону силкип салды жонунан.
Бирөө айтты: «Кара, балам, арыңа?»
– Атым Болот, алчу жарым Ак-Мөөр кыз,
Бир ал үчүн мен макулмун баарына:
Керек болсо өлүмгө да барууга
Же тозокко, бардык тагдыр каарына.

## XIV

– Айткын эрте? –
– Калыс ойлой караңыз,
Ак Мөөрдөн улуу экен балаңыз...
Анан дагы сиз жөнүндө «баатыр», «бай»,
«Билгич», «мыкты», «паша» деген бар аңыз.
Жаш кыз алуу кудай-арбак алдында
Күнөө эмеспи,.. а сиз байкап караңыз,
Унутпайлы, о дүйнөдө тозокту,
Эрте-кечпи, акыр анда барабыз.

## XV

«Бул ким өзү», «Оңбогур бейм кайдагы?» –
– Ким дейт, мабул Келдибектин айдагы!–
– Жок баатырым, жок урматтуу бек затым,
Азыр аны... – Турду ордунан бай дагы,
Малайына жаңы асыла бererде,
Жантай айтты: – Аны өлтүрүү пайдабы?
Коё тургун, дагы ар жагын угалы?
Бирок жигит кан каарынан тайбады...

**XVI**

– Байым,– деди, курчуң мокоп калганбы,
Балаң каалап аялдыкка алганды,
Жуучу түшсө... Адил ага көнбөсө,
Журт чогултуп сан жорукка салганды
Унуттуңбу?
«Кызды кийрип албасаң»,
Тирүү жүрбөй өлмөк элең жалганбы?
Эми сизди билсек болот кандай деп?
– Отургандар оозун ачып таң калды...

**XVII**

Бай айкырды: – Бардыгы калп, каным! – деп,
– Болгон экен, бай ушинтсе жанын жеп?
– Ишенбеңиз, бул бир жүргөн келесоо,
Дөөрүп жатат... Кайнатпа адам канын көп!
– Жантай айтты: «Эгер Мөөр Болоттун
Анык алар жары болсо... далилдет.
Жалган чыкса ушул жерде, эми эле,
Өз жанынды алып тынат ал илдет?»

**XVIII**

– Далилдесем? –
– Мүмкүн жаның сакталар? –
– Анда, каным, мен жүр деген жакка бар.
А болбосо ишеничтуү киши кош –
Укса дагы жакшы кабар, жат кабар,
Көрсө дагы арамдыкты, актыкты,
Таамай айткан сөзү менен макталар?
– Жантай анда өз ырчысын жумшады,
Жумшап коюп, үй жанында жатты алар.

### XIX

Кетип барат… Эми кантип аныктайт?
Андан көрө «калп эле» деп таныл кайт –
Десек бекен? Мен да билбейм, окуучум,
Бирок азыр чакырсак да аны укпайт.
Кетип барат, кедей айлы тарапка…
Арттан күтүп жык-жык болгон калкты айт.
Мындай-мындай кысталышуу учурлар,
Кайра адамды тобокелге калыптайт.

### XX

Сезимди уулап, ичти кескен жаратты,
Ыргыткандай, бүгүн бугун таратты.
Андан ары көрмөк башка түшкөнүн,
Көрмөк сынап: тагдыр ага кара, акпы?
Кара болсо, чыдап жүрүп не пайда?
Батыш кыздын үйүн көздөп баратты.
Ана, жетти.
Көздөп басты түз эле
Капшыттагы көшөгө арты тарапты.

### XXI

«Бул бир укмуш баатыр укса теригер:
Кучакка алып өпкөн бойдон эрип эр,
Катып калды…
Мөөр анан олтуруп
«Жамайм, деди, кемселинди бери бер?»
Болот жатты тизесине баш жөлөп,
Сулуу болсо кыз сенчелик керилер?!
Асылышат, чымчылашат, күлүшөт,
Ойногондой жомоктогу перилер.

**XXII**

Ый кубанчы – баары аралаш каралып,
Ант кылгандай бөлүнбөскө жаралып.
Алар турат...
Албуут, өкүм жаштыктын,
Илеби уруп, бүт боюна таралып,
Мас болгондой ырчы тиктеп телмирет,
Малай сүйлөйт:
Көрдүң, эми баралык?»
Кайра келип көргөндөрүн Жантайга
Айтып жатты, аны бөлүп ары алып.

**XXIII**

Жантай күлдү: «Ырчы экенсиң сен сараң,
Мен ал кыздын билгичтигин эске алам,
Кыйын тийип, өскөн жерден бөлүнүү,
Жүрөк сыздап жаштуу турган кезде араң,
Камсыз ойлоп, эрте берген шерти үчүн,
Бир байкуштун кадырына жетсе, анан,
Кантип жетпейт менин кадыр-баркыма?!»
Сыр билгизип кенеген жок, кексе арам.

**XXIV**

Бирок кайра кандын көзү алайды:
– Калкым эми мабул жексур малайды,
Эмне кылсак? Ордо чирип өлсүнбү? –
– Туура, баатыр! Бир бул эмес далайды,
Барыдан да кошо салсак Болотту?.. –
Деп Келдибек жети түндөй карайды...
Бирок Болот таптырбады аларга,
Мындай кезде курч болбосо, жарайбы?

**XXV**

...Күүгүм ченде Батыш жетти кабарга:
– Болот күтөт, качыш керек, тап арга?
Тосом дептир, көк берметин түн төрөп,
Теңин бөлүп көл жүзүнө тагарда. –
– Кантип, Батыш? Баары турса туткактап?
– Шашпа чоочуп, жакшы болор а барда? –
Андан көрө жол камына беленден,
Кеп машакат – качкын изин жабар да? –

**XXVI**

Келишти анан үйлөрүнө Батыштын,
Камын ойлоп андан ары качыштын:
Мөөр эми кайсы жатка көз сүзүп,
Кайсы карттын кылтагына чатышсын?!
– Келе, Батыш, жолугумду алып бер,
Келгин, Батыш, мончогумду катышкын.
Кечир, ата, ак батаңды албадым,
Көп күнөөдүр минтип кетип жатышым?

**XXVII**

Кең дүйнөдө тар жол болду тапканым,
Бирок ал да айтпайт каткан капканын,
Кечир, апа, колуң кыспай баратам,
Кечир мени, каргыш айтып какпагын.
– Батыш кыстайт: «Кокус шекшип калышат,
Маасыңды ме, кийгин эрте, бат камын!»
Экөө бирдей колдоруна чака алды,
Көрсүн үчүн «суута бара жатканын».

**XXVIII**

Опур-топур кыймыл да жок бүгүн көп,
Көрдөй түндүн сыры кимге билинмек?
Бүтөр үмүт, өчөр ойдой элп этет,
Кечки жанган оттор гана үлүңдөп.
Кыздар барат элең-элең карашып,
Ыйлаар бекен, күлөр бекен күлүңдөп?
Болжош кыйын…
Тырс деп дабыш чыкса эле,
Өткөнгө окшойт ок денени жүлүндөп,

**XXIX**

Мына кокту, кырын эптеп ашса аман,
Бул тарапта коркунч жоктур башка анан.
Андан ары Болот күтөт ат коштоп,
«Кокуй, Мөкүш, сайга салба – таш жаман,
Балээ кылат дабыш берип какырап».
«Апей, бул ким?» шамдай–шамдай кош караан.
Чыга калып кыздар алдын торошту:
– Шерменделер, эми алдыга бас кадам?!

**XXX**

– Баянсыңбы ой?.. Байдын тузун бай актап…–
Батыш сөзүн бүтө электе аяктап:
Корс, корс этти: – кайткыла эрте айылга,
А болбосо алпарабыз таяктап! –
– Сен ким үчүн мынча күйүп жүрөсүң?
«Тү» бетиңе, намыс билбес, ай акмак!
Болот! Болот – бакырды анан Батыш жан,
Ал үн катты…
Ошол жакка жай аттап,

## XXXI

Сала берди... Качканы го Мөкүштүн?
Андан Болот, мындан булар жетишсин.
Ортодо кыз... Бир кансырап жыгылбай,
Кимдер кимге кыйып таштап кетишсин?
Сай жакалап салгылашып киришти,
Мөөр коркту «салдары деп, чеки иштин».
Тигил жалгыз, коёр эмес беркилер...
Ал аңгыча арт жагынан эшитти үн:

## XXXII

– Карма, Болот, – билсем эмне мурда эле?
Далдап туруп бирин башка урду эле,
Баян экен – кулап түштү бакырып,
Сокту жана, чарчаар эмес бул деле –
Кыз оюнда биз жолуккан койчуман,
Бая мында аттар менен турду оле...
Уу-чуу түшүп, жигит-желең ээрчитип,
Бай жүгүрдү: «болгонбу деп бир неме?!»

## XXXIII

«Ой, ал ким ой?» Улам бери капташат,
Кармап алса төшөгүндөй тапташат.
«Ай, аттиң ай! Азга келбей турганда...
Курбум эми болбой калды качпасак?»
Айбат кылып аздап-аздап чегинет,
Бут жарадар... Болот кайдан бат басат?
Араң келет койчу ийнине сүйөнүп,
Аттар мына... эптеп аны атказат.

**XXXIV**

Минди өзү да.
Арттан кууган эл кирет,
Колдорунда: бакан, балта, бел күрөк.
Антип-минтип Болот атын бургуча,
Бирөө чабат, өпкө тушун белгилеп.
«Ах!» – куланат ат жалына шылк этип,
Койчу жандап атка өңөрөт...
Келдибек: « Кармагыла!»
Берки качат камчы уруп,
Коркуп келет, айтпаса экен: «өлдү» деп.

**XXXV**

Сан кол сынап ынак сүйүү элесин,
Жоого тийип окко алдырып денесин,
Кан чуурутуп, көр оозуна жан келип,
Кайтты артына таштап кыргын белесин.
Кыйын экен күч тең келүү болбосо!..
Бирок душман «өлдү, өлбөдү» дебесин,
Бүтпөгөн соң көөдөн толо кек калып,
Билер эмес «жеңилдим» деп деле өзүн...

**Кош, Соң-Көл!**

**I**

«Айтсаң боло, айтсаң боло жараткан –
Алп күчтөрү аалам эркин караткан,
Таңды-кечин тартип менен өткөрүп,
Бирөөгө бак, бирөөгө муң тараткан,

Акыл берер аргаң барбы кызыңа,
Жай ичинде мөндүр каккан дарактан,
Гүл ачалбай урап түшкөн мөмөдөй,
Улам солуп, куурап кетип бараткан?!

**II**

«Кайда үлпөт, кайда өмүрдүн жаш чагы,
Кайда күндөр эркелетчү баштагы?
Айтчы Соң-Көл, айланайын тунук көл,
Же мен байкуш өз бооруңдан башкабы?
Чынар эмес, чырпыгыңдын бүрү элем,
Тагдыр минтип жарга согуп таштады?..»
Мөөр олтурат суу жээгинде үңүлүп,
Өзүн көрүп... тамган ысык жаштагы.

**III**

Эмне болгон, аза күтүп мынчалык?
Жүрчү эле го жүзүн жарык нур чалып?
Санаа чарчап, баш кеңгиреп ой менен,
Бүт түн бою чырм этпеди тынч алып.
Эртеси эрте киши келди Жантайдан:
«Мынча жаттык урмат-сыйга курчалыш,
Кайталы эми... бүгүн жолго камынсын?»...
Кантмек сулуу, тагдыр кетсе бир чалып?

**IV**

Батыш экөө кырга басып келишти,
Кандай укмуш, кандай көрктүү көл үстү:
Комузга окшоп чертилишкен булактар,
Сары аскалар сандык мисал көрүшчү,
Чөккөн нардай ыркаар жаткан керме тоо,

«О» десең «оо» – жүз кайталап бөлүшчү!.,
Баары кызык…
Бирок айтпайт Мөөржан,
Сууга чөгүп… Ооба ошентип, өлүштү.
Арсар басып жонго чыгат коктудан,
Араласа жалтылдаган көк тулаң,
Жай термелип болор-болбос из калат,
Кыз кылчаят уйпаланган чөпкө улам:
«Мен да ушулмун, колдон түшкөн мончоктой
Кулай-кулай жер түбүнө соктугам,
Кайран жаштык өрт өчкөндөй сап болор?»
Көз тунарып, каптай калат боз туман.

**VI**

«Туш-тарабым тайгак кыя, тар кезең,
Бактысына турмуш минтип жарды экен.
Дайны чыкпай түптүз түндөй тунжурап,
Көздөн учат жан кыйышпас жар десем.
Бирок калдың кагылайын тууган жер,
Кайра айланып көрөр күнүм бар бекен?
Жок, антпейм го… Аттиң мынча кең дүйнө,
Акыр келип алакандан тар белең?»

**VII**

Үйүн карайт: Чындап таштап кетеби,
Кел?» дегенсип желп дейт үзүк этеги.
Эртең жатар бейитиндей бозорот,
Бер жактагы үйүп кеткен тезеги.
Кош уясы, кыйбас алтын бешиги,
Кайгы, шаты, эркелиги кечээги,
Ошондо өткөн… Жаштык ойноо курагы,
Сүйүү курап… аны ураткан кезеги.

**VIII**

Көктүк кылып, ажал артка сүрүлбөйт,
Марттык кылып өмүр «койчу, тирил» дейт.
Анан экөө салгылашып кетишет,
Ортодо кыз жалбырактай дирилдейт.
Башка бир үн: «Өмүрбү же өлүмбү,
Бол, эртерээк тандап алгын бирин?» дейт.
Анан дагы,
Алдындагы чоң дайра,
Алдас урат, атырылат, иримдейт.

**IX**

– Сен бара бер, мен калайын, Батышжан,
Жок, коё тур, бак-таалайым Батышжан?
– Өбөт, өбөт, коё бербей буркурап…
Бармактайдан бар сырларын катышкан,
Ынак досу, жан кыйышпас көмөгү,
Күлсө күлүп, ыйласа – ичи ачышкан.
Эрте болуп махаббатка аралжы,
Өзүм тоскон, коркунч келсин а тыштан.

**X**

«Каяктасың, каяктасың, э Болот?»
Жооп катпайт же бир кокту, же колот.
«Сүйүү чиркин, ширин белең, уу белең,
Кызды минтип кыйнабасаң не болот?»
Көрдөй түндө жалт деп учкан жылдыздай,
Сүйүү элеси бир тартылып жоголот.
«Ай, кашка суу, мен да кошо жөнөйүн,
Шарга ургулап, сай ташындай тоголот?

**XI**

Жеткирип сал сонун Соң-Көл төрүнө,
Жатпасам да көл түбүндө көрүнөө,
Шыбыр кагып, азоо толкун жар салсын,
Бирде жанып, бирде толкуп өрүлө:
«Тоо бетинен шарт кулаган көчкүдөй,
Бут коё албай бул турмуштун өрүнө,
Арманда өткөн муңдуу шордуу эле» деп,
Аяр болсо ак куу келсин көрүмө...

**XII**

Малчы келер, жылкы өрүшкө топтолор,
Желе кагып азоолорун ноктолор,
Шопоң желген ашыгычтуу жолоочу,
Ат чалдырып ал да кечте токтолор,
Салкын түндө көл жакалап серүүндөп,
Кыздар басар,
Боз уландар шоктонор...
Эчен ирет дарак кийми жаңырар,
Бирок мени эскерер жан жок болор?..

**XIII**

Мейли, мен да доо кылалбайм зарыла,
Көрбөс сыйдын жоктугуна, барына,
Калсам болду тунук бойдон, ак бойдон,
Текке умтулуп, теңирим бөлгөн жарыма.
Бүттү, мына,
Көбүк чертет көк ирим,
Тең бөлүнүп ортосунан жарыла. –

«Ай, ай, кантет?!»
Мөөр күтпөй бой урат,
Күңгүрөнгөн дүлөй толкун шарына...

**XIV**

Тирешет бейм алптар алгыс күч менен,
Ой бүлбүлдөйт: «Бир түшөрүн түштү элем,
Неге аманмын? Мүмкүн өлдүм, ким билет?
Же бул чыгар өңдө көрчү түш деген?»
Кыз акырын кирпигинен баш багат:
Баян экен – аңдып жеткен из менен.
Кайра шылк деп эстен тана күбүрөйт:
«Жашоо сен да – жазатайым иш белең?!»

**XV**

Айыл жакта Жантай белен кайтууга,
«Ак Мөөр кайда? Түшкөн дейби кай сууга?
Апкел бери... эрке кызды атка сал!..
Адил келсин, кеби бардыр айтууга?!
«Калың десе биз дале?.. дейт Келдибек.
«Кур калбаңыз, айтып жатат бай туура?»
Кыз атасы кырчоосуна тырмышып,
Онтоп жатып үй жанынан жай тура,

**XVI**

Басып келди: «Көрдүң, Жантай, алымды –
Бак–жылдызым бүгүн көктөн алынды,
Эми мага тирүү калып эмне опо?
Өлтүрүп кет – бергениң шол калыңды?»
Байкуш карып, боздоп ыйлап өңшөңдөп,
Башына ороп – чылбырына чалынды.

Жантай чоочуп «йе Келдибек, Келдибек,
«Токтот» деги бул өлөрман чалыңды?»

**XVII**

Ал аңгыча Маржан барып жармашты,
«Кордо, кана, биз шордууну, жармачты?!»
Чачын аттын тизгинине байлады:
«Сүйрөт ылдам!» – Жанды өлүмгө арнашты.
Ага болбой Келдибектер, Баяндар,
«Кеткиле» деп сакал, чачтан кармашты.
Күңгүрөнүп, айлана журт кошо ыйлап,
Жүрөгү үшүп балдар карап жардашты

**XVIII**

Кыйрап бүтүп, качмак, өлмөк далбасы,
Эси оогандай, кармагандай талмасы,
Мөөр келди... жан серектей шалактап,
Өчүп бүткөн ак ыраңдын алмасы.
«Кой, көрбөчү?»
«Кой, ачпачы?» дегенсийт,
Жүзүн жапкан көөдөй кара чалмасы.
«Мөкүшүм ай, кагылайын эркем ай,
Минтип таштап... энеңди отко салбачы?!»

**XIX**

Үнгө умтулду өйдө турам деп эчен,
«Байкуш апам, кантип калган кебетең?
Эмне таптың, мени өмүргө апкелип?
Кыз курусун... кыз деген бир кеп экен.
Мен ыраазы, ак сүтүң кеч, апыке,
Балаң үчүн мээриң чалкар кең экен.
Кош бол эми...

Көрөрбүзбү, жокпу же,
Олдо менин муңдуу байкуш, энекем?!»

**XX**

Эне туруп арбак мисал үлдүрөп,
Кайра кулайт… алсыздыгын билдирет.
Жантай буйруйт: «Бириң кызды коштоп ал,
Тарткыла алга! Булар менен… ким жүрөт?
Козголушту… калган айыл «чур!» этти,
Кара жер да кошо үн катып күңгүрөп.
Ый, муңдарды, боору ачыбайт, баскансыйт
Кең талаада төрт туяктар дүңгүрөп:
«Кой жатса ээн колотто,
Короого бөрү толотко?..
Кошподуңбу, кудурет,
Коюндашкан Болотко?..»

**XXI**

Сүйүү – ушул, кээде отуна кактамак,
Кээде – таштай салкындыгын сактамак,
Эмнелер жок түпкүрүндө турмуштун…
Мезгил эмес, бирок аны тактамак,
Кызды кара, үмүтүнө кеч кирип,
Өпкө кагып бүлк-бүлк этип ак тамак,
Жиби үзүлүп чууруп жаткан берметтей,
Ат жалына жылп деп жылуу жаш тамат…
«Соң-Көлдүн башы тал менен,
Соодагер өтөт мал менен,
Солкулдап ыйлап баратам
Солуган Жантай чал менен!..»

**XXII**

Адам эмес, аз бүлбүлдөп ат эле,
Көч карааны өчүп барат бат эле.
Анын мында бардык берип кеткени:
Көздүн чели, көкүрөктүн даты эле.
Ботосу өлгөн боз ингендей зыркырап,
Кан шимирип кала берди ата-эне.
Анан кантет, ууз жыттуу Ак Мөөр кыз,
Ай-Күнү эле, алпечтеген заты эле...
«Кең-Колдун башы тал менен,
Кербендер өтөт мал менен,
Кейип ыйлап баратам
Кемшейген Жантай чал менен!..»

**Ыйла, комуз, шолокто!**

**I**

Нарын! Нарын! Тоолорду алып кучакка,
Өз төшөгүн таш-корумдап бычат да,
Мойнун созуп булуттарга күбүрөп,
Улам төмөн жер бөксөлөп учат да,
Асманды эмген аскаларга урунуп,
Чын күч келсе – кол сермелип бычакка,
Тоноп алып жолдон чыккан көп сууну,
Ыркка көнбөй көшөргөнсүйт бу чакта.

**II**

Нарын! Нарын! Атырылат жазганбай,
Айкаштарга алптар беттеп баскандай.
Капталды эшип, буусу чыгып күрпүлдөйт,

Антип тарых барактарын жазгандай.
Же Сагымбай «Тай торуну чаптырып»,
«Чоң казатка» жалпы аттантып жаткандай.
Улуу дайра, чама барбы, болбосо,
Көлөмүнө айкөл «Манас» баткандай?!

**III**

Үч-төрт атчан туруп бийик жарында:
«Сапар алыс… таштап өттүк, таарынба,
Кары энеке, батаңды бер?» дегендей,
Кылчак-кылчак карап алып Нарынга,
Жөнөштү алга…
Кечигишкен жолоочу,
Баратышат желип-жорткон арымда,
Соң-Көлдү ашып, жетчү жерге токтошту,
Жортуулгабы – жоо-жарак бар баарында?

**IV**

Мына бири жонго чыкты бастырып,
Кайра чапты, анда карап аз туруп.
Издейт, жоктойт, жай табалбай куюндайт:
«Эмне болгон?
Бул не деген азгырык?
Келсе жан жок, жайдак калган көл жатат,
Айныдыңбы махаббаттан баш буруп?
Алдадыңбы… кайра оролор деп күтпөй?»
Бэздойт Болот тебетейин ташка уруп…
Кыз талашкан түнкү урушта баягы,
Келтек тийип майып болгон аягы,
Кайра да ооруп Кара-Кужур жеринде,
Айча жатты…
Сылтыйт, колдо таягы.
Бул ортодо «Көл муңканып кетти» деп,
Бай да көчкөн…

Куртка төрдүн аягы,
Купкуу жатат, кулак-мурун кескендей,
«Кайда дүйнө? Эмки үмүтү саябы?»

### VI

Бул желе боо, каккан казык… а турат,
Жылкы кыйы, кой тезеги бапырап,
Жатат мында сынган уук, саканак,
Сөөк калган, кийиз калган жапырак.
Бирок жан жок.
Жортуп турган жел гана,
Эски журтта күлдү эзгилеп сапырат.
Өмүрү көзгө жаш албаган эр жигит,
Ыйлап ийди…
Кантип ичке батырат.

### VII

Кездер эле жеткире албас тил менен,
Алды күңүрт, нелер барын билбеген,
Кыз берди эле: жароокерлүү кыялын,
Ак жамалын, эч ким эрди тийбеген,
Жаш сүйүүсүн, ажалга баш ийбеген,
Тынч күлкүсүн, күндү уялта карашын.
Ойлой келсе дене калбайт күйбөгөн…

### VIII

…Сапарына шашпай жаңы күч курап,
Тоого токтоп үргүлөдү түшкү убак.
Төр-төрлөрдө түн күзөтүп кайыккан,
Жылкычы калк жылгалардан түш чубап…
– Кана, жигит, кайрып койчу бир күү – деп,
Комузчуга колко түшөт, бүт сурап.

Мындай жерде жок деп айтыш болобу.
Диң–диң…
Дың–дың…
Тилге кирет үч бурак.

**IX**

Кайра токтоп, чече салып чепкенин,
Карап көрүп, ордун оңдоп тепкенин.
Билгенден соң, үч кыл бирдей үндөшүп,
Толгоолору эми ийине жеткенин,
Кош кол бийлеп элпек гана ийкемде,
Лепилдетип алып жөнөйт чертмегин.
Ар ким ичтен сезет муңдуу кайрыгын,
Айтпаса да кайсы күүнү черткенин.

**X**

Алыс кетсең ич кыйылтып саматат,
Жакын жүрсөң сырдашыңдай санатат.
Анан минтип күүгө келип турганда,
Моокумунан бир татсаң да кана тат.
Күү канчалык угууга оор болсо да,
Билинбеген бир жеңилдик жаратат.
Ал анткени – ыргагына жан көшүп,
Бой чымырап, дарман калбай баратат…

**XI**

Күү күчүнөн такылдаса капкагы,
Окшоп кетет аттын салган таскагы.
Чынында да мукам тилдүү бул комуз,
Чебер колго тулпар белем таптагы.
Тулпар болсо кур кечигип не керек,

Алып чыгып... ажылдата чап дагы.
Сүйүүнү эңсеп ырлар созгон кызга бар,
Көл жүзүнө ай жылмайган жактагы...

## XII

Ойгонордо, таң кылайып атарда,
Же магдырап жай түнүнө жатарда,
Махаббатка пейли таза жароокер,
Жүрөк зырп деп алар бекен капарга?
Кыйын экен мезгили жок айрылуу,
Жаңы жетип ширин даамын татаарда...
Комуз боздоп, кайруулары кайгылуу
Калкып барат камсыз алыс сапарга.

## XIII

«Кош бол, кош бол жайдын жашыл айлары,
Жакшы үмүткө мээрими жок жайдары.
Мен сүрдүгүп курчтугуман мокодум,
Качкан куштай узап жаштык сайраны.
Турмуш чиркин, алганынан айныбас,
Айныр болсо – кайда намыс, кайда ары?
Кеткен сүйүү – кеч күз менен тең экен,
Коосу аңгырап, какшып калган сайлары...»

## XIV

Кол ойдолоп дирилдеген канатча,
Бирде кайкып, бирде кырын жанат да,
Беш манжаны кезек менен чубатып,
Кыл тергилейт сан кошконсуп санатка.
Күү тетиги улам сиңип сезимге,
Мукамына кулак курчу канат да,
Кыял эргип, тууган жердин элеси
Көз алдынан өтө калат заматта.

## XV

Кештелерин сан түр менен ойгондой,
Өрүш көрктүү өмүр сугу тойгондой.
Бирок анын неге опосу тайкыраак?
Ойлор кайтат, издеп курчун жойгондой.
Комуз коштоп кайра алыска алпарат.
Дүйнө тынат тунжуроодон ойгонбой,
Бир сапарга суу да өзөндө мостоет,
Тентек шарын күүгө алдырып койгондой.

## XVI

Соң-Көл мына жарга тийип шарактап,
Дир-дир этип кайра артына араактап,
Шартылдатып тынбай ачып жаткансыйт,
Замандардын тарыхтарын барактап,
Барагында өтүп жаткан өмүрлөр,
Бүгүнкүсү эртеңкисин карактап.
Анткен сайын күү көшөрүп буркандайт,
Буркандашы – муңун сыртка таратмак…

## XVII

Таңшы комуз, тоо арасын арыткын,
«Тагдыр мени кайсы энчиңе жарыттың?
Туз издеген тоо эчкидей жар бойлоп,
Таалай тиктеп, керегимден карыктым.
Кол сыйпалап түпкүрүндө күңгүрөйм,
Жарымы кара, жармы күүгүм жарыктын».
Күүнү тыңшап кыр башында кыңылдап,
Койчу олтурат көгүн тартып чарыктын.

## XVIII

Кыргыз элдин сыймыгын да, сыйын да,
Аз кубанчын, азабын да, ыйын да,
Тең бөлүшүп, таңдай жанып так катып
Жеке үлпөттө, же бир болгон жыйында,
Замандарга сайрай келген муңкана,
Комуз жолу – урматтуу да... кыйын да...
Анда эмесе таңшы комуз, черт комуз,
Алыска бар, аванындай тыйылба...

## XIX

Эч бир күч жок багытыңан майтарар,
Турмуш – деңиз, жыл артынан ай тамар,
Суу кечкендей чыйыр салбай соңуна.
Биз кетербиз – жан түйшүгү жай табар.
Сени урматтап колдон колго бергенбиз,
Карыр болсоң жаштыгыңа кайта бар.
Шарт-шурт ачып эртеңдердин эшигин,
Биз көтөргөн тарых датын айта бар.

## XX

Күйүп-бышып чок-жалыны жок отко,
Көптү өткөрдүң, көргөндөрүң жоготпо.
Жыл суз тартып, кышы кыздай төркүлөп,
Талаа озондоп, күздө бороон согот ко,
Дал ошондой, сен армандуу күңгүрөн,
Акыр бир кез жетчү жери болот ко?..
Каңырык түтөп, сай сөөк кошо сыздады,
Ыйла комуз, ыйла комуз, шолокто...

## XXI

Алпар алга, кечикпейли деп сүрөп,
Мезгил – шашуу, эртеңине жеткирет,
Намыс болбой адам кайдан чыйралат,
Суурулбаса кылыч кында эскирет...
Жел катуулап, боз булуттар удургуп,
Жакын жерде добул барын сездирет.
Жапа чеккен, эр азамат ызалуу,
Кастык жайган торун жыртат кескилеп..

*1958*

## УЯҢ ЖЫЛДЫЗДАР

Ай турат кадалгансып көккө барып,
Жылдыздар ак байчечек гүлүн жарып,
Жымыңдайт, алар да бир шок го жеткен,
Козголсоң, жибек болуп шоодурт эткен,
Колхоздо түндөр ак да, түндөр жарык.

Жанчылып, миң быркырап таштан-ташка,
Сай ылдый сабалашкан суулар кашка,
Ошолор өмүрлөрдүн күүсүн тарткан.
Аны угуп, тоо алдында көшүп жаткан
Колхоздо түндөр сонун, түндөр башка!

Түнкү эмгек жыргалынан ким бар качкан?!
Чырм этпей тракторлор дыңдар ачкан.
Элестеп ашык жардын жаш жамалы,
Ырдаса – жула качып жаз шамалы
Күмүштөй шылдыратып түнгө чачкан:

Ой алтын, сени самасам,
Ойлорум быт-чыт санаа-сан.
Жамалың жылдыз эмеспи,
Жарк этип жанган таң азан.

Кан эргип кээ бир минутта,
Канатсыз калкыйм булутта.
Карааның калса көрүнбөй,
Калдымбы деймин унутта.

Сүйөм деп берсең кат анда,
Сүйүүнүн балын татам да.
Каякта жүрөт болду экен,
Кадырды билген «А» тамга?
Ошентип тапкан экен бирди жүрөк,
Эмне бар сүйүүлөрдөн сүрдүүрөөк?
«Эр ишин баалабаган кандай кыз ал?
Болбосо келип көрсүн» – деген мисал,
Жер боорун болот тиштер жүрдү жиреп.

Анан ал мактангансыйт жылдыздарга:
«Мен жерде сыймыктанам бир кыз барда.
Ким сулуу? Сынайсыңар көптү өзүңөр.
Менимче: жерде – Асылкеч, көктө – силер.
Жок андай ала-тоолук кыргыздарда...»

Өткөрүп тракторун кезегине,
Көз салса түнкү айдоонун эсебине:
Көл окшойт күнгө жонун чагыштырган,
Көк буурул толкундарын чабыштырган,
Эриксиз жердин көнүп жетегине.

«Билемин мунун бары сүйүү деми...
Жетейин, Асылкечим үйүндөбү?»
Жок Ашым, жаштык иши опурталдуу,

Чечүүгө кээлер алсыз, кээлер алдуу
Сырларын чиелешкен түйүндөгү.

Алмашып каз-каркыра турактары,
Тил катып миң бир эки булактары,
Кыздарды бозоюна көп караткан,
Жерге да бир бөтөнчө көрк жараткан
Жаз ай, жаз! – Сен го сүйүү куракта гы.

Ашым да жонго салып желеткесин,
Жолунан ишке канча эл өтпөсүн,
Күлмүңдөп кол беришке белеңделет,
Кээ бирлер бул мүнөзүн эрээн көрөт,
Анткени, суз тааныткан элетке өзүн.
Жолугат бир жеңеси Үмүт аттуу,
Уу тилдүү, бирок күлгөн үнү таттуу.
Шыңк этти: – Ишиң кандай, түзүкпү? – деп,
И, баса, кайсы көлдө сүзүп жүрөт
Алиги сен жактырган «чүрөк», «аккуу?»

Ал азыр үйүндө экен Керимдердин,
Бак буйруп болгон экен келин, дедим...
Анан да кошуп койду башын чайкап:
Кыз кезде кылт эткенди турчу байкап,
Жанда жок кыраакы эле эрим менин.

Болбосо, арың кана жигит деген,
Алиге бир кыз көөнүн жибитпеген?..
– Каткырат кебин айтпай андан аркы.
Шылдыңкөй келиндердин күткөн наркы –
Теңтушка тетир сүйлөп ийикпеген...

Ашымчы? Күлгөн болуп тура берет,
Ал өңдүү сөз билбеске бул да керек.
Жеңеси узаганда бир чакырым

Ашымды ой туманы басты акырын –
Кээ кээде кайгы-шатың удаа келет.

«Бая не кунт албадым жеңе сөзүн?
Ай кашаң, ай кенебес энөө сезим!
Эгер ал билип айтса бир немени –
Асылдын ак сүйүүсү кирдегени,
Мүмкүн ал Ай-Чүрөк деп билер өзүн?!

Барынан айтпайсыңбы Керим итти,
Тилечү өзүм менен бир үмүттү!
Анан да курбу туруп жаны, жашы...
А көрсө, койнунда экен котур ташы,
Кайыр кош ичи тар ит, эми бүттү!
Керим ким? Азар болсо бригадирби?!
Аттиң ай, таппаганың күндө бирди!...
Тарс эте тээп калып жерде ташты,
Үңкүйүп төмөн-төмөн салып башты,
Түнөргөн бүркөө күндөй, үйгө кирди...

...Тык токтоп чарк айлана чапкан ийик:
«Түн салкын, жүрөт бекен жылуу кийип?»
Таанымал мотор үнүн тыңшап жатып,
Таңга жуук уктап калган тымтырс катып,
Эненин мээри кандай улуу, бийик!

Эки уулу жоого кетип кайрылбаган,
Ал бир дарт – айыкпастан кайра ырбаган.
Ал өзү канбай турган көксөө дагы,
Тымызын буркурап жаш төксө дагы,
Мамындай ак тилектен айрылбаган:

«Кой кемпир, өзүңдү өзүң төмөндөтпө,
Кенжең бар – жеткени да төбөң көккө.
Кошулса көөнү сүйгөн жубайына,

Карк кылар карт күнүндү убайына...
Бирок ал бойдок жүрөт неге көпкө?

Айылда кыз дегенден көптөр өстү,
Не сонун сындуу, сулуу, не бир эстүү!
Баары да эрге кетти аздап-азда,
Келгиндей жер которгон кайра жазда.
Же балам бирине да тең эмеспи?!

Куштар да өз-өзүнчө уя курат...
Кулунум башкалардан уяңыраак,
Бир гана бүткөн багы маңдайына –
Эмгекте алда жүрөт ал дайыма...
Бирок бош, бала ойнобой, үй аңгырап...»
Энеси ойгонот деп ыйбаа кыла
Акырын келип жатты диванына.
Мындайда кайдан жүрүп уйку келет,
Ич туйгу, жүрөк болсо элеп-желеп,
Карайлайт, жай табалбай бир жанына.

Турду да таап келди кыз сүрөтүн,
Сүрөттө күлүмсүрөп сүзөт көзүн.
Ал берген катта да мына кудай калыс:
«Ашыкмын, жашырганым – куру намыс,
А мүмкүн бир мен үчүн бүттүң өзүң?»

Эсинде, келген кези Асыл жаңы:
Кыз көркү кызгалдактай жазындагы.
Ичинде бул да сыйлап жүрдү накта...
Конокто, стол жактан бир убакта
Байкалат буту бутка басылганы.

А көрсө Асыл экен. Кайта дагы
Жаш сулуу бут басканын кайталады,
«Тийишкен оюнуңбу, мыскылыңбы?

Тилиң бар, түшүнтсөңчү, кыз мунуңду?»
Ойлонбой, бирок минтип айталабы?
Мас окшоп турган кези бу тунжурап,
Өңдөнөт түштөгүдөй эми ал дагы.

Кой Ашым, саландабай башты көтөр,
Эми сен канча күйбө, бары бекер.
А көрөк тышка чыгып басып келгин,
Алаксып шары менен жердин, элдин,
А мүмкүн кайгы-муңуң тарап кетер?

Каткырып, талкуулашып бир немени,
Келаткан сарай жактан үйгө бери,
Саанчы шаңкылдашкан кыз–келинде,
Шеги бар: «Аңгемеси мен жөнүндө,
Булардын бар дейсиңби билбегени?»

Үй курган көп кишиге барат ары:
«И, Ашым, иш кандай?» – деп карайт баары.
«Экөөбүз катын жактан кем жарыган,
Жигиттен Ашым болсо, мен – карыдан,
Тобо!» – деп кыт-кыт күлүп калат кары.

Ушул сөз урган окшоп тас маңдайга,
Мына Ашым терс бурулуп баскан кайра.
Күлгөнсүйт дагы аркылар боору катып:
«А мунуң жердегиге жетпей жатып,
Акетай, кол сунат дейт асманда айга?!»

Дирилдеп кан кысылып алкымына
Келатты: «Кайдан жаздым калк ыгына?
Күлүшсө чалга чейин айылдагы,
Анда чын бүт кыштакка жайылганы.
Сулуу дейт… сулуулардын алкы мына!»

Дайрадай буркан-шаркан ташып аткан,
Күлдүрөп түптөрүндө ташы жаткан,
Сүйүүдөй жаалы катуу эпкин уруп,
Бир туруп, бирде кулап, ырпы куруп,
Ашымдын бир күн бою башы каткан.

Өзү да түшүнбөстөн бу чагына,
Шек кылып Керим достун ич агына.
Ишенип анын буга күйбөсүнө,
Кемедей чыккан деңиз дүйнөсүнө,
Көшүлүп кетет уйку кучагына.

Айталбай, аягын же тартып албай,
Олтурду былк этпеске шарты бардай.
Тамактан алган болуп астыдагы,
Асылкеч катуу ныктап басты дагы,
Күткөнсүп: «Болор экен арты кандай?»

Ага да биздин Ашым кенебеди,
Айтсын деп: «Кенебеген кем эмеби?»
Башкалар олтурса го жанаша ага,
Ошентип жооп бермек тамашага,
«Эмесе сынайын деп мен да сени».

Махаббат – көрктүү токой, жашыл бактуу,
Сыры көп табышмактуу, жашынмактуу.
Башкалар сөз айтууга багалбаган,
Дит багып кат жиберип, кат албаган
Асылдай сүрдүү кызга Ашым жакты.

Карабай сүйөрүнө, сүйбөсүнө,
Серт өңү, кара мүртөз дүйнөсүнө,
Азгырбай кээ бирөөдөй амал менен,
Жөн гана жаркын мүнөз, жамал менен
Асылкеч аны акырын ийди өзүнө.

Ар качан бир баратса Асыл менен,
Жигит деп муну көзгө таза илбеген,
Айылдаш кыз-келинди көргөн сайын,
Ашымда бир мактаныч турчу дайым:
«Билгиле менин теңим кайсыл» деген.

Эсинде, киного көп барышканы,
Жол катар кубалашып жарышканы.
Анан да кыштын буурул кечтеринде,
Тоңбогон дене калбай эч жеринде,
Жол карап аны күтүп карышканы.

Эсинде, жыйналыштан тараганы,
Баратып бир өбүүгө жараганы.
Кыз айтты: «Чарчадың го, баргын эс ал?»
Ошондо: «Ай азамат!» деген мисал,
Асманда жылдыздардын караганы.
«Мен эми сеникимин» – деп андагы,
Эсинде, ак төшүнүн дем алганы.

Чачынан коңур жумшак жыт ургулап,
Түшүндө: туурап асман чагылганын,
Жарк этип түнкү оттору жагылды анын.
Моторго баш көтөрдү селт деп талаа,
Тунжурап үнсүз жаткан эстеп гана,
Бул жерде канча кылым агылганын.

Дың кулап эт-бетинен ала-сала,
Кайыштай жер тилинип шалаа-шалаа,
Күркүрөп сүрдүү доошу басылбады,
Азыркы кегин кууп Асылдагы,
Айткандай: «Мына сага!», «Чала сага!»

Кыз эрки – кимди сүйүү, кимден айнуу...
А бирок жаталбастан үйдө жайлуу,

Жабыкса ачык-айкын жооп жоктон,
Түштө да эмгек менен жооткоткон
Сонун го колхоздогу түндөр айлуу!...

Бет алды басып кетет кайра туруп:
«Керимди кармап алып жанчам уруп!
Кызды ага берип коюп жүрбөйм тирүү,
Канчалык ичи бузук, ичи кирдүү?!»
Келатты санаа тартып, ырпы куруп.

Ичтеги кеги менен кечилбеген,
Башта көп суроо менен чечилбеген,
Жөнөдү Асылкечтин үйүн беттеп:
«Кош эми, эрге түгүл, жерге кет!» – деп,
Кат жазып кетем деген чечим менен.

Айылга күүгүм кирип келди кайра,
Бул билбейт Асылкеч жок, барат кайда?
«Көргөмүн Керим экөө баратканын,
Аларды көрүп мен да жараткамын»,
Дегенсип жатат агып Талас дайра.

Асылдын дарбазасын аттарында:
«Ашым!» – дейт, жалт караса арт жагына,
Жарк этти күн тийгенсип каптал жагы,
Карабай ичте толо дарт барына.

Көргөндө кайра кармап сүрдөгөнү,
Келаткан: «Менден оолак жүр» дегени,
А бирок анын баары унутулуп,
Айталбай айтар кебин улутунуп,
Мурчуйду күңк-мыңк этип бир немени.

Кыз күлүп: «Таарынган го жаным бир аз?
Кеткемин Керим менен, аның ырас.

Чапкылап өзү келип: «Чабан эжем,
Кыйналып төрөй албай жатат» – деген,
Мен анан кантип барбайм, атым врач?!

Мындай кыз сүйүү шертин буза алабы,
Башына кылыч кармап турса дагы!
«Көп антип ала бербе ойго күдүк,
Кечээ мен жайлоодогу койдо жүрүп,
Сени эстеп болгон элем куса дагы...»

Алсыздай бураң этип аз жыгыла,
Асылкеч аны көздөй басты мына.
Ыктады бир ийнине башын жөлөп,
Ашымда жүрөк кайра элеп-желеп,
Айланмак түбөлүктүү жаздыгына.

Ашым да ээ болалбай өз эркине,
Акырын кулап калды кыз эрдине...
Махаббат дайым мындай опурталдуу,
Ал үчүн кээлер алсыз, кээлер алдуу,
Андыктан, ага туура баа бергиле...

...Түн салкын, жортуп турат жел акырын,
Апкелип тулаң, гүлдүү бел атырын.
«Айлымда мен бактылуу бир кыз барда!»
Жетсин деп ушул үнүм жылдыздарга,
Дың бузган тракторчу салат ырын:

Адашкан кээ бир кезимди,
Ашык жар айып десинби?!
Алсырайм аны көргөндө
Алдырган окшоп сезимди.

Алдымда Талас иримдеп,
Асманда жылдыз бириндеп,

Аларга мен да көз кысам
Асылкеч болбо бириң деп…

Жылдыздар жымыңдашат унчугушпай,
Түн жымжырт шырп угулбай, чымчык учпай.
Түн аны жумшак ороп баратты эми…
Кыштагын кылчак карайт, анткени,
Кыз бар жак – дайым сүйкүм күн чыгыштай.

Ооба ушул кызды эңсеткен шоокум бар жай,
Сен минтип канча иштесең моокуң канбай.
Кез мына, түн жибегин булактаткан.
Чымдар бул – атырылып кулап жаткан,
Күр этип жарга тийген толкундардай.

*1961*

## ЖЫЛДЫЗДАРГА САЯКАТ

### I

Команда: «Көккө учууга!»
Чатырап кыйрап калды жер кишени.
Эркиндик!
Бир азга олку-солку боло түшүп,
Зымырап тарта бердим,
ракетам –
жердин каны куюлуп,
Үмүттөрдүн жумшак колу багыттаган шприцтей
жылдыздарга тике бет алып,
мезгил тамбай бир орунда селейип,
чакырымдар кагылган таштай зырылдап артка
кулашты.
Мейкиндиктер эми-эми бүтчүдөй,
төшүм менен урунчудай дүйнөнүн тиги четине

жоголуп-житип баратам асман «этине»,
канатсыз жер боорунда жаткан чагым,
алсыздыгым,
эскирген канондорго аралаш
Кыпкызыл жалын болуп денемден түшүп
шылынып.
Жарк этип жаңы дүйнө ачылып бет алдымдан,
тааныш дүйнөм кала берди
мейкиндик менен кымтынып.

**II**

Баары тымтырс,
баары жымжырт,
өлүү тынчтык,
караңгы,
жүрөк үшүткөн ээндик
басып салчудай болот мени,
жутуп койчудай болот мени.
Мен алгач ичиркенем –
шыргаландуу муздак түндү этиме куюп
ийгендей,
анан кайра ысуулайм –
койнумдан ойгонушат жерде көнгөн
жаңырыктар:
жалбырак-чөптөр шоокуму, жел шыбышы...
Обон салган тоого айланып кээде мен,
ырдап турган суу боломун кайрадан.
Ташыгын, стихия!
Сапырыл кайнап,
чапчылап жашыл көздүү жылдыздарды.
Кайдасыңар, шык издеген акындар,
толкун канатында учкан улуу музыканттар!
Кулак түргүлө эфирге: күн – коңгуроо,
жылдыздар – майда коңгуроо,

шоолалар – кылдар,
урунуп асман толкундарына
жаңырыктап жатышат
айланып дүйнөлүк улуу дүбүрткө –
ойнолуп жатат түбөлүк тынчтыктын
симфониясы,
кулак түргүлө, эфирге баарыңар!

**III**

Жалгыз тамчы жер канындай
Галактика тамырлары боюнча
тызылдап чуркап жүрөмүн,
издеп анын жүрөгүн.

**IV**

Жер-Энем,
алыскы менин жылдызым
сен азыр кайдасың?
Мени угуп жатасыңбы?
Ооба,
ооба,
мен да сени жаңыдан уга баштадым:
ыйыктан ыйык энем ай,
кубангандан муунуң бошоп дирилдеп,
эмне айтарың билалбай,
аптыгып-шашып жатасың.
Менин дагы чымырап эрип бүт денем
кайра өзүңө тама жаздап араң–араң барамын,
бул дүйнөдө мага кымбат сезилип
сенин гана карааның.
Жөнөөрүмдө өзүң жолго чыгарып,

башымды жөлөп төшүңө
кыйылып да, кыйналып да турдуң көпкө
жибербей:
«Бала энесин таштайт деген эмине?
Адам уулу из сала элек кыйын жол,
кандайча болот тагдырың –
жиберип коюп сени анда
көргөн күнүм не болот?!»
Мен да болбой туруп алдым көшөөрүп:
«Эч нерсе эмес, коркпо, Эне!»
Мен бооруңдан көтөрүлө бергенде
дагы айныдың тагдырымдан чоочулап:
«Жок, жок, уулум, жибералбайт экенмин!» –
бүткүл денем коргошундан куйгандай
бар күч менен жатты аркага тартылып,
Бирок менин,
курчап турган дүйнөнү, чабуулга алып
таңыркагыч
ойлорум жылдыздар жактан артылып,
өйдө карай сүйрөдү.
Денеңдеги жаткан бардык тамырым
уламдан-улам тытырап,
үзүлбөстөн чоюлуп кетип баратты.
А менин сага деген сүйүүлөрүм,
узаган сайын
жамгырдан бетер самсаалап,
кайра өзүңө куюлуп кетип баратты.
Жүрөгүмдү алмаштырдың анда сен –
жүрөгүм болуп жер шары жатты алыста
кагылып.

Кечиргин, Эне, кечиргин,
кеткеним үчүн калтырып:
мага сенден жай табылбай калгандан,
же болбосо сен жек көрүп койгондон

келгеним жок мында мен.
Бирок түшүн, адамзат,
туулуп-өсүп, өнөрүн
                ушул асман астында,
өлсө сөөгүн көмөрүн
                ушул асман астында.

«Эмне деген дүйнө бу
ансыз күнүм өтпөгөн?»
Билүү үчүн калгам ага умтулуп.
Канча ирет ага талпынып,
Канча ирет кулап жатпадым:
улам «пырр» деп терезеге бир тийип
тышты эңсеп турган чымчыктай.
Ансайын үмүттөрүм жабалактап,
калбырдай тешип жатты асман боорун,
Мени өзүң алп жаратыш койгондуктан
миң ирээт жеңилсем да
                          ойдо турдум,
жеңилбейм деген бир гана.

Түшүнгөм, Эне, мен деле,
биринчи болуп жол ачуу –
баарынан кыйын экенин,
баарынан сүрдүү экенин,
биринчи болуп жол ачуу
баарынан сыймык экенин.
Мына эми туруп калдым
кебелбей миң-миң жылдарга,
дарбазаң болуп сенин космостогу.
Мындан аркы бардык кораблдериң
мага кирип,
мен аркылуу кайра өзүңө кайтышат.
Ракеталар кай жериңден учпасын –
жалаң мага кабылат

издеримди эскиртпей улам жаңылап.
Мындан арткан урмат барбы, айтчы, Эне?

**V**

Жылдыздарды чогуу бойдон тутуу үчүн уучумда
мага керек эмнелер?
Жердин анда бар экенин сезүү жетет бир гана.

**VI**

Жылдыздар – шарлар,
көк, жашыл, сары жана ак түстөрдө
быкылдап учуп чыккан асман толуп,
бирок менин уучумда калган бардык боолору.
Өзүм менен ортосунан бир түйүп,
жерге матап байлап салгам мен алардын
учтарын.
Ошондуктан алар мага
жаш балдардай ишенимдүү карашат.

**VII**

Мен асманга өзүм жөнүндө
улуу эпопея жаза баштадым,
мына анын эң алгачкы саптары –
менин издерим.
Тарыхта баарынан даана ал издер.

**VIII**

Сансыз замандар бою ныкталып,
жыйналып жаткан пружинадай
үмүттөр демде тебилип,
алып чыкты орбитага.

Жер кишендеринен бошонгон менин ойлорум
– жылдыздар боюнча даң салат бүгүн,
миллиондогон атомдорго таралып.
Алар жандуу ракеталар,
от алып акылымдан
жылдыздарга тийип чагылышып
жарк-журк этип,
электр эриткичтердей,
жер этегин аларга жамап жатышкан.

**IX**

Зор лимон дарагы окшойт асман ушу
кыйры менен жаап жарык дүйнөнү,
жай термеп мөмөлөрүн
шуудурап турган күздүн түндөрүндө,
андан мага буруксуган жыт уруп,
жууп жаткан санааны.

**X**

Жашыл светофор жамгыры – жылдыздар,
белгилешкен эртең өтчү багытымды,
мени күткөн жаңы-жаңы ачылуулар.
Ыракмат алардын мынча көптүгүнө,
аларсыз мен эскирген болор элем,
эскирер эле дүйнө да.

**XI**

Жылдыздар – эртеңки мен...

**XII**

Түндү жирейм суйкайган аппак таң болуп...

## XIII

О, Жер-Эне!
Сен азыр канчалык менден алыссың –
канчалык мага жакынсың?
Күн айга тогошкон жерде жүрсөм да
көңүлүм жумшак жел болуп,
аймалайт жетип акырын
сенин эне төшүңдү.
Жалгыз жарык үмүтүмдөй
караймын албай көзүмдү.
Өз боорунда жүргөндө
дал үшүнтүп байланчумун көңүлүмдө мен сага,
сүйгөнүм турган үйгө
(байкабай башка үйлөрдү),
анын жарык жанган терезесине
(көрбөй башка терезени),
ал баскан жолго
(элес албай башка сансыз жолдорду).
Эми да бардык планеттерден
жалгыз сага тартылам,
өмүрүм макулдашпай өталбаган
жөпжөнөкөй талаа чөбүн,
бурк эткен эрмен жытын сагынып.

Бирок да сен мендесиң,
жүрөгүм менен бир кагат
өзүңдөгү тирүүлөрдүн жүрөгү,
мени менен бирге барат
өлгөндөрдүн жүрөгү,
алар бүгүн
түбөлүктүү уйкусунан ойгонуп,
жымыңдаган жылдыз болуп түнгө агат.
Аларда жок эстелик,

эстелиги Жер өзүң,
бизди берип кайра алып,
сен айлана бересиң.
Мен мындагы сенин жандуу үнүңмүн:
«Уккула, мен – Жермин!» деп,
таанытып жаткан өзүн жылдыздарга.
Мындагы бир үзүм сенин денеңмин,
аралмын асман жакка келип түшкөн,
өзүнчө тоо-талаасы,
сайы менен,
шылдырап агып жаткан суусу менен,
калаасы,
                эли менен,
лепилдеп жорткон мээлүүн жели менен,
бир үзүм сенин денеңмин –
өзүңдөн учуп чыгып,
кайра өзүңдү кала берген айланып.
Мени менен келди бардык ишенимиң,
жана да жарык, ынак сүйүүлөрүң...

## XIV

Сүйүү!
Сен да бир асмансың уч-кыйры жок:
кудум абадай,
кудум кыялдай,
сени өлчөөгө мүмкүн эмес эч качан.
Сен ар дайым кумарсың,
мен көрө элек жерлердин табиятындай,
сен ар дайым үйүр алгансың көзүмө
көп баскан көчөлөрүмдөй,
көзгө көрүнбөй,
колго урунбай
келесиң жалаң сезимде.
Сезимди өчүрүүгө болбогондой,

мүмкүн эмес сени менден жоготуу.
Анан кантип сени ойлобой коё алам?

Жылдыз,
жылдыз,
жылдыз болуп элесиң,
кайдан-жайдан көз алдыма келесиң,
Космос мага сенин жытың жыттанып,
балким бул, бирдигидир Жер, Асмандын
аны менен ширетилген бир кечте!
Космос мага сенин жытың жыттанат.
Эмнеликтен?
Айтуу кыйын түшүнтүп.
Жерден дагы үшүнтүп
чөптөр, гүлдөр жыттанчу эле сен болуп,
суулар дагы жыттанчу эле сен болуп,
Сен бар элең баарында, баарында:
ноябрдын уяң жааган карында,
жөнөкөй жорткон желде,
түгөнбөс жамгыр ырларында.
Автобуста баратып,
сени менен таанышканым эсимде,
жумурткадан баш баккан балапандардай
чыйпылдашкан жылдыздар,
үндөшүп жер отторуна,
Шаар болсо түндүн бешик ырына
акырын көшүй баштаган.
Биз бараттык автобуста,
көз карашым койгом сага иштетип,
кайра тартпас, канбас көз жоосу
өлүп жатты урунуп
чачтарыңа, ушул түндөн өрүлгөн,
арыктын ак суусундай билегиңе,
туфлийиңе – кол кайыктай,
миздүү эки кашыңа,
музыканын бир жолку үшкүрүгү өңдөнгөн.

Сен мага чоочунсуң –
себеби, биринчи ирет көрүп жатам,
сен мага таанышсың –
кыялым жасап берген алда качан.
Бир өзүңдө канча күндүн оту бар,
жалында кетип барамын,
эгер анын бир кыпыны куласа
дүрт деп дароо өрт алчудай бул түндү,
күлү да калбай калчудай биз бараткан
автобустун.
Сен бурулсаң көз карашым тайыйт да
терезеден түнгө өтөт,
ал жакта жашыл көздүү светофор,
аябай тиктеп жатып жөнөтөт.
Машиналар зып деп уча беришет,
канатына өрт жабышкан куштардай
түндү шылып.
– Ушундай да коюу түн болот экен, ээ! –
текшерип көрөм, сезимим
жаңылдыбы, жокпу деп,
автобустун айнегинен көз жиберип асманга
үн катпай көпкө мелтиреп:
– Карачы,– дедиң бир убак,–
(көргүлөчү, жаңылбаптыр сезимим!)
жакшылап тыңшай билсе
жылдыздардын сүйлөшкөнү угулат.
«Келчи экөөбүз жаналы,
Жер бизди көрсүн!
Жерди карап күлөлү,
Ал бизди сүйсүн!» –
Жылдыздардын бул ырын
угам мен дайым кунт коюп.
Өңдөрүнөн окуйм жалаң
адамзат келсе деген сагынычты,
жол карап дайым көксөөнү,

ошондуктан калган алар түбөлүк
өңү менен жер тарапка бурулуп...

Түн – үкү, көөдөй кара
балбылдатып жагып коюп көздөрүн,
канаты менен далбактап
олтурат бардык жерде.
Жылдыздар өчүп-жанып жатышат
чырылдашкан чегирткедей.
Мен албетте, «кайсынысы?», «кана?» деп,
келем сага жакыныраак олтуруп.
Кайдадыр тула-боюмда
алоо жанып жатыры,
бирок али күйүп кете элекмин:
Сенде,
сенин айткан ойлоруңда,
жылдыз сыныктарындай
шыңгыр эткен үнүңдө
али да эрип жүргөнсүйм.
Бир өзүңдө канча гүлдүн жыты бар,
жыргап келем куюнуп,
кулайм, кулайм
коюу кара чачың ылдый уюлгуп.
– Айтчы мага,– жумшак гана жылмайдың
гүлдүн жаңы ачылып жаткан чагындай,–
адам чексизби же аалам чексизби?
Мен сенде тентип кеткен өзүмдү таап келгиче,
өзүң минтип жооп берип жибердиң:
– Адам!
Дүйнө канча кең болсо да
сыят анын бир ууч гана оюна.
Адамдан улуу эмне бар!

Мунун баары азыр менин эсимде.
Анда сен ойлобогон чыгарсың,

сагынычын жазышарын жылдыздар
кошо келген жытың менен мендеги…

**XV**

Бир чымчым топурак,
бир жутум аба,
бир жутум күн берип,
Жер адамды өз төшүндө асырайт.
Ойлойм азыр Жер тагдыры жөнүндө:
бул учурда ый-күлкүсү аралаш
атом кылымы,
космос кылымы
зуулап өтүп барат менин денемде.
Кумсара карашып чек аралар,
тиш кайрашкан окуялар тарапка…
Бирок жер иштеп жатат,
бирок жер жакшы көрөт коздукту,
оронгонду жашылга,
улам жаңы үмүттөр менен жаңырып ал
кайталап берип турат жазды бизге.
Жаз – дарак мөмө төрөгөн.
Планета күндү сүйөт,
бактыны баласындай бооруна алат,
планета иштеп жатат жанды үрөп:
колу бошобой мээнеттен,
мээси бошобой акылдан,
көзү бошобой асман дүйнөсүнөн,
жонунан буу атып,
маңдай тери жылдыз болуп
кулап түшүп колуна,
планета иштеп жатат жанды үрөп.

## XVI

«Кантти экен анда балам?» деп,
көзөмөлдөп жаткандырсың, Жер-Эне,
бийик-бийик трубалар аркылуу,
мунаралар аркылуу,
ар бир тал чөбүң менен,
ар бир түп дарагың менен,
бүткүл өзүң ааламдан мени тиктеген
жалгыз көздүү терезеге айланып.
Тоолор, тоолор – булчуңдуу сенин колдоруң.
Мага бир кез бийиктигин,
басмырттыгын беришкен,
жабалактап жатышат азыр да мага сунулуп,
баратсам тосуп алганы,
Билем, Эне, мен үчүн сен канчалык күйөрүңдү,
анткени мен жалгызыңмын,
канча бир кылымдар бою
күтүп жүрүп тапканыңмын.
Сен да менин карманар ыйык Энемсиң.
Баркыңды сезгим келгенде
карасам дегем жылдыздар жактан үңүлүп.
Мына эми карап барамын,
кокус кылт деп түшүп кетип,
бир тамырга илинип калган менин жүрөгүм өңдүү
тээ төмөндө,
кызыл-тазыл алкактарда
чарк айланып имерилип турусуң.
Ансайын жаным чыйпылдап,
үзүлбөсө экен дейм тамырым,
төгүлбөсө экен дейм ырысым...
Баягыда мен узап уча бererде,
шамалга сапырылып ак саамайы
уулунун тагдырына күйө карап,

козголбой,
дем алгандан коркуп,
көзүн жуумп,
карагандан коркуп жалгыз элдиреп турган
тууган энемдей болду элесиң.
Азыр да бир орунга тынчый албай
бир чети сүйүнүп, сыймыктанып,
бир чети «аман-соо кайтар бекен уулум» деп,
санаа жеп, үшкүрүнүп жүрөсүң,
уйкусуз өтүп түндөрүң ылгый,
санааларың узун-узун дайраларга айланып,
самсып агып төшүң ылдый.

**XVII**

Баратып байкап карасам,
Айланам түгөнбөгөн үнсүз калаа өңдөнөт,
тумандуу түнгө чөгүп,
эч бир жиги билинбей көчө оттору,
жарык жанган айнектери бир гана мени талаша
жалжылдашкан алыстан.
Кээде аларды аралап,
көрүнбөгөн машинанын фарлары өтөт түптүз
сызылып.

Мен каалап, кыйкыргым келет:
иттер үрүп арсылдап,
калкы бүт уйкусунан ойгонуп
жабыла чуркап эшикке
күтүшөрүн бейтааныш жолоочуну.

**XVIII**

Жүрөгүм – албырган Күн,
туш-тушка чачырап нурлары

керген алтын зымдарда,
жылдыздарга жарк-журк чагылган

**XIX**

Кылчаям артымдагы издерге:
бороздор бороздорго кыналып
дыңдагы толкундар өңдөнөт.
Жылдыз учуп түшүп жатат аларга
айдоону ээрчиген ак чыйырчыктардай
жабалактап,
анан кайра дуу деп учуп,
конушат жанымдын жашыл бутактарына.
Алардын дудук үндөрү кылымдарды ойгото
жаңырат кулагыма.

**XX**

Ар бир жылдыз – бир булак,
караңгы түпкүрлөрдөн атылып
өз-өзүнчө ырлар ырдап агышкан.
Бул жактагы жым-жырттыкка кошулуп
мен аларды угуп келем,
Жер жөнүндө эпосума жөлөнүп...

**XXI**

Баштагы шаарымда,
баягы көчөмдө келемин,
мен башка эмесмин,
мен баягы элемин,
болгону,
оюмду ээрчип боюм өскөн,
анан да сыймыгым бар

жылдыздарды өзүмдөн төмөн сезген.
Демейдеги кезимдей
тирилигиме келемин,
мен баягы элемин.
Бирок мүлгүп жыттап калган Жер гана
кеткен уулун кайра көргөн кубанчын.

**XXII**

Процессия келатат,
Жер майышкан кайгы алып.
Сурайм четки бирөөдөн:
– Кимди көмөсүңөр?
– «Кимди?» дейби!
Адамды,
Андан артык эмнени?
Ана, кара табытында жатыры
Жаңы чыгып, жаңы баткан бир күндөй,
бул дүйнөнү билишке да үлгүрбөй
бара жатыры.
Ал да биздей күлчү эле,
                    сүйлөчү эле,
кубангандыны, кайгырганды билчү эле.
Бар эле анын дагы
бизге окшоп күткөн үмүт, максаттары,
түгөнгөн азыр
баары-баары.
Биз адамдар үшүнтүп
бар болуп жоктон келебиз,
анан кайра жылып кете беребиз,
жазгы убактар таштагандай талааны.
А Жер калат айланып,
жанды азгырган сапар жолу түгөнбөй...
Процессия келатат...
Жер майышкан кайгы алып,

табытында кыз жатат,
бар көркү менен өзүнүн
үн катпаган музыкага айланып.
О, сулуунун денеси назик дагы, таза да,

эркелигин берип жатып жараткандай Жер өзү,
сен да өлүүгө тийиш белең, о чиркин!
Көрөм азыр
жашыл жалбыраксыз,
жашыл бутаксыз,
ширеси бүтүн шимилип,
сөңгөгү калган даракты.
Процессия өтүп баратат
кызды алып табытка.
Карап-карап дароо тааный коёмун:
– Айланайындар, токтогула!
Бул менин сүйүүм го?
Бул менин күнүм го?!
Кайда алып баратасыңар?
Жок, жок, жок,
аны мен бербей калайын! –
тызылдап чуркап өтөм алдыга:
– Кантесиңер?
Кантесиңер?..
Процессия баратат,
Жер көтөргүс салмакта:
«Бул эмне дейт?»
каардуу бир карап коюп мен жакка.

– О, кылымдын акылы,
алдырдым сүйгөнүмдү,–
барбы берер жардамың?
Бар болгону бир ирет кезиктик
биз түндө,
автобуста баратып.

Экинчи ирет – минтип өлүм үстүндө.
Ушундай да болобу? Эмне деген дүйнө бу!
Өлүмдүн таш туягы эзе баскан жүрөгүм
күзгү бутактагы жалгыз жалбырактай
дирилдейт,
каны тамчылап.
Кайгынын уу тырмагы
башымдан таманыма чейин батып,
сай сөөгүмдү сыздатып кетип баратат.
Жаратылыш чүрпөлөрү –
менин жатындаштарым:
бозоргон туландар,
үшү качкан дарактар
аза күтүп турушат,
жерге салып баштарын
бир бутак үзүлгөндөй өздөрүнөн.
Өкүрүп суулар келет,
жаш ыргып көздөрүнөн.
Булуттар бүркөп кабагын,
араң турат бакырып ыйлап ийгени.
Мен аларга кароодон да ийменем,
өлүм алдында
алсыздыгым үчүн өзүмдүн.
Ийменем да
желге айланып,
үңүлдөйм жалдырап
тамдарга,
көчөлөргө,
кварталдарга,
жолуккандын баарына:
– О, адамдар!
Мен силерди сүйөмүн,
ошон үчүн беленмин
бөлүп бербей өзүмдү, бүт берүүгө,
көк сайма тулаң болуп бүктөлүүгө

алдыңарга,
кулашка көк кашка тунук суу болуп,
өтүнөрүм бир гана:
Өлтүрбөгүлөчү,
Алып калгылачы сүйгөнүмдү!
Алып калгылачы жан эркемди!
Жаш толгон көздөрүмдө
карайып кетти дүйнө бүт,
Күн кана?
Карасам Күн жок ордунда,
мүрзө оозундай оңурайган
капкара тешик бир гана.
Жер – кара,
тамдар – кара,
кара,
кара…
Жылдызсыз түн,
отсуз түн,
карайып барып кулайт үн:

– О, кара жер, коё тур!
Оозун ачпай мүрзөңдүн,
менин сүйүүм эле бул
жаңы табылган.
Эмне сен үн катпайсың,
бизди тапкан Жер-Эне,
бизге мүрзө болмок белең үшүнтүп!
Бар мүлкүмдү тоноп эмне кыласың?
Кайра бер?
Кайра бер!
Аны менен
кай кемтигиң толтурмаксың, кара жер!..
Процессия өтүп баратат,
табыт толо карайган күйүт алып:
– Олда шордуу ай,

күйүп туруп жалп өчкөн жылдыздай,
кайдан жүрүп туш келди элең буга сен!
Олда үзүлгөн ырым ай!
Кечир мени,
түк эч нерсе келбейт экен колумдан,
мен алсыз экемин!
Кулагым укпай,
көзүм көрбөй,
«Кайра бер!» деп
чарчаган кайгым гана
тырмалап барат жер боорун...

**XXIII**

Бүлүнгөн дүйнөм жатат жол катары чачылып,
сүйүүм жатат айланып урандыларга,
аларды аралап келем каңгырап жалгыз
өзүмдөн үн чыгарып:
– Эх, ыйык Жер!
Эмне үчүн сенде мындай эрте өлүү бар?
Мөөнөтсүз күйүп кеткен сүйүү бар?
Же мага сен ыраазы эмессиңби?
Акылым – түзгөндөрдүн,
Колум – кургандардын
эч бирин ала кетпей өзүм менен
келатам сенде калтырып,
учуңа улап кайттым жылдыздарды акыры,
башка эч ким бербеген сүйүүнү бердим мен сага.
А сен неге мендей кенен эмессиң?
Же сен жалаң бейит үчүн бүткөн белең
кара Жер!

**XXIV**

Угасыңбы?
Каяктандыр дарылдап
жаш баланын ыйлаганы угулат.
Кабыл ал, Күн!
Кабыл ал, Дүйнө!
Мен келдим!..
Бала үнү балапандай баркырап
улам өйдө бийиктеп учуп баратат.
Аны менен Күн ордуна атып чыкты мына эми –
өмүрлөрдүн жалгыз көзү өңдөнүп.
Бала төрөгөн Эне,
Күндү да кошо төрөдү.
Кулагыма үн толду –
кайрадан уга баштадым,
Көздөрүмө жарык толду –
кайрадан көрө баштадым.

Акырын!
Дабышы чыгат бешиктин:
кыйч-кыйч...
кыйч-кыйч...
Кол мээрин, жүрөк мээрин бирге берип
терметип жатат энеси.
Коё турчу, жакшылап да бир тыңшайын.
О,чиркин!
Термелип жатат Жер өзү –
эми эле бейит болгон жер
айланып кайра бешикке,
айланып кайра бешикке...

*1965*

## ЖОЛ

*Поэма-монолог*

Биз келебиз...
Биз өзүбүз элебиз:
Мен – энеси,
Бу – балам,
Пейилдердей кенен дагы, тар дагы,
Тагдырлардай ийри дагы, түз дагы
Жолдор менен келебиз.
Асман карайт жалдырап,
Жалгыз көзү – Күн менен.
А биз болсок,
Ойлор сындуу узун дагы, кыска да
Жолдор менен келебиз.
Түгөнбөгөн жолдор ай!
Дүйнө деги жалаң жолдон турабы,
Жер – айланат,
Чөп өсөт,
Булут – көчөт,
Суу – агат,
Ар биринде ар бөлөк жол, туурабы?
Ал эми айтсак адам уулу тууралуу:
Турмуш – затворлор тынбай
шартылдап,
Стволдо чуркаган ок сыяктуу
Адам жолдо – максаттарга атылат.
Азыр мына, биз да атылып барабыз –
Зымырайт жол бизди алып.
Телеграф тасмасы окшоп чубалган
Артта жалаң морзе тамга – из калып.
Бул жол менен чейрек кылым илгери
Жоого жөнөп атабыз,

Келет десек келбеди –
Жыйырма беш жылга мелт-калт куюлган
Үмүттөр да өлдү эми.
Эмне кылдың?
Кайда алпарып жоготтуң?
Айтсаңчы, жол,
Не мелтиреп жатасың?
Жүрөктү эзген бул жым-жыртта тунжурап,
Балам, мүмкүн, ойлоп келет атасын?
Бул жолдордо
Жаралбаган канча өмүр!
Бу жолдордо
Жоголбогон канча өмүр!
Анткен менен алар турат бир кошуп
Ошолордун баарын бир...
Жолдор – каттоо китептери сыяктуу,
Жазып калар:
«Качан жана ким келди?
Канча жүрдү?»
Эгер кетсе – «кетти» деген бир белги,
Бардыгы бар бу жолдордун эсинде.
Чалкасынан түшүп алып ар бири,
Өз төшүнөн өткөрүшө беришет.
Жерде жатып, көктөгү
Жылдыздардын өмүрлөрүн көрүшөт.
Бул жым-жырттан жутуп алып бир үзүм,
Балам, мүмкүн, ойлоп келет атасын?
А атасы, шекшиген да эместир,
Балам бар деп,
Жарым бар деп соңумда?
Аны ойлошуп, экөө минтип барарын
Бир убакта өзү баскан жолунда?
Өх, десеңчи!..
Бул өзүнчө бир тарых –
Ак-карасы аралаш,

Алмашкандай бир караңгы, бир жарык.
Ал тарыхты мен өзүмүн эсиме –
Архибиме топтогом.
Алар – өңкөй өткөндөр,
Муздай тоңуп, бир орунга токтогон.
Ага барчу жол бирөө,
Ага кирсем – мен кирем.
«Жазууларды» андагы,
Билсем, жалаң мен билем.
Алар – оор, антсе да
Алып жүрөм мен баарын,
Эми дагы канчага?
Анда, бара турган жол
Алга зуулап бизди алып…
Азыр сени архивиме чакырам.
Чалынасың,
Абайлап бас, артыман!..

## БИРИНЧИ МОНОЛОГ

Жаштык!
Бүгүн мен өзүм,
Турам мына аны менен жык толуп.
Чайпалам десем – чайпалам,
Төгүлөм десем – төгүлөм.
Бүткөмүн мен кубатынан күндөрдүн,
Жаралганмын мен жылдардын өңүнөн.
Менде жылдар – он сегиз,
Мазмундарын, максатын
Берип, анан менде өлгөн.
Он сегиз жыл – он сегиз ат алкынган.
Мени алып мында жөнөлгөн,
Бири чарчап куласа,
Белен болуп башкасы,
Он сегиз ирет белестен

Жаңы туулган ай болуп,
Жарк дей калып кашкасы.
Окуялар,
Өлкөлөрдүн атаандашкан тилдери
Чаап аны сооруга,
Ийик болуп чимирилип кара жер
Жай берип жаз ордуна,
Кыш берип, күз ордуна,
Он сегиз ат жетип келди мени алып.
Жетип келген –
Мөөнөтүнөн кечигип,
Жетип келген –
Мөөнөтүнөн эртерээк,
Тер шорголоп, кара буусу буркурап,
Демин жыйбай энтелеп...
Ат келгиче
Жаштык менин жолумда
Күтүп жаткан он сегиз жыл убакты.
Корободу мен үчүн
Канча күндүн кубаты,
Канча жылдыз Жарыгы.
Канча чөптүн жыттары!
Суулар дагы бөксөрбөдү канчага,
Жумшалбады канча кар,
Канча жамгыр,
Канча аба!..
Мектеп мени он жыл катар сугарды.
Канча дарак
Турат азыр менде өнүп!
Мен аларды күүлөймүн
Канаттарым өңдөнүп,
Умтулам бийик учууга,
Умтулам алыс учууга,
Жетким келет бардыгынын сырына,
Жетким келет бардыгынын учуна!

Кooздук да мен өзүм.
Мени турат сулуулап
Эки көзүм – эки жарык терезем,
Каштар – кара булактар
Капталды карай ийрилген.
Кош өрүм чач –
Караңгы, жеңдей көчөлөр
Тең жарыша төмөн түшкөн ийинден.
Бел – пружина,
Кыймыл этсем – ийилген.
Тышка чыксам үйүмдөн
Баары, баары
Мен жакка жалт карашат:
«Кооздук кетип баратат!»
«Жаштык кетип баратат!»
А мен коём көздөрүмдү иштетип,
Жаштык кумар – жигиттерди,
жигиттерди издетип.
Таап келет – карегиме кыстарам,
Байкабастан, бараткансып түз кетип.
Минтип бүгүн мүнөз ойнун көрсөткөн
Өзүм эмес – жаштыгым.
Түндө келип төшөгүмө жатканда,
Мага минтип сүйлөп берет жаздыгым:
«Майда жолдор умтулат
Чоң жолдорго барышка,
А чоң жолдор шашылат
Шаарларга алыста...
Кыздар болсо – сүйүүлөргө тартылат,
Аны кыйгап өтүү жок,
Кайда качпа – алдың тороп ал турат,
Бүгүн сен да жолуктуң.
«Жок мен сүйбөйм!»
«Сүйөсүң!» «Койчу, сүйбөйм!»
Оозуң айтып, а оюң

Тартып жатат
Анын гана сүрөтүн.
Бирөө туруп сен өзүң,
Мына минтип
Бөлүнгөнгө күйөсүң...

## ЭКИНЧИ МОНОЛОГ

Кыштагым –
Кичинекей планетам өзүмдүн,
Чоң турмуштун кыпыны, бир бөлүгү –
Бизге гана берилген,
Өткөрүүгө төрөлүүнү, өлүүнү,
Кубанууну, кейүүнү...
Кыштагым –
Эрке кызы тоолордун
Улам аздан жасантышып жатышкан.
Ошондуктан ал дагы
Кыялданат «сүйүүгө»,
Эжелери – шаарлардай кийүүгө,
Кыялданат келгендерге жагууга,
Кечки оюнда жалтылдап,
«Шуру–мончок» тагууга...
Кыштагым –
Кенже кызы тоолордун,
Алар аны аяп кышкы бороондон
Коргон болуп имерет.
Жайда жоктон бар кылып,
Муздак булак жиберет,
Жытын кошуп энелик
Салкын шамал жиберет.
Кыштагыма келчүлөр
Аңтаруу керек тоолорду
Аңтаргандай китептердин барагын,
Ыйык, ысык дүйнөм –

Менин кыштагым,
Алыс кетип жап-жалгыз,
Тоодо адашып калган кыз...
О, мээрман тоолорум,
Өзүм билбейм,
Мага эмне болгонун,
Аз күн болду сени унутуп
таштадым.
Мен азыраак жаштык менен оорулуу,
Мен көбүрөөк сүйүү менен оорулуу...

Сүйүү эмне?
Жанып турган жарыкпы?
Отпу күйгөн?
Же бир затпы булардан да башкараак?
Кечирип кой,
О, жердеги мыйзамдар,
Бүгүн мени сүйүү гана башкарат...
Адатынча алып келди ал мени
Жылгадагы булакка,
Мен өңдөнтүп Аны да
Айдап келген бул жакка.
Ай көктө ийип турат,
Ак уйдун желининдей.
Ар бир чөп бүлкүлдөйт,
Жаш баланын эрининдей.
Уузга мас дүйнө,
Уктайт магдырап.
Бешиги – термелет түн,
Обону – жалбырак,
Бала – суу ыйлаган,
Ай көктө дир-дир этип ийип турат.
Түн – кара бак,
Жүрдүк анын
Тротуарын,

Аянттарын аралап.
Үстүмдө ак көйнөгүм –
Түн кармаган ак жоолуктай буластап…
Бул түнү биз ушунча алыс кеттик –
Алыс кеттик,
Ал мени жубайым деп,
Мен аны жубайым деп,
Атоого чейин жеттик.
«Бүрсүгүнү тоюбуз!»
«Тоюбуз, бүрсүгүнү!»
Чиркин ай, көп түндөрдүн бул бир түнү,
Не деген жарык эле! –
Жүрөгүм Күндү өзүндө алып жүрдү…

## ҮЧҮНЧҮ МОНОЛОГ

«Бүрсүгүнү!»
Бул сөздү тумар кылып,
Жүрөгүм өз төшүнө тагып жүрдү.
Эми ошо «Бүрсүгүнүм»
Болууга мына Бүгүн –
Саргайып, канча күтүү өлүү керек?
Канча көз карап жатып талуу керек?
Эгер ал караан болсо,
Чокудан караар элем.
Эгер ал калаа болсо,
Зып этип барар элем.
Бирок ал «Бүрсүгүнү».
Эгер ал төрөлчү перзент болсо –
Мен – эне, ак эткенден так эткен,
Уксам деп ыңаалаган анын үнүн…
«Бүрсүгүнү» – поезд,
Менин самаган оюм,
Менин тоюм жүктөлгөн.
«Мен» деген станцияда

Аны күткөн – мен,
Балбылдайт эки көзүм – семафорум.

Таң калам күндөрдүн мен
Демейде караандатпас тездигине,
Жылсаңчы «от араба» эртерээк?» деп,
Жалынам көктө Күнгө.
Кол жетсе эгер аны
Кулатып коёр белем тоодон ары!..
Бир саат… жарым саат… калды дагы.
И, мына, төрөлдү «Бүрсүгүнү»
Угулду уңулдаган анын үнү:
Согуш! Согуш!..
Согуш чапты күшүлдөп,
Шуулдашты дарактар баш чайкашып,
Дубал менен терезелер сумсайды,
Адамдардын мүнөздөрүн байкашып.
А адамдар – үрөйлөрү учушкан,
Калып токтоо мүнөздөрү баштагы,
«Согуш!» «Согуш!» деп жаткандай сезилет,
Жумшактан – жел,
А катуудан – таш дагы…
Согушту – өзү жүктөп келген жүгүн
Калтырып,
Кайра ордуна адам алып,
Кечкурун кайтып жатты
«Бүрсүгүнүм».
А менин алчу жарым анда барат,
Согуштун чеңгелинен
Тааныйм карап:
Бир үзүм назик эт сындуу –
Жүрөктүн,
аткып кеткен теңи сындуу.
Бирок да жаны менен,
Бирок да каны менен,

Кетип барат…
А көздөр – семафорлор,
Телмирип жанат-жанат:
О, менин дегдеп күткөн «Бүрсүгүнүм»
Сен белең, атаганат!..

## ТӨРТҮНЧҮ МОНОЛОГ

Согуш деген эмине?
Элесимде ал ар кандай тартылган:
Өлкөнү – өлкө,
Улутту – улут
Алып бекем алкымдан,
Муундурган жаңжал-чуу…
Жок, согуш – бир машина
Адамдардан жанды алчу…
Жок, дүйнөгө койгон өрт:
Мына «дүрт!» деп жалын дароо ойгонду,
Атып туруп ажалдар
Жан-жабыла минди атка,
Та-та! Та-та! Та-та!
Дуу коюшуп жөнөдү.
Далбак-далбак этек менен жеңдери
Ажал кийген плащтын,
Аймап жатат жалындар
Жазып ийин-кулачын.
А-аа! А-аа! А-аа!
Көр, дүйнөнүн качырашын, кулашын.
Ажалдар – өргө, өргө!
Калаалар, кыштактар – жерге, жерге,
Адамдар – көргө!..
Ха-ха! Ха-ха! Ха-ха!
Каткырат өлүм-жалын:
«Апкел, апкел жанын!»

Согуш деген эмине?
«Жок» деген оңурайган бир тешик,
Караңгы, түнт,
Жарык шоола бүт өчүп.
Согуш деген –
Оп тарткан зор кекиртек…
Бир саамга калгансыймын тиктешип.

## БЕШИНЧИ МОНОЛОГ

– Ие, кыз дейм! Кыз!
Кат келди! Кат!
Шашкалактап сүйүнүп
Жеңем тыштан чакырат.
– Катпы? Катпы! Кана, кат?!
Шашкалактап, сүйүнүп,
Жүрөк октой
Аны көздөй атылат.
– Окучу, кыз? – Ал сунат.
Менин колум калтырап,
Конвертке тартылат.
Ача салсам ичинен
Агам чыга калчудай,
Жүрөктүн да дүкүлдөшү бир бөлөк.
Ал жөн эле,
Таштуу жолдо бара жаткан дөңгөлөк…
Ача салып окуйм да,
Коркуп кетип бакырам:
«Кокуй, аа!
Өлдү! Өлдү!..»
Алда кимдин, бирөөнүн
Таманынын алдында
Калтыргандай жүрөгүн,
Бир билемин жеңемин,

Чыр-чыр этип жүргөнүн:
– Айланайын, кыз ай!
Айтсаң боло бат эле,
Ким өлдү? Ким?
О, шорум ай, эмне деген кат эле? –
Байлануу тилим,
Байлануу акылым.
Мен азыр жокмун,
Мен дүйнөгө эрип барам акырын...
Өрткө күйүп калгандай
Карага чылк оронуп,
Жеңем бурчта аза күтүп олтурат,
Эл келатса тетир буруп далысын,
Ыйлап тосот – ким болбосун баарысын.
Таңдан кечке боздоп үнү басылбайт,
Байкуш гана жеңем ай!..
А мен болсо чай коём,
Кирген-чыккан кишилерге берем чай.
Бирок дагы жаман батат жаныма,
Жеңекемдин кошогу:
«О, жубайым, ала жатпай жаныңа
Таштап кеттиң – сен сүйгөнүң ошобу?!
Минтип эрте бөлгүдөй,
Дүйнө тагдыр,
Биз эмнеден жазды элек?!
Жашагым жок,
Ал, алып кет, мени деле эртерээк?!»
Бул ый эмес,
Аккан – суу,
Каптап кирген менин муун-жүүнүмө.
Сөөгүм – аскалар,
Жаңырыктап жаткан анын үнүнө...
Ичим ээн аңгырап,
Анын эки бурчунда
Эки күйүт жаңырат:

Бири – агама күйгөнүм,
Бири – өзүмүн күйүтүм...
Мен ыйлаймын,
Өпкө-өпкөмө сыйбай улам эчкирип.
Жүрөгүмдө ойнолуп
Арман күүлөр ар кандай.
Бир кездерде,
Чечекейим чеч күлүп,
Ойноп өскөн жерди башка жазданып,
Көздөн көл-шал жаш тамып,
Мен да ыйлаймын
Арманымды-датымды
Бул турмушту төрөп турган Жерге айтып:
«Бириң – эки көзүмдү,
Бириң – буту-колумду,
Бириң – акыл-эсимди
Берген элең.
Кагылайын Жер-Эне!
Ага мен да ыраазымын түбөлүк.
Бирок, башка тирлиги
Калган өңдүү түгөнүп,
Бүгүн неге балдарың
Бирин-бири союп ойнойт,
Неге антишет,
Сен кой десең тил албай?
Кайсы уулуңду кучактап
Көмөрүңдү билалбай,
Өзүң андан арган кетип турасың,
Айт, Жер-Эне, эмне деген жорук бу?!
Же төшүңдү жарып аккан ак сүтүң –
Суу эскирип калганбы?
Же болбосо топурагың төрөгөн –
Нан эскирип калганбы?
Же болбосо, сен бизге
Эне экениң жалганбы?

Балким алар эңсешер
Башка сууну ичүүнү,
Башка нанды жегенди,
Мындан бөлөк асманды,
Сенден бөлөк Энени?
Бир ирет минтип жатып уктап кетсем,
Козголойт мени бирөө бекем-бекем,
Ойгонуп, бул эмне деп кулак түрсөм:
Алдымда жер солуктап жаткан экен...

## АЛТЫНЧЫ МОНОЛОГ

Бараткандa жумушка,
Келатканда жумуштан,
Тосуп алып, анан кайра узатып
Берээк чыгып кыштактан,
Турат жалгыз боз дубалдуу жалпак там.
Аны аяйм,
Аны сыйлайм,
Андан жана ийменем,
Анткени, ал – өзүмдүн үйүм –
    Анын үйү...
Баягыда,
Аман-соо келген болсо «Бүрсүгүнү»,
Турмакпыз анда бирге,
Тентитпей, эки бөлүп бир сүйүүнү.
Каттар жазат,
Каттар сайын мына бу:
«А баягы үйүбүз аман турабы?
Жамгыр, желге
Моюн берер эмеспи,
Байкуш эски дубалы?..»
Сүйүү – жетим,
Үй – жетим,
Кимде алардын убалы?

Ал ошондо баратып жуп жөнөлүп,
Дубалына тыштагы
Бети менен жөлөнүп,
Көпкө турду – коштошкондой, сыягы.
Коштошконун үйү менен ээсинин
Карап турду кыштагы.
Карап турду
Тоолор менен талаалар,
Карап турду
Тал-дарактар тыштагы.
Балким айтып жаттыбы ал:
«Качан кайра көрүшөбүз – белгисиз,
Сен жакшылап мени эсиңе сактап кал!»
Же болбосо:
«Сени коргойм» дедиби?
Айтор жатты эриндери кыбырап.

Бул үй мага уулун жолго узаткан
Карт энеге окшоп кетти, бир убак
Баласынын башын жөлөп төшүнө,
Чачын сылап акырын,
Жаш мөлтүлдөп көзүндө,
Айтып жаткан эң акыркы акылын.
Окшоп кетти, өлчөп турган энеге:
Бир жагынан –
Зарылдыгын сапардын,
Бир жагынан –
Кымбаттыгын баланын.
Күтүүлөрдүн,
Сагынычтардын азабын...
Жалгыз ушул үй болчу –
Атасы да, энеси,
Ага, ини – тууганы.
Жөнөп жатып эми өзү
Үн дей албай кыйналат,

Качан кайра көрүшөрү тууралу...
Эшикке кулп салды да,
«Ме» деп мага берип жатып ачкычын
Бир гана айтты:
«Кор кылба!»
Андан бери бул үй тирүү жан окшойт,
Жол караган,
Жылбай туруп ордунда,
Алыс жакты серептеп,
Жыйган менен тергенин
Катып жүргөн,
«Уулум жоодон келет» деп.
Азыр дагы, анакей,
Ээсин күтүп олтурат
Күн толтуруп ичине
«Суусап келсе – берейин деп, ичүүгө!»

## ЖЕТИНЧИ МОНОЛОГ

Акырында Ага жаздым бул катты:
«Асылым!
Мен алыстан сага таштайм боюмду,
Тоспо коркуп
«Кокус кыйрап калбасын?»
Бул атайы,
Өлсөм деген далбасам.
Мен өзүңдү жеме менен уралбайм,
Каргыш менен шылый-шылый кесалбайм,
Бирок айтып өлбөсөм,
Көрүмдө да эс албайм...

Сүйдүм эле мен сени,
Айыптуу белем ал үчүн?
Жүрөгүм болбой эңседи,

Тыюуга жок ал-күчүм,
Багынып жүргөн кезимде,
Кездештик эле бир түнү,
Бар чыгар сенин эсиңде?
Каргаша болуп кандайча
Жолуктук эле биз анда?
Баарынан мурда мен неге
«Жаштыкка» бардым кыз алда?
Өзүңдү жандай көргөнүм –
Өзүмдү байлап бергеним
Билбеген экем мен анда...
Эгер сен мага боор ачып,
Аясаң антпейт элең да!..
«Бар» – деп да жүрдүм оюмда,
«Жок» – деп да жүрдүм оюмда...
«Бар» – деген ой сыйыртмак,
Бараткан жылып моюнга.
«Бар» – деген ой – жүгөн да,
Жаным – азоо, жапан ат,
Жүгөндү башка каттырбай,
Жаз бою үрккөн азанап.
Акыры анан байкасам,–
Башында экен «жүгөнү».
Ага көнбөй байкуш «ат»
Ай чапчып, туйлап жүргөнү...
«Бар» деген жалгыз сөз менен
Өлгөнчө болуп жарадар,
Жылып келип өзүмө
Ийиниме киргемин...
Эмне болом – билбедим!»
Катты жазып конвертке салдым да
Алып койдум.
Анан ага карасам,
Конверт эмес
Чемодан жатат алдында

Менин муңум салынган,
Оозу туюк жабылган…
Жок, кайтара жибербедим, айныдым.
Катты тытып, өзүмө
Куйдум баарын кайгымын:
«Бул менин өз драмам,
Мында жалаң
Мен «ойноого» тийишмин…»
Алгач эки артист менде ойгонду,
Биринчиси – сүйүүм,
Экинчиси – эл алдында уятым,
Эми менин бардык ички турушум
Ошолордун дүпүрөшкөн дүбүртү,
Казылган жер,
Көтөрүлгөн боз чаңдар…
«Кантсем барып «Жокко» айланып
калат «Бар»?
«Кантсем?», «Кантсем?»
Бул суроо –
Мен жашаган тар бөлмө,
Ичи көрдөй – терезесиз, эшиксиз,
Жылчык издеп,
Тырмак салам ар жерге…

## СЕГИЗИНЧИ МОНОЛОГ

Дүйнөсү санаа менен уйкулардын –
Түн кирет.
Төшөгүндө жатып ар ким,
Ой менен кууп келип өткөн изин,
Кармоого үмүт кылат эртеңкисин,
Анткени, ал эртеңдер – үмүт шаары,
Кыялдын көчөлөрү, аянттары…
– Ие, кыз дейм, уктадыңбы?

– Жок, жеңеке,
– Эмне үчүн согуш чыкты?
Укпадыңбы?
– Жок, жеңеке,
Иш го бул адаттагы?
Анда ал улутунуп алат дагы
Акырын айта баштайт:
– Эсимде эне сөзү –
Адамдын эки көзү –
Түбү жок кудук болот,
Сен канча бакыт куйба, байлык куйба –
Толбойт, толбойт.
Бир чымчып топурак сал –
Ага толот...?
Чынбы, кыз?
– Билбейм, жеңе...
– Адамдар ач көз болуп туулат неге?
– Жеңеке, бир эмес да жандын баары.
Бир топко үнсүз жатып,
Сурайт дагы:
– Күнүбүз эмне болот мындан ары?
Бул суроо – оор суроо жер шарындай.
Мен айтам:
– Көрөрбүз да көп катары...
Анан ал өзүнчө ойлойт төшөгүндө,
Анан мен өзүмчө ойлойм төшөгүмдө.
Бизге окшоп башкалар да
Ойлошуп жатат чыгар төшөгүндө?
Кармашып жатар ар ким,
Бир ушул суроо менен:
«Эмне болот?»
Ал үчүн салгылашып жатат анда
Канча армия,
Канча фронт!
Үшкүрүп коёт кээде

Уктабай жатат белем жеңем дале,
Билгенге ага дагы кыйын эле...
А мага?
Жеңилби, мага эмине?
Өзгөгө – кыз болсом да мен алиге,
Өзүмө – мен бирөөнүн алган жары,
Жакындап барып калган ай-күн маалы.
Бирок да башкалардан жашырып
жаткан аны...
Жеңилби, мага эмине?
Мен – жел кайык.
Шамалдын эркине өткөн мындан ары.
Өлгүчө оорулуу санаа менен,
Эмденем жумуш менен, талаа менен.
Ошол мени эс алдырат,
Ошол мени өч алдырат.
Иште жүрсөм самсаалаган санаалар
Ырпы куруп, кулап калат сулк түшүп,
Качан үйгө кайтсам – эски өнөкөт:
«Эхе, колго тийдиңби?» –
Коштоп алып жөнөшөт.
Мен аларды адаштыра да албайм,
Мен аларды кагып-согуп да
жеңалбайм...
Өзүмдөгү топурак, чөп жыттарын,
Суулар күүсүн, кулагымда жаңырган,
Күндүн, желдин жумшак эрди аймаган
Жүзүмдөгү издерди,
Жол катары жоготом деп кысталам –
Кыштактагы «менден» мен
Тоо-талаанын тазалыгын кызганам.
Бирок канча тырышсам да кызганып,
Кечте айлыма ашыгам,
Тилейм анда
Калса деп жол кыскарып?

Өтүп барат
Таңган жоолук этиме,
Өлүп барам
Демим ичте кысталып.
Какшап келет «Эркиндик!» деп тиленип,
Ичимдеги жашырылуу «дүнүйө».
Ошондуктан, кирер менен үйүмө
Далдаланып жеңемен,
Таңууну алып денемен –
Жаным азга жай табат,
Бирок калган таңган орду канталап...
Басынганда санаага,
Андан жадап бүткөндө,
Келем басып тоолор менен талаага,
Алар мени эркелетип чакырат.
Айлангансыйм мен анда
Көк жашыл жалбыракка,
Салкын жорткон шамалга,
Шылдырап аккан булакка...

## ТОГУЗУНЧУ МОНОЛОГ

Өткөн жери – окшоп заман акыры,
Өрт деген өрт – согуш жүруп жатыры –
Ойлоп тапкан «табылга»
Адамдардын атаандашкан акылы.
Салгылашып жатат анда кыштагым,
Өлгүсү жок,
Жашагысы бар анын.
Салгылашып жатат ал
Түгөткүчө эр-азамат адамын,
Сагынычы көрүнгөнчө жүзүнөн
«Аталаган» баланын.
Бүгүн башка мен тааныган кишилер,
Алар мезгил,

Сиркеси суу көтөрбөй,
Карыш түйгөн кабагын…
Бүгүн бөлөк жердештерим кечээги,
Алар жүрөт кыдырып
«Санаа» деген көчөнү.
Алар анда түнөшөт,
Анан туруп таң эртең
Жумушуна жөнөшөт.
Ал көчөдө жүрбөйт жалаң жаш балдар,
Анан дагы… нары чыгып айылдан
Жер томпойтуп жаткандар…
Келебиз, айыл арты тоону карай,
Бизди анда күтүп турат
Ал күнкү чала бүтүп калган сарай.
Келебиз –
Катын, кыздар мында бирге,
Аларга бригадир – мен.
Милдет көп бригадирде.
Бирок да турмуш деген көл эмеспи,
Толсо – бирде,
Бөксө – бирде.
Өгүзгө кош тең кылып жыгач арткан,
Аялга туш келебиз:
– Айтсаңыз, апкелесиз кайсы жактан?
– Ушул жерден…
– Бул биздин жыгачтар го сарай жапкан,
Жок баса, жаба турган?..
– Ишим жок сарайыңда,
Бул – отун жага турган…
– Коюңуз, азыр баарын түшүрүңүз,
Мындай иш – уяттыгын түшүнүңүз! –
Башталды эми балаа:
– «Түшүр» деп… муну кара!
А менде чиедей жаш алты бала,
Аларды багып турган ата кана?!

Анчалык мыкты экенсиң тапчы кана?
Балдарды кышта тоңуп өлсүн десең
Алгын, ана!..
Бул аял кыштактагы биздин коңшу,
«Күйөөсү курман болду согушта» деп,
Өткөндө «кара кагаз» келген болчу.
Андагы угузганы
Көз алдымда:
Жыйналып коңшу-колоң, туушканы,
Кокустан
Бетин алып салбасын, деп,
Катындар колун кармап турушканы...
«Эмне дейт?!» «Эмне дейт?!» – деп алды
менен,
Анан бир айкырыкты салды белем.
Жаш көлдөп жууп бетти,
Жазылып чачы кетти,
Тырмалап, чөптү жулуп,
Кудайга үнү угулуп...
Балдары, а тек гана
Тиктешти улутунуп:
Ата,
Нан,
Күн,
Турган эл –
Баары да унутулуп...
«Ырыссыз томаяктар,
Жуткула эми мени,
Жегиле эми мени!»
Томсорот балдар дале,
Айтат деп, апа нени?..
Аялды анча-мынча муздатууга,
Ар кимдер ар-ар жактан тил катууда:
«Кой, антпе,
Балдарыңда эмне күнөө,

Бар бекен элде боору бүтүн бүлө?
Кайрат кыл,
Андан бөлөк арга барбы,
Тагдырдын мындай катуу бүтүмүнө?!»
Биз эми бет келишип турушабыз:
– Кой, эже,
Ушу бир жыгач үчүн
Уялбай эми кантип урушабыз?!
– Коё бер, урушпасаң!
– Жок, болбойт, түшүрүңүз?!
– О, сексейген өлүгүңдү көрөйүн,
Мынча неге ызалайсың, адамды,
Өзүң таза кишидей –
Курсагыңа катып алып баланды?!
О, бети жок!..
Укпай калдым анан эмне дегенин,
Уктум жалгыз үнүн гана жеңемин:
– Ким бети жок, айтчы я?
Бүгүн сенин колуңа өлүп беремин!
Ал экөөн арачалап жүрүштү:
– Кой, мунуңар уят да!
Жети өмүрүм жер тиктеп
А мен турдум быякта...
Менин жаным
Карайлап сүзгүлөйт,
Денемдин дубалдарын,
Чыгууга жылчык карап.
Кемирип–кесип барат
Анын бул шыбыштары:
«Билет баары!»
«Билет баары!» «Билет баары!»

## ОНУНЧУ МОНОЛОГ

«Ач койнуңду Анын үйү –
Апаке, кат төшүңө эртерээк!
Өлсөм дагы сенде жатып өлөйүн!..»
Бурганактуу карды жалдап эртелеп,
Кирем анын үйүнө –
Боз дубалдуу жалпак тамга баягы,
Ошол гана өңдөнүп,
Жандын эмки коргоочусу, аяары...
Башка иш калып, эл жалаң
Мага көңүл бургансыйт,
Бардык көздөр кекетип,
Мени карап тургансыйт.
Кайсы жерде көп болсо
Мен айтылып жаткандай,
Кең дүйнөдө мен үчүн
Жер калбады баткандай.
Шырп эткенди кармаган,
Рация өңдөнөм.
Чың толгонгон комуздун үч кылымын,
Тийип кетсең –
Жаңырыктап жөнөгөн.
Олда менин ойлорум,–
Бирок ойлор жаралган го учууга,–
Мени болсо жерге матайт ойлорум,
Таш, коргошун уюткандай учуна...
«Ач, койнуңду Үй-Апаке,
Кыс төшүңө эртерээк!
Өлсөм дагы сенде жатып өлөйүн?!»
Кирип келип энтелеп,
Кулайм аркы төрүнө.
Сыздын жыты бурк этип,
Окшойт бул үй – терезелүү көрүмө...
Колум сунсам жумшак бир зат урунат.

Сыйпаласам кементай,
Ал жылкыга кийип жүргөн бир убак.
Тартып алсам кошо келет тумагы,
Кементайга түспөлдөш
Эмес беле бул дагы?..
Тоодон келип чече салып жөнөгөн:
«Азар болсо булар бир ай күтөр – деп,–
Ага чейин согуштун
Өзү деле бүтөр» – деп.
Жарым жылга айланды,
Согуш бүтөр башы жок.
Көптөн бери кат-кабар да байланды,
Кокус болуп калбаса экен, жазып ок?
Ушуну ойлоп жатканда,
Бүлкүлдөтүп бирөө түрттү капталга,
Бул ким? «Аа! Сен белең,
Менин ички мазмунум?
Келип алып жашыруун,
Болдуң өзүң себеби –
Көлдөгөн көз жашымын?
Келдиң неге дос болбостон, кас болуп?
Жетпей жатат беле же
Жерде кайгым аз болуп?
Кимсиң өзүң,
Чакырбаган коногум?
Ойлобогон, түрсө-карса келгенде,
Ошол үйдүн ээси эмне болорун?
Бирок да сен менден күчтүү экенсиң,
Мен канчалык муунтпайын, баспайын,
Күчөп алдың ансайын.
Акыры мен жеңилдим,
А сен – менин жеңүүчүм.

Эми буйруп жатасың,
«Жашагын, – деп, – мен үчүн!»

Аздан кийин айтасың
«Алып чык, деп, жарыкка!»
Башта мында келгендин
Баары бирдей жарып,
Бир сен куру калгандай,
Тура турбай,
Эмне шаштың мынчалык?
Мында бир күн тынч алып
Чыр-чатаксыз жашоо жок,
Жатышат мында адамдар,
Бирин-бири
Өлтүрүүгө жасап ок.
Кимсиң өзүң,
Эң биринчи түшүмүм
Кыйын күндө мага салган түйшүгүн?
Жакшылыгым болбо, сен?
Жамандыгым болбо, сен?
Бу жөнүндө бир белги
Берер болсоң, олдо сен?!»
Алда кимдин үнү чыгат жанатан –
Бу ким болду?
Балким өзү Там – Апам?
«Чыдамдуу бол,
Ошол жакшы, садага!» –
Жеңем туру терезеге карасам...

## ОН БИРИНЧИ МОНОЛОГ

А кээде мага мындай ойлор келет:
Адамдар бул күндөгү
Балалык баралында болсо керек?
Андыктан «Согуш» дагы
Аларча «оюн» делет?

Ал эми эстүү-баштуу чын кишилер –
Чоң кишилер,
Кийин келер?
Аларда «согуш» деген –
Айтууга болбой турган «Уят» делер?

## ОН ЭКИНЧИ МОНОЛОГ

«Апалап!» уулум тыштан ыйлап кирет,
Ыйына чоочуп кетет зыр деп жүрөк.
Жаш менен жуулуп алган эки жаагы:
– Каралдым,
Эмне болуп кетти дагы?
Айталбай ал өпкөлөп,
Жатыры дале өпкөлөп.
Акыры сүйлөйт араң,
Бир сөзүн бөлүп жатып бөлөк-бөлөк:
– Тил-де-ди ме-е-ни...
– Кимдер?
– Ба-а-лдар.
– Эмне үчүн?
– А-та-аң жок де-ейт.
– Бар, ал согушта дебейсиңби?
– Ат-ааң жо-ок дейт...
Түшүнүп жатам баарын –
Айткан балдар,
Үйүндө энелери айткандарын..
– Уят да «чоң жигиттин» ыйлаганы...
Кой, каралдым!
Айтышса «Атаң жок» деп эми дагы,
«Атам бар, ал согушта жүрөт» дегин,
Макулбу?
– Атам бар ээ, апа менин?
– Атаң бар, кагылайын...
– Атамды көрөм, апа? –

– Согушта дебедимби
– Согушту көрөм, апа?
– Согуш тиги алыста,
А балдардын да баарынын
Аталары согушта...
– Согушта жок дейт атаң?..
Эңгиреп ыйлайт анан...
Мен үчүн өлүмдөн да ушул жаман,
Эмне деп ишенте алам?
«Атамчы... атамды... –
Нан бер деп сурагандай сурайт балам.
Азыр да эч нерсе эмес – азыр жаш да,
Ал эми эс киргенде –
Айтары мындан башка,
Ойлоору мен тууралу такыр башка...

## ОН ҮЧҮНЧҮ МОНОЛОГ

Ар бир үйдү көңтөрүп,
Ичиндеги тирүүлөрүн бүт төгүп,
Кайра ордуна койгондой –
Кыштак калкы чогулган.
Жалпы сөз – жоо жөнүндө
Биздин жерде согулган,
Анан качып жөнөлгөн.
Анда дагы кууп жетип соңунан
Айдап кийрип аларды,
Жаткан улам өлүмгө –
Биздикилер жөнүндө...
Келген жоокер фронттон:
«Мына ошентип, аз калдык,– дейт,–
жеңүүгө!»
Ал кептердин ар бири бир күн болуп,
Тийип турган сыяктуу

Бардыгынын өңүндө,
Көбүнчө жаш балдарда.
Оюн азыр иштеп жатат аларга:
«Өздөрүнө мезгил тандай алабы?
Кези менен келишти алар дүйнөгө.
Жөп-жөнөкөй болчу алардын талабы –
Демейдеги балалык.
Балким, көптүр ал дагы.
Бирок алар согуш менен соттолду –
Күнөө кайсы? –
Үчүнбү же
Төрөлүшүп калганы.
Тетигинтип, согуш көзү жылтырайт.
Алар кийген кийимден –
Чоңойду алар,
Согуштун жеп кешигин.
Бирок баарын албас эле капарга,
Катуу, катуу сагындырып жиберет,
Жүргөн ата сапарда.
Алар азыр ырдашат:
«Атам аман келсе?..» деп.
Апалары каңырыгы түтөшүп,
Ыйласа да ал себеп.
Келген жоокер фронттон:
«Аз калдык,– дейт, жеңүүгө!..»
А мен ойлойм мындагы
Аял-кыздар жөнүндө.
Алар ана, олтурат
Бир-биринин далдасына жашынып,
Алар минтип келбейт эле бул топко,
Алып чыкты
Келген жоокер – жакшылык,
Алып чыкты күн ысыкта аларды,
Пальто менен плащка ороп жашырып...
Эми минтип

Жердеш жоокер алдында
Араң-араң олтурушат кысталып –
Таар-туур, жамаачысын «кысканып»,
Бул үчүн бир күнөкөрдөй өздөрү.
О, кыргыз аялы!
Бул жылдары түрүң жаман өзгөрдү,
Бирок калды кулк-мүнөзүң баягы:
Карапайым,
Бир сырдуу,
Кечиримдүү,
Уяттуу...
О, кыргыз аялы!
Сен да дайра сыяктуу,
Бир калыпта башталышы, аягы,
Канча бөлүп жатса да
Туура сууну, булакты
Сайга толбой акпаган.
Сен да дайра сыяктуу,
Өң, касиетин
өлгөнүнчө сактаган.
Тартып жүрүп бул жылдардын түйшүгүн,
Сени жакшы түшүндүм,
О, кең пейил кыргыз аялы:
Намыс десе – Сенде жан жок аялуу!..

## ОН ТӨРТҮНЧҮ МОНОЛОГ

Жеңиш келди!
Кубануулар өзүнчө эле – деңиз бир,
Толкуну калчап жаткан кишилерди.
Кыйкырды ойлор:
«Жеңиш келди!» –
Каткырды көздөр:
«Жеңиш келди!»
Бүт денеден жүргөнсүдү куюлуп:

«Жеңиш!», «Жеңиш!» деген гана бир сөздөр…
Төрт жыл бу –
Төрт караңгы тоннель болуп,
Ошондо жайдыр-кыштыр
Түнөп-конуп,
Адамдар,
Жаңы чыга калган өңдүү жарыкка,
Же кан катып,
Тил сүйлөбөй кеберсип,
Турган кезде «эми өлдүм го» дегенсип,
Туш келгендей тунук аккан арыкка,
Эл жеңишти шимиришти чакалап…
А согуштун өлгөн муздак денесин
Ыргытканы аңга сүйрөп алпарат.
Жай-жайына баштагы:
Суулар – сууга,
Жер – жерге,
Кишилерге – кишилер
Кайра кайта баштады…
Келди Жеңиш!
Бирок менин келбей калды күткөнүм,
Жазбай калдым
Тагдырымдын бүктөмүн.
Антсе дагы
Тынчтык менен бирге уктаймын мен эми,
Төштөрүнө аскаларды кысышкан,
Тоолор окшоп береги.
Көл сыяктуу,
Ташып жатып басылган,
Дүйнө жыйып эми эсин,
Көп чарчаган кол менен
Кармалап жатат денесин.
Эмне калды, эмне жок?
Ошол курдуу,
Өзүмдү аңтарып мен өзүм

Түгөлдөсөм – мен аябай тонолгом:
Кыз курагым,
Не бир жакшы үмүтүм,
Он жыл окуу – мээнетим,
Сүйүүм – баары жоголгон.
Аны менен дүйнөнүн
Кай кемтиги толду да,
Кай жыртыгы бүтөлдү?
Бир баланы бергениби ордуна?
Согуш мени ыргытты,
Жерге чапты, тепседи,
Калдыгымды жыйнап алды кайтара.
Согуш деген өрт эмес,
Өлүм эмес бир гана,
Согуш деген – жоготуу да, сагыныч да,
Угузуу да, көмүү да,
Көз жаш дагы экенин
Мен ошондо түшүндүм.
Согуш деген – өмүрлөрдүн караңгы
Жер тамдары, үңкүрү,
Түрмө менен мүрзөлөрү экенин,
Биздин жаштык ошого туш келгенин,
Ошондо жүрүп өлгөнүн,
Мен аябай түшүндүм...
Жарып тышкы челимди –
Кабыгымды өзүмүн,
Бул жылдары көп болду
Турмуш менен кезигүүм.
Аны менен алдым жакшы таанышып
Тең бөлүнгөн дарбыздай,
Бардык сыры, табышмагы жанышып,
Жатат мына алдымда...
Турмуш деген
Бир карасаң – жөн туруп,
Бир карасаң – сабаалаган сан булут,

Анан бороон – борошон,
Анан ачык көк асман,
Жылдыз, Күнү күлүңдөп,
Агы менен көзүңдүн
Тең айланып карашкан...

## ОН БЕШИНЧИ МОНОЛОГ

«Жок, мен – өзүм эмесмин,
Мен өзүмөн башкамын».
Анда – бу ким?»
«Баягы – мен»,
«Көрсө – тирүү экен да,
Аны менде өлдү го деп ойлогом?»
Ушул жерде бир өсүп, бир ойногон
Жигиттер жоодон кайтканда,
А сендеги өлгөн жаштык ойгонгон».
«Ошондой го, алар менен шарактап,
Бастым көпкө көчөдө,
Бий бийледим, ырдадым,
Анан кийин бирге олтуруп кечеде
Вино жуттум...
А жанагы мени талбай тиктеген
Кандай жакшы көз эле!
Ал эмне үчүн мени узатып келди да,
Кетип калды тез эле?
Ооба, баса, азыр – түн:
Жандын баары уйкуда,
Уктап жатат уулум да...
Уктагым жок мен бүгүн –
Кандай жакшы менин «башка»
болгонум!
Ушул азыр болсочу
Ал жанымда:
Кучактасам дейт аны

Колдорум,
Эркелетсем дейт аны
Сезимдерим,
Бекем кыссам дейт аны
Көкүрөгүм…
Жытын жыттап мас болгум келет азыр,
О, кудурет, берер болсоң, берер болсоң?!

Ал аңгыча…
Алда кандай жумшак кол
Сыйпап келет төбөмдү,
Сылайт анан чачымды,
Андан бери – мойнумду,
Ачат анан койнумду,
Кулайт анан төшүмө…
Мен куду түштөгүдөй:
Турам дейм – бут алынган,
Урам дейм – кол алынган,
Тилдейм дейм – тил алынган…
Качан?
Качан эле укканым,
Бул сөздөрдү – жалынган?
Качан эле сезгеним,
Минтип мени эркек эркелеткенин?
Төрт жыл мурда,
Өмүрүмдө бир ирет…
Жүрөк гана жүгүрөт,
Эми таппай айласын.
Жүрөк – желек,
Желге жаткан дирилдеп…
«Жаш жаныңды кууратпа!»
Дейт жанымда бир жаткан.
«Айланайын антпе!» – дейт,
Эски сүйүүм бир жактан.
Эмне калат жүрөктө,

Эки чокко бир жаккан?..
Ошол кезде «чыр» эткен
Үнүн угуп баламын,
Мен да чоочуп ордуман
Атып тура каламын:
«Жок!», «Жок!», «Жок!» –
Бир сөз гана болду ушу
Жаштыгыма мен акыркы аткан ок...

...Чыктым мына, архивимен өзүмүн,
Тарс эттире жаба коюп эшигин...
А мен ага киререде –
Мезгил туура бешим эле бул жерде,
Азыр болсо жарык Күн –
жалгыз «көзү» асмандын
Аны карап оозун ачкан асканын
Азуусуна кулаган –
Бышкан нандай ысык буусу буулаган...
А биз балам экөөбүз,
Карылардын бетиндеги бырыштай
Көптү көргөн жолдор менен келебиз...
«Бу жол эми качан кайра бир кошот,
Жөнөп жаткан балама,
Окуусуна, алыстагы калаага?»
Айтам ага:
«Кайда барсаң – айда бар,
Аман жүрсөң болгону
Алтын бооң менде бар».
«Алтын бооң» дегеним –
Сенин өскөн аянтың –
Топурагың – бу менин
Тереңиме жай алган,
Тамырларың эмеспи:
Сен башталган жерде токтоп мен калгам.
Калганымды кечиргем,

Сенсиң – учум, уландым,
Башка турмуш, башка шартка көчүрмөм.
Балам сенде
Биздин жердин ысык тийген күнү бар,
Сыдырым салкын түнү бар,
Көк чөбү бар,
Куштарынын тили бар,
Сууларынын үнү бар...
Баргын, балам,
Алпарган жол, кайра тууган жериңе
Апкелсе экен сени деп,
Жалгыз жарык үмүт менен
мен калам!»

*1968*

## АК ЖЫТТАР

### I

Эркин таштап денени,
Денем менен күн ичип,
Көк туланда жатам жуушап мен эми
Колдорум – жыйнап алган канат өңдүү,
Жатат эки лыптамда.
Денем менен сезем жашыл чөп жытын,
Беде менен жалбыздардын аңкышын.
Жаш кезден үйрү алышкан табиятым,
Мына эми мени менен
Коюндашып бир жатты,
Ойлорума серептетип ыраакты.
Саал ары жагымда,
Жатты дайра, күркүрөгөн агымда,
Ак жыттанып.

Мени мында жаткырып,
Менин жаным ойноп жүрү каткырып.
Жаным бүгүн ак көңүл да, март дагы:
Болгон бардык жер камын,
Тириликтин түркүм-түркүм түйшүгүн,
Элүү жаштын курагын,
Баарын эстен чыгарып.
Дайым минтет туулган жерге келгенде
Эсирип да тайраңдап.

**II**

Ачам радиомду,
Жаңылыкты угуу үчүн бүгүнкү,
Сөз ордуна жаңырыктайт музыка.
Равелдин «Болеросу» экен ал:
Сезимдер ип–ичке антенналар,
Мына бул чөптөр сыяктуу.
Тоо, талаалар аны тыңшап калышты,
Күүнү көздөй тартылышып алыскы.
Оркестр – калаа,
Зымдар менен трубалар калаасы.
Азырынча жым-жырт жатат ал калаа,
Көчөлөрү суу себилип, зымылдап.
Ал аңгыча башталды,
Жым-жырттыктан, тынчтыктан.

Те алыстан чыкты сыздап флейта,
Мукам созулуп,
Чыкты артынан кыл кыяк.
Жатты аңгыча башкалары боздошуп,
Жүрөк, сезим кылдарын бүт козгошуп.
Оркестр тегиз ойгонду,
Кылдар дирилдеп,
Барабандар кагылып,

Таруудай төгүлүп, агылып.
Алы келбей аны жыйнап алууга,
Флейталар ыйлап кирди үңүлдөп.
Аспаптардын чыры бүтпөй, талашып:
«Дүйнө – тар!»,
«Дүйнө – кең!»
«Дүйнө – тар!»,
«Дүйнө – кең!»
«Дүйнө – жалган!»
«Дүйнө – чын!»
Мында жок стихия,
Мында бар жалаң гана кайталоолор?
Гармония.
Мында көп уйкаштыктар,
Шимиргиле, андан көзү каткандар!

**III**

Эстегини улам козгоп чыгарып,
Тынбайт мына оркестр.
Экскаватор казып алып жаткандай
Жер алдында калган эски калааны.
Аны көздөй суулар да
Азыр эми тетир ага баштады.
Жаратылган жагын көздөп баштагы,
Куштар андан тетир уча баштады.
Кайтып жатат күн дагы
Батыштан кайра чыгышка.
Мына ошентип бизди апкелди кайтара
Же жетинчи,
Же онунчу кылымга.

Ар бир аспап жаңсайт узун кирпигин,
Көз жаш таштап.
Баары айтышат бир үндө:

«Өткөн эчен замандар,
Келген-кеткен адамдар».
Күм-жам болуп,
Күү-шаа түшүп, канча дүйнө кыйрады.
Анан дагы куланды,
Анан кайра куралды.

**IV**

Бул дөбөгө ат откоруп кыйшайып,
Бул очокко от жаккандар кайда эми?
Жер төшүнө катып алган аларды.
Анда эмесе, ал үчүн
Алкайбызбы, каргайбызбы жерди биз?
Адам өлсө, он күн албай койсо Жер,
Анда кантмек тирүүлөр?
О кой аны, айтпагын...
Төшү түктүү,
Тармал чачтуу, сакалдуу
Аман болсун асыл жер!
Тоо-ташта өскөн,
Жыты жыпар, дайым көк,
Жапелдес кыргыз арчасы,
Сени берген жерге мен кулдук урамын!

**V**

«Болерј» күүсү – өткөндөргө эстелик,
Жоготуудан жана дагы көз жаштан
Өнгөн дарак сыяктуу.
Бир убакта баары өтүп,
Кайра артына кайтпаган
Жол боюнда ал турат.
Биз адамдар,
Келатабыз тыбыштардан, үндөрдөн,

Тамандан тартып, баштагы
Ойлорго чейин, тынбаган.

**VI**

Диктор айтат:
«Равелдин «Болеросун» уккула?»
Ой-сезимдер жүрөт ошол тарапта.
Ал аңгыча, карап турсам тоолорум,
Айланыптыр ак чуудалуу төөлөргө,
Алар аккан сууларга –
Күмүш буйлаларга байланган,
Үстү-башы комдолуп, жүк артылуу,
Коңгуроо-шаңгыроолуу көч өңдөнөт.
Үстүндөгү жүктөрүн –
Адырларды, кырларды так көтөрүп,
Азыр мына туруп жаткан ордунан.

«Тарт алга!» деп айкырган,
Мен өзүмдүн үнүмдү угам байыркы.
Ал аңгыча, коңгуроолор жаңырды,
Көктөн торгой сайрагансып былдырап.
Каңшаарым жарып жаз жыты,
Кулагыма толду сан куш үндөрү.
Чубап кетип барат кербен – тоолорум,
Мезгилге сүңгүп, тереңдеп.
Алар ачып жаңы-жаңы сырларды,
Өздөрү да ошолордо жашамак.
А мен барам кербендин аккан теринде,
Мен белеги ал көчтүн
Биздин күнгө атайылап калтырган.
Ар күнү эртең менен ойгонгонум –
Бул дүйнөдө бар экеним сезгеним,
Бул турмушту кайра энчиме алганым.
Куттуу болсун, туугандар,

Ар күнкү аман-соо чыккан күнүң,
Аны көргөн учуруң!
Анткени:
Уйку – белес,
Уйку – ашуу.
Алдында милдетиң бар – андан ашуу.
Ашуунун ар жагында кала берет,
Кечээги жашап өткөн өмүрлөрүң.
А бүгүн сен өзүң үчүн
Башка-башка табылга издеп барасың.
Короолордон чыгарылган койлордой,
«Маарап» алыс узап үмүт, ойлоруң.
Эч ким билбейт бул кербен,
Эртең эрте кайсы жерде болорун.
Анткени, өтө алыстыктар тилине
Түшүнө албайт ойлоруң.

**VII**

Үмүттөр – качан болсо ишендиргич,
Үмүттөр – качан болсо убадакеч,
Үмүттөр – дайым ысык, оттон бетер,
Дайым кызык.
Алар бизди азгырып тууршат.
Алыс-алыс тараптардан көз кысып.

**VIII**

Жашыл парта, биздин үйдүн жанында,
Эртең менен күндүн чыгар маалында,
Мен көрөмүн бир чал менен баланы,
Топуракка чийим чийип олтурган.
Бала беште,
А чал, балким, сексенде.
Чалда го жок те баягы өткүр кези,

Курч акылы,
Көздүн жоосу.
Анын баарын кайра берип «ээсине»,
Калган сырткы формасы,
Көңдөй окшоп.
А баштагы анын ички мазмуну,
Аздан-аздан өтүү керек балага,
Бул жер менен биригип.
Ошондуктан чал айтат:
«Эсиңде болсун балам,
Сен да өткөрүп бересиң,
Башкаларга өз учуру келгенде...»
Тез жоголду балалык,
Тез жоголду жаштык андан беш-бетер
Алар кайда калгандыгын ким билди?
А менин жаш курагым,
Чоң согушта өттү-кетти бир ирет.
А бирок көкүрөктө изи калды,
Жүрөктө элеси калды.

**IX**

Бул дүйнөнүн не бир асыл сырларын
Сактаган алтын сандыктай,
Каухарларын тышка жайып түнкүсүн,
Шамалдатып алууга,
Жылдыздарын жайнатып,
Үстүмдө чалкыйт көк асман.
Жерде бардык адамдар,
Акыл курап кылымдардан кылымга,
Ачкан жалгыз эшиги –
Дарбазасы космостун,
Азыр эми тургансыйт желге шарактап.

## X

Мен – даракмын,
Каалабаган жапыстыгын,
Каалаган бийиктигин, калыңдыгын.
Каалаган мөмө берип тургандыгын...
Ырларым, силер менин мөмөмсүңөр,
А бирок аз төрөлүп көнгөнсүңөр,
Элдикиндей көп да эмес.
Бирөлөр алат, албайт,
Албаганга таарынбайм,
Мен аларга бөлөк тагдыр бералбайм.

Сен бараткан кан жолдо
Сүйүүлөрдүн станцасы заңкаят,
Кудум жүрөк формасында курулган.
Жүрөккө келип куйган тамырлардай,
Бардык жолдор аны көздөй апкелет.
Ал жерде дайым аптап,
Тургансыйт жалын каптап.
Өмүрдүн өтө кызык
Албууттанган кез да ал.
Ал жерде кубанычтуу табышуулар,
Ал жерде аянычтуу айрылуулар.

## XI

Көпкө жатып уктап кеткен экемин,
Баш көтөрсөм,
Ысык бир жак капталым,
Күн илеби ысыткан,
Түндө жатып жанымда,
Азыр гана туруп кеткен аялдай.

**XII**

Кетүүгө убак жетти,
Келем суу бойлоп:
«Самолетко белет алып,
Эртең эрте учуу керек «деп» ойлоп.
Кайыр кош, ак жыттуу ак дайрам,
Мезгилдерди,
Өмүрдү,
Адамдардын тагдырын,
Күү чалып тынбаган!
Башка да бир үмүт кууп мен барам.

Буйрубай калса кокус, сени көрүү,
Өзүм сени баарынан
Артык көргөн сезимди,
Балдарыма өткөргөм.
Сени мага атам да
Берген эле өткөрүп.
Ага берген анын дагы атасы.
Болсо да ойлорубуз бөлөк-бөлөк,
Болсо да мезгилибиз башка-башка,
Бир болгон сени чексиз сүйгөнүбүз...
Кайра өзүңө кайткыча,
Аман тур, ак жыттуу, алтын дайрам.
Өз артында калтырууга бир белги.
дүйнөгө келет адамдар...
Турмуш сен: ачуу белең, таттуу белең,
Кээде жөө, кээде дуулап аттуу келем.
Бирок мен башкаларга көз артпастан,
Мактанам ырдан бүткөн бактым менен.

## ЫСЫК-КӨЛ ЛЕГЕНДАСЫ

*«Менин кыялым ал мезгилди,*
*Көз алдыма мына минтип келтирди...»*

**(Зюков)**

Дем алып көлдө жаткан күндөрүмдө
Ар кандай легенда уктум көл жөнүндө,
Алардын бирин айтып бермекчимин,
Балким чын, же болбосо жалган мүлдө...

Ысык-Көл кай мезгилде болгон пайда?
Бир кезде көлгө чөккөн турак-жайга
Кимдер ээ болгон эле? Кийин алар
Тагдырдан көрдү эмне? Кетти кайда?

Так билген бир адам жок, тарых дагы
Айталбайт, демек күңүрт ары жагы.
Бар жалаң имиш менен легендалар,
Эмесе, биз бирине кайрылалы.

Жай күнү көлдө эс алган балдар менен
Жай гана жээк бойлоп басып келем.
Көл жатат күндөгүдөй шырп деп коюп,
Ал ыры айта жүргөн илгертеден.

Аңгыча кезигишти бир топ адам
Жонуна аппараттар аркалаган.
Чулп этип суу түбүнө түшүп кетип,
Шоп этип кайра сыртка чыгат анан.

Көрсө алар археологдор экен баары,
Эмне бар көл түбүндө – суудан ары,

Чалгындап, изилдешип жаткан экен,
Деле көп түпкүрлөрдөн тапкандары:

Бышкан кыш, бетинде бар оюмдары,
Караймын кармап алып колума аны!
Сырлардын өңү өчпөстөн ошол бойдон,
Мечитпи, ак сарайбы коюлганы?

Оюмда жөн гана эмес, жазуу окшойт,
Ариптер бир башталып, бирде токтойт.
Ар бири алда нени сүйлөгөнсүйт,
Дапдаана. Бирок гана жаны сокпойт.

А тиги суу жүгүрткөн темир түтүк,
Коюлган ким аркылуу, качан бүтүп?
Кана эми, тапкылачы, деген өңдүү
Тургансыйт ал да бизден жооп күтүп.

Бул болсо – жыгач түркүк чийимделген,
Мүмкүн ал курулушка кийин келген?
Ар кандай идиш жатат кумурадан,
Ар бири бирден суроо түйүндөлгөн.

Кеч кирди, күн алоолоп көлгө батып,
Нурларын ак толкундар алды катып.
От жагып, от боюнда олтурабыз,
Ал кезде археологдор аңгеме айтып.

Аңгеме дале болсо көл жөнүндө,
Алдына чөккөн калаа, эл жөнүндө.
Бири айтат; «Мына мындай ойго келем
Көлдөгү урандыны көргөнүмдө:

Балким бул чеби чыгар Темирландын,
Мен көрүп айланасын айран калдым,

Таманы бышкан кыштан жасалыптыр,
Караңгы подвал кылып анын алдын.

Подвалы, мүмкүн түрмө болгон чыгар,
Себеби, дале турган түркүктөр бар.
Түркүктөр – Ысык-Көлдүн карагайы,
Түркүктөр – кайың менен арча, чынар.

Неге алар чирип эчак жок болбогон,
Мезгилдин толкунунда токтолбогон?
Болсо эгер, Темирландын ак сарайы
Алдына канча эл келип топтолбогон?»

...Хафизи уктабастан кирпик кагып,
Таңында басып чыкты көлдү багып.
Жатышты адатынча көк толкундар
Жарышып улам кумдуу жээгин кагып.

Кечээси мына мындай кабар жеткен,
Улуу хан сапарынан алыс кеткен,
Кайрылып келатат деп көл тарапка,
Темирдин көп күндөрү бул жерде өткөн.

Көлдөгү аралчадан аппак сарай,
Төбөсү алыс кеткен көктү карай.
Мал союп, азык ташып, килем жайып,
Жарышып иштеп жүргөн далай малай,

Жээктен отун ташып, тынбайт кайык,
Кээ бирөө көк туланга төшөк жайып,
Үстүнө жаздык таштап, кайра жалп дейт,
А Хафиз басып жүрөт жалгыз кайып.

Эки жыл мындан мурда Самарканда
Хафизди чакырышкан Темирланга.

Сүйлөшкөн аны менен эмир жалгыз,
Үчүнчү башка бирөө албай жанга.

– Хафизи, сени мында чакырганым,
Дүйнөгө мен күн болуп чачырадым,
Дүңгүрөп жер жүзүнө даңкым кетти,
Бул кезде карып барам, качып алым.

Айтышат, сени адилет, чынчыл, түз деп,
Калыс деп, жер бетинен тапкыс издеп.
Эсимде эчен шахмат ойногонум,
Ар дайым уттуң, хан деп ойлободуң.

Урматтайм эрдигиңди, билимиңди,
Деген бар: бир билимдүү жыгат миңди.
Тарыхчы, ойчул, жазгыч сөзгө чебер,
Кана эми, катарыңа коём кимди?

Айттым го, карып кетип баратамын,
Андыктан көп ойлоном акыр жагын.
Мен өлөм, балдарыма калат түбү,
Мынча улуу мамлекетим, алтын тагым.

Андан соң балдарымдын балдары алаар,
Аларга менден толук калсын кабар.
Билишсин кылган ишим, эрдиктерим,
Сен жазгын – ушул милдет алдында бар.

Өрнөгүм калсын деймин өтсө көзүм,
Кана сен, кандай дейсиң, Хафиз өзүң? –
– Падышам, мени ашыра мактадыңыз,
Чамам жок эки дешке хандын сөзүн.

Бирок да айып этпей тыңшасаңыз,
Атагы элге тарап болгон аңыз,

Насреддин Омор менен Хиясадин
Турганда, биз каяктан мактанабыз.

Насреддин акылга бай, жоокер неме,
Билесиз, мындан аз жыл илгери эле,
Индустан Сизге кандай багынганын –
Эр өлүп, а кан суудай агылганын,

Өзүнчө дастан кылып жазып салган,
Сиздин чоң жүрүштөрдү албан-албан,
Жазышты Хиясадин, Низамудин,
Ашырып айталамбы мен алардан?

Темирлан: – Жакшы нерсе, жөнөкөйлүк...
Мейли алар өз алдынча жазды дейлик.
Даңкташты алар жалаң эрдигимди,
Андыктан кээде ойлонуп кетем кейип.

Жаштарга үлгү, насаат кылыш керек,
А жаштар андан таалим алыш керек.
Болбосо жалаң эрдик, жалаң жүрүш
Жазылып калган менен нени берет?

Хафизи, менин бардык тарыхымда,
Көрүнсүн, караңгым да, жарыгым да.
Ойлорум турсун дайым тирүү бойдон,
Беркилер libералбаган жарымын да.

Жакшылап бүтүш үчүн бул эмгекти
Не керек? – Сөздү Темир тереңдетти.
Хафизи түшүндүрдү: «Хан буйруса
Эркимби аткарбаска?» деген кепти.

– Бир гана тынчтык керек, мага ханым.
– Үй танда калаасынан Самаркандын,

Болбосо мындан алыс көл жээгинде
Бир жай бар, макул десең ага баргын?

Ал бүткөн көлдүн кооз аралында,
Толкундар ойнойт туш-туш тарабында.
Сен жазсаң, сенин дагы ой-кыялың
Толкундай ойнойт жазган барагыңда.

Анда өтчү эс алуучу кээ күндөрүм,
Көлгө окшоп эргип турчу көөнүм менин.
Казаттан кайтканымда барам ага,
Жөн болор сагынганда көрүнгөнүң.

Хафизи мына ошентип келген көлгө,
Беришкен ага атайлап эки бөлмө.
Бөлмөнүн айнектери көлдү карап,
Көл болсо сүрөп турат көңүлдү өргө:

Темирдин жоокерлери толкун өңдүү,
Капташып капарсыз тынч өлкөлөрдү
Бaратат кыйратып да, кырып дагы,
Калтырып жерде жалаң мүрзөлөрдү!

Мынакей, Турцияга койгон казат,
Темирлан душманына алдоо жасап,
Тыныгып тоодо жаткан жоо кошуунун
Түн менен сыр алдырбай келип басат.

А мында Темир сүйлөйт баатырларга:
«Ар бириң муну эсиңде бекем карма –
Жеңилген тарабыңды кордош болбойт,
Эрдикти эрдик сыйлайт, деген бар да».

Тек гана өзү айтканын өзү бузат:
– Крымда ак татарлар айдан узак

Кармашып, акыр андан жеңилишет...
«Эгерде биз буларга аёо кылсак,

Жараткан бизди кайдан кечирсин – деп,
Темирлан буркан-шаркан түшүп жиндеп:
«Баарынын башын ал! – деп буйрук кылат, –
Душманды кырып туруу – ыйык милдет!»

Мейли аял, мейли кары, мейли бала,
Боор оору, ылгоо деген болбой ага,
Беш күндө алты жүз миң адам башы
Ыргыган ал буйруган үчүн гана.

Хафизи жазып жатат кол калтырап,
Ар бир сап кандуу, кандуу из калтырат.
Ал эми ар бир мындай жүрүштөрдө
Жок болот канча калаа, канча турак?

Мына чеп, үч ай бою салгылашкан.
Кем болуп жатса дагы суудан, аштан.
Темирлан сунуш кылат: «Багынгыла,
Болбосо, өлөсүңөр жалаң ачтан.
Жаныңар аман калат» дегенден соң,
Сепилдин дарбазасын алар ачкан.

Темирлан: «Убадам бар баштагыда
Кан төкпөйм деген элем, башка мына
Көрсөтөр жазабыз бар, айдап барып
Тирүүлөй жерге көөмп таштагыла!»

Хафизи муну жазып калч-калч этет,
Бирде үшүп, бирде дени ысып кетет.
«Бул өзү шерменделик, айбанчылык!» –
Дейт дагы, андан аркы тарыхка өтөт.

Жатканда каршы урушуп Токтомушка,
Өтүнгөн кээ мыктылар: «Токтоңуз да,
Алыңыз Токтомушту – тартуу үчүн,
Андан соң тынчтык болсун ортобузда?»

Алардын катын алып окуп Темир,
Мындайча жооп берген тетир-кежир:
«Жек көрөм силер өңдүү чыккынчыны,
Баарыңды төбөңөрдөн урсун теңир!»

«Мунусу акылмандык» – Хафиз жазат.
Соңунда дагы чабуул, дагы казат.
Ар жагы Индустандан бери карай
Тынч элди басат кайгы, басат азап.
Темирлан өзү дагы айра билбейт,
Кайсы элди кайсылардан кылат азат.

Жапжалгыз эл алдына койгон максат –
Өз башын бийик кылуу, алыш атак,
Хафизи жазгандарын бир сыйра окуп:
«Хан менен ортобузда чыгар чатак?
Анткени, зулумдукту зулумдук деп,
Болгондой айтып салдым атын атап?
Мейли, эгер жакпай калса башымды алар,
Болбосо камап коёр байлап-матап».

Чырм этип кирпик какпай, ойлой-ойлой
Хафизи басып жүрөт көлдү бойлой.
А балким, окуп бербес жазгандарын?
Же башта жазамын деп албай койбой.

Болбосо жазган жокмун деп кутулар,
Темирлан неге алдайсың деп кутурар.
Жалганбы чындыкты жаз деп айтканы.
Алдабас, улук болсо сөзгө турар.

Темирлан келатыптыр деп укканда,
Зып этип көз алдыдан өттү ушулар.

Бир өлүм турат дечи, эрте-кечпи,
Хафизи окуганын оң деп чечти.
А кээде серепчилеп карап коёт,
Ханды алып кайтып келе жаткан көчтү.

Алиге көрүнгөн жок көч карааны,
Же бүгүн эрте келбей, кеч калабы?
Келет – деп чакчелекей түшүп жатат,
Ак сарай, сууда турган төрт тарабы.

Хафизи жазгандарын да бир ирет,
Карайм деп өзү турган үйгө кирет.
Караса анын баары ойдогудай,
Далилдер, окуялар тирүү жүрөт.

Замандын эскилери жер боортоктоп,
Зымырайт жаңылары канат күүлөп.
Акырын көл тарапка карайт дагы,
«Хафизим, жарайсың!» деп ичтен күлөт.

Антсе да мезгил өтпөйт, мезгил өтпөйт,
Мисалы, айга айланып ар бир мүнөт.
Аздан соң бир жаш малай кирип келди,
«Хан–эмир көл жээгинен көрүндү!» деп.

Дабырайт журттун баары аны карап,
Козголбой Хафиз гана үйдө калат.
Бул өңдүү тополоңдо ким бар, ким жок,
Ким эстеп, кимдер аны көңүлгө алат?

Бирөөнүн кадырына тизе бүкпөө
Башынан акындагы күткөн адат.

Аңгыча Темир келип түшүп калды,
Жарактар, ат жабдыктар шарак-шарак.

Темирлан миң кол менен келип түштү,
Баарында курал-жарак өңдөш түстүү.
Жанында жаш жары бар Бибиханум,
Карашы ай чырайлу, жылдыз жүздүү.

Толкунга толкун каршы агылышып,
Каптаган сан колдордой кагылышып,
Көл ташыйт, ак сарайдын айланасы
Жаткансыйт шыгыраган шагыл учуп.

Жел дагы ар кыл үндө улуйт, боздойт,
Кайдагы кейиштерди издейт, козгойт.
Бирок да үргүлөшүп тоолор уктап,
Же желдин, же толкундун алдын тоспойт.

Хафиздин көңүлү да дал ушундай,
Ыдырап уйгу-туйгу учат тынбай.
Селт этип башын өйдө алды жулуп,
Бирөөнүн доошун угуп мына мындай:

– Улуу урматтуу Сизди үйүнө чакырат?
Карай салса, эки көзү чачырап
Жаш кул турат, көөдөй кара чачтары,
Тиши жарк деп эриндери ачылат.

Хафиз аны да бир ирет карады:
– Атыңды айтчы, анан бирге баралы?
– Атым Ахмед.
Хафиз билет жөн-жайын
Ал бир туткун, Сириянын арабы.
– Канчадасың?
– Быйыл чыктым он үчкө.

– «Ата менен энесине көрүшсө
Кандай жыргап калар эле» дейт Хафиз.
Жаш да болсо жарап жүрөт көп ишке,
Отун жарат, чакалап суу апкелет,
Башкалардай кашаң баспай бат келет.
Кез-кезинде ата-энесин эскерип,
Ээн жерде ыйлап алат өпкөлөп.

Бала артынан бара жатып тарыхчы,
Аяп келет элсиз-жерсиз карыпты.
А өзүнө хан эмине дээр экен,
Тосом десе тосуп коёр жарыкты?
Ак сарайдын келишти чоң залына,
Эки жылы жашап жүрүп жанында,
Хафиз ага баш бага элек болучу,
Эми байкап көз жүгүртөт баарына.

Түркүм оюм дубалдары, таманы,
Күмүш идиш – идиштин эң жаманы.
Жаркылдашат өңчөй алтын столдор,
А килемдер – гүлдөн бүткөн жамалы,
Ак чынылар алтын менен кыналган
Жайнап турат столдордо жанагы.

Кызыл-тазыл дарайыдан пардалар
Миң кулпурат элп этсе көл шамалы.
Алтын тутка каалгалар зыңгырайт,
Күмүш менен капталып ар тарабы.
Ошол кезде эшик парда элп этти,
Хафиз токтоп нес болгондой карады.

Темир экен. Хафиз ага ийилип
Салам айтат:
– Э, Хафизи, аманбы?
Турам минтип көрүшкөнгө сүйүнүп.

Хафиз алдан көз жиберсе баатырга,
Баягыдан өзгөрбөптүр азыр да.

Ошол бойдон, өңүнөн да азбаган,
Эки жылы анын аты баспаган
Дүйнөдө жер калбагандай болсо да.
– Кана, Хафиз, белек болсун бул сага, –
Темир ага алтын калам карматат.
«Ыракмат» деп чөнтөгүнө ал катат.

Анткени анын бар көңүлү Темирде:
«Өскөн неме теңтуш болуп теңирге,
Бүгүн мени соттоор экен кандайча?
Ыраазы элем жазаласа өлүмгө,
Жалгыз гана калса жазган эмгегим –
Акыйкаттуу өкүм бул хан жөнүндө».

Темирландын катталып бет чийими,
Бир ийнинен бийик бир жак ийини.
Он, колунун аты жогу бүгүлбөйт,
Ошол колу билегинен ийилүү.
Мунун баары бүлүнгөн дейт урушта,
Анан эптеп койгон дешет, бир уста.

Эки көзү күйүп турат от болуп,
Кан ичпеген бир да күнү жок болуп.
Көнгөндүктөн алар чоктой кызарар?
Балким жашы калгандыктан токтолуп?
Оң жагынан сылтый басып барды да,
Тура калды терезенин алдына. –
– Бороон менин карт жүрөгүм жашартат,
Азгыргансыйт азыр дагы ал мына.

Кана, Хафиз, кандай өттү күндөрүң?
Алыс болуп ал-жайыңды билбедим.

Бирок тагдыр марттык кылып койду эле,
Бүгүн кайра өзүң менен биргемин.

Кандай болду жазып жаткан эмгегиң?
Бир себеби ошол болчу келгеним.
– Жазып бүттүм.
– Кубандырып жатасың,
Карып калган жүрөгүмдү сен менин.

Кийин келчү муундардын көөнүндө
Кандай өрнөк калат Темир жөнүндө?
Уккум келет... Ойдогудай чыкса эгер,
Уктаар элем мен тынч алып көрүмдө...

Ал аңгыча залга толо баштады,
Ак сарайдын сыйлуу кары-жаштары.
Хан олтурду пар төшөктө жамбаштап,
Көнүп калган адатынча баштагы.

Төр жактагы конокторду бет алып,
Өңчөй алтын чараларга эт алып,
Улам чууруп келип жатты малайлар,
Шарап сунат, шербет куят далайлар.

Сөз токтоду, кирди баары тамакка,
Казы-карта, чучук батпай табакта.
Өзү гана үн катпаса Темирлан,
Баары үн катпайт, олтургандай абакта.
Бирок Темир баштагыдан жайдары
Кубанч-күлкү, учуп-конуп кабакта.
Аздан кийин ал мындайча кеп салат,
Индияда, анан Кашмир тарапта
Аш-тамакты кандай кылып беришет,
Кандай карайт түркүм салтка-адатка?

Эске салып ар кимиси ар ишти,
Олтургандар дуулап кызып алышты.
Аны сезип Темир баарын таратты,
Эми жалаң Хафиз экөө калышты.

Жолто кылып койбос үчүн буларга,
Житип кетти малайлар да, кулдар да. –
Мен Кытайга казат ачсам деп турам,
Жүрөктө али ырдай турган ыр барда.
Мүмкүн, Хафиз, сенин жазган тарыхың,
Жөлөк болор бул ишине карынын?
Анда кээ бир кемчилигим көрүнсө,
Аны оңдошко дилгир элем көбүнчө?
Дайым өткөн каталыкты эскерүү –
Демек аны жаңыртпаска сөз берүү.
Кана, Хафиз, эми сени угалы,
Ойдон такыр алып таштап өңгөнү?

Шатыратып Хафиз окуп кирди эми,
Күш-күш этип көлдүн гана бир деми
Угулсансыйт, башка эч нерсе угулбайт!
Темир ойлуу: «Болгон баары илгери».
Элдин баары эчак кеткен уйкуга,
Уктабаган чанда гана бирлери.
Үргүлөшүп күзөттөрдө турушат,
«Чычкан жойлоп өтпөсүн» деп тырышат.

Дүйнө тынып Хафизде эки кулагы,
Тынбай чууруп агат тарых булагы;
Мына чабуул, тынч эл чур деп ыйлады,
Ага болбой баштар топ-топ кулады.
Окуйт Хафиз чарчаганга карабай,
Угат Темир аны жаны жадабай.
Олтурат ал: «Токтот, жетет!» дебестен,
Нес болгондой алып жаткан элестен.

Түн түгөнүп, таңга такай баштады,
Көлдүн айы батып ары белестен.

Хафиз окуйт саптан-сапты кубалап,
Уккан сайын Темир күлдөй кубарат.
Ал аңгыча таң агарат чыгыштан,
Жалп деп дароо күздүн түнү куланат.
Анткен менен бир мүнөткө токтобой,
Окуу али, окуу али уланат.
Эми жайнап Күн да чыга баштады,
Хафиз бүтүп, барактарын таштады.
Ошол замат Темир туруп ордунан,
Үн катпастан акырын-жай басты ары.
Мындай деди кайра артына бурулуп:
«Өзүмдөгү эрдик менен улуулук,
Жакшылыктар, жамандыктар бүт бойдон
Куралдарга чейин жүргөн урунуп,
Калбастан бүт адилет, чын жазылган.
Унутулуп бир окуя калбастан,
Эл, жер, өлкө мага бир кез басынган
Баары жүрөт, баарынын жок жалганы,
Көп чабуулдар, кан төгүүлөр андагы...
Сени калыс, сени адилет дечү элем,
Бул баамдан жаңылбапмын кечээ мен.
Бирок чындык болгон менен окуяң,
Билгин, Хафиз, мен муну ойлоп олтурам:
– Өлгөн менен тирүүлөрдүн ичинен
Бул эмгекти болбос керек окуган. –
Жазган тарых жатат эле жанында,
Алды дагы урду жанган жалынга.
А жалындын эмне иши бар ким менен,
Жалмап жатты örттөй кызыл тил менен.

Хафиз үнсүз карайт аны таң калып
Жаткан өңдүү өрт ичинде жан калып,

Сүйлөйүн дейт, оозуна сөз илинбейт,
Өңүбү же түшүбү, тек билинбейт.

Күлгө айланды эки жылдык эмгеги,
– Ханым, сага айтмак элем эмнени?
Чынын жаз деп тапшырдыңыз, жаздым мен,
Билбейм эми күнөө кайсы мендеги?
Басып келип Темир айнек тараптан,
Хафизинин далысына алакан
Коёт дагы:
– Чындык экөө дүйнөдө,
Аны өзү да жакшы билет жараткан.

Анын бирин эл оозунан түшүрбөйт,
Айтып жүрөт, чынды чын деп түшүн, дейт.
Экинчисин – эл бүт билип турат да,
Ооз ачып айтпайт эч бир убакта.

Эл башкарып, элди теске салууга
Жарайт жалаң экинчисин алууга.
А экинчи чындыкты айткан кишини –
Керек жалаң келесоо деп түшүнүү.
– Сиз сыяктуу биринчисин айтсак биз –
Калп айтабыз, анда ханым, кантмекпиз?
Темир азга өкүнгөнсүп калат да,
Жакыныраак келип Хафиз тарапка:
– Мындай кепти балдарга айтсак ылайык.
Деп ууртунан күлүп койду жылмайып.
– Мен батышка бара жаткан кезимде
Жолдон уккан бир окуя эсимде:
Ошол жакта илгери бир хан болот
Оңурайган тырыгы бар көзүндө.
Ан үстүнө төкөр экен аягы
Олтурат да ойго келет баягы:
«Башка эч нерсе калганым жок арттырып,

Эч болбосо сүрөтүмдү тарттырып
Калтырайын». Тапшырган дейт бирөөгө
Сүрөтчүнүн эң мыктысын таптырып.
Тапкан уста ойдогудай тарткан дейт,
Хан мүчөсүн дал өзүндөй так кылып.
Колуна алып карап туруп хан аны
Дарга астырат сүрөтчүнү жанагы.
Анан кийин экинчисин алдырат,
Анын тарткан сүрөтүндө деле хан
Карап калган тырык бойдон жалдырап.
Анын башын кылыч менен чаптырат.
Дагы үчүнчү сүрөтчүнү таптырат,
Анын тарткан сүрөтүндө хан атчан
Жоону көздөй жебеден ок жаадырып,
Сан кол баштап алга кетип бараткан
Кези болот. Жакшы сүрөт экен деп,
Мактап жатып муну кабыл алат хан.

Неге десең, анын бардык майыбы
Далдасына калып калган көрүнбөй.
Ал гана эмес, алган жары – зайыбы
Сүйүнгөндөн дешет көпкө ыйлаган.
Эч убакта эч кимге ыраа кыйбаган
Атын берип хан устаны сыйлаган.
Хафиз, эми түшүндүңбү сен мени?
Мен да ушундай ойдо жүргөм кыйладан…
Биз билбейбиз андан аркы аягын,
Темирландын өмүр жолун – баянын.
Хафиз кайра оңдоп-түзөп жаздыбы?
Же кол шилтеп, укпай тетир бастыбы?..

## МЕЗГИЛ ВОКЗАЛЫ

Кетти лайнер,
Бошонгондой байлап койгон жеринен,
Жанын сабап зыпылдап,
Тип-тик кайкып,
Мейкиндикке ийне катар тепчилип.
Алдыда калып жаткан карайм жерди,
Иллюминатор – менин көздөрүм,
Жер – дүйнө улам бүлбүлдөп,
Аэропорт менен кол булгап,
Алыстап кала берди.
Жээкти урган,
Үксүйгөн толкундардай,
Төшү менен лайнерге келип бир тийип,
Кыйрап калып жатышат
Аба каракчылары –
Жапайы булуттардын кошуундары.
Урандылар арасынан
«Жылт» дей калып күмүштөр –
Күн сыныктары.
Лайнер кетти үстүдөн күндү табууга:
«Жол бер күнгө?!»
«Жол бер күнгө?!»
Реактивдер күркүрөшөт бир үндө.
Мына океан – кең асман,
Жап-жарык,
Жашыл,
Кыйырсыз…
Кеме мисал деңизде сүңгүп бараткан,
Мезгил боорун үңүп-кесеп,
Баратты лайнер максатка.
Пропеллер диркиреп,
Чакырымдарды түрүп кирди өзүнө,
кино тасмаларындай.

Лайнер!
Лайнер!
Сени ойлорум жараткан,
Ойлорумдай уч ылдам!
Бирок окшойм арабада бараткан –
Шашкандыгым ушунча.
Атам жатат өмүр-өлүм чегинде,
Тирүүсүндө көзүн көрүп калсам дейм...
Улам мени алып кетип санаалар,
Өзүнүн өзөн, сайында,
Кокту-колотторунда,
Эсимдин музейлеринде,
Алып жүрүп кыдыртып,
Чарчаганда кайра апкелет лайнерге.

Бир оокумда, карай салып алдымдан
Тоолорумду көрөм мен.
Алар мени таанышып,
Тура-тура калышкансыйт ордунан.
Ушунчалык бийикте,
Реактивдин үндөрү да мына эми
Кулагыма куюлат,
Сай жарып өкүргөн тоо сууларындай.

О, тоолорум!
Силер менин башталгам да түпкүрүм,
Бүгүнкүм да эртеңим.
Ошондуктан өлгүчө
Жалаң гана сенин күүң чертемин.
Силер менин сыймыгым,
Жүгүнгөндү, багынганды билбестен,
Билген жалаң какыйып типтик турганды.
Дайым мага өз үлгүсүн көрсөтүп.
Өлгөнүмчө карыздармын мен сага,
Өз төшүңдөн сууруп бердиң сен мени

Бул дүйнөгө.
Адырларың, кырларың
Мени ойнотту мингизип өз мойнуна.
Таңдан-кечке күн ичип,
Дыңкыйышып ток жатышкан түздөрүң
Азык болду менин тентек оюма.
Жылгаларың – сагынычым эмеспи,
Энем окшоп, төшүн мага жыттатчу.
А сууларың –
Бешик ырым эмеспи,
Мени акырын термеп жатып уктатчу.
Сенде жаткан ар бир таш,
Өскөн ар чөп, ар жалбырак,
Же болбосо, кудум комуз кылындай,
Дирилдеген те-тетиги жаш булак –
Баары менмин,
Мен алардан бүткөмүн.
Болбосо ачып карачы,
Мезгил менен табияттын бүктөмүн?!
Сени менен байыркы
Бабаларда жолуккам,
Сени менен кийинки
Урпактарда жолугам.
Өрүшүңдө багылган менин ойлорум,
Чууруп чыгып, чууруп түшүп турушат,
Окшоп сенин жайыттагы койлоруң.
Башка жакта жүрүп кайра кайтканда,
Чокуларың күндүк жерден көрүшөт,
«Келатат!» деп моюн созуп карашып.
А сууларың алардан жол талашып,
Агып келип алдыма,
Итиң өңдүү шыйпаңдап,
Ойноп турат аягыма жыгылып.
Өзүң мени бекем сыга кучактап,
Оң төшүңө,
Сол төшүңө бир кысып,

Кое бербей көпкө жыттап каласың,
Эне жаңы көргөндөй,
Сагындырган баласын.
Жаш бир топко барса да,
Жаш баладай мен сага.
Анда эмесе, айланайын тоолорум,
Ылдамыраак кондуруп ал лайнерди.
Силердей карт атамдын,
Акыркы айткан сөзүн угуп анан да
Көзүн көрүп калайын?
Түгөндү чакырымдар,
Калды метрлер…
Токтоду лайнер…
Токтоду жер…

**II**

Мына
ал жатат төшөктө,
Эки фронт,
Эки бирдей армия:
Үмүт, өлүм
Турган чагы таймашып,
Үй ичинде, бөлмөдө…
Ушул үйдө өмүрүнүн көбү өткөн,
Койчу кечте камагандай койлорун,
Буга түндө камаган өз ойлорун.
Аны менен бир уктап,
Аны менен бир ойгонгон бул үйдө:
Планета,
Өзү иштеген талаалар…
Бүт дүйнө…

Мында азыр менин баардык жакындарым,
Алар мени үч күн катар күтүшкөн,

Келсем эле бир жакшылык болчудай,
Аларды бул бөлмөгө байлануудан,
Бул оорудан мен бошотуп,
Кайтарчудай демейдеги жөн күнгө,
Менден үмүт күтүшкөн.
Болотко мындай турмушта,
Айрыкча кыйын кездерде,
Жакындарын жөлөк кылат адамдар,
«Тең бөлүшүп алат, дешип кайгыны».
Өзүмдүн балалык бүт сезимдерим,
Сүйгөндүгүм,
Аяганым атамды,
Жапа тырмак дүргүшүп,
Каршы барып өлүмгө,
Бирок көрүп, атамдын ал-авалын,
Кайра кайтып жатышты,
Салгылашта кыйроолорго учурап,
Чегинишкен жоокерлердей бириндеп...

Акырын сурайм андан:
– Алың кандай?
– Жакшымын...
Үшүнтүп жооп берет, өлүмдү моюнга албай,
О, силер, тоонун эски кишилери,
Кеселди кандай оор болсо дагы,
Көтөрүп жүрө берип өзүңөрдө,
Өмүрдүн эң акыркы минутунда,
Аргасыздан жатасыңар төшөккө!
Ошондо да «жаман» дешке
Барбайт такыр оозуңар.
Бул сыяктуу туруктуулук
Тоодон жуккан силерге,
Силер дагы өзүңөрчө тоосуңар.

**III**

Терезеден – жарыктан
Көзүн албайт,
Көздөрү,
Тирүүлүккө житире урган чегедей.
Көзүн жумбайт, жумса эле,
Көргө дароо «күп» деп кулап кетчүдөй,
Көздөр!
Көздөр!
Байкоого алып дүйнөнү,
Коркунучта жагылуучу сигналдай,
Турат эч бир кыймылсыз,
Бир нокотко байланып.
Бата турган күн болгусу келишпей,
Чыга турган күн боюнча калсак дейт.
Алар – күндүн сыныктары адамда,
Денедеги жарыктын терезелери,
Аларсыз адам караңгы.
Азыр эми бул көздөр:
Жетимиш жыл жерде калган өмүрдү,
Баштан баардык өткөнүн,
Жыйган менен тергенин,
Акыркы ирет өлчөп жатар а мүмкүн?!

Кадырлуу ата-бабалар:
Жер абийрин өздөрүндө сактаган,
Жер максатын бизге чейин жеткирген!
Болсо дагы бир кезде,
Түнт, караңгы,
Момун, жоош,
Максатына келгенде,
Темирден бетер көгөрүп,
Аскалардын төшүн жарып өлүү үчүн бараткан

Биздин жердин сууларындай
Өжөр, көк жал болушкан.
Алар көрсө өзүнчө
Тоо-талаанын пайгамбары турбайбы,
Колу менен кармаса да куурайды,
Кармагандай жердин күрөө тамырын.
Алар тытып окушкан
«Жер» деген укмуш китепти,
Аны менен сырдашкан жердин тилинде.
Ал китепке жазышкан,
Өздөрүнүн ой-санаасы,
Үмүттөрү тууралуу,
Өздөрүнүн өмүрлөрү тууралуу.
Жазышкан адатта жок калам менен:
Аттарынын төрт туягы аркылуу,
Буурусун, соко аркылуу…
Жердин өлбөс дастандары өңдөнүп,
Ал жазуулар бизге кымбат ар дайым.

**IV**

Адам уулу келип жатып дүйнөгө,
Эң биринчи жерди табат эмеспи,
Данек окшоп жаңы, жаш
Айдоолорго ташталган,
Умтулган күнгө, жарыкка.
Дарак мисал,
Тамырларын жерге терең жиберип,
Түшкөн жерде түбөлүккө калууга,
Дүйнө менен турмушка,
Ошол жерде туруп чалгын чалууга.
Кетеринде жөн кетпей,
Изин таштап кетүүгө,
Айтор артта калтырууга бир белги,
Дүйнөгө келет адамдар…

Адам деген өзүнчө эле калаа бу,
Көчөсү бар –
Кенен дагы тар дагы
Борбору бар
Бар жана чет тарабы.
Эскилери бузулуп,
Кеңип жаткан жаңы үйлөрдүн тармагы,
Жарык, күңүрт жагы менен андагы,
Адам деген – калаа бу,
Орток, жалпы окшоштуктан тышкары,
Ар киминин өзүнчө го талабы.

Жашагандан коркпостон,
Коркот ага кечигүүдөн адамдар...
Бул берилген мезгилде
Өздөрүнө из жасап,
Тык-так!
Тык-так!
Сааттардын жүрүшүнө үн кошуп,
Тыным албай иштөө керек кадамдар,
Ошон үчүн жаралабыз адамдар!

Үмүт кууп олтуруп,
Чама келбейт билишке:
Кандай болуп келгенин
«Өлүм» деген финишке?
Алыкул акын айткандай:
«Бал жуттумбу, кант жуттумбу
билбеймин».
Бул турмуштун асылдыгы ушул да.
Тирүүлүктө билинбей,
Туулуп өскөн жер менен
Кош айтышаар учурда,
Көз жаш төгүп буркурап
Араң кетет турбайбы,

Артын карап миң кылчак,
Анан кетет турбайбы.
Жер эскерип калат бирок жокторду.
Өчүп-жанып бара берет ушинтип
Планетанын «адам» аттуу оттору.

**V**

Чукул келем керебеттин жанына,
Тып-тынч жатат, баягыдай кыйналбай.
Балким ойлоп жаткандыр;
«Мен кандайча жашадым?
Пайдам жерге тийдиби?
Кандай кеп-сөз калат менин артымда?..»
Жок, кайтара өлүм кыстап келдиби,
Онтоп улам, тынчы кете баштады.
Бутактарын ийип, кайрып сындырып,
Өзүн жерден такыр суурун салууга
Келе калган катуу бир
бороон менен жулкулдашып кармашкан
Кары дарак сыяктуу...

Өлүм менен күрөшүү –
Ар адамдын бир өзүнө тийиштүү,
Колунан келбейт эч кимдин,
Кийлигишип, болушуу.
Атаганат!
Эч жардамым тийбегенге өкүнүп,
Мен алсызмын, менде такыр арга жок,
Ичим толо үнсүз гана жаңырык,
Жер жүзүндө болгон бардык кайгылар,
Боздоо менен көз жаштар,
Мага толуп алгандай,
Араң эле тургансыймын жарылбай...

Көптөн көнгөн таянчым
Бүгүн такыр жулунуп,
Жерди көздөй бараткансыйм жыгылып.
Бет алдым жол,
Анда тынбай кетип жаткан адамдар,
Алардын өзү көрүнбөй,
Көрүнөт тек кадамдар,
Кичине, чоң кадамдар –
Адамдардын арышы.
Клавишаларда чуркаган колдор окшоп
Тынбайт жарышы.
Тык-так!
Тык-так!
Кыйкыргым келет аларга:
«Токтогулачы, кишилер,
Токтогулачы бир азга?
Мени менен болбойт неге ишиңер?
Же болбосо баары бирби силерге,
Кимдер кимден айрылуу?»
Ошол кезде мендеги мен кулагыма шыбырайт:
«Жер жобосу бир эмеспи баарыңда,
Турмуш өзү орток болгон менен да,
Ар бирөөнүн ый-күлкүсү ар башка.
Алар – анын жан баралбас аралы,
Кыял өңдүү колго урунбас дүйнөсү».

## VI

Айланат дөңгөлөктөр.
Бараткансыйт шилтелип,
Дарактардын буттары да ширидей.
Кайда?
Кайда шашат
Жаратылыш,
Адамдар?

Жаңырыктап жатат күү,
Жол кылдарын черткен сайын кадамдар.
Тык-так!
Мезгилдин чотун каккан сааттардай,
Аралыкты аздан кертип
Баратат ал кадамдар,
«Тык-так» эткен дабышында жаңырып.
Айрылышуу кайгысы,
Жоготуулар арманы.
Табылуулар,
Жолугуулар кубанчы.
Баратышат кадамдар,
Кадамы бул кылымдын...
О ойлорум, мерезим,
Сенин кыйрың каякта,
Мени азгырып, мени ээрчите бересиң!..

Атамды карайм,
Ал өлүмдөн жалбарып сурап жаткансыйт:
«Мен эми, өлүм сеники,
Мүмкүндүк бер, кош айтышып калайын,
Жер-суу менен,
Тоолорум менен тетиги...
Жытынан куя кетейин,
Өңүнөн сүртө кетейин,
Үнүнөн жутуп алайын?
Канбай кетип бара жатам, кантейин!..
Олдо менин кагылайын жерим ай,
Сени көрбөй,
Сенин муздак койнуңда,
Кантип жатар экемин...»

**VII**

Дайым тынбай, чарк айланып дүкүлдөп,
Жер шары окшойт,

Өзүнчө бир эшелон,
А биз мына аны менен жөнөлүп,
«Мезгил» деген вокзалды издеп барабыз,
Бир убакта,
Аттанганбыз ошондон.
Учур жетсе буйрук келет: «Түшүп кал!»
Башка олтурат ал орунга,
бошогон.
Дайым жолдо,
Дайым тынбай сапар чегет эшелон,
Ар кандай өмүр ташып,
Тагдыр ташып,
Ал үчүн жанып жылдар, жалбыртташып.
Чарк айланып чабат состав,
Чабат тынбай эшелон.
Ыргыйт күндөр,
Ыргыйт түндөр,
Атылып турган мылтыктын
Жездериндей бошогон.

## ЖАҢЫЛ МЫРЗА

### I

Кыргыздын уланганы, үзүлгөнү,
Көз жашы, көргөн бир аз үзүрлөрү
Калыптыр байыркыдан белги болуп
Тоо-ташта биздин жердин жүзүндөгү...
Айтышат: «Боз жоргонун изи» дешип,
Бир изди Ат-Башынын түзүндөгү.

Боз жорго учкан куштан чапчаң белем,
Жаңыл да ага ишенип качкан белем.
Казандай кантарылган бул чымдарды

Төрт туяк апчып алыс чачкан белем.
Келаткан кызын көрүп: «Кир эрте!» деп,
Какшаалдын тоолору эшик ачкан белем.

Мен келем ошондогу издер менен:
Башталып алгач мейкин түздөр менен,
Адырлап, кырлап барып өтүп кетет
Жактарга биз барбаган, биз көрбөгөн.
Жаңылды анда көргөн аскалар да
Турушат ошол бойдон өзгөрбөгөн.

А баса, алар мага дем беришкен,
Башта эле колдо барын тең бөлүшкөн:
Кышкысын Ысык-Көлдө, кишилердей,
Ачыккан чардактарга жем беришкен.
Мен гана батыналбай жүргөм өзүм,
Жаңылдын эрдигине тең келиштен...

Бир убак кулун жаткан желе сындуу
Издерди – сенин ошо керээзиңди
Жер сактап кылымдарга апкелгени –
Ошол да эскергени эл өзүңдү!
Мына эми, мен да бүгүн келип турам,
Болсо деп «Ак-Мөөрүмө» эже-сиңди...

Турганда журт кыйналып-кысталууда,
Жок десе, узак эмес, кыска жылга...
Анан да: «А сен койчу, аялсың» деп,
Барбастан басынтууга, кызганууга,
Ыракмат жол беришкен бабаларга
Жаңылдай жолборс жүрөк кыздарына...

Анда да кеч күз экен дал ушундай,
Ал кездин сыр алышкан таанышындай,
Каман-Суу биз билбеген бир тил менен
Жөнөтүп жаткан эле агышын жай.

Аңгыча жаңырыкка толду айлана
Учкан ок, кылычтардын чабышындай.

А түгүл куугун мына, уу-чуу мына,
Аттарда жер жарылтып учуу мына!
Аралап андан берки көп заманды
Эрдиктин өлбөс алтын учугуна
Окшогон Жаңыл кыздын жаш элеси,
Түз кирип келет ушул учурума...

Акындар, улуу-кичүү удаалашкан,
Кетишти Жаңыл изин кубалашкан.
Анткени, эрдик даңкы, өмүр жолу
Ар кимдин кыялына кумар ачкан.
Акындын ага койгон эстелиги,
Турса дейм кылымдарга кулабастан.

А менчи? Чапкан кезде күлүктөрдү,
Дүңгүрөп жакын келсе дүбүрттөрү
Ал эмес байлоодогу аттын дагы
Тыпырап төрт туягы үңүйт жерди.
Мен ошо... ал дүбүрткө кеттим кошо,
Мейли эми, жөн койгула үмүткерди...

**II**

Кең конуш Каман-Суунун башындагы,
Тулаңдар коюу дагы, жашыл дагы.
Аз болсо алты жүздөй үй тиктирип,
Атагын бир кылымдан ашырганы,
Аалы бай той өткөрүп чакырган дейт
Кыргыздын карысын да, жашын дагы.

Жан батпайт Ат-Башынын талаасында,
Журт билген берендери арасында.

Улуттун эки тизгин, бир чылбыры
Турса да эчен колдун талашында,
Баш кошуп бир пикирге келген алар
Бул тойдон чыр-чатаксыз тарашууга.

Анан да көптүн байкап баалашында,
Айып жок тартып жаткан Аалы ашында.
Не түркүн оюн-күлкү, таң-тамаша,
Баары да барсаң-койсоң каалашыңда.
Өмүрдө, Көкөтөй кан берген аштын,
Кыргызда калган атак-каадасында.

Бул тойдун уруулда жок сулуулары,
Бир башка үлбүрөшүп туруулары.
Кокустан кыймыл этсе шылдыр-шыңгыр,
Үн катып бойдо мончок-шурулары,
А бирок жигиттерге, жигиттерге
Урунуп көздүн бир жак кыруулары.

Ал эми ат минишкен уландары,
Шынаарлап кыз-келинге улам ары
Жүрүшөт, эптеп эле шылтоо издеп,
Сүйүүдөн ууртап алып ууланганы.
Кокустан көзгө-көздөр урунушса,
Аз калып «топ» деп аттан кулангany.

Күлбө, дос, а сен күндө майрамыңда...
Ал кезде көрүшчү экен айда-жылда.
Анткени, жалгыз-жарым боз үй болуп,
Жай-кышы жашап жүргөн сайда, кырда.
Андыктан көз караштар көк куш болуп
Жаштыктын асманында айланууда.

А мүмкүн «жемин» таппас, «жемин» табар,
Болот да: «Керкиде да кемикте бар».

Кыраандар кээ бир мындай сапарынан
Кур кайтса, анда эмнеден кемийт алар?!
Турмуштун учурлары көп эмеспи
Жаңыртып чабыттарын, кеңите алар...

Аркада жаштык-боздук оюн калып,
Ал эми кайрылбасын моюнга алып,
Ал түгүл түңүлүшүп, дөң-дөңдөрдө
Ныксырап кымыз, этке тоюп алып
Олтурган карылардын бет алдында,
Күпүлдөп жатты бүгүн той уланып...

Чыгыштын түндүк, түштүк жерден бери
Жоо жеңип, мөөрөй алып бергендери,
Ар элдин атак-даңктуу баатырлары,
Көзгө атар не бир кылдат мергендери.
Кыскасы, «Жамбы атууга» чакырылды
Кыргыздын «мен сыймыгы» делгендери.

«Кана!» деп, бир-бирине кезек берет,
Чапкан ат аткан октой көсөп келет.
Баратып дал ошондой ылдамдыкта
Тарткан жаа кылды кыйса – эсептелет...
Кыйын иш. Бул оюнду биз ал кезде
«өнөрдүн жеткен жери» десек керек.

А бирок тийбей тарткан жебелери,
«Катындар!» – көптөр тилдеп жемеледи.
Байгени – тай туяктай нак алтынды
Чыкпады арасынан жеңер эри.
Бир мырза күйүп айтты: «Кантсе дагы,
Жок экен кыз Жаңылга теңелери!..»

Муну уккан да бир мырза катуу кетти:
«Э сен кой, бир болбогон айттың кепти,

Болбосо, көрбөй-билбей турасынбы,
Баатырлар андан даңктуу, андан тектүү
Аталбай, мыскыл болуп жатса минтип,
Кайда бир катынды айтат… катын кеппи?!»

Тиги да көк бет экен жеңилбеген:
«А сен да акылдуу бол жөнүң менен!»
«Болуптур, мелдешелик… аталбаса?..»
«Атат ал. Аталбаса жаным берем…»
Ошентип, талаш–тартыш, чырга айланды
Ортодо жалгыз бир сөз «Жаңыл» деген.

Акыры той алганы башкарууга:
«Жигиттер, чырыңарды таштагыла.
Көрүүгө Жаңылдын да бир өнөрүн
Көпчүлүк каалап калса – башка бу да.
Бат эле алдырууга болот аны…
Ал бирок окшоор бекен баштагыга?»

«Хан аке, ушул тойдун мөөнөтүнө,
Жаңылды келтириңиз» деп өтүнө
Жалбарып сурап турса жаш мырзалар,
Мас болгон байлык бакыт-дөөлөтүнө,
Ким «жок» дейт, ошол замат буйрук кетти,
Ат берип, адам кошуп жөнөтүүгө.

Буйрулду: «Албай тирүү келбесин,– деп,
Кокус бир шылтоо айтып, ал безилдеп
Көнбөсө, күчкө салып болсо дагы,
Жеткирсин бул той өткөн жерге сүйрөп…,
Жок антпей, жөнгө көнсө түшүнтүшсүн
Жатканды өнөрүн бир эл көрсүн деп…»

А баса, Жаңыл кана? Жаңыл кайда?
Келбесе – таарынгандыр Аалы байга?

Окшоп ал – сан жылдыздын арасында
Суйкайып нурун төккөн аппак айга,
Өзүнчө бир бөтөнчө шаани менен
Турчу эле мына мындай жыйын-жайда?..

**III**

Көп болсо, түгөнгүстөй малын кырса,
Бийлиги – бир өзөндү багындырса,
Бир өзүн бул өмүрдө жалгыз гана
Үлпөт-той, шапар тебүү сагындырса,
Калтырап туткунунда турса жана
Какшаалдын канышасы Жаңыл-Мырза.

Кандайча көппөйт дешет Калматайды…
Арпада өткөргөн соң алты ай-жайды,
Күтүрөп көп мал батпай, ызы-чуулап,
Кеч күздө тоо этектеп калат айлы.
Жаңылды бир көрүүгө куштар болсоң.
Биз менен ал айылга бар атайы…

Анакей, басып чыкты асыл затың,
Аймалап төшү-башын түшкү закым.
Келатат айыл үстү кырды карай,
Артында акмалаган эки катын –
Кайтарат… Анда сен да ушул жерге
Тура тур, ага жакын барбай, акын.

Көз жибер өң-түсүнө, келбетине,
Жарашкан бармак басым мең бетине.
Кара сур, шынга бойлуу, а көздөрүн
Кудурет тик каратпа пендесине –
Жалтылдайт кындан алган кылыч мисал…
Көкүрөк, ийин-башы кең-кесире.
Чачтарын толгоп туруп түйүп койгон,

Сыртынан күндүз бөркtү кийип койгон.
Үстүндө жашыл кемсел, а бутунда –
Көк шалы, учун өйдө ийип койгон.
Алышкан жоо кийимин чечиндирип,
«Калар деп каныша бойдон – бийик бойдон».

Бир көргөн ойлой турган: «Күлбөс деги!»
Чынында Жаңыл күткөн мүнөздөгү
Назиктик, жароокерлик, наз сыяктуу
Өмүрдүн жарык жагы, күнөстөрү,
Көрүнбөй көлөкөдө калып туру
Кайгыдан башка түшкөн бу кездеги.

Атасы – элдин «ажы-пири» болгон,
А Жаңыл алты кыздын бири болгон.
«Акыркым эркек бол бой кыз болду» деп,
Атанын ичте далай кири болгон.
Андыктан жаңылсын деп Жаңыл атап,
Жалынган кудуретке тирүү койгон.

Ырымдап эркек киймин кийиндирген,
Ал дагы ата-энесин сүйүндүргөн:
Кагышып өзү теңдүү балдар менен,
Аларга кыр көрсөтүп, кыйын жургөн.
Айтышат: эркек эмес, кыз экенин
Айлы да билбей жүрүп, кийин билген.

Ал өстү ойноп аттын кулагында,
Жан сүйгөн жоокерчилик кумарында,
Кол курап жигиттерден, кошуун куруп,
Жүрүштү жоо жолотпой турагына.
«Какшаалдын канышасы» деп аталды,
Жетерде он сегиздин курагына.

Мына эми барат жылга айланганы,
Кармашта кырсык болуп тайган багы –

Баштаган колу кыйрап, колго түшүп,
Ал жактан Ат-Башыга айдалганы.
Болбосо, Какшаал тоонун боорун кыркып,
Барчындай айланчу эле кайран жаны.

Анткени, Калмак ханы, Аргын ханы,
Кыргыздын түндүк, түштүк жагындагы
Кээ кандар, бир пикирге келет мындай:
«Бул катын бирден барсак багынбады.
Өткөндөн өч алалы чогуу кирип»,
Кол салат күтүп түнкү агылганы.

Заматта topолонго түшүп аймак,
Билинбейт, өз каякта, душман кай жак...
Учкан күл, талкаланган казан калат,
Бул күнү чоң кыргынга болуп айгак,
Кошуунга кеч апкелген кабар менен
Жаңыл да ыргып атка минет жайдак.

Жаа тартып, ат ойнотуп ал а жерден,
Жоо кырып боо түшүрүп бара берген.
Жаштыктан, кызуулуктан байкабаган,
Аркада кол кечеңдеп кала берген.
А душман арылбайт да, түгөнбөйт да,
Атылып жаткан суудай кара жерден.

Таң калат: «Түгөнбөйт го? Мынча кайдан?»
Атышып жол түгөндү капчыгайдан:
Алды – суу, үстүндө – тоо, бийик аска,
Артта – жоо, улам курчап канат жайган.
Караса, саадагында ок да бүткөн,
Тагдырдын мунусуна акыл айран...

Ошентип «өч алышкан» өткөн иштен...
А кызды Калматайга өткөрүшкөн.

Адамдар алыс-жакын жерден келип,
«Каныша кандай экен?» деп көрүшкөн.
«Аялдын сырттаны экен, атаганат!»
Кайтышкан тамшанышып көптөр ичтен.

Калматай – алтымыштан ашкан ары,
Март эме, келим-кетим, ашканалуу,
Башта эле айтуучу экен байбичеси:
«Бир токол керек сага башка дагы.
Жалгыз бой мен баарына жетишалбайм,
Анан да сагындык го жаш баланы...»

«Эми сен Жаңылды ал,– дейт байбичеси,
О, кандай келишимдүү ар мүчөсү!
Баатыр да, каныша да, атактуу да,
Баарынан күйгөнүчү эки көзү!..
Ал сага арстан төрөйт, карап тургун,
Келбесе байбичеңдин айткан сөзү...

Калматай аламын деп кыстап келет,
Алдына ар күн сайын кызды апкелет.
Анан да айттырат дейт эки баатыр:
«Жаңылды бизге берсин, биз тапты элек».
«Кудай-ай, көрсөтөрүң бу беле?!» – деп,
Жаңылдын жаш жүрөгү сыздап келет.

Антсе да сынын бузбай каньшалык:
«Ата,– дейт,– сый-сыпаттуу калышалык.
Дүйнөдө эрге тийбей так өтөм деп,
Башта мен койгон элем каргыш алып,
Алдында арбактын да, кудайдын да,
Айтылган антка туруу – ак иш анык...»

«Уккум жок, тийбейм десең, колдо жазаң:
Мен сени атсам атам, ассам асам,

Болбосо от жактырып, күл чыгартып,
Колуңдан түшкүс кылам кара казан!..»
Мыскылдап күлөт Жаңыл: «Айтыңызчы,
Каныша казан кармап жүргөн качан?»

Ошентип айла-амалы калбаганда,
Өттү анан а деп, бу деп алдаганга:
«Сеники колумдагы бар бийлигим,
Сеники карамакта мал да, жан да.
Жыйынга-топко сен бар, а мен эптеп,
Жарасам болду сени жандаганга.

Ойлогун – өмүр деген убактылуу,
Түшүрүп койбо колдон, бу бактыңы?!»
«Атаке, ойлоноюн анда, макул,
Бериңиз үч ай, үч күн убактыны?..»
Муну жөн айта койгон Жаңыл-Мырза,
Турсун деп аз да болсо кулак тынуу.

Ичинде: «Болсун тагдыр жазгандары,
Мен макул атсаң дагы, ассаң дагы…
Бир гана көргөн күнү эмне болду
Калкымдын Нойгут аттуу аз сандагы?!
Айтабы көчкөн булут, көк аскалар?
Айтабы каз-каркыра асмандагы?!»

Бул жактан эркек аттуу жаш-карысы,
Алдында Калматайдын башкаруусу,
Биз айткан тойго кетип, өтүнч менен
Жаңылдын тышка чыгып басканы ушу.
Сезилет Какшаалындай ынак, ысык,
Ал жакты көрүп турган асман ушу.

«Бул жел да биз тараптын жели бекен?
Кучактап өпкөнсүдү мени бекем?

Мобу суу Лоп дайрамын этегиби,
Угузган үнүн мага келип эсен?
Атыңдан айланайын, кең табият,
Ырахмат, эч убакта кемибе сен?!!»

Аз калды: үч ай, үч күн мөөнөт бүтөт,
Калматай араң жүрү күтпөй түтөп.
«Аз күндө той болот» деп адырандап,
Анын бүт камын-чомун койгон бүтөп.
Айталбайт, Жаңыл-Мырза билбейт өзү,
Алдыда алда кандай күндөр күтөт?..

**IV**

Билсек дейм, бул бирөөнү сүйдү бекен?
Сүйсө же жетип-жетпей күйдү бекен?
Болбосо, «жигит» бойдон келатабы,
Кайтарып эл-журт деген «үйдү» бекем?
Жок, аны кантип бирге ыйгарбасын,
Какшаалдай ата-конуш – күлдү мекен?!

...Эжеке, кечириңиз бул айбымы,
Түшүнөм башыңызда муң-кайгыны.
Бир кылым арабызды бөлсө дагы,
Ой менен бирде сүрдөп, бир айбыгуу.
Билсем дейм, барбы сизде сүйгөн бирөө,
Бар болсо катуу тиер бул айрылуу?

«Кезиктиң кыйын кезде, келечегим,
Андыктан кандай десем келет эбим?
Кыз кайсы, жигит кайсы, бир убакта,
Билбепмин ажыратып деле чегин.
А мүмкүн, ошондонбу келатканым
Алиге кийбей аял элечегин?!

«Уктуңбу, Какшаалда дейт катын башчы,
Ким жеңсе, ал алсын» деп макулдашты.
Кан, бектер намыс көрдү, уят көрдү
Жөнөкөй эл-журт болуп жакындашты.
Дегендей: «Бака баштуу эркек өйдө,
Ар кандай катыныңдан алтын баштуу...»

Ушуга жаным кейип, улутунуп,
Өзүмдүн кыз экеним унутулуп,
Кармашта, салгылашта өмүр өттү.
Кыргызда Нойгут аттуу бир ууч урук
Жок болуп кетпесин деп... башка эле го
Баштаса эр-азамат уулу туруп.

Антсе да мындай бир иш болду башта:
Биз анда көл тарапта берген ашта...
Бир жигит көзгө түшүп, жанды койбой,
Азгырып туруп алды элден башка.
Ойлодум: «Эгер Жаңыл эрге тийсең,
Бир гана ушуга тий, эч адашпа».

Айтышты Түлкү дешип аты-жөнүн,
Айтышты жери кең Чүй, Кичи-Кемин.
Кыл мурут, кызыл жүздүү бозой экен,
Эзилип туруп алды ичим менин.
Канчалык кайрат жыйнап айнысам да,
Өзүмө жетпей койду күчүм менин.

Ошентип, өзүмдү-өзүм жүгөндөөгө
Чама жок, амал-айлам түгөнгөндө:
«Кана эми, кимисине акыл салсам?»
Өттүм мен туугандарым түгөлдөөгө,
Бар эле эстүү бирөө, айттым ага:
«Үшүнтүп азап чегип жүрөм бөөдө?»

«Берилип сүйүү деген калп кыялга,
Аялдар, туругу жок калксыңарда!..
Бат эле эстен тана түшөсүңөр,
Чыдамкай эркектер бар бактыңарга...
Калабы Какшаал жериң, калың журтуң?
Калабы канышалык тактың анда?!

Өзүңдү сыйлайм десең сен эгерде,
Татып жүр Жаңыл-Мырза деген эрге!
Боштукту бергин кээ бир аялдарга –
Сүйүүдөн көзү каткан эмелерге.
Эрки бош, бат тил алгыч келет алар,
Жөнүң жок сен аларга теңелерге!..»

Билгизди катуулугун, бекемдигин,
Мен билдим акылдашуу бекерлигин:
Буларга кол башкарып, жоодон коруп,
Бир гана тартсам кысап журттун жүгүн.
Ал эми... унутушум керек экен
Өзүмдүн бой жеткен кыз экендигим...

Мындайда айткан акыл жукпайт экен,
Урсаң, куусаң эсиңден чыкпайт экен.
А кайра турсаң – туруп, бассаң – басып,
Уктасаң кошо жатып уктайт экен.
Бир гана ал жөнүндө сүйлөсө деп,
Кулагың башка кепти укпайт экен.

Бул өзү – бир сыйкырдуу илим белем,
Тор жайса, кишен салса билинбеген.
А түгүл: «Тозокко кир, жүр!» десе да,
Ага сен баргыдайсың дилиң менен.
Ашыглык – азгырыкпы, көз боочубу,
Курчаган журт көзүңө илинбеген?!

Ошентип, оюн-үлпөт, аш да калды,
Токтотуп Какшаалга жол баштаганды,
Сулк түшүп кулап калдым «оорумун» деп,
Жаныма жолоткум жок башкаларды.
«Бир азга дүйнө ордунда туруп турар»
Жактырат жаным бүгүн шашпаганды.

Туталбай, бардым бир кез кыз оюнга:
«Көрүнсө, жолуксам» дейм өз оюмда.
Байкасам, ал да мени издеп келген,
Эки көз, эси-дартым бозоюмда...
Артымдан ээрчип калбайт... Ойго келдим:
«Эмне айтат, алдын мен да тосоюн да?»

Жалбарат: «Жаным, күнүм, Жаңыл-Мырза,
Өзүңдөн жалбырттаган жалын урса,
Өрттөнбөй, күйбөй кантем!.. Мейли деги,
Ошого жаным курсант, жаным ырза...
Ашыкмын... өлүм гана жаңылдырат,
Эгер ким ак жолумдан жаңылдырса...

Жан эркем, жарык шоолам, ишен,– деди,
Менде да сени чапкан кишен,– деди,
Ал бизди бек кармасын, буга чейин
Ашыглык кишенинен киши өлбөдү.
Артыңдан көп кечикпей барып мен да,
Алдыңа кулдук уруп түшөм» – деди.

А кийин, Какшаалыма барганымда,
Арбыды кубанчым да, арманым да:
Кубанчым – анын бары бул дүйнөдө,
Арманым – азыр жогу ал жанымда.
Издешип үн алышкан күкүк болдук,
Бир тоонун ар жагында, бер жагында.

Арада күндөр чууруп өтө берди,
Биринен-бири сүрдүү, текеберлүү.
Жаңы эле узатканда Бирдин айын,
Артынан Нооруз айы жете келди.
Аңгыча кеп тарады: «Түлкү келип
Той берип, бир дуулатат экен элди».

Күтүндүк, биз да жатпай, келер эрге
Үй тигип Ак-Чий, Ак-Суу деген жерге.
Күпүлдөп сабаларда кымыз ташып,
Шурудай кулун тизип желелерге.
Күн-түнү сайма сайып, сеп белендеп,
Тыным жок эжелерде, жеңелерде.

Үмүттө: «Эми мына, көрөм!» деген,
Кыялда улам ары тереңдеген
Олтурсам, бирөө шашып кирип келди:
«Уурулар, түндө кирип өрөөн менен
Койбоптур жардынын да жалгыз атын,
Койбоптур түк эч нерсе көрөңгөдөн!..»

Ар күнү ар кыл мындай «иш» угулат,
Болгонбуз биз буларга бышы кулак.
Ойлодум: да баягы кыргын-кармаш,
Ок учуп, ат азанап, киши кулап...
«Арпага жетип-жетпей жол тособуз,
Жигиттер болсун дедим бышыгыраак...»

Биз жетсек, түн жарымынан эчак ашкан,
Кайдандыр кулун-тайлар азанашкан.
Байкасак, малды төшкө тиреп коюп,
Бээ союп, от жагышып казан аскан.
Өзүнүн жалгыз көзү – ай аркылуу
Мелтиреп карап турган экен асман.

Белестен дүрбү салсам, баары мында,
Олтурат жаккан оттун жарыгында.
Ар жакта токулгалуу аттар турат,
Бар өңдүү курал-жарак жарымында.
Ким булар мынча малды бир айдаган?
Жок эле бул Какшаалдын тарыгында.

Чиренет бирөө жонун ташка такап,
Башчы го? Бир бурулса, билсем а-таат!
Бурулду каада менен бир бөлөкчө,
Жаш экен манчыркатар мансап-атак?
Көзүмө барган сайын жылуу учурап,
Көзүмө Түлкүм окшоп бара жатат.

Тааныдым... селт дей түштүм... өзү
Түлкүм –
Көрөр күн, ичер суум, байлык-мүлкүм!
Бу кандай? Эмнеликтен? Кай себептүү?
Баратат башым түшүп ойдон түркүм.
«Үшүнтсөм кантер экен» дегенчелик
А мүмкүн сынап жаткан ойну бир тим?
Бул түндө эмне чын да, эмне жалган?
Билүүгө дарман кайда, тайгам алдан...
Андагы тамак-аштын жытын сезип,
Шимшилеп ак тайганым бара калган.
«Канчыктын ак канчыгы келгенби?» деп,
Түлкү өзү тура чуркап жарак алган.

Чыдоонун канча чеги бар, тууганым?
Билбепмин жебем колдон тартылганын.
Бир көрдүм, бет алдында чатыр ташка
Шылк этип, анын кулап артылганын...
Ошентип, өз ашыгым өзүм жайлап,
Жаштыктан ушул болгон арттырганым.

Кийин мен сурап билсем, «келем» деген,
Берер мал, казна-мүлкүн белендеген.
Жуп эми биз тарапка аттанарда,
Айтышкан, акылдаш деп энең менен.
Энеси: «Кулдан бетер кол куушуруп,
Сен эмне, тексиз жерден белең,– деген.

Жок, балам, антип барсаң жаңылганың,
Анткени, жөн кыз эмес Жаңыл жаның.
Каардуу каныша кыз… эскертейин,
Ал өңдүү аялдардын да бир жагын:
Жактырат эрки күчтүү эркектерди,
Жактырбайт эптеп ага жагынганын…

Кыскасы, ким экениң түшүнт, деген,
Тилим ал, айланайын, үшүнт, деген.
Мисалы, малын түндө айдап качсаң,
Жалдырайт өзү алдыңа түшүп, деген…»
«Жаш эле, бекер аткан экемин» деп,
Өзүм да келем түркүн түйшүк менен.

Эжеңдин ушул баштан өткөндөрү,
Өмүрдүн кыш чилдеси, көктөмдөрү.
Жана да акыл-эске багынбаган
Жаштыктын өткүр чагы, өктөмдөрү…
Мен муну эстегенге дит багалбай,
Мен муну унутту элем көптөн бери…»

**V**

Төмөндө үчөө келет сабап атты.
Алдында бирөө бардай салабаттуу,
«Булар ким? Дагы кандай иш болду?» – деп,
Эжекем чоочуп күнөм санап атты.
Аңгыча жете келип алдыңкысы
Колдурап: «Эсенби?» деп салам айтты.

«Бирөө бар, өзү туткун, Жаңыл деген,
Жүрүптүр бир капаста жан билбеген,
Тезинен таап мында жеткиргин, деп
Мынакей, буйругу бар кандын берген?!
Кана, жүр, мин бул атка!» – бири түшүп,
Жаңылды шып кучактап алды белден.

Жаңыл да жаңсады бейм ийни менен,
Тигил жок – темтелеңдеп кийиндеген:
«Ой, мунуң кандай неме, тойго кел, деп,
Кадырлап кан чакырса сүйүнбөгөн?!»
«А мүмкүн тарткынчыктап турган чыгар,
Баруудан бул жөнөкөй кийим менен?!»
«Тез токтот! Болбогон кеп аныңар да!
Мал өңдүү өз каалаган жагыңарга
Жөн эле айдап кете бергиңер бар.

Жаңыл бар, Жаңыл тирүү, жаныңарда!..
Баргым да, көргүм да жок. А көрөкчө,
Муну тез жеткиргиле каныңарга?!»
Жанагы дарайыдан кийген беги:
«Канча айтса каныша да – ийменбеди!»
«Ээ, Мырза, эгер сени албай барсак,
Көрсөтпөйт биз байкушка бий эмнени!
Каталык бизден кетти, кечирип кой,
Мен мына, алдыңа баш ием!!» – деди.

«Бая эле ошентишпей, «баатырларым!»
Айткыла кан эмнеге чакырарын?
Же дале берип бүтпөй жүрүпмүнбү
Андагы кан, бектердин акыларын?!
«Өнөрүн көрсөтсүн» дейт, кандай өнөр
Билбедик жай-маанисин такыр анын?..»
Ойлоду: «Кан чакыртып жатса жоосун,
Чынында, бул – мен үчүн жакшы жосун...»

«Жигиттер, мен макулмун, мен барайын,
Бул үчүн мына мындай бир шарт болсун:
Беришсин жекейбозум, жоо–жарагым,
Беришсин Шырдакбектин Боз жоргосун?»

Жаңылдын бул суроосун алпарууга,
Жөнөштү камчы басып аттарына...
«Урпагым, түшүндүңбү,– дейт эжекем,–
Кээде өмүр сараң эмес, март да мына.
Билемин, мен айткандын баарын алып
Бат эле кайтат булар арт жагына.

Андыктан, барайын да жыйналайын,
Кандардын боло бербес сыйы дайым.
Билбеймин, унуткарып койбосо эле
Мында өткөн кыйын күндөр, кыйын айым?!
А мүмкүн эң акыркы жолу чыгар,
А койчу, кимге керек кур убайым?!»

«Эжеке, мага чоочун бул дооруңуз,
Бирок мен өзүңүздүн бир бооруңуз.
Андыктан, тилегеним бирөө гана:
Ар дайым ак иш менен бир болуңуз.
Ал эми, азырынча болсо, эжеке,
Ачылсын бара жаткан бул жолуңуз!»

## VI

Оюндун кызуу кези деген ойдо,
Биз кайра салып-уруп келсек тойго:
Сайышка эр камдаган эл убара
Кап катып, калпак катып тулу-бойго.
Ар жакта ат чабыштын аңгемеси:
«Койду деп баш байгесин бир миң койго».

Күлүктөр жабуулары алынбаган,
Берилген жаш балдарга жалындаган.
Табыштап «мындай чап» деп саяпкерлер
Жүрүшөт, жандан чыкпай, жарым кадам.
Кээси бар алдын ала кайсыл аттын
Чыгарын айтып, андан жаңылбаган.

«Шашылбай бара берсин аттар алга»,
Жаңы эле байге аттары айдаларда,
«Токтолсун, кийинчерээк айтабыз» деп
Башкача буйрук келди кайра аларга.
«Бул эмне, оюнчукпу?!» – деп кыжыңдап,
Кээ бирлер капа болду бул кабарга.

Не себеп? Билиш үчүн шыдыр аны,
Мындайда күчөйт адам шыгы дагы.
«Жаңыл дейт! Жаңыл-Мырза келатат дейт!»
Бири – онго, ону – миңге шыбырады.
Көрөбүз, кана Жаңыл, кайда?» – дешип,
Көпчүлүк жылган кумдай шыгырады...

Жап-жалгыз талаасында күздүн кенен,
Жап-жашыл жалбырак-чөп үстү менен
Алдында ат ойноктоп, аны «так» деп,
Алышып эки бирдей тизгин менен
Келатты айтылуу кыз Жаңыл-Мырза
Бет алып турган элди жүз миңдеген.

Атчандар алга «чу» деп чамынышып,
А жөөлөр бүлүнүшүп-чалынышып,
Караштьы... Жаңыл келет, жоо-жарагы
Кыңгырап бир-бирине кагылышып.
Зооту, чопкуттары тийген күнгө
Жалтылдап төгүлүшүп-агылышып.

«Жаңыл» деп Жаңыл аты угулганы,
Башына кийип жатып туулганы,
Бырс күлдү... Эркиндигин сагынган го
Барчындай, көп олтурган туурдагы?!
Ал жакын келген сайын: «Жаңыл!»
«Жаңыл!»
Күч алып барат журттун чуулдагы.

Ак боз ат ойноп келет, ойноп келет,
Ал өзү ар нерсени ойлоп келет.
Бир туруп: «Аның туура, ошент» десе,
Бир туруп: «Аның ката, кой» деп келет.
«Жок, деди, бир баралы тобокелге,
Биз эмне, такыр өлбөй коймок белек?»

Шыр өтүп, кандар, бектер тарабына,
Мистейип теше тиктеп карады да:
«Айтыпсыз, тез келсин деп, келдик мына,
Кан аке, каршы келбей талабыңа?»
«Чакырдык... Тойго келип көңүл ачып,
Кетсин деп, кири болсо ала-була.

Башта сен Какшаалыңдын карзын актап,
Канча жыл жүрүптүрсүң жоодон сактап.
А сенин ошондогу эрдигиңди
Алиге айтып жүрөт ар ким мактап.
Эми да бир өнөрүң көрсөтүп кой,
Мына бул турган элге касканактап?!

Жанына башкаларды теңебеген
Эрлерди, жалгыз бир ок-жебе менен
Жамбы атсын, десем – эч ким чыгалбады,
Сен атсаң, анда баарын жеңер элең?»
«Анда эмне, башым боштон болор беле?»
«Бул үчүн акы күтпөс деген элем...»

«Мен атсам, байгеси үчүн болсо да анын,
Бир ирет сөз кезегин бергин, каным?»
«Берейин, а болуптур… башта, кызым!»
Аянар кези беле Жаңыл жанын!
Аңгыча жамбы жерге «талп» дей түштү,
Огунан жалт бурулуп тарткан жаанын.

Жаткандай эл чуусунан эр титиреп,
Жаңырык жаңырыкты кетти сүрөп.
Капыстан бороон урса дал ошентип,
Деңиз да түрмөк-түрмөк толкун түрөт.
«Карачы, баатыр мындай болбойбу!» деп,
Канчалар кубангандан туйлап жүрөт.

Жамбыны жерден эңип ал алды да:
«Мынаңыз! – таштап койду кан алдына,–
Кан аке, бөркүңүздү ыргытыңыз?!»
Бир азга кан үн катпай камалды да,
Карсылдап күлгөн болду: «Көргүлөчү
Кыргыздын кыздары ай, амалдуу да!

Ооба, чын, жамбы атканың байгеге эсеп,
Андыктан убадам бар бермек кезек.
– Ал, мына!» Ыргытты эле тебетейин,
Шатырап канча жебе өттү көзөп!
«Капырай, калбыр кылып таштаптыр» деп,
Кеп болду турган элде узун өзөк…

Жоргонун оозу катуу – болгон айып,
Зып этип мындан ага өттү кайып.
Кыйкырды Жаңыл кырдан бар үн менен:
«Сөзүм бар, көңүл бөлүп ук, калайык!»
Тургандар ошол замат тым-тырс болуп,
«Эмне айтат?» Кулак түрүп күттү алайып.

«Ар кимге, мейли кары, мейли жашпы,
Ар дайым өз төрөлгөн жери жакшы.
Бул жердин ачуу-таттуу тузун татып,
Турганым араңарда бир жыл ашты.
Андыктан айтпай кетсем туура болбос,
Куугула!
Кармагыла!
Жаңыл качты!..»

Шарт анан жөнөп берди Какшаалына,
Көпчүлүк тамашанын кап-шабында
Байкабай, элес албай турган эле,
Калды эми үлпөт, тамак-аш да мына...
«Жеткиле!
Кармагыла!
Шермендени!»
Кандары буйруп жатты жаштарына.

Жигиттер ал буйрукту аткарууга
Жүгүрдү бет-бет алды жактарына.
Үстүнөн жаш балдарды алып-алып,
Миништи ыргып байге аттарына.
Азыркы Жаңыл кеткен жакты көздөй,
Бириндеп болду мылтык атканы да.

Качууну ар ким ар кыл түшүнүштү:
Кээ бирлер ишенишпейт: «Түшүбүзбү?»
Кээ бирлер кейип айтты: «Бекер болду,
Аны эми дагы колго түшүрүштү!»
Кээлери: «Көрбөгөндү көргөн эле,
Азамат, туура кылды ушул ишти!»
Ошентип эл жатканда ызы-чууда,
Арпанын сыртын карай кыз учууда.
Аңгыча Каман-Суудай өжөр дайра
Күркүрөп бет алдына турду туура.

Боз жорго берки өйүздөн аркы өйүзгө
Бир аттап койду малбай бутун сууга.

Айтылуу бек аттары, кан аттары
Келатты бар өңдөнүп канаттары.
Кыйкырып кырдан кууган, ойдон кууган
Кишиге жетпейт адам санаттары.
Туяктан жер дүңгүрөйт жарылчудай,
Ойлойсуң: «Кыздын кантип калат жаны?»

Ар жерден чаң уюлгуп атып чыгат,
Ичинде жөн кууган бар атын сынап,
Кээ бирлер «атка кандай чабат» дешип,
Аялдык, канышалык затын сынап...
Кулакта дуу-дуу этип шамал ойноп
Баратты кыздын саамай чачын сылап.

Ызанын ташкыны да, кыяны да
Жаралып учкан аттын туягында,
Бүтүндөй бир доорду артын карай
Шыпырып, шилеп барат кыялында.
Мейкиндик как жарылып ортосунда
Зуулдайт турган тулпар кыябында.

Калматай: «Кокуй, алдын тос!» деп келет,
Жок кайра: «Жаным сага дос!» деп келет.
Шырдакбек сакалынан жаш куюлуп:
«Айрылдым жоргомон!» деп боздоп келет.
Боз жорго бир элп эткен жел өңдөнүп,
Тек гана тулаң башын козгоп келет.

Ойлогон: «Эгер куугун катууласа,
Болор деп ээрге бек жатып алса...»
Билген соң Боз жоргонун жеткирбесин,
Канчалык куумак тургай атып алса,

Айныды Жаңыл-Мырза: «Качкан менен
Бул бир же эрдик ишке татыбаса!

Жок, болбойт, «качты» деген жаман атты,
Кармашам!» – аттын башын кайра тартты.
Алдыда күтүп турган кызды көрүп,
Селт этип токтой калды куугун арткы.
Кароолго кармай берди Калматайды –
«Алам» деп, күндө кыйнап турган картты.

«Сени!» деп колун көзөп келет четки.
Ким экен? Кадимки кан Шырдакбекпи?!
Тыңшаса, каргап-шилеп сөгүп жатат:
«Шуркуя, акыр сенден алам кекти!»
Обдулуп, атайын деп барып-барып
«Өтө эле карт экен...» деп аяп кетти.

Жаңылдын сырын билген баатырлары,
Билбесе, уккандары ал тууралу,
Чоочушту жакын келип кармашуудан,
Селдирлеп барып-барып аттуулары,
Токтолду ошол бойдон... «Бүттү эми» деп,
Жаңыл да буруп кетти атын ары...

**VII**

Күндөр ай, кысыр калган, тууп турган,
Адамды ысыттырган, сууттурган!
Күндөр ай, кээде кардай таза болуп,
Кир болуп, ага кайра жугуп турган!
Күндөр ай, көрүнбөгөн үмүттөргө
Сабатып минген атын ууктурган!

Эртеңдер бизге сактап эмне каткан?
Билеби бийик тоолор, суулар аккан?

Биз да бир жер которгон келгиндердей,
Мезгилден мезгилдерге бара жаткан.
Билбеген, кайсы күнү, кандай шартта
Кулаарын жалгыз октон ажал аткан...

Жок, адам жалгыз өзү баратпаган,
Баратат турмуш көчү шарактаган.
Ал кээде көзгө илээшпей ылдам кетип,
Ал кээде суудай жылжыйт шар акпаган.
Аркада канча кылым, канча заман
Кийимдей кийип-кийип жаратпаган!

Бул бир көч байыртадан келет бери,
Өзгөрүп түркүн түскө желектери.
Бар анын берип, кайра апкелаткан
Асыл бир «өмүр» деген белектери.
Ал шашат, улам алда күтөт аны,
Алууга кезек жете электери...

Какшаалдын чокулары боюн керип,
Кубанып тургансыды кызын көрүп.
Жаңыл да бул учурга жетиналбай,
Келатты кете жаздап араң эрип.
Жылгалар, адыр-түздөр тосуп чыгып,
Чуркурап жаткансыды колун берип.

Карайт да жер жайпаган ар кайсыны,
Кыз айтат: «Мындан көрө урбайсыңбы?
Бир келген жоого туруп бералбастан,
Бырп этип сынып бердиң куурай сындуу.
Мен эмне эч жер сендей эмес десем,
Көрсө өзүң жалгыз эле турбайсыңбы?!

Бир боору талпынгандай бир бооруна,
Талпындым мен да өзүмдүн тоолорума.

Турса да көзүм жетпей андан ары
Жылт эткен бир жакшылык болоруна.
Дүйнөдө жер сагынган жаман экен,
Пендесин туш кылбасын бул ооруга!..»

Бул жерде жатат тамыр-өзөктөрү –
Аталар, бабалардын көзү өткөнү.
Кокустан бир жериңден жакпай калсаң
Кол менен көрсөткөнсүйт көсөп сени.
А демек, биздин бардык жүрүш-туруш
Алдында арбактардын эсептелүү?!

Бул жерлер төрөп, ырыс-кешик берген,
Бул жерлер бөлөгөнгө бешик берген.
Бул жерлер кубат берип, сүйүү берип,
Чыгарып койгон ушу эшик-төрдөн.
Алардын суроосу да жөндүү эле:
«Калтырып кайда кеттиң?» дешип берген.

Жер-суунун күчөп келет ал талабы...
А Жаңыл ашуу жакка анталады.
«Айылга жеттим эми» деген кезде,
Ал көрөт элсиз жаткан ай-талааны.
«Журт кайда? Же кудурет өзү берген
Азыркы кубанычын кайта алабы?!

Болбосо, бул не деген турак анда?
Окшойт тек дүйнө түгөл ураганга?!»
Үңүлдөйт, боздойт, улуйт ар тарабы,
Үн-добуш кайдан чыкса, кулак анда.
Буулугуп, ичи бышып өлүп барат,
Табылбай бир тирүү жан сураганга...

Тоолору, адыр-белес, аскалары,
Өзүнүн даңазасы, мактанаары.

Ар дайым асты-үстүнө түшө калып
«Жаңыл» деп жаркып турчу башта баары –
Бу сапар кабак чытып, карабады
Кишидей сыртын салып баскан ары...

Байкаса, бирөө келет салып-уруп,
Күттү аны көз айырбай, көңүл буруп.
Чабарман жете келип мындай деди:
«Жиберди айтып кой деп Нойгут урук:
Келбесин! Жолобосун! Биз ал үчүн
Аз калдык, боло жаздап тукум курут!..

Ойлонсун, бир убакта аккан дайра
Артына качан агып кайткан кайра?
Ал өңдүү, бир убакта түшкөн таш да
Ар дайым оор-басмырт жаткан жайда...
Келбесин, калсын анда... Бизде кайсы
Катындан кан көтөрүп тапкан пайда?!»

«Бил, Жаңыл, эл-журтуңдун каары мында.
Кайт, Жаңыл, Ат-Башыңа, Нарыныңа!
Бир убак берген эле эл ишенчин,
Акың жок ага бүгүн таарынууга...
Кас-катар жүрөт тура дайымминтип
Өмүрдүн караңгысы, жарыгы да!..»

Жаңылдын ичи бүтүн өрттө бүгүн:
Шытырап күйүп бүтүп өпкө-жүлүн,
Жалыны жүрөгүнө жеткен жаңы,
Тиштенет: «Чыкпаса деп эптеп үнүм».
Арманы – тирүүсүндө жериген жер,
Өлгөндө албас бекен төксө күлүң?!

Ошентип, эли чанып, жери танып,
Керексиз ашык бир жан сыяктанып...

А түгүл жерде жаткан таш да, чөп да
Карабай, калган окшоп аны чанып.
Олтурду Жаңыл-Мырза бир дөбөдө
От өңдүү жалп деп өчкөн жанып-жанып...

...Турмушта ар ким, ар кыл көрдү күндү:
Бирөө бар, иши кайсы – эл бүлүндү?!
Кала бер кам санабай а сен, Эже,
Эл сактап айтып калат эрдигиңди.
Болбосо буга чейин биздин тарых
Сен өңдүү баатыр кыздан берди кимди?!»

«Баатырлык», «эрдик», дейсиң, иничегим,
Бар бекен менин анда илинчегим?!
Анык чын «достук» кайсы, «кастык» кайсы?
Мен айрып билгенсиймин бүгүн чегин.
Сурап көр, агызгамын кимдин жашын?
Сурап көр, тараткамын кимдин черин?

Бизге эмне, улут эмес, уруу керек,
Уруунун туусу алдында туруу керек.
Ал үчүн түлкү болуп жойпуланып,
Ал үчүн бөрү болуп улуу керек.
Кеп эмес тепселгени, кордолгону
Бир келчү өмүр деген – улуу белек...

А демек, жеңип канга жуугандарым,
Ким алар? Өз бир боорум, туугандарым.
Мейли мен көрүп-билип турсам дагы,
Кек менен мага кылыч сунгандарын...
Ошентип, келген экем өз куралым,
Өзүмө каршы кармап, курган жаным.

Мен неге башка кезде төрөлбөдүм,
Көрбөгөн эл кырылып, эр өлгөнүн!

Болбосо, баары менде бар эле го,
Жакшы аял боло турган жөрөлгөнүн!..
Жок беле, эч жок десе ата-журтка
Бир бала – белек төрөп берер жөнүм?!»

Ал анан өптү барып Боз жоргону:
«Сенчелик бир жан мага дос болбоду...»
Өмүрдө жашыбаган Жаңыл-Мырза
Солуктап, өпкө кагып козголбоду.
А мүмкүн ошо чыгар акыркы ирет,
Эл-жерге кош айтышып боздогону?!

Айткандыр: «Жакшы кал!» деп андан ары,
Жалындап ичте күйгөн армандары.
Дүрт этип жанып өчкөн махаббаты,
Жашоонун ырастары, жалгандары.
Өмүрдүн кеткен эчен каталары,
Үмүттүн өксүп жетпей калгандары...

Баратты анан атын жетектеген,
Куш өтпөс туюк тоону этектеген.
Үңүлдөп токтоналбай келет дале
Үмүттө «антсем күнөөм кетет» деген.
Жазылып колон, чачы, бетин чүмкөп,
Жаш кулап чачтарынан, этек-жеңден...

## КОШОЙДУН ЖЕРИ

*Тайатам Орозбайдын эстелигине*

Мен бала кезде биздин боз үй Чөңөр деген жашыл өрөөндө, бийик тоолордон түшкөн тунук суунун боюнда олтурар эле. Балалык кезиң – өмүрдүн кийинки бардык

учурун жарык кылган алтын чырак сыяктуу эмеспи. Көпөлөгүн кууп, чырпыгын «ат» минген жерди адам унутабы, аны көз менен көрүп канабы! Быйыл мен анда дагы бир жолу болуп, жаш кездин унутулгус элестерин кайра да бир көз алдыман өткөрдүм.

Мен көбүнчө тайатам менен тайэнемдин колунда жүрүп чоңойдум. Тайатам Орозбай кезинде Атай Огонбаевге күү үйрөткөн чоң комузчу киши эле, эскиче кат билгендиктен, аны айылдагылар «молдоке» же «Орозбай молдо» деп коюшчу. Ошол кездеги мыкты комузчу, ырчылар, кыякчы, сурнайчылар биздикине көп келишчү. Алардын бири Кошой деген ырчы болду. Ал тубаса сокур эле. Ошого жараша табият ага өзгөчө талант берген экен: төкмө ырчы, комузчу, сөзмөр жана сынчы. Ал жаратылыштын да тилин биле тургандай эле. Тестиер кезимде мен аны ээрчип эки күн жүргөмүн. Бул сапар мен ошону эстедим. Кошойдон уккандарым майда-чүйдөсүнө чейин кайталап ойго салууга тырыштым. Анын сөөгү жаткан бейитке бардым. Ал калың мүрзөнүн бир четинде, баягыда өзү мага көрсөткөн карт чынардын түбүндө экен. Аны менен баскан, түнөгөн жерлерди кайрадан жөө кыдырдым.

Бул поэма Адам жөнүндө.

**Келген күнү**

Ким да болсо куштар анын ырына,
Жада калса айылдын жаш балдары,
Минип алып дубалдардын кырына,
Кыйкырышат жетишинче алдары:

«Кошой келди!», «Сокур ырчы келди!» – деп,
Чабат анан сүйүнчүлөп үйлөргө.
Ырга болгон урмат-сыйды белгилеп,
Улуу-кичүү жыйналышат бир жерге.

Энелери жаткан болот түшүнтүп:
«Кокуй, уят, «Сокур ырчы» десеңер,
«Кошой аба!» Атагыла үшүнтүп...
Ай, балдар ай, качан кирет эсинер?!»

Азыр мында, аздан кийин ал жакта,
Абакеңдин түнөгү жок туруктуу.
Эч ким билбейт: анын айлы каякта?
Унуткан дейт жакын тууган-урукту.

Ат да минбейт, жүрөт дайым жөө-жалаң,
Жалгыз өзү, жанда комуз баягы.
Ар убакта илкип баскан бир аяң,
А колунда жол көрсөткүч таягы...

Уккам далай, жүргөн менин эсимде,
Келди бир күн, калган эле бешим ооп.
Эң алгачкы урунганы көзүмө:
Эки көздүн орду турат, өзү жок.

Ары болсо, алтымыштын-элүүнүн
Арасында, арык куба киши экен.
Бул сыяктуу бактысызды көрүүнүн
Өзү да бир жан кыйнаган иш экен...

Күбүлгөнсүйт үстүндөгү кийимден
Кошо келген шамал, күнү талаанын.
Бел курунда түйүнчөк бар түйүлгөн,
Ал эмнеси? Билгим келет – баламын.

Комуз, таяк – барын ары койду алып,
Адам экен жандуу, кызуу сүйлөгөн.
Жай олтурду чай үстүндө кеп салып,
Көргөн-билген, өткөн-кеткен дүйнөдөн.

Ырдайт мына: комузунун кылдарын
Сылап-сыйпап койду акырын кол менен.
Балким бул го ага айткан сырларын,
Же белгиси: «досум, белен бол!» – деген?

Анан толгоп, кылды күүгө белендеп,
Кайра токтоп, дүбүрт сезе калгандай,
Эки жакка мойнун буруп, элеңдеп,
Кабак-кашы серпилгенсип ар кандай.

Көрбөсө да көргөн окшоп көздөрү,
Алда нени тиктегендей көшөрөт.
Болот анда бул сыяктуу өзгөрүү
Ыр төгөрдө жамгыр окшоп нөшөрлөп...

Ана, кетти... Алгач окшоп эринген,
Анан кызып, аралаша кеч күнгө,
Айдап барып, азыр коё берилген
Аттар өңдүү лепилдеген эпкинде.

Кирген суудай күпүлдөгөн ыр сели
Каптап келди... Каның дүргүп денеңден,
Жерден жулуп алгансыды ал сени,
Алың келбей: «Ай, каякка?!» дегенге.

Кеттиң мына, үргүлөөгө-көшүүгө,
Башка ойлордун бары сенде жок болуп.
«Ай, азамат!», «Ай, ыракмат!» дешүүдө,
Олтургандар үйдүн ичи жык толуп.

Батпагандар тыңшайт сыртта турушуп,
Үйдүн үзүк-туурдугун сыйрышып.
Бары бирдей нес болгондой селеет.
Бир сөзүн бош кетирбеске тырышып:

«Пейилиң ач, бергениң
Чай да болсо бир чыны.
«Малым-малым» дегениң,
Ал талаанын чымчыгы.
«Тамым-тамым» дегениң —
Талдын гана чырпыгы...

Ишенбесең ал сынап:
Чымчык учат, тал сынат.
Андан көрө дос керек,
Ал өлгүчө калсын ак.
Өмүр таттуу, өмүр аз, –
Тамган тамчы бал сымак...»

Тыңшагыла! Эртең эрте бул адам
Жөнөп кетет, биз туралек учурда.
Анын үйү – ээн талаа, ай-аалам,
Бул дүйнөнүн биз барбаган бурчунда.
Ыр дүйнөсү – сырдуу укмуш кемеби,
Таттуу-таттуу түш сыяктуу толкунда
Жан жыргатып, жумшак термеп келеби?

Анда эмесе термел жаным, солкулда!
Ыр дүйнөсү – махабаттай ысыкпы?
Махабаттай күнөөсүзбү, тазабы?
Же бүткөнбү жомоктордон кызыктуу?
Же жаратып койгон беле жаз аны?

Жалдырашып көз айырбай ырчыдан,
Олтурушат, олтургандай кылымдан:
Сезимдерде сөз күчүнөн курчуган,
Жүрөктөрдө ой күчүнө жылынган.

Бийик өсүп мартабасы, бойлору,
Жаштар анда сулуу болуп, тазарып,

Арасында карылар да бу жолу
Алган окшойт канча жылга жашарып...

Казан бар го, буркан-шаркан кайнаган,
Миң бир эки түрмөгүнөн жазылып?!
Дал ошондой ташып жатып, кайрадан
Барып-барып, калды бир кез басылып..

**Ошол түнү**

...Кошой абам тышка чыгып акырын,
Түнкү абадан жатты кере дем алып.
Төгүп берип ички бардык мазмунун,
Бош калганын сезди белем эми анык!

Ал ушуга адатынча жыргады,
Аткарылып эски күткөн мүдөөсү –
Демек, элге керек экен ырлары,
Керек экен ыр жараткан бул өзү...

– Бу ким өзү? А, сен белең садага?
Үйгө бар да төшөктөрдү кел ташып.
Ушул тынч түн, мабул-айдың талаада,
Жаталы бир кудай менен сырдашып.

Тилим алсаң, уулум, дайым жерге жат,
Жука төшөн, учурларда ар кандай.
Окшойт анда боору кенен табийгат
Өзүң менен кучакташып алгандай.

Эң сонуну минтип тышка түнөгөн,
Түн карасы сени жышып жууганда,
Күнөөң болсо, арылып ал күнөөңөн,
Өңдөнөсүң энең кайра тууганга.

Угасыңбы, тигил жакта тушоолуу
Оттоп жүрөт бойдок аттар биз өңдүү?
Ээси менен кеткен экен бир «шордуу»,
Анда-санда шыңгыр этет үзөңгү.

Кеп бар элде: «Ат кадырын билбеген,
Өлүп кетсе өз кадырын билеби?!»
Ат сүйлөбөйт адам билген тил менен,
Бирок туура адамзатка тилеги.

Тыңшап көрөм, эч бир аттын жок дайны,
Кантип укту? Кандай укмуш кулак бу? –
Кана балам, жакшы жаткын, уктайлы,
Болгон белем түн бироокум убакты... –

**Эртең менен**

...Алганымдай уйкум эчак кандарып,
Карап жатам... Асман толо жылдыздар,
Окшойт мага: бардык отун жандырып,
Эч кыймылсыз, уктап жаткан тым-тырс шаар.

Айтса бирөө: «Кораблге минишип,
Анда жүрөт жерден барган кишилер, –
Космонавттар... «Ага кыт-кыт күлүшүп,
Жооп бермек: «Бул качанкы түшүңөр?»

Азыр эмне, анан эмне болору,
Эч билинбейт караңгы да, коюу да.
Мезгил менен чүмбөттөлүү, оролуу,
А биз алсыз ага туннель оюуга.

Далай жылдар – дарыялар кечилип,
Болот кийин биз кезикчү учурлар.

Ага чейин коё турсун кечирип,
Гагариндер, кораблдер… учуулар…

Эрте ойгондум. Аппак, таза жуугандай
Бүгүн башка жайкы таңдын атканы.
«Аттиң, абам, болсо көрө тургандай!»
Жүрөт сазда токулгалуу ат дагы…

Абам менден мурда турган көрүнөт,
Сездим бир кез колун мага койгонун:
– Бала эмеспи, уктасын деп көбүрөөк,
Ойлоду элем… ойгондуңбу?
– Ойгондум.

– Канча жылдыз берди сага нурларын?
А канчасы кысты сага көздөрүн?
Уктуңбу же «шыңкылдашкан» сырларын?
А сен өзүң кайсынысын көздөдүң?

– Билбейм, аба,
– Керек болчу билишиң…
Жолуң болгур, жарабапсын, намыска:
Алар келет нурларына минишип,
Жерде кимди жакшы көрүп калышса. –

Бул абамдын тамашасы экенин
Билип турам. Бирок оюм башкада.
Айтсам, аны капа кылар бекемин?
А мейличи: «Эмне дебейт жаш бала!»

– Аба, мени кошо ээрчите кетсеңиз,
Бир-эки күн бир болоюн сиз менен?
– Мени менен? Анда эртеден-кечке биз,
Эмне иштейбиз? Же буюм жок издеген?!

– А жөн эле...
– Кыйналасың, кой, балам.
Анан суусап, ач да болуп ысыкта...
– А мен чыдайм, чыдап эле кое алам,
Андан көрө ыр укканым кызык да.

– Мен го, макул. Эмне дешет эне-атаң?
– Сиз айтсаңыз... макул болот алар да, –
Абам өзү сураса экен деп атам,
Мунум эптеп ээрчимекке жан арга.

«А» деп, «бу» деп, шылтоо кылып көп ишти,
«Буга эмне жок, баралбайт» – деп, – балабыз,
Атам-энем араң-араң көнүштү...
Азыр мына, жолдо кетип барабыз.

Жерден-жерди, үйдөн-үйдү кыдырып,
Азыр мында, анан башка жердебиз.
Кудум окшоп, чөптөр башын сыдырып,
Таңдан кечке жүрүп турган желге биз.

Алды бир ой алга сүрөп, шаштырып,
Башка жакта тааныштарды, жакынды.
Көрсө экен дейм: «Мен мадыра баш туруп,
Алып келдим аларга чоң акынды».

**Жолдо**

Ал аңгыча жолдон бирөө кезигет:
– И, кандайсың? Кошой досум, аманбы? –
Эки курбу сыр чечишип эзилет:
– Атаң көрү, карылыгың, жаман бу...

– Ан үстүнө алды сыркат желкелеп,
Кээде жатып таң атырам кейиште:

Андан көрө көп кечикпей, эртерээк
Алпарса экен о дүйнөдө бейишке. –

Кошой абам терс карады жактырбай:
– О, куруп кал, бекер тамак-аш менен,
Үлпөт менен сен «бейиште», бактырбай!
Дүйнө билбейм бу дүйнөдөн башка мен.

Тирүүсүңбү? Сен ошону «бейиш» де.
Өзүм болсо дин-шарият тутам деп
Көрбөгөмүн. Эгер мунум кейитсе,
Кечирер дейм баш олуя Мухаммед?!.

«Бейиш» болсо тилейт белек биз күндө:
Барын коюп, мага тагдыр бер кудай,
Бу дүйнөдө, ушул жердин үстүндө,
Көпкө жашап, узагыраак тургудай?! –

Турдуң ана... актадыкбы сен аны:
Жүргөн үчүн жер көтөрүп үстүнө,
Берген үчүн таза сууну, абаны?
Жер акысы – окшойт эне сүтүнө.

Мен ыраазы өз тагдырым алдында,
Көз бербесе, анча мынча кеп берди.
Аны менен туз-насибиң алгын да,
Тирүүлүктүн карзын акта деп берди.

Актасам деп жаным үрөп жүрөмүн:
«Актап туруп, анан өлгүн Кошой!» деп,
Айта берет, ырдай берет жүрөгүм,
Алга мени сүйрөгөн да ошол кеп.

Жаша досум, жерге салбай башыңды,
Же болбосо улам эстеп өкүнбөй,

Кап-качанкы өтүп кеткен жашыңды,
Ал кайрылбайт, бекип калган өкүмдөй.

Жокту эңсебей, колдо барды а көрөк
Жакшы сакта, жоготпоско тырышып.
Өмүр деген жылып турган дөңгөлөк,
Күч жок ага бере турган турушту к.

Тирүүлүктүн үзүрү да, кызыгы
Азыр өзүң жашап турган учурда.
Дене-бойго тарап улам ысыгы,
Ал куш окшойт тирүү турган уучунда.

**Жер сыры**

Жерден-жерди, үйдөн-үйдү кыдырып,
Азыр мында, анан башка жердебиз,
Өңдөнөбүз чөптөр башын сыдырып,
Таңдан кечке жүрүп турган желге биз.

– Ушул жерге, балам, бир аз эс алып
Олтуралы, көп чарчаган жоксуңбу?
Жонуңдагы баштыгыңды сен алып,
Жаныңа кой. Чыгарып сал топчуңду.

Эми такыр үн катпайлы, туурабы?
Сен да көздү жуумп алгын менчилеп.
Жым-жырттыктын аңгемесин угалы,
Жым-жырттыктан бизге тиер энчи көп.

Аны алалы, андан куру калбайлы,
Алды менен жорткон желден билели,
Бул дүйнөдө болуп жаткан ал-жайды,
Кандай азыр адамдардын тилеги?!

Ар убакта жакшы эмеспи жашаган,
Алсам дебей, берсем деген үмүттө.
А үмүттү шоола кылып жасаган,
Жарык кылып турат сени күңүрттө.

Жарык кылып турат сенин жаныңды,
Үмүт үчүн сокурлугум кечиргем...
Жок бакыттан, күткөн артык жаңыны,
Берсе дагы аны сага кечинен...

Билесиңби, аба кайдан чыгышын?
Асман, жердин кучакташкан жеринен.
Тыңшап көрчү, чөп менен жел шыбышын,
Адамдардай сыр чечишип эриген.

Жел аркылуу үндөр келет агылып,
Беттеп басчы, төшүн ачып күрмөңүн,
Төшүң ага барабандай кагылып,
Дүргүйт тышка ичте жаткан күүлөрүң.

Соккон желде эчен имиш-болмуштар,
Биз билбеген эски, жаңы сырлар бар.
Сен аларды түшүнүүгө бол кумар,
Керексизден керектүүсүн ылгап ал.

Жел болорбу Ала-Тоонун желиндей,
Ал акынга табылга да гүлазык.
Акындардын насиби куш жеминдей,
Келе берет жоктон барга улашып.

Биздин жердин дүң болбогон жери жок,
Балам, мабу сол тарапка көз жибер?
Дөбө барбы? Анда олтуруп Жеңижок
Ырдаган деп көп айтышчу эскилер.

Акын экен арапчадан кат билген,
Кеткен экен Талас ашып Аксыга.
Билбейм, кайра кандай тагдыр апкелген?
Айтыш жактан жан салбаптыр астыга.

Ал дөбөдө жеңген экен айтышып:
Эсенаман, Майкөт деген ырчыны...
Кетти алар да учкан куштай кайкышып,
Өмүр деген – жуткан бал го бир чыны!

Агат турмуш бир төрөлүп, бир өлүп.
Ал турмуштун перзентибиз биз дагы.
Барып-барып биздин из да түгөнүп,
Улап кетет аны башка из жаңы...

**Махабат ыйы**

– Кеттик анда, иш көп али бүтпөгөн,
Адегенде өтүктөрдү чечели:
Жерди сезсек жалаң аяк бут менен,
Чарчабайбыз, эсиндеби кечээги?

Анткени, мен көптөн жерде жүрөмүн,
Жерди бассаң жалаң аяк бут менен,
Жылып дагы, жумшарып да жүрөгүң,
Күч-кубатка толуп чыгат бүт денең.

Турган үчүн тамыр жерден бошонбой,
Бактар тирүү, өңгөн бойдон баягы.
Адам дагы жаратылыш ошондой,
Анда тамыр – жерди баскан аягы.

Ук, уга бер, кулак салып абаңды,
Кобурайын узун жолду кыскартып.

Ан үстүнө ылгап жакшы-жаманды,
Эми сен да калбадыңбы эс тартып:

Жаш кезимде жакшы көрдүм бир кызды,
Жакшы көрдү жанын таштап ал дагы.
Эгер андай окшош болсо жылдызы,
Түзүк дешет алар катар жанганы.

Катар жандык... Ушунчалык татты элек...
«Окуп берем, бу сен үчүн керек» деп,
Кызык-кызык китептерди апкелет,
Жок да болсо издеп жүрүп даректеп.

Тээ-тетиги ойноо кезден ушундай,
Мени ээрчитип, мени гана ойнотчу.
Тең жетилдик бир уянын кушундай,
Билбегендер «бир тууган» деп ойлошчу.

Күндү көрбөйм, аны көрөм, ал – күнүм,
А мен анын нуру менен ээрчиме.
Жакын келип чыгардыбы ал үнүн,
Жаным бир күү, берет тынбай чертиле.

Миң дабыштан бөлүп таанып алчумун,
Кайда жүрсө анын баскан дабышын.
Алда кайдан сезем жытын чачынын,
Же көйнөгү желге шуудур кагышын.

Ал калаадан кайтып келген күнүндө,
Берип жатып «базарлыгын» толтуруп,
Бир коболоң бар өңдөнүп үнүндө,
Көпкө чейин мукактанып олтуруп,

Бир кез айтты: «Келе турган жумада
Мен жок болом... Мен күйөөгө кетемин...

Кандай дейсиң? Бар ушундай убада,
Азырынча айтпайм ал ким экенин...»

Балам, билсең менин анда абалым:
Асман кээде ач айкырык салатко,
«Тиши» жарк деп арасынан абанын,
Чөптөр чоочуп, жата-жата калатко

Мага угулду дал ошонун өзүндөй,
Айырмасы, чөпчө кулап жатпадым.
Бирок турду бутумда жер сезилбей,
Муз-таш болуп жүрөктөгү от-жалын.

«Тийсең-койсоң, ал өзүңдүн ишиң да,
Мен ким элем?! Мен бир сокур – карыпмын.
Караңгы түн ичим дагы, тышым да,
Мен теңиби сен сыяктуу жарыктын?!»

Туруп кеттим. Ар жагымдан.
«Токтолоп». «Түшүнбөйт...» деп,
угулгансып калды үнү.
Бирок эч ким байлап-матап, ноктолоп,
Токтоталмак эмес мени ал күнү.

**Өлүмгө карай**

Жаным байкуш окшойт жаман кашайган,
А болбосо: «Өлбөй неге жүрөсүң
Өлгүн эрте! Кана, бачым бас, айбан!»
Деп ким өзүн өлүм жакка сүйрөсүн?

Үй да калды. Келем тоону бет алып,
Оюм менен оюм тынбай кагылып.
«Кошой!» дешет бирин-экин эл таанып.
Карабаймын, «Өлөм!» – келем карышып.

«Өлөм эми! Кош болгула, баарыңар,
Эч акым жок араңарда жүрүүгө.
Сокурдун да анча мынча-ары бар,
Мындан ары жүк болалбайт тирүүгө.

Мен таанбайм мени тапкан энемди
Өңү кандай? Кийми кандай? Билбеймин.
Көралбаймын а түгүл өз денемди!..
Бул жагынан айбан менен бирдеймин.

Олуядай бере жүрчү батасын,
Кагылайын карыларым, тоолорум!
Түшүнгүлө: көралбаса атасын,
Баласы үчүн кандай кордук болорун?!

Айбан көрөт. А мен көрбөйм. Кем кылып,
О, жараткан, мени неге түздү элең?!
Жалбырактай, сабагымдан жөн жулуп,
Көмсөң болмок кечээ кеткен күз менен!

Сен элең го менден катуу жаңылган –
Барын берип, көздү бербей бир ушу.
Көз – күн экен, ичиң жактан жагылган,
Тышты сага жарык кылып туруучу...»

Деп бободой боздоп ыйлап барамын,
Жеттим окшойт баягы көк аскага:
«Кандай кулайм?» Боорун сылап карадым,
«Айланайын аскам, мени жанч, кана?!»

«Күп» деп кулап түшөрүмдө акыры:
«Кой дегиле!», «Токтоткула батыраак!»
«Бул өзүнө кол салганы жатыры!»
Ичим-тышым – баары бирдей бакырат.

«Кулабагын!», «Жок, кулагын!», «Кулагын!»
Айыгышкан кармашында экөөнүн,
Ызы-чууга толуп чыкты кулагым...
Мында билдим жандын таттуу экенин.

Өлмөк болуп аша кечип жанымдан,
Мен ошондо тагдырыма кекендим.
Бирок да мен бир нерседен жаңылгам:
Билбегемин жашоо кымбат экенин...

Элге экинчи кайрылбаска ант берип,
Кеттим тетир, иңир кире бергенде,
Тагдыр мени кайдан-жайдан апкелип,
Кезиктирди кирээ тарткан кербенге.

«Жетиммин» деп жалбарып да, ыйлап да,
Суранган соң, кыялбады, алышты...
Дале эсимде, тынбай жүрүп бир апта,
Мында келдик, Кара-Суудан алыскы.

Минтип бир кез дегдетип да, терметип
Ышкы берген ошол кыздын айынан,
Тентип кеттим эл кыдырып, жер кезип
Кечип бардык тууган-урук, айлыман.

Алар калды: «Ач-бел, куу-жол, талаада,
Өлдү го?» деп, алда качан түңүлүп...
А мен жүрөм дале бүтпөс санаада,
Кызга бекер кылдымбы деп күнүлүк?

Неге десең: «Эртең эрге кетем» деп,
Ал оңбогур сынадыбы же мени?
«Кой дээр бекен, алда кантер экен; деп?»
Кыздар куу го, ойлоп таппайт эмнени!

**Экинчи түн**

Бут учунда илкий басып, билинбей,
Үн чыгарбай, алаксытпай эч кимди,
Май айынын жаңы ачылган гүлүндөй,
Жыпар жыттуу, жумшак да бир кеч кирди.

Батар күн да чылк алтынга айланып,
Көлкүп калды туш-тушуна чачырап.
Айылдарда уйлар тышка байланып,
Үй-үйлөрдө жанды кайра шам чырак.

Ушул азыр карасаң кай тарапты,
Улам аздан кеч боёгун сүртүнүп,
Каалгып терең ойго кетип баратты,
Калгансыды башка түгүл, суу тынып.

– Ушул жерге түнөйбүз го, калыбы,
Болсок урмат жаратылыш мейманы:
Орун белен, төшөнчүсү салынуу,
Айтсак болот «чоң үйүбүз» деп аны.

Качан келсең какпай кирер эшигин...
Ан үстүнө, «ал» деп берип жатканы,
Ал өзүндө болгон ырыс-кешигин.
Жаткын анан көктү үстүңө жап дагы.

Бир жыргайсың падышадай багылып:
Бардык шамал сени термеп, өбүшөт,
Бардык жылдыз сени көздөй агылып,
Бардык гүлдөр сага жытын төгүшөт. –

Көрчү кармап, эмне деген түн өзү:
Чылк оронуп үлбүрөгөн карага,

Жароокер да, назик дагы мүнөзү,
Келди мына экөөбүздүн арага.

Мүрзө жактан коркчу болсоң же мейли,
Бул жакка жат... А сен коркпо, абаң бар...
Кайра бизге караан болуп бербейби,
Кантсе дагы анда жатат адамдар.

Бардык жолдор ушул жерге апкелет,
Андан кайра чыккан бир из жок болот.
Бөлүүлөр да: «жаман» жана «жакшы» деп,
Кастык, достук – бары мында токтолот.

Мезгил болуп түнгө, күнгө бөлүндү,
Анан минтип күндүн чыгып-батканы,
Бул эмеспи: төрөлүүнү, өлүүнү
Дайым биздин эске салып жатканы...

Өмүр бою өлүм менен күрөшүп,
Өмүр бою биз келебиз уттуруп.
Мүрзө – бизге эң акыркы бир эшик,
Аны эстейбиз төбө чачтар тик туруп.

Бирок өлүм – коркунч эмес ар убак:
Узак жашап, карылыгы жеткенде,
Адам аны күтө берип зарыгат,
Кор болгуча, бачымыраак кеткенге. —

**Түш көрүү**

Коркуп жатам... Оң ыптамда чоң чынар,
Турган окшойт мүрзө жакты көрсөтүп.
Асман толо жылдыз – жарык топчулар,
«Тигине» деп тиктейт менден көз өтүп...

Уктап кетем. Ак сакалдуу кары экен,
Бара жатып токтой калат жол сурап.
Күрмөсүндө бир эле жең бар экен:
«Кана балам, таанышалы?» – кол сунат.

«Барбы балам, Жеңижок деп укканың?
Ошол менмин... Айтылбаган ыр да бар.
Канча бир жыл жер алдында уктадым,
Келдим эле алайын деп бир кабар.

Жер бетинде от көп экен ого эле,
Айтчы балам, кайдан жанат мынчалык?
Мен бар кезде мунун баары жок эле...
Сезгенден соң жаталбадым тынч алып.

Кайра барам... Аз убакка чыгарды...»
Боздоп ыйлайт, сакалдан жаш күбүлөт.
Көзүм ачам... Кучакка алып чынарды,
Кошой абам ыйлап жатат күбүрөп:

«Кел, чынарым, кысышалы кучакка,
Кел, чынарым, бир жытташып алалы!
Кийим эски, үстүмдө чаң бир чака,
Чоочубасаң: «Кири жугуп калабы?»

Жана дагы жээрип сокур дебесең,
Мен өлгөндө өз түбүңө көмүп ал.
Ырдан бүткөн ушул жаман кебетем
Сага барсын, сокур көзгө өнүп ал!

Жакшылык кыл мен өңдөнгөн шордууга,
Шуудур этип, соккон желге ыргалып,
Менин тирүү эстелигим болгун да,
Ырдай бергин менден калган ырды алып?

Мен өлгөндө күйөр тууган жок мага,
Же бербеди тагдыр катын-баланы.
Мен ыраазы: сага урунуп бир гана
Боздоп койсо тууган жердин шамалы!..»

**Чегинүү**

...Согушта темир түгүл, болоттор да
Боздоду карса-күрсө сынып, кыйрап.
Согушта адам,түгүл дарактар да
Турушту сай сөөктөрү сыздап ыйлап.

Мен анда Донец суунун батыш жагын
Бошоткон көп кыргынга катышкамын.
Ошондо биринчи ирет көргөн элем,
Ок бүркүп, «Катюшалар» атышканын.

Кыргындын эң акыркы этегинде,
Биз сүрүп, душман качып кетеринде,
Бараттым жараланып медсанбатка,
Боордош бир жоокердин жетегинде.

«Бүттү эми, адам болбойт, өлөт» – дешти,
Союшту, иче-кардым бөлөктөштү...
А бирок өлгөнүм жок, аман калдым,
Ичер суум, көрөр күнүм көмөктөштү.

Мага антип тартуулаган тагдыр сыйын,
Бул согуш кийин келет, кандуу, кыйын...
Азыр мен жаш баламын, жатып алып,
Тыңшаймын абакемдин арман ыйын.

**Ыр менен**

Жаным курсант абам менен жүргөнгө
Эл аралап, жер аралап келебиз,
Окшоп кудум жел булутту сүргөнгө...
– Жер жокко дейм, турук алар деле биз?

Деп бир кезде мен абамдан сурадым,
Сурап коюп: «Каалабасаң бар, анда,
Кете бер!» – деп, кагат ко деп турамын.
– Билесиңби, эмне кымбат адамга?..

Көп айтышат: кымбат дешип алтынды,
Болсо болор... Бирок аны алганга
Мен тырмышып, бузбагамын алкымды.
Мага бул жер кымбатыраак андан да.

Мунун баары – сенин жериң, э, балам,
Көрө жүрүп, ар бир ташын таанып ал,
Кере-кере дем алып бул авадан,
Жута-жута сууларынын даамын ал.

Даамын ал да, жатып алып жанында,
Үнүн жатта... Аркы-терки кечип өт.
Тоолор берген жомогу көп анын да,
Кылым сыры ошолордон чечилет.

Ар бир ташты таануу керек жаңылбай,
Таанубаса, жер кадырын билеби?!
Ансыз аны көралабы жанындай?»
Жылытабы аны жердин илеби?!

Ойлоп көрсөк, булар чындык эң эски...
Өмүр элде, тоо-талаада өткөнү –

Абаң ырды андан алат эмеспи!
Берет мага булуттар да көктөгү.

Көрбөйм, бирок бардыгында болгум бар,
Түшүнсөм дейм түркүн өмүр, тагдырды.
Демек, мага жол – азгырык, жол – кумар,
Алсам канча, берерим бар: «Ал ырды!»

Мен бергенден кедей болбойм, түгөнбөйм,
Мага жетет «ыракмат» деп айткан сөз.
Анда жыргап: «Дүйнөм эми түгөл» дейм
Окшоп ошо кайра мага кайткан көз.

Мен кайгымды жерге басып, тебелеп,
Келет андан кооз гүлдөр өндүргүм.
Ар кимдерге тартуу кылып же бөлөк
Бермек үчүн бирин койбой ал гүлдүн.

Өлүм жакын, кечиккенди кечирбейт,
Жашоо деген – жан үрөгөн жарыш ал.
Бир кечкен суу кайра экинчи кечилбейт,
Неге десең: азыркысы жаңы шар... —

**Ал жөнүндө**

Мен баламын, балким жаштык кылармын
Адамдарды түшүнүшкө, баалашка.
Бирок ушул азын-оолак жылдарым
Мындай жанды туш кылбаган маа башка,

Мөгдөп калмак бирөө мунун ордунда...
Бүт турпаты ыр го, билем, аны кой,
Кайдан анан кара түндөй шордуудa
Дайым жанган ушунчалык жарык ой?!

Аяп калсаң, боор оорусаң, таарынат,
Үч досу бар жандай көргөн өзүнүн:
Жалгыздыгы, ыры жана табият –
Алар барда сезбейт жогун көзүнүн.

Тыңшап үндү же шырп эткен дабышты,
Мейли жерде, мейли болсун адамда,
Андан зарыл түшүнүктөр алышты
Адат кылган бир өзгөлүк бар анда.

Дабыш гана – анын тили, куралы,
Мазмун түгүл, өңү-түсүн сезүүгө.
Каптай калат, бир ажайып нур аны,
Алда ненин сырын ачар кезинде.

Таң калганым:
анын ички дүйнөсү,
Кен сыяктуу жер алдына катылган,
Толкуп-ташып кайнай берип, бир кези
Ырга айланып, анан тышка атылган.

Себеп болуп тышка жылчык жоктугу,
Учуру көп туталанган, буулуккан.
Ошондон го, жерден-жерге соктугуу,
Күлүк аттай, тартсаң болбой суулуктан?..

**Анын чынары**

Бул кезигүү болгон эле илгери –
Андан бери кырк жети жыл өтүптүр.
Андан бери жаным куштар бул жерди,
Баскан эмес өзүм кийген өтүк бир.

Канча алмашты андан бери жаз дагы,
Канча жылдыз жанып туруп өчпөдү!

Андан бери канча жолдор баспады,
Бака-шака жүргөн турмуш көчтөрү!

Кайда андагы биз тааныган карылар?
Кошой абам сөөгү жаткан чынарга,
Келдим бүгүн, кырларында кары бар,
«Алтымыштын» тоолоруна чыгарда...

Чынар айтты: «И, келдиңби садага?
Баягыда абаң менен түнөгөн
Кез эсимде. Сар бала элең сен анда,
Бети-башы күнгө күйүп түлөгөн.

Эми мына бир ажайып үмүттөй
Өз жанында ойноп туру неберең...
Байкап көрсөк: күн келерин күн күтпөй,
Ылдам учуп жаткан окшойт жебеден!

Абаң мына, тынч уйкуда түбөлүк...
Көп жыл болду... Мен күзөттө турамын...
Адам батпай, аяк-башы түнөрүп,
Келип койду... Багын ачты ыр анын.

Көрбөсө да билди турмуш-дүйнөнү,
Өткүр сезим, курч акылы аркылуу.
Чексиз эле анын жерди сүйгөнү,
Элет менен тоо-талаанын акыны...

Өлөрүнөн бир аз мурда айтты эле:
«Ал согушта... Кээде келип турат кат.
Эгер андан өлбөй, аман кайтса эле,
Келет мага...»
Келдиң, уулум, ыракмат!

Жакшылыкты, кадыр-баркты билишүү –
Бул силердин эң бир асыл салтыңар.
Бүгүн сага ыраазыдыр бу киши?
Балам анда коштошолу, жакшы бар...»

## КЕСИРИНСАН

*«Акыл-эсиң менен жүрөгүңдү, оюң менен сезимиңди элдештирүү үчүн оор салгылашуу өткөрүүгө сенин кудуретиң жетер бекен?»*

**Ф. Шиллер**

### Ой багыты

О табият, ачып мага жүрөгүн
Биосфера тартибине үйрөткөн,
Таң сөгүлүп, түн этегин түргөнүн
Жылдыздардын тили менен сүйлөткөн!
Адамзатка, тоо-талаага ичүүгө,
Тынбай келип турган үчүн сууң да,
Кулдук урам сенин улуу күчүңө.
Те байыртан тартып мына бул күнгө
Бар өмүрүм өттү сенин үлгүңдө.
Сага умтулган кумар күчү кандагы,
Канаат кылып, кана тыным алганы?
Азыр мына, асмандын да кыйрынан
Түбөлүккө мага насип буйруган.

Адам, жер, суу, ава — менин поэмам,
Жаа сындуу жиберилген мезгилге
Сабыры жок ойдон жулуп ой алам.

Эртеңкилер бүгүнкүгө үн кошуп
Келип турса күн соңунан күн жоошуп,
Ошол менин сыйкырдуу бой тумарым,
Анда өчпөгөн оту жанат кумардын.
Бирок мезгил каардуу да, катуу да,
Жанды апкелип жанга жакындатууга
Эмне керек? Жашоо сырын жашыруун
Ачкандарга келет бүгүн баш ургум.
Угуш үчүн келечектин кабарын,
Бул дүйнөнүн адалын да арамын
Бирдей жууган адилет деп, калыс деп,
Алгач чуркап аккан суугa барамын.
Кайдагы бир коболоңду сезгенсип,
Ал үн катпай, карайт мезгил кабагын...

Болсо дагы түн мээримдүү, түн куттуу,
Бир окуя кирет дайым түшүмө:
Күтпөс жерден куюн алып турмушту,
Көккө чыгат... Аны жерге түшүрө
Албай жатып, кыйналганда ойгонуп,
Мен кылымга бербейм анча түшүнө.
Биз түшүндүк эмне менен бүтөрүн,
Табиятка адам эрки таңылса.
Ээлери чын дүйнө бетин бүт өлүм,
Эгер кылым акыл-эстен жаңылса...

Бул жөнүндө бүгүн менин поэмам,
Асман, жерди тагдыр бизге кой аман!
Кайталанчу муундардан муунга,
Даңазалуу эрдиктерден ой алам,
Күн кылкылдап келет анын туунда...
Алдас урчу, акырына биз күтпөй,
Эмес бул бир жан умтулган жөн кумар,
Эски дыңга жаңы айдалган күздүктөй,
Ырдын терең кыртышында өңгүм бар.

Ар кыл башка континентте турушкан
Адамдардын баары мага туушкан.
Бул туугандык бизге кокус келбеген,
Асман, жердин бирдигинен жугушкан.
Тараганбыз эки гана денеден,
Адам – Ата, анан Ева – Энеден...
Мезгил, турмуш – бүгүн менин поэмам,
Мен ал үчүн жолдо кетип баратып,
Соккон желден, жаткан таштан ой алам,
Кыймылдууну, кыймылсызды жаратып.
Ойлоп көрсөк, биз билгенден, билбеген
Канча дагы!
Менин эски доорумун
Жаңы дарты – АЭС, Чернобыль менен
Поэзиям болду сары оорулуу...

Бул турмуштун кыйма-чийме жолунда,
Көз ирмемде зып деп учуп өтчүнү,
Же былк этпей жатчуну бир орунда,
Мейли канча соксо мезгил өткүнү,
Өмүрлөрдү, даңазалуу жашаган,
Шайкеш келип ар кими өз дооруна,
Наадандарды, тагдыр чала жасаган,
Адам жанын, ыйлуу жана күлкүлүү,
Жер бетинде кубулушту миң түрлүү
Келет бүгүн ачып кайра карагым,

Аңтаргандай эски китеп барагын.
Бүткөндөрдү ач көздүктүн илимин
Келет кууп акыл-эске кийригим.
Жулуп атом коркунучу астынан
Ушул жерди, жаны бирге биз менен,
Жонго салып кең арыштап баскым бар,
Бейпилдикке барчу жалгыз из менен.

**Чернобыль**

Адамдар түн жамынып, уйку оронуп,
Көлкүлдөп эриген бир дүйнө болуп,
Жатканда карпа-курпа кырсык басты,
Тарса-күрс, күлдүр-шалдыр асман асты,
Окшоду жер огунан айрылганга.
А менен бир убакта түшкөнсүдү,
Асмандан кулап канча чагылган да.
Алгач чаң,
Анан бурк деп көгүш түтүн,
Аңгыча өрткө айланды баары бүтүн.
Атылып чыккан жалын, айлананы
Ажыдаар оп тарткансып аймалады.
Заматта түшүнүшкө кайда баарын,
Адамдар сыйрып салып уйкуларын,
Олтуруп өз-өзүнчө ой жорушту:
«Аттиң ай, бул эмине, бул согушпу?!»
«Же бул бир учуп чыккан жанар тообу?!»
«А деги жер аманбы, асман сообу?!»
Түкшүмөл түкшүмөлдү сүрөп-коштоп,
Ой кетти коркунучка түркүн-түрлүү.
АЭСтен агытылган жырткыч окшоп,
Ал кезде сайран салып АТОМ жүрдү.
Кези эле жаздын жерге жаңы келген,
Жакшылык жышаан берип соккон желден.
А менен адамзатты сүйүнчүлөп,
Жер шары салт аттууга окшоп желген.
Тынч дагы,
Жылуу дагы,
Жумшак дагы,
Бири эле жаздын жаркын күндөрүнүн.
Бүркүлө, жалпы ачылып калган чагы,
Бакчада алма шактын бүрлөрүнүн.

Мөмөгө мөөрүн басты мезгил каары:
«Татпайсың муну эч качан мындан ары!»
«Тийдиң» деп, бышып турган алма бакка,
Айыптап Адам-Ата, Ева-Энени
Бейиштен айдагандай башка жакка.

Чернобыль!
Баягыда сага бардым,
Аз жүрүп, жакшы элесин, алдым арбын.
«Кантти?» деп бүгүн ойлоп тынчым кетет,
Кетерде сенде калган жандын жармын.
Борборуң,
Чакан, кооз, жаш да калаа,
Койну бак, жан-жакасы жашыл талаа.
Ортодо көйрөң, эрке Припять,
Ийнедей тепчип өтүп эгин жайды,
Түз эле Днепрге кирип тынат.

Чернобыль!
Аны биздин тилге бурсак,
Бир сөздөн толбосо да ырга бир сап,
Бурк этип эрмен жыты, шыбак жыты,
Жытынан боло түшөт жаның курсант.
Негедир уулуу, ачуу азыр ал жыт,
Чернобыль түш көргөнсүп, калган алжып.
«АЭСте авария!» Дүңк дей түшүп,
Таралган бул кабардан жүрөк үшүп,
Адамдар эс таңгыча коркуп алган.
Бул түнү дежур болуп анда калган
Кулунун энеси эстеп, чыгат жаны,
Алдастап андан бетер алган жары.
Ойлошпойт, а өздөрү эмне болот,
Жетсе эгер жылып жүргөн атом чаңы?!
Табият качан болсо адамзаттан
Жашырып алды жакты ары каткан.

«АЭСте авария!» «Мүмкүн эмес!»
Ар кандай ойлорго жол берчү, бербес,
Кагышты түшүнүктөр, жорумалдар.
А бирок атом күчүн колуна алган
Азыркы адамдарда: «Кайдыгерлик»,
«Түркөйлүк» деген эски ооруу калган.
Чернобыль дагы эскертти: «Жашайм десең,
Адам сен ылдамыраак арыл андан!»

Таң сүрүп, талаа уйкудан турганынча,
Эрдиктин ыктыярдуу курманынча,
Уландар респиратор кийинишкен,
Күтпөгөн бул кырсыкка күйүп ичтен,
Оң жыты, өзү да жок жоого каршы,
Жүрүштү салгылашып жанды сабап,
Турса да тынбай ойноп өлүм маршы.
Турмуштун кыйчалыштуу убагында,
Доорунун көзү дагы, кулагы да
Болалган жап-жаш, жаңы азаматтар,
Кадимки Чолпонбай же Матросов,
ДЗОТту тулку менен жапкан окшоп,
Түз эле жалынга жалп кулады да,
Билген жок кызуусунда кармаштардын,
Атак-даңк аларга өзү жармашканын.
Мында тек төгүлбөйт кан, атылбайт ок,
Бетме-бет келип турган душман да жок.
Сен аны жерден күтсөң, көктө жүрөт,
Сен аны тыштан күтсөң, үйгө кирет.
Ал – өлүм, сиңип алган соккон желге,
Ал чөптө, сууда, ташта – бардык жерде.
Чыдабай салгылашуу кубатына,
Чеп кыйрап мейкиндикте, убактыда,
Робот, компьютерлер эстен танды,
Ажалда адам уулу өзү калды,
Алгандай «запаска» деп бирден жанды.

Тирелтип күчкө каршы койду күчтү,
Кара жок жүрөгүндө, жан кечтилер.
Ким билет, асман жерге кулап түштү,

Же түтпөй, астын-үстүн алмашты жер!
Белгисиз жүгүнтөрү кимдер кимди,
Ойнолду өмүр гимни, өлүм гимни.
Күн дагы коркуп, чыкпай турду апкаарып.
Акыры адам уулу көмдү алпарып,
АЭСтен качып чыккан кара жинди.
Жырткычты кууп кайра кийригендей,
Баштагы өз ордуна, тынч жайына.
Аз жерден аман калды, аман калды
Ата-Журт,
Алтын өлкө – Украина!

Кечээги салгылашта,
Улуу сынак,
Душмандан мен коргошуп, мен кан төккөн,
Жараттан жан чыгарда башым сылап,
«Уулум ай, өлбөчү?» деп жыттап өпкөн
Сен элең, асыл энем Украина.
Кырк беш жыл андан бери оошулду,
Али да сенин ошол доошуңду,
Ар күнү ичим ысып эстей берем.
Биз канча алыс, жакын кеткен менен,
Махаббат бир кошулат эки арадан,
Мен жүрөм аны ырымда сездирип да,
Чернобыль – сенин жараң, менин жарам,
Андыктан,
Мен – боздогон скрипка.

Турмуштун балбан өзөк тамырлары
Аркылуу жүрөктөргө жетип ары,
Күркүрөп, канда ойногон бул драма,

Таймашкан өмүр-өлүм драмасы,
Өзүнүн бардык ички мазмун, баасы,
Теңдешсиз адаттан тыш күчү менен,
Өмүрдө биз укпаган, биз билбеген,
Бир гана элестеткен күңүрт-күүгүм,
Жашоонун башка, жаңы бийигине
Апкелип койгонсуду бизди бүгүн.
Эски ойлор, түшүнүктөр качты кийин,
Догмалар тебеленип, кулап жерге,
Атомдун куйкалоочу илеп-деми,
Биздин ой, биздин акыл, сезимдерде
Жаңырып турмак болду дайым эми…

**Жолдо**

Калтырып Чернобылды, келем качып,
Качкандай жан алгычтан, мени жечү.
Калды деп, кылчактабайм, жаным ачып,
Аттиңай, бул не деген аша кечүү?!

Түн болуп түнөрдү да калды калаа,
Бир жан жок, аңгырап бош үйлөр, көчө.
О чиркин, анын даңкы – калкы кана,
Дүңгүрөп, ага сыйбай жатчу кечээ?
Кайдадыр калды калаа улутунуп,
Жүрөгү, жаткан азыр алдас уруп
Тып этип кокус токтоп калган өңдүү,
Же бирөө алган окшоп андан сууруп.

Ээн жай…
Жалгыз шашып келем жолдо,
Чоочулап жалбырак, суу жана желден:
«А кокус, жашырынып жаткан болбо,
Ажал сен, Чернобылдан качып келген?»

Ал түнкү ажал менен кармаштарда,
Турмушта, бар болгону бир берилген
Жанды да АЭС менен алмашканга
Кебелбей, көздү жумуп бара билген

Уландар уктап жаткан мүрзөлөрдүн
Үстүндө бирден таш бар атын жазган:
Акырын, былк этпестен туруп көргүн?» —
Деп сенден сурангансыйт жакын барсаң.

Айлана, туш-тараптын баары дарак,
Алар да аза күткөн өңдөнүүшүп
Турушат, баш көтөрбөй, жерди карап,
Ан сайын зырп деп сенде жүрөк үшүп.

Күн аптап, келем суусап, каным катып,
Жанымда тең жарыша аккан дайра,
Каңгыча жутсам деймин, кулап жатып:
«А кокус, ажал болсо?» – Качам кайра.

Ар жагым, бер жагымда алча батпайт,
Тизилип сабагында мөмөлөрү.
Алар – уу. Аларды эми адам татпайт,
Ачык иш, жылда бышып, жөн өлөрү.

Анан да гүлдөр батпайт – жашыл, кызыл,
Уккансыйм: «Кел, кайрыла кет?» дешкенин,
Же күлө карашканын, көзүн кысып,
А мага күнөө өңдөнөт – беттешкеним.

Жададым... Кагылайын о туулган жер,
Мен эми сенден безип барам кайда?
Мейли эле жылдыздан жер табылса эгер,
Бирок жок... Барбы башка табар айла?!

**Ооруканада**

Радиология институту, өтө оор радиация алгандарды дарылоонун жүрүшүн байкоо үчүн башка жактан келген меймандарга институттун башкы врачы өзү түшүнүк берип, ооруулар менен тааныштырып жүрдү.

**Биринчи палатада**

БАШКЫ ВРАЧ:
Өрт өчүргүч Владимир
Михайлов!
Ошол түнү дежур болуп
АЭСте,
Алты жүз рентген алган.
Азыр мунун өткөндөрү жок
эсте...
/Михайловго/
Саламатпы, Володя?
Бүгүн сага меймандарды
апкелдим.

МИХАЙЛОВ:
(анчалык жактырбай)
Келипсиздер, эрте да эмес,
кеч да эмес,
Мен үчүн беймаал убакта.

БАШКЫ ВРАЧ:
А кандайча Володя?
МИХАЙЛОВ:
Денемдеги зыяндуу нурлар
жөнүндө
Жатты элем катуу ойлонуп.

«Жугуп калат: деп коркуп;
Мага бир жан жолобойт,
Жоломок турсун, күнчүлүк
алыс качышат.
Ойлоп көрсөм, мен бир унаа
өңдөнөм,
Жалаң атом жүктөгөн,
Бул турмуштун сапарында
бүтпөгөн
Бара жатып, баары менден
коркушкан:
«Азыр мындан өрт кетет
деп,– «дүрт» деген?»
Ай аттиң ай,
Байкуш энем болгондо,
Качмак тургай, кайра мага
жабышмак,
Анын менден аяр жаны жок
эле...
Жана сиздер келерде,
Мен ушуну ойлоп жаткан
болчумун...
Доктор, доктор, мага уруксат
этсеңиз,
Мен үйүмө кетейин?
Энемдин көзү тешилгендир
жол карап?!

МЕЙМАНДАРДАН:

Энеңизден башка да
Барбы сиздин жакын
туугандарыңыз ?

МИХАЙЛОВ:

(таңыркап):
«Туугандарыңыз?»

(ойлонуп)
«Туугандарыңыз?..»
Мен бул сөздү түшүнө албайт
экемин.
Түшүнгөнүм – мен илимдин
кишиси,
Илим жатат мени менен өнүгүп.
Анткендиги, мен өлгөндөн
кийин да,
Топурак, таш аркылуу,
Көпкө чейин тарай берет
«нурларым»...
Буга чейин эки китеп жазылды.
«Пациент – Н» деген да бир
макалада,
Чет тилдерде басылды.
Баардыгы мен жөнүндө.
Ошондуктан, сиздер дагы
аларды
Окуп көргөн чыгарсыздар
деп ойлойм.
/эч кимиси унчукпайт/
Окуган эмессиздерби?
Кантип эле?
/кыжырланып/
Окубайсыздар, албетте!
Окуп эмне кереги!..
Билсеңер болду бир гана
Адамзатка өлүм ойлоп тапканды!
«Реактор», «Атом» деп,
«Радиация» деп,
Ооз көптүрүп басканды!...

МЕЙМАНДАРДАН:
Анын баары адамзатка керектүү.

МИХАЙЛОВ:

Керектүүбү?
Мисалы мага эч кереги жок болчу,
Алты жүз эмес, жалгыз
рентгендин да.

БАШКЫ ВРАЧ:

Володя, сен эмне деп
жатасың?
Бу кишилер ачкан беле
атомду?
Бизге келген меймандар –
жай адамдар,
Көпчүлүгү врачтар.

МИХАЙЛОВ:

(болбой эле):
Атом!.. Энергия!..
Радиация!..
Уккум келбейт... Жададым.
Доктор, мени жибериңиз үйүмө?..

**Экинчи палатада**

Палатада жалгыз ал,
Жана жалгыз керебет.
Аппак бөлмө, ак төшөк,
Анан мындай керемет:
Тамызуучу аппарат,
Трубкалар аркылуу,
Денеге кан алпарат.
Үстүндө бар ак халат,
Сестра кыз акмалап
Жүрөт басып жанында.

Жигит ойлойт ичинен:
«Биз менен бир болду бекен, жок бекен
Ушул кыздын жары да?»
Жумуш анда бүткөндүгүн сезди да,
Акырын-жай сурады:
– Айтыңызчы сестра,
Турмуш курган белеңиз?
«Жок» деп жооп берди да,
«А сизчи?» деп кайра өзүнө кайрылды.
– Үйлөнгөм, бар аялым,
Балам да бар, төрөлө элек а бирок.
Ай-күнүнө жетип калган кези эле…
Чынын айтсам,
Төрөлгөндө эмине?
Биздин кезде опурталдуу иш бул бир…
– Эмне үчүн? – Кыз жооткото сурады.
– Макул – дейли, эртең бала төрөлөт,
Анан эмне,
Келечеги, тагдыры анан не болот?
Эмне деген күн көрөт?
Кептин баары ушунда.
АЭСтеги бир кичине кырсыктын
Кесепети эл-журтка
Канча кайгы апкелди!
Эмне болот эртең согуш чыкса эгер?!
– Согуш болбойт.
Түк эч нерсе ойлонбой тынч жатыңыз,
Сизге зыян ойлонуу…

Сестра кыз кеткен соң,
Ал ордунан турмак болду козголуп.
Бирок дароо денени токургансып,
Караңгылап көздөрү,
Кайра шылк деп керебетке кулады.
Суу алдында жүргөнсүп,

Тунуп эки кулагы.
Элестеди көзүнө «ЖОЛ» баягы —
Оңурайган, коркунучтуу тешикке
Кирип, кайра чыкпай калчу аягы.
«Өлүм» деди ичинен.
Ошол замат эске түштү аялы.
«Баш кошконго экинчи жыл башталат,
Эмне көрдүк?
Аз эле...
Эми минтип байкуш жалгыз, жаш калат.

Бир аздан соң эс алгандай болду да,
Келди ордунан тургусу,
Жарыкты келди көргүсү.
Эптеп туруп, тамдын боорун кармалап,
Барды акырын терезенин түбүнө.

Кыймыл батпайт көчөдө.
Машиналар, чымын-куюн учушкан,
Аркы-терки шашып жөө баскандар,
Баары алдыга,
Баары ылдам,
Кечикпей эрте барышка,
Баары тегиз чыгышкандай жарышка.
Бирөө менен бирөөнүн жоктой жумушу...
«Карап турсаң турмушту,
Жин тийгендей ыргагы,
Түтпөй, анан бийге кирип кетчүдөй,
Тамдар жана тал-дарактар мындагы!»
Аңгыча ээк алдынан,
Суу шылдыры угулду арыктагы,
Кудум окшоп,
Скрипка кайрыктары.
Жарк-журк чагылып
Шарына күн сыныгы, айрыктары.

Жарык менен суу экөө,
Жулкулашып, күлүп-ойноп жаткандай.

«О табият!
Төрөй элек энеме
Окшоп өзүң мени кошуп денеңе
Жүрөр элең.
Он эки айың – сүйүүм эле он эки,
Ар кимиси алган мени тең бөлүп.
Демек, ар бир жыл сайын,
Алар менен он эки ирет тазаргам.
Алмашылып келеринде ар бири,
Болор эле ар башкача жасанган,
Анан дагы алдыдагы турмуштан,
Жаңы тилек, үмүт берип турушкан...
Азыр эми айтпайсың эч дайынын,
Эмне мынча түрү суук,
Бул апрель айыңын?..»
Каңырыгы түтөп кетти жигиттин,
Адам антет түгөткөндө үмүтүн.
Кайра дагы муун-жүүнү титиреп,
Башы айланып, көөнү айнып,
Тердеп-кургап,
Жетти араң керебетине...
«Олдо жырткыч Кылым ай,
Жоктой башка эрмеги,
Адам жанын түпкүч катар ийилтип
Куртка айланткан жердеги!...»
Канча жатты, жок эсте,
Кирди чоочун кишилер
Палатага бир кезде...

БАШКЫ ВРАЧ:

Бул жигит Виктор Соколов!
Аппаратчик кызматы.

(Соколовго жакындап)
Кыйналдыңбы? Эмне куп-куу ирециң?

СОКОЛОВ:

Кечириңиз, сизден менин өтүнчүм:
Мага дары беришпесин:.. айтсаңыз?
Аны айыгып кетчүлөргө беришсин?
А мен болсом...
Турасыз да сиз өзүңүз түшүнүп...

БАШКЫ ВРАЧ:

О жолуң болгур, ошентип да айтабы?
Айыгасың баары болот жайында.
Мындай кепти мага экинчи угузба!..

*Үчүнчү палатада*

Палатада бир жан жок,
Төшөнчүсү жыйылбай,
Турат жалгыз керебет,
«Азыр келип жатат» деп,
Ээсин гана күткөндөй...

БАШКЫ ВРАЧ:

А каякта Кузьменко?

СЕСТРА:

Он мүнөтчө болду го,
Ал биз менен түбөлүккө коштошту...

БАШКЫ ВРАЧ:

Кантип эле? Кандайча?
(ойлуу туруп)
Ай аттиң ай!
Анын эми жолдош болсун ыйманы!

СЕСТРА:

Таң каларлык бир нерсе:
Өмүрүнүн эң акыркы саатында,
Кыйналса да канчалык,
Кыңк этип бир үн чыгарып койгон жок.

БАШКЫ ВРАЧ:

Өлүмгө да эрдик керек эмеспи...
(столдогу кагазды көрүп)
А бул эмне?

СЕСТРА:

Кузьменконун сүйүп жүргөн кызына
Бул жерде жазган каты экен...
Адресин, ким экенин айткан жок,
Бирок ал кыз «окубай калар бекен?» деп,
Өлөрүндө кыңырылып кыйылды.

**Өрт өчүргүч Кузьменко**

Өзүң болуп ал түнкүнүн кыл алды,
Өрттү беттеп барганыңда тайманбай,
Селт дей түшүп, өрт өзү да таң калды,
Өз ажалын өзү көрө калгандай.
Сенин эки чеңгелинде чоюндай,
«Өлдүм» деген ой-боюна коюлбай,
Куушурулуп жүрөк менен өпкөсү,
Чанагынан чыга түштү өрт көзү.

Капыс түшүп келе калган – асмандан,
Икар кейпин а сен ага сездирдиң.
Континенттен континентке тез барган
Ракета окшоп турду тездигиң.
«Эрдик» деген улуу, ыйык законду,
Аны менен ачтың кайра жаңылап.

Бирден нурун берип турган окшоду,
Жылдыздар да түшүп келип жамырап.

Күндүз кечке тириликтен чарчаган
Шаарың көшүп, бейкут уктап жатты эле.
«Өйдө тур!» деп өлүм сени ойготту,
«Балам, кайда?» – баш көтөрүп айтты эне.
«Коркпо, апаке, келип калам эми эле...»
Кийиндиң да чыгып кеттиң жай жылып.
Ошол бойдон үйүңө да, энеңе
Келген жоксуң сен экинчи кайрылып.

Өлбөстүккө кеткен элең сен анда,
Ай-ааламга, адамзатка көрүнөө.
Окшоп жатты сенин ар бир кадамың,
Баатырлыктын баскан алтын мөөрүнө.
Бир оокумда боло түштүң сезгендей,
Колундагы күйүп турган жер шарын,
Азыр эми бир гана сен чечкендей,
Адамдардын жашабасын, жашаарын.
Жер добушу үшкүрүнгөн, онтогон,
Жаткан эле кулагында жаңырып.
Шекшинүү да болду бейм бул ортодо:
«Кокус колдон түшүрөмбү, жаңылып?»
Ал учурда алган ар бир демине,
Атом чаңы жаткан мыктай кагылып.

Чатырчадан алоолонгон отту алып
Учурунда жерге, төмөн түшүргөн,
Окшоп кеттиң Прометей өзү анык,
Отту билген, оттун сырын түшүнгөн.
Же мезгилди пружинадай кыстыңбы,
Жеткирбөөгө күн чыкканга, жарыкка?
Шашып жатты жазуу үчүн ысмыңды,
Издеп алтын тамгаларын Тарых да.

Чернобылдык өрт өчүргүч Кузьменко,
Сен бул түндү такыр эстен чыгарып,
Кайрыласың туулуп өскөн айлыңа
Туруу үчүн урмат-сыйга чырмалып,
Азыркыңдан болбой эч бир айрыма,
Кылымдарга жап-жаш бойдон каласың.
Сыймыгындай Украина элинин,
Бардык көздөр сени келип карашат.
Эч жок десе, тийгизүүгө эринин,
Дүйнөдөгү шамалдар жол талашат.
«Булар кимдер?» – бурулганча сен ары,
Өткөн болот ак жүзүңдү аймалап,
Кыргыз ою жана кыргыз шамалы.

**Кузьменконун сүйгөнүнө жазган катынан**

«...А түн анда келип жетчү жерине,
Токтой калган, таң тарапка сунулбай,
Эки жагын аңдый карап, эрине
Чыккынчылык кыла турган сулуудай.
Бараткында төшүн жиреп жалындын
Байкабапмын, бар экенин жанымдын,
Кийин сезип: «Өрттү өчүрөм, анан ал?»
– Жаратканга өз ичимден жалындым...

Өтүнүчүмө «Жок» деген жок жараткан,
Убадама мен да туруп акыры,
Кайтпас жайга мына кетип баратам,
Алганымдай шашылыштуу чакыруу.

Мага абийирим: «Өрттү барып жеңгин!» деп
Буйрук берген, ал болуучу Жетекчим,
Анын туусу турган кезде желбиреп,
Алып калбайт болчу өлүмдөн мени эч ким.

Артта азыраак өмүр калды, карасам,
Жамандыгы, жакшылыгы иргелбей.
Мен жарыкты эрте таштап баратам,
Күн чак түштө метрого киргендей.

Алгансыды бетин чүмкөп бекемдеп,
Башта сүйчү бу дүйнөнүн асманы...
Тилек кылам: «Күлкүм калар бекен?» деп,
Жаш булактын добушунда жаздагы.

Анткендигим сагынычтуу санаамдай
Ыйык сактап жүрөр элем бул жерди...
Чыгыш калкы салтта сөйкө салгандай,
А мен сага бербей кеттим бир белги.

Сүйүү бизге карпа-курпа тез келип,
Кайра кетти, кеткен жагын сезбедик.
Канттик эми... аман калган АЭС да
Анан өзүң – мага тирүү эстелик.

Күнгө ырахмат, жарык берди, жылытты,
Суунга ырахмат, чаңкаганда кандырды.
Көккө ырахмат, биз кезикчү кечтерде,
Сулуу, сулуу жылдыздарын жандырды...

О кең Дүйнө, көз ынтызар кароого,
Ой ынтызар, кучагына ороого!
Дүйнө деген же сенсиңби боз чымчык,
Уя жасап, учуп-конгон короодо?!»

**Зонадан көчүргөндө**

Чернобылдан көп чакырым ыраакта
Кыштактар бүт көчүрүлүп, бирок да

Көчпөй, жалгыз кала берген кемпирди,
Келишти издеп, өткөн кезде бир апта.

Селт дей түштү кыштак эпкин ургандай,
Бул келишти жакшылыкка жоруган.
Жалбарганы үйлөр араң тургандай,
Ар кимисин «Кир!» деп тартып колунан.
Ал гана эмес, айланада турушкан,
Талаа, чөп, бак сагынычтан бир башка,
Белен өңдүү «Кетпе?» деп баш урушка
Же жөн эле аягыңа кулашка.

Ар бир үйдө ар бөлөкчө чектелүү
Айрылуунун аянычтуу кайгысы.
Кээ бирөөнүн огороддо кетмени,
Же чөбүндө калып сайган айрысы.

Жайган кирлер калган жипте, тартылуу...
«Не болду?» деп, түңүлбөй да түңүлүп,
Каректери – терезелер аркылуу,
Үйлөр ээсин издегенсийт, үңүлүп.
Карбаластап шашып колдон түшүргөн,
Жол четинде жоолук жатат бир бүктөм,
Саймаларын тиктеп туруп түшүнөм,
Бир жароокер жан аркылуу бул бүткөн,

Майдын жаркын майрамына атайы
Даярдаган кыштак, чаңы-кири жок...
Ит, мышыктар боло түшкөн жапайы,
Көчөлөрдө каңгып барар жери жок.

Кемпир да жок мейли тышта, мейли үйдө,
Эч ким билбейт өлүүсүн же тирүүсүн.
Чөпкө түшкөн ийне мисал, кең дүйнө,
Жоготконбу тирүүлүгүн бир үзүм?

«Тапкыла!» деп буйрук катуу жазылган...
Табышты анан чак-чарчашып бүткөндө.
Көрсө, кирип жер кепеге жашынган,
Бурчка барып, өңдөнүп бир бүктөмгө.

«Өлсөм өлөм, бирок барбайм эч кайда!»
Туруп алды кемпир таза көшөрүп.
Айтты бири, бүткөн үчүн башка айла:
«Жеткирели машинага көтөрүп!»

Кемпир эми боздоп кое бергени:
«Мен бул жерде жетимиш жыл жашагам.
«Пелагея! – деп чакырды Жер мени,–
Кетпе, биздин тагдырды бир жасаган!»

Ай аттиң ай, жанга кандай жараттуу,
Тууган жерден минтип күчтөп көчүргөн»
Тирүүлүктүн тизмесинен Жер аттуу,
Окшоп сени түбөлүккө өчүргөн!

Ар бир ууч топурагы ал жердин,
Аталардын кан, терине жуурулган,
Сен көктөгөн тамырды да ал берген
Эмне болмок эгер болсо суурулган?!.

Көчүү болбос мынча муңдуу-кайгылуу,
Тагдыр өзү ар бирөөгө бөлүнгөн
Тапса ылайык тууган жерден айрууну,
Ал оболу – сакташ үчүн өлүмдөн.

Чаң-тополоң, мындай апат чактарда,
Шашып калып адамдардын акылы,
Көп соктугат өйдө-төмөн жактарга...
Пелагея макул болду акыры.

Берилбесин билип убак көп буга,
Боздоп ыйлап үйүн чыкты айланып.
Жетип барып, маңдайынан өптү да,
Агытты итин, турган ары байланып...

Кайда көчөт: жакын жерге? Алыска?
Кайра экинчи кайрылбасын түшүнөт.
Болбойт үйдөн буюм-тайым алышка,
Короо-жайга жүгүндү да үч ирет,

Жөнөй берди... Үй-бүлөдөн өзү эле,
Бир жыл ашкан, абышкадан айрылган.
Эки бирдей уулу – кара көзү эле,
Жоого аттанып, жок кайтара кайрылган.

Жол келатып көзүн албайт айлынан,
Аппак тамдуу, дүкүйгөн бак-дарактуу.
Күкүк окшоп, Зейнебинен айрылган,
Ыйлап-сыктап, какшап-сайрап баратты:

«Балдар, көрчү, бак-дарактар гүл ачып,
Каяктадыр куштар сайрап безилдейт.
Ан үстүнө асман тунук, күн ачык,
Жерде деле кырсык бары сезилбейт.

Силер эле кыйнап-кыстап көчүүгө...
Барам эми жанымды алып мен качып.
Күрөң уюм ким саайт эми кечинде,
Тоокторго ким суу берет, жем чачып?

Калып барат токой, талаам шиберлүү,
Коштошподум, бет алдынан бир өтүп.
Кагылайын короо жайым, силерди
Сагынганым мени сорор түгөтүп!

Дүйнө неге мынча таш боор курулган,
Кээде ыйлайсың тагдырыңа өпкөлөп.
Тамырларым, тууган жерден суурулган,
Тынбай сыздап ооруп жаным жеп келет.

Азыр мезгил атом менен жан алек,
Бул бир бүтпөс азап болду дүйнөлүк.
А биз эмне? Жай бир жаткан эл элек,
Эгин эгип, соко менен күн көрүп...»

**Сократ менен**

Өңүм тургай, түшүмдө да көрбөгөн,
Такыр чоочун бирөөнү,
Көз алдыма койду апкелип элесим.
Бирок анын тышкы түрү-түсүнөн
Бир оңтойсуз шартта турдум мен өзүм.
Батыналбай туруп, анан сурадым: –
Ким болосуз?
Кай тараптан келесиз?
А дегенде үшкүрүнүп алды да,
Да бир кадам жылды менин алдыма.
– Ээ, садага,
Сократмын мен эски,
Балким уккан чыгарсың,
Тарых деген илим болот эмеспи,
Музей окшоп, өткөндүн баарын сактаган?
А мен келем,  кулак угуп,
көз көрбөгөн жактардан,
Тагдырым сүйрөп алпарган
А дегенде, кадимки эле түрмөдөн,
Анан... тигил дүйнөдөн.
Жердин үстүн барып байкап келчи деп,
Мүрзөм мени аз убакка жиберди.

Тобоо кылам, арадан миң жыл өткөндө,
Көргөнүмө кайра айланып Күн, Жерди. –

Менин аң-таң болгонумду сезди да
Кайра сөзүн улады:
– Кээде турмуш байлайт акыл-эсти да,
Мен бир кезде адамдарга алдаткам,
Азыр эле моюндашып өбүшүп,
Анан союп кетүүчү,
Караңгыда чыга калып ар жактан.

«Аттиң ай, дейм ичимен,
Сан кылымга дүңгүрөгөн атагы,
Ушунчалык жаны көрктүү адамдын
Тышкы түрүн жаратууда табият,
Неге мынча кетирди экен катаны:
Мурду кетик,
Түйрүк эки эрини,
Толук жана сүмбө-сүйрү денеси,
Чабылбай да жонулбай,
Чала-була бүткөн өңдүү элеси.
Анан дагы аз келгенсип башкасы,
Башынын айт, ай тийгендей кашкасы…

Эски плаш, үстүндөгү кийгени,
А бутунда, жамаачылуу тапочка.
Баарынан да таң калтырган бир жери –
Азыр мени тиктеп турган көздөрдүн
Талаадагы жаккан оттой күйгөнү.
«Ошолор,– деп ойлодум,
Глобустай тегереткен дүйнөнү!».

Ошол кезде селт эткендей болду да,
Менин оюм тапкан өңдүү сүйлөдү:
– Сиз анчалык кысталбаңыз түрүмдөн,

Тан, калбаңыз үстүмдөгү кийимиме;
Мен турмушта болгом дайым ушундай,
Жүрө берип эмне түшсө ийиниме.
Чындыгында анча деле жакшы эмес,
Ыңтайлуубу, жокпу билбей өзүнө,
Кийим кийген башкалардын көзүнө.

Тирүү кезде жашоо сырын көп билдик,
Кийим деген – убактылуу көрк гана,
Сулуулук да –
Падышалык беш күндүк.
Кошорум бул дагы кийим жөнүндө:
Кээ адамдар жакшы киет атайы,
Жашырууга арамдыгын көңүлдө,–
– Билсем, деймин шарты келип турганда,
Дүйнөдөгү философдун баарынан
Акылман деп жалаң Сизди айтышат,
Аны дешип, бийик тагдыр даарыган...
Сиз өзүңүз буга кандай карайсыз? –
Сылык-сыпаа жооп берди ал буга:
– Ишенбеңиз,
Анын баары натуура.
Акылман деп бир гана
Мезгилди болот айтууга. —

Алдыртадан байкап турам мен аны,
Ойлуу, токтоо карашы.
Жанагы айткан сөзүндө
Турат канча кылым менен жарашуу!
Ал аңгыча окшоп кетти көзүмө,
Тапочкасы –
Бутундагы туягы,
Келген изин замандарга түшүрүп...
«Жүрөгүндө жалы барго, сыягы
Уя жасап алган бардык түшүнүк,

Бардык болгон чындыктын анык жарчысы,
Акылмандык соодагери Сократ!!»

– Кечириңиз, Сизден дагы бир суроо:
Сизге чейин философдор жүрүштү,
Айланчыктап жылдыздарды – обону.
Алга сүйрөп Сиз алардын илимин,
Апкелдиңиз жер бетине, оболу,
А дегенде адамды,
Адамдагы көз карашты, мүнөздү,
Табиятты, анын ички дүйнөсүн,
Ар тараптан Сиз изилдеп бердиңиз.
Кандай болду тапкан башкы белгиңиз?

– Түбөлкүлөр
            Көз ирмемге сыйгандай,
Бүт адамзат
            топтолгон бир адамга,
Ар бир адам өзүнчө
Дүйнөнүн бир кичиртилген нускасы.
Бирок чексиз,
            Кудум окшоп ааламга.
Ал чексиздик адамдын
Акылында – оюнда.
Ойлор жарайт,
            Жер шарын
            Алаканга азыр салып коюуга.
Андыктан ой,
Кетпөө керек жалкоо тартып, үргүлөп,
Ойгот аны,
Койбо такыр эркине,
Ар бир күнкү турмуш менен тур бүлөп,
Ал ошондо чыгат бардык көркүнө.
Берип дайым эркиндик
Оюу менен сезимге,

Аларды тек семиз баккан адамдын
Калат жалаң өз денеси эсинде.
Анан дагы эске алыңыз Сиз муну,
Ар адамдын ич дүйнөсү, мазмуну
Ачылмакчы өз дилинен өзүнө
Берген суроо-жооптору аркылуу.
«Жаман» десе, тилде өзүңдү, жазала,
«Жакшы» десе, алкагын да сыйлагын.
Бирок берген жообуңдун
Актыгына калыс турсун ыйманың.
Бул тууралу минтип айтат Киркегор:
«Өзүм сүйгөн достор менен курдаштан,
Эң кызыгы – өзүм экем, байкасам.
Таап чыгам жалаң гана чындыкты,
Өзүм менен өзүм жеке сырдашсам...»

– Коркосузбу бир нерседен Сиз дагы? –
– Өлүмдөн эмес,
Бир гана,
Ойлорумду догма кылып алыштан,
Өзүмдөн же шекший албай калыштан. –

Муну укканда кылт дей түштү эсиме,
Догма менен азыктанган түшүнүк,
Акыл курчун дайым колдон түшүрүп,
Жетелеткен эскиге
Сокур окшоп каларын,
Анда жалаң жанга тынчтык кааларын
Ачкан үчүн,
Сократты өлүмгө
Кыйган болчу билген замандаштары,
Жек көргөндөр,
Ал кездеги акыл-эстен, мезгилден,
Ою менен алга бир аз ашканды...
Ал догманын аяк жагын, учугун

Көрөм бүгүн бюрократ аттуудан,
Кайра куруу, айкындатуу учурун
Тартынбаган артка атайын тартуудан...

– Кастык менен ач көздүктүн айынан,
Жарык дүйнө коркунучта калды азыр,
Жер бүт кыйрап, адамзаттын уругу
Калбоочудай тап-такыр.
Буга кандай демексиз? –
– Анда такыр айрымаңар жок болмок,
Өз тукумун өзу жеген айбандан!.. –
Мени тиктеп, үнсүз бир аз турду да,
– Аттиң, – деди Сократ,–
Адамдарда кастык менен ач көздүк,
Биз менен бир кетерине ишенип,
Аны жерден жок кылуунун жолдорун
Философдор, бекер биз,
Изилдебей, жаңылышкан экенбиз.
А мен жүргөм: дүйнө алардан арылган.
Бирок, балам, ойлоп көр,
Жер тагдырын жеке силер чечкидей,
Жерде жалаң силер эмес, тирүүлөр.
Биз да барбыз, өлгөндөр.
Демек, такыр унутууга жарабас,
Акысын да, энчисин да арбактын!
Суроођузга жооп катар мен эми
Сократтын гимнин эске салмакмын:
«Биз дүйнөгө келебиз,
Түйүп эки муштумду,
Бүт баарысы меники,
Мен эч кимге бербейм!» деп,
Чаңырып ыйлап, чаң салып...
Биз дүйнөдөн кетебиз,
Айыптуудан беш бетер,
Алаканды кең ачып,

Карагыла, алганым жок эч нерсе,
Эч нерсенин кереги жок мага» деп…
Баары-баары эсине ала жүрүшсүн:
Берген эмес энчисине эч кимдин,
Бул дүйнөнү, жер үстүн!

**Жоголгон дүйнө**

Катуу кейип кайттым бүгүн форумдан.
Көз алдымда адамзаттын тукуму –
Жашоонун асыл дастаны,
Табияттын улуу, бийик ойлору,
Жердин бизге энелик ыйык сезими,
Баары-баары жаткансыды кордолуп,
Тебеленип-тепселип,
Адамды жек көрчүлөрдүн
Аягынын астында…
Жан далбастуу чыркырашы алардын,
Кулагымда туруп алды жаңырып.
Ар бир жолу чок баскансып таманым,
Ыргып турам, куурула түшүп заманым.
Анткен менен,
Жашоодогу жаңырууну, кыймылды,
Же андагы адам табиятынын
Кандайча болуп өнүгүп,
Кай багытта кетип бара жатканын
Байкай албас, аларга баа beралбас,
Же болбосо, ой менен чалгын чалалбас,
Сезими сенек жан эмесмин мен бирок.
Ошондуктан, булардын да сөзүнөн
Акыйкаттык табам мен:

Бизге түтпөй, көзөлдү асман түптөрү,
Анда оюлуп калган «Кара тешиктен»,

Коркунучтуу да бир өлүм тиктеди.
Ядро кышы калганыбы жакындап,
Карга көктө көп айланат каркылдап?...
Жүрүп жаткан ар бир атом сыноосу,
Асманга учуп, тонналаган чаңды алып,
Аны менен күндүн көзүн чылк чүмкөп,
Ал аңгыча куюн ойноп, от бүркөт,
Анткен сайын «солк» дей түшүп жер шары,
Да канчага ал түтөт?!

Барган сайын соолуп, калбай бараткан,
Кара тиги Байкал менен Аралды.
Же болбосо Ысык-Көлдү береги?
Алар үчүн болгон ким бар аралжы?
Адамзатка жок беле же кереги?!
Кайда барба, кайсы жерге токтобо,
«Ай адамым, аячы, жан соога?» деп,
Кулагында боздоп турган жер үнү...

Кээлер санап Хеопс пирамидасын –
Таштан бүткөн библия менен байыркы
Түшүнтүшөт жерде турмуш кыйрашын.
А башкалар Волдбен же Мерлинди
Барк-кадырга алып, эки миңинчи
Жылды айтышат, жок болот деп Жер, Күндү.
Айтор азбы «Асанкайгы» дегендер
Аш ордуна жалаң санаа жегендер...

Бирок менин келише албай турганым;
Боло туруп өзү адам,
Адам аттуу боордош бир тууганын
Өлүмгө ыраа кыйганын,
Калбагандай такыр эле ыйманы?
Макул дейли, анда жерде ким калат?
Же болбосо кайдан келет кишилер,

Алар жана «адилет», «калыс» атаган?
«Келет,– дешет,– башка планетадан».
Кайдагы планетадан?

Талашында ойлордун,
Качан көзүм илингени жок эсте.
Баары жарк-журк,
Баары тарс-күрс бир кезде,
Жаңырыкты жаңырыктар сүрөдү,
Асман кулап бир тийип,
Үзүлгөнгө окшоду жер жүрөгү.
Дүйнө түгөл кыйрады да,
Бүт пейзаждан калды жалгыз түн эле.
Аңгыча өрт,
Аалам өрт.
Чөп, суу, дарак, таш-кум атын алгандар,
Кыштак менен калаалар,
Кастык жана ач көздүк,
Арамдык, жүзү каралык
Баары аралаш күйүп жатты шатырап.
Жалаң өлүк, өрттүн гана дүйнөсү,
Крематорий дүйнөсү!
Жарыгынан айрылып,
Тозок отко куйкаланган куу дүйнө!
Трагедия маршы жатты жаңырып...
Өрттүн соңу жалын болду кып-кызыл,
Өзүн карай оп тарткан.
Жеткенсиди кечиккен бир ой арттан:
«Бул – Чернобыль!»
«Жок, бул – атом согушу!»
«Ядролук омницид!»
Болмок эле, болгон экен акыры.

Ал аңгыча жаап түшө баштады,
Айрык-айрык, үзүк-үзүк денелер,

Адамдардын колу, буту, көздөрү,
Жиликтердин сыныгы.
Аңгыча бир ыптама,
Да бир нерсе кулап түштү күрс этип,
Карай салсам, кыздын бир жак колу экен,
Жумуру, ак, назиктигин айтпагын!
«Ай аттиң ай бул кимдики болду экен?
Балким, менин сүйгөнүмкү болбосун?»
Билейин деп, сылап көрсөм акырын,
Муз менен таш жөн эле,
Чоочуп, кайра тартып алам колумду.
Кайда болсо учуп жүргөн далбактап,
Өлүмдүн кара канаты.
Жеңишин сезип ал бүгүн
Салтанаттуу өтө эле.
А мен мында куйкаланып баратам,
Ичте, тышта болгонумдун баарысы,
Күйүп бүтүп, кулап жатат күрс этип.
Кум ичинде токтогон тамчы суу окшоп,
Анда-санда жылт эте калат ойлорум:
«Тийген күндүн көзүн чукуп алдык да
Турмуш менен бир кошуп,
Сугундук элек, кулап кетти булк этип,
Өмүрү тоюп көрбөгөн биздин кулкунга...
Баягы Хиросимада,
Адамдарды атом жерден көтөрүп
Кеткен кезде булуттардан өткөрүп,
Эң акыркы жан далбасы алардын,
Калаадагы асфальттарда, дубалда
Мөөр болуп басылып калган дешчү эле,
Биз да ошондой болдукко?!»

Бир оокумда мезгил чарт деп үзүлүп,
Томуктай бир жер минип,
Зымырап кулап бараттым.

«Алпаратат мени тигил дүйнөгө?
Андай болсо, мен эмне үчүн тирүүмүн?
Капырай я, биз жек көргөн өлүмдүн
Колу кандай жумшак жана жагымдуу,
Анча деле кыйнабайт турбайбы?!
А каякта менден башка өлгөндөр?
Же бул жакта жүрөт бекен жалгыздан?

«Бейиш» болот, «Тозок», болот дечү эле,
Каяктамын мен азыр?
Атаң көрү, табият,
Адамына өмүрдү кандай аз берген,
Ортосунда башка эч нерсе жок сындуу,
Билем жалаң төрөлгөндү, өлгөндү.
Тирүүлүгүң болбогон бир дүйнө экен,
Алдамчы да, жалганчы,
Баарынан чоң арманым,
Үмүт алып келип турчу дайыма
Күндөрдү көрбөй калганым...
Эч болбосо жарык дүйнө менен да
Кош айтыша албадым,
Алааматта бул жалпы,
Эч ким ага,
Үлгүргөн да эместир?..

Көрсө, баары күтүлбөй келет турбайбы!
Муну ойлосом, каңырыгым түтөйт да,
Ичим жаман туз куйгандай ачышат.
Кайран дүйнө,
Кайран жарык,
Кайран жер!
Кыштактары, калаасы,
Жолдору менен дүңгүрөп,
Асмандагы Ай, Күнү,
Жылдызы менен шанданчу!

Кайда суулар,
Күр-шар түшүп, жээгин чайып жатуучу?!
Кайда жана гүл жамынган талаалар?!
Биз, адамдар, кенебей, сезбей олтуруп,
Бул өлүмгө жылып келген экенбиз.
Жашадык деп, бирок уктап жүрүпбүз,
Сезимди майга бастырып...»
Ал аңгыча аркамдан,
Кулагыма шаңк дей түштү ачуу үн.
«Эмине болуп кетти» деп,
Жалт бурулсам, о тобо,
Мүрзөлөрдөн тура-тура калышып,
Ач арбактар,
Жалаң сөөк денелүүлөр жыйналып,
Мени көздөй келатышат кезенип,
Шагырап сөөк колдор, сөөк буттар,
Көздөрү жок, көз ордунда оңурайган тешиктер,
Кагыраган куу баштар...

Ызы-чуудан араң угам сөздөрүн:
«Биз болсо, өлдүк ажалдан,
А силерге не болду?
Жер канакей, биз силерге калтырган?
Турмуш кана, биз силерге ишенген?»
Келатышат мени тытып жегени...
Качар жер жок,
Коргонууга арга жок,
Жалдырап коё беремин,
«Аягыла?»,
«Өлтүрбөгүлө ?!»
«Жан соога!»

Бир оокумда арасынан алардын,
Көрөм тааныш Сократты баягы,
Жан соогалап аны көздөй умтулам.

Ал суз карап, жактырбастан мындай дейт:
«Мен силерге атайылап эскерткем,
Напсиңерди тыйгыла,
Сак болгула өзүңөргө, жерге деп,
Бирок такыр албапсыңар аны эске...
Тартмакчыбыз ошондуктан биз сени
Каалагандай жазага!
Кана эмесе, кармагыла, алгыла!»

Жабалактап мени беттеп келаткан
Арбактардан коркконума чыдабай,
Эки көздү чылк жумуп,
Эңгиреп ыйлап киремин.
Ага берет, ага берет көз жашым.
Бир убакта карасам,
Дүйнө жүзү жалаң сууга айланган.
Эске кылт дейт:
Бул баягы «Акыр заман!», «Топон-суу!»
Мына эми сууга чөгө баштаймын,
Улам-улам төмөндөп.
Мойнумдан ашып, башыма жетип барат суу.
Энтигем,
Жан далбастайм,
Энтелейм...
«Өлдүм, кокуй!»

**Табылган дүйнө**

Ойгоном, чоочуп селт этип.
Көзүм ачсам акырын,
Тулку-бойдон көл-шал агып, тер кетип
Керебетте жатыпмын.
«О жараткан, көргөндөрүм түш окшойт!»
Ушул бир ой өттү жумшак терметип.

«Чынбы өңүм экени?»
Кармаласам кайра-кайра дубалды,
Өңүм экен! – Колум буга кубанды.
Ошол замат ыргып туруп ордуман,
Барып дароо терезеге жармашам.
Түндөн жаңы суурулуп,
Өзүн мага бергени сунуп келаткан,
Көлкүгөн алтын өңдөнүп,
Көтөрүлүп келатыптыр Күн жерден.
Денемден өтүп нурлары,
Ичимди бүт жарык кылып жиберет.
«Амансыңбы, кагылайын Күн Теңир!
Амансыңбы, жарыктын улуу булагы!
Түндө экөөбүз тең өлүп,
Кайра экөөбүз тең тирилген окшодук,
А сен аны сездиңби?
О, кызылдай асмандын каккан жүрөгү,
Кереметтүү көзү бүткүл дүйнөнүн!
Мага берген Кубанычыңды карачы!
Перзенттери турбайбызбы биз анын
Алтын төшүн ээмп жүрүп чоңойгон!
Эми мына көөдөнүмө ал толуп,
Жанган оттой күүлдөйт!
Турмуш мени жерге таштап ийди эле,
Кайра өзүнүн салды балбан ийнине...»

Токтоналбай тышка чыктым жүгүрүп.
Жерге кулап, жаттым ага жүгүнүп,
Өзүмкүндөй дөмпөйгөн
Маңдайына маңдайымды тийгизип,
Жыттап улам төшүнөн.
«Кандай бакыт,
Жер сен бар!
Анан дагы тирүүлүк!»
Баш көтөрүп карай салсам, алдымда,

Мени тиктеп тургансыйт бир тууганым –
Бала кезде биз аны,
«Төө тикен» же «Чогойно» деп койчубуз.
Кучагыма бекем кысып алам да,
Тикенектүү ээрдине,
Ээрдимди тийгизип,
Искеп кирем кооз гүлдөй теңдешсиз:
«Түндө тиги дүйнөдө
Калсаң эмне кезигип?!
Жатындашсың, экөөбүз бир бүткөнбүз
Жердин кайрат-күчүнөн,
Бирдигинен ава, суунун, жарыктын.
Мен да, сен да – жердин муун тамыры.
Сенин ушул турганыңды жактырам,
Индиянын жибегиндей шоодурап.

Бир учурда бир канча
Фонтанды көрөм мен сенден,
Шуулдап тынбай атылып,
Өлбөстүгүн дүйнөнүн,
Табийгаттын улуулугун даңктаган.
Сен өзүңчө күзгүсүң,
Жердин шары түгөл турган чагылып!..»
Ал учурда мээлүүн, назик, эрке жел,
Жатты аймалап бетимден,
Сүйгөнүмдүн илебиндей жыргатып.
Ар жагымда чөптөр ага термелип,
Дарактарда жалбырактар шуудурап,
Баары мага салам берип жатышты,
Малынгандай болду жаным жыргалга...

Көчөлөрдө тынбай зуулдап машина,
Өйдө-төмөн баскан-турган адамдар.
Бул дүйнөдө кыймыл кандай керемет!
Дөңгөлөктүн, аяктардын кыймылы,

Жүрөктөрдүн кагышы,
Айланышы кандын ар бир денеде,
Же болбосо
ойлордун канат сермеши!..
Адамдарга карайм канбай, суктанып,
Ого бетер денем жибип-эзилип.
Канча болсо адам тиги дарагында мезгилдин
Ошончонун баары – мен:
«Амансыңбы, адамдар,
Амансыңбы, жатындаштар – туугандар!
Кандай бакыт бул дүйнөдө бар болуу,
Силер менен бирге жашап, бир туруу!
Эмне болсо дүйнөдө
Баарын көрүп, бардыгына суктануу!
Же мээрман колун алуу турмуштун,
Минтип өзү турган сага сунулуп.
Мындан ары деле менин касым жок,
Бар тек гана жан кыйышпас досторум –
Жер бетинде жашап жаткан адамдар!»
Дүйнөнүн бүт көчөлөрүн кыдырып,
Ушуну айтып, ырдап жүрүп өткүм бар!

**Кыр белде**

Тушма-туш эки
Кылымдын аразатында,
Токумун албай,
Өрүшкө айдап атын да,
Олтурган сен ким?
Башыңдан бардык өткөнүн.
Келатат кошо,
Бөктөргөн окшоп артында?
Ойлуусуң өтө,
Шаттыктан көрө жүзүңдө

Көбүрөөк кайгың,
Эмне бар эси-дартыңда?
Чыккансың кайдан?
Башталган качан сапарың?
Бармаксың кайда?
Дүйнөнүн камы башыңда...
Замандар өттү,
Турнадай жазбай саптарын,
Көз жетпейт дале
Көчүңдүн аяк-башына,
Бир учуң менен
Космостон жатсаң унчугуп,
Бир учуң менен келесиң,
Үңкүрдөн жаңы сен чыгып...

Ырас, сен жалгыз дүйнөлүк улуу түзүлүш,
Аныңа күбө – миң жылдап өзүң жасаган
Жер көркүн ачкан теңдешсиз, асыл мурастар.
Аларда сенин генийлик даңкың жашаган.

Сен аны бүгүн сезгениң ыйык санашың,
Зоболоң болуп, тургансыйт күнгө жанашып.
Табият сага ыйгарган алгач кезинде,
Жер кудурети айланган акыл-эсине.

Олтурдуң ойлуу оозунда жаңы кылымдын,
Кайталап да бир түшүнүш үчүн өзүңдү,
Үн катпай тыңшап, кагышын жүрөк кылыңдын.
Санаттай чубап сага айтат жүрөк кылдарың:
Бийликтер кыйрап, замандар алга жылганын,
Сен гана калып, өжөрлүк менен ашканды,
Мезгилдин сансыз кыямат-ашуу кырларын.

Кылымга кылым үн каткан кезде өз ара,
Жаңырык келет, байыркы күчтөр доошундай.

Жан дүйнөң менен тартылган кезде сен ага,
Карааның кудум баатырлар курган кошуундай...

Бул турмуш өзү болсо эгер дарак дүйнөлүк,
А сенсиң анын бутагы тирүү күч берген.
Издейсиң максат, жыргалың үчүн түбөлүк,
Кыялың менен ойлоруң өткөн издерден.

Купуя сыры сымаптай жылма турмуштун
Ар келген күндүн өңүнөн дале байкалат...
Космоско жеттиң канаты менен миң куштун,
Байыркы бабаң Икардын салтын кайталап.

Учуруң жоктур үмүтсүз карап олтурган,
Учкундар сенде, кудайдын жаккан отунан.
Сенде тек болбойт чегинип калуу, чектелүү,
Дүйнөгө келдиң – изденип азап чеккени.

Албууттуу сенде жүрөктүн соккон добушу,
Аңгыча болбой, Жер үнү менен оошту.
Жер айтты: «Жап-жаш кылымга кантип
барасың,
Сендеги эски дүйнөнүн кирин, жарасын
Тазартпай туруп? Тазартыш үчүн күнөөңөн
Керектир мүмкүн Тозогу тиги Дантенин?
Антейин десем, жалгызым элең, – бирөө элең,
Кудай ай, сени тозокко берип кантейин?!»
Олтурдуң дагы ой менен болуп бир азга,
Тил каттың анан: «Жер-Энем сөзү ырас да:
Баары да болду –
Төрөлүү,
Өлүү,
Төрөлүү,
Мурзөгө толуп, бозорду канча жер өңү!
Далбастап шашып, Турмуштун кетип айласы,

Кан, жашка толуп, кай жакты беттеп акпады,
Кайгылуу, шаттуу турмуштун улуу дайрасы!
Бейтааныш, жаңы мезгилден чалдың кечүүнү.
Тындырбайт мезгил агымы эки жагыңдан,
Өңүрүн булкуп чапандын өзүң жамынган.

Олтурдуң ойлуу оозунда жаңы кылымдын,
«Сен өзүң КИМСИҢ?»
Сурооңо жообун туюнткан
Добушун тыңшап, кагылган жүрөк кылыңдын:
«Мейкиндик менен
Мезгилге тирүү көпүрө,
Бактыга канбас,
Байлыктын кулу түбөлүк,
Күнөөгө баткыч,
Ал үчүн жаны өкүнмө,
Бир көрсөң шаттуу,
Бир көрсөң бүркөө, түнөрүп,
Эртеңди эңсеп,
Үмүткө жаны тойбогон,
Өлүмдөн коркок,
Өмүргө дайым жазакер,
Акылдуу туруп,
Ажалы менен ойногон,
Күн менен эгиз,
Үзөңгү жолдош мезгилге,
Ааламды кесип,
Жарышкан ою-санаасы,
Дүйнөнүн күнү,
Наркы сен, АДАМ баласы!..»

Олтурдуң ойлуу, кол менен жөлөп башыңды,
Кыйрыңдын баары ой,
Өңдөнүп мөмө-жемишке,
Төгүлгөн бышып, дүкүйгөн бакта, жашылдуу...

Азаптуу минтип алпарчу жолуң жеңишке.
«Келатат,– дедиң,– кылымдын таңы атканы,
Кошулуп ага өмүрдүн даңкы арттагы.
Кулакта мына, дүбүртү чыгып жатпайбы?!
Жашоонун күчү эртеңи менен артпайбы!
Табынам ага, байыркы грек өңдөнүп,
Табынган КҮНГӨ –
Парнастын тоосу жактагы,
Ал жерге жаңы баш багып жаткан кезинде,
Тулкусу менен урунуп ууз сезимге!..»
Бул дүйнө толгон мазмунуң менен бир сенин,
Карасаң ачып, мезгилдин ар бир ирмемин,
Жарыгың анда жалтылдап жанып турганы,
Болсо да мейли, көзүндөй ичке ийненин…
Сезилип жондо шилтелген мезгил камчысы,
Сүйүүң сенин Ай-Аалам менен өлчөлөт,
Жер болсо анын каректей жалгыз тамчысы.
Таянган күчүң – акылдын калыстыгында,
Сен эмне десең бул дүйнө көндү ыгыңа.
Мейкиндик менен, кыйры же чеги болбогон,
Бараттың кетип, кылымдын жаңы нугунда,
Доордун колу аярдап жөлөп, колдогон...

**1988-жыл, Арашан – Фрунзе**

## МАЗМУНУ

**СҮЙҮНБАЙ ЭРАЛИЕВ** ........ 3

**ЫРЛАР**

*1947*

ЭНЕМЕ ........ 7
ЖҮГӨРҮ ........ 8
КЫРМАНЫМ ........ 8

*1949*

ЖАЙКЫ ТҮН ........ 9
ЧОЛПОН ........ 9
МЕКЕНИМ ........ 10
КАРАБА ........ 10
ЖАШТЫК ........ 10
ЖАШАЙ БЕРЕТ ........ 11
АТАЙДЫН ЭСТЕЛИГИНЕ ........ 12
БӨБӨК ........ 12
БИЙИКТЕ ........ 13

*1960–1969*

АЛА-ТОО ........ 14
ЫСЫК-КӨЛ ........ 15
ТОО СУУСУ ........ 15
АК-БУУРА ........ 16
ТЕРЕКТЕР ........ 17
ЭЛЕС ........ 17
САГЫНДЫМ ........ 17
ТООДОГУ КЕЧ ........ 18
КҮНДҮН ЖЕЛЕСИ ........ 19
СЕНИН МҮНӨЗҮҢ ........ 19
КЕЛЕСИҢБИ ........ 19
ЫРЫН УК ........ 20
ЖАЗ КЕЛЕМИН, КҮЗ КЕЛЕМИН ........ 20
ЖАЗ ........ 21
АЛАЙКУ ........ 22
СУЛУУ КӨРДҮМ ........ 22
ТҮШ ЖОРУУ ........ 23
КҮЛҮКТҮН ЧАБЫШЫ ........ 23
АКЫНДЫН ЭСТЕЛИГИНЕ ........ 25

СЕНИН ЭЛЕСИҢ ........ 25
ЭСТЕБИ ........ 26
КЕЛЕЧЕК ........ 27
МҮНӨТТӨГҮ ЖЫЛДАР ........ 29
КАНТКЕНДЕ? ........ 32
ЭСКЕРИП КОЙ ........ 34
ТОКОЙ ВАЛЬСЫ ........ 35
ИҢИР ........ 36
КИРИНИП ЖАТКАН КЫЗ ........ 37
КЫЗ КУУМАЙ ........ 38
КЫШКЫ БАЛЛАДА ........ 39
ЖАЗДЫН КЕЛИШИ ........ 42
ТОКОЙ УКТАЙТ ........ 44
КЫРГЫЗ ТОПУРАГЫНА ........ 45

*1970–1979*

ТООЛОР ........ 49
ЖҮЗ ЖЫЛДАР МЫНДАН КИЙИН ДА ........ 50
АДАМ ........ 51
КҮНДӨР ........ 51
АТА-ЖУРТ ........ 52
АЛА-ТОО МЕНЕН КЫРГЫЗДАР ........ 53
ЖЕРГЕ СЫЙЫНУУ ........ 54
ТООЛОР КҮЛӨТ ........ 55
КЫРГЫЗ ЖАНЫ ........ 55
БИР ГАНА ........ 56
ЭМНЕ БАР? ........ 57
ОШОЛ ЫРЛАР ........ 58
ТОО БАШАТЫ ........ 59
ЖЕЛ ТЕГИРМЕН СЫЯКТУУ ........ 59
КЫРГЫЗДЫН ИЗИН КАРАЙМЫН ........ 60
БИЗДИН АСКАЛАР ........ 61
ӨМҮР – ЖАЗУУ ........ 62
ТУРМУШ ӨЗҮ ........ 63
УУЛУМА ........ 63
САЛАМ АЙТ ........ 64
ЖАППА ЧАПАН ........ 65
ЖАНТАЙДЫН АЙТКАНЫ ........ 66
ОЙ ЖӨНҮНДӨ ........ 68
ЫСЫК-КӨЛ МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ ........ 69
КАЙДАСЫҢАР ........ 70
ЭҢСӨӨ ........ 71
КОЁ ТУР ........ 72
КҮҮ ........ 72
АТАЙДЫН КОМУЗУ ........ 73

ЖООМАРТ ........................................ 74
КҮЗГҮ ДАРАК ........................................ 75
ТҮН ЖАТАТ ........................................ 76
ЖАЙ ТҮНҮНДӨ ........................................ 77
САГЫНУУ ........................................ 77
БИЗ ЖАШАГАН КАЛААДА ........................................ 78
СЕНИН КҮЛКҮҢ ........................................ 79
СЕН ЖАНА МЕН ........................................ 79
КҮҮ ЭЛЕК ........................................ 80
ТҮШҮНСӨҢ ........................................ 81
БИР СӨЗГӨ ЖОЛ ИЗДЕГЕНИМ ........................................ 82
ЖАЙДЫ ЭҢСӨӨ ........................................ 82
ЖАШТЫК ........................................ 83
КУУГАНДЫДАГЫ ТҮН ........................................ 84
СОГУШТА ЖҮРҮП БИР УБАК ........................................ 86
ФРОНТКО ЖАКЫН ЖОЛДОРДО ........................................ 87
АТАКАДА ........................................ 88
ОКОПТО ........................................ 89
КАТ ........................................ 89
КАРКЫРАЛАР ........................................ 90
БИР ТУУГАН ........................................ 92
КАН ЖАНА КАР ........................................ 94
БИР УУЧ ТОПУРАК ........................................ 94
КУБАТААЛЫ АЛИЕВ ........................................ 96
КЕЧИРИШСИН ........................................ 97
КЫЗЫЛ БРИГАДИР ........................................ 97
КҮНГӨ ЭСТЕЛИК ........................................ 101
ЖООШ КАЙЫҢДАР ........................................ 103
АВТОМАТЧЫ ЛОМИДЗЕ ........................................ 104
АЛГАЧ ........................................ 104
ЭС АЛУУ МААЛЫНДА ........................................ 105
БАТКЕНДИК ........................................ 106
МЫНДА ДА БИР САКТАДЫҢ ........................................ 107
СОГУШТУН БИР КЕЧИНДЕ ........................................ 108
ФИЛОСОФ ........................................ 109
РЯЗАНЬ ГОСПИТАЛЫНДА ........................................ 110
ҮЙДӨН КАБАР ........................................ 112
ЭНЕ ........................................ 113
БЕРЛИНГЕ БАРА ЖАТКАНДА ........................................ 116
ЖЕҢИШ ЖӨНҮНДӨ ........................................ 117
ЖЕТИ-ӨГҮЗ КУРОРТУНДА ........................................ 117
СЕСТРА ........................................ 119
АВТОБУСТАР ........................................ 120
АДАМ ЖАНА БАКЫТ ........................................ 129
АЙТЫШАТ ........................................ 130
МЕН – КЫРГЫЗМЫН ........................................ 130

БАШ КАЛАА ........ 131
ЖАНЫМ КУРСАНТ ........ 132
БҮБҮСАРА ........ 133
АЗООЛОРДУН ҮЙРҮ – КӨЛ ........ 135
ЫСЫК-КӨЛДӨ ЭМНЕ БАР ........ 136
ӨМҮРГӨ ........ 138
ЖАЙЛООДО ........ 138
УКРАИН ЖЕРИ ........ 139
ДОНЕЦ БОЮНДА ........ 140
КУШТАР ЖОК ........ 142
БОЗ АТЧАН ........ 142
АТТЫН ЫЙЫ ........ 145
КӨРӨР КҮНҮМ... ........ 147
ӨЗҮМ ЖӨНҮНДӨ ........ 147
КОЛДОЙГӨР ........ 148
МЕН – ТООЛОРДУН УУЛУМУН ........ 149
ЖАЗ ........ 150
ӨЛБӨЙТ ........ 151
МЕНДЕ СҮЙҮҮ КӨП БОЛДУ ........ 151
КЫЗ БАРАТАТ ........ 152
КӨЗ КАРАШЫҢ ........ 153
КҮЙГӨН ........ 153
СЕН ОЛТУРГАН АВТОБУС ........ 154
БИЗДИН ТАЗА СЕЗИМГЕ ........ 155
БИРИ КЕМ ДҮЙНӨ ........ 156
АДАМДЫН КӨҢҮЛҮ ........ 157
КҮЗӨТТӨ ........ 157
УЙКУ – ЖОО ........ 158
АЛТЫН БАРАКТАР ........ 159
ЖАНЫМ ТЫНБАЙТ ........ 160
ЖЕРГЕ СЫЙЫНУУ ........ 160
СҮРӨТ ........ 161
КЫЗЫЛ ЖООЛУКЧАН ........ 162
ЖАЛБАРУУ ........ 163
АЛЫСКЫ КЫШТАКТА ........ 163
ЭНЕ ........ 164
КЫЗДАРЫМ ........ 165
БИРДЕЙСИҢ ........ 166
КЫЗ УЗАТУУ ........ 166
КАМГАКТАР ........ 167
КАЗАК ТУУГАНГА ........ 168
ТООЛОР ОКШОЙТ ........ 169
ӨЛҮМ ЖӨНҮНДӨ ........ 171
КАР ЖААП ЖАТАТ ........ 172
ЖАША ЖАЗ ........ 172
КАНЫКЕЙДИН КӨЗ ЖАШЫ ........ 173

ТАГДЫРЫМА ........ 177
АЙЫЛЫМ ........ 178
ЖАШ ЧАГЫМ ........ 179
БИЛЕМИН ........ 180
ЭТЮД ........ 181
АҢЫЗДА ........ 182
КҮТТҮ ЭЛЕК ........ 183
АТТИҢ АЙ ........ 184
ЖЫЛКЫЧЫНЫН ЫРЫ ........ 184
СЕН БАР ҮЧҮН ........ 185
ЖАЗ КЕЛДИ ........ 185
ДАЛЕ ........ 186
МЕЗГИЛ КАЛАТ ........ 187
КАСЕИН ДУБАНАДАН ........ 188
КУТ БОЛСУН ........ 188
МАГА КЫМБАТ ........ 189
КАРАП КАЛ ........ 189
БИЗДИН СУУЛАР ........ 190
СЕБЕБИМ ........ 191
КУБАТ БЕР ........ 191
ҮЧ КОШОЙДО ........ 193
АПРЕЛДЕ ........ 193
АБА ЫРАЙЫ БИЗДЕГИ ........ 194
ЭМЕСПИ ........ 194
БАРА ЖАТСАМ ........ 195
ЧЫҢГЫЗГА ........ 195
А СЕН КЕЧИР ........ 196
ЖЕҢИШ ЖӨНҮНДӨ ........ 197
ЭНЕЛЕР ........ 198
АВГУСТТУН БИР ТҮНҮ ЭЛЕ ........ 199
КУБАНАМ ........ 200
УКТАГЫЛА ........ 201
ТААРЫНБА ........ 203
МЕЙЛИ ........ 204
КӨПҮРӨ ........ 205

*1980–1989*

ЖАНА БЕРЕТ ........ 206
МЕЗГИЛ ЖӨНҮНДӨ ........ 207
АЛЫКУЛ ........ 208
КАРЫЛАРДЫН КҮЙГӨНҮ ........ 210
БИР КАТТАН ........ 211
ДАРТ ........ 212
КЫШТАКТА ........ 213
ӨТӨТ ........ 213

ЭНЕНИН КОЛУ ........ 214
ЖАШАГЫМ КЕЛЕТ ........ 215
КАЛСАЧЫ ........ 216
ТАБИЯТ ЭКӨӨБҮЗ ........ 217
КАРЫШКЫР ........ 218
ЭСКИ ЫРЛАР ........ 218
СҮРӨТ ........ 219
СӨЗ ЖӨНҮНДӨ ........ 221
МИДИН ........ 221
ФРУНЗЕМ ........ 223
МАНАСТЫН КҮМБӨЗҮ ........ 225
РАЙКАН ........ 227
БЕЛГИСИЗ МАНАСЧЫГА ........ 227
ЖАЙЛОО ЭЛЕСИ ........ 228
БАЙБИЧЕМИ КҮТКӨНДӨ ........ 229
АК-БУУРА БОЮНДА ........ 230
ТИГИЛ ТООЛОР, БУ СУУЛАР ........ 232
ЖУСУП ........ 232
АРНОО ........ 234
СИЛЕР КАЙДА ........ 236
МУКАЙДЫН АВТОГРАФЫ ........ 237
ЫРЛАРЫМА ........ 239
ТҮНКҮ ОТТОЙ ........ 239
МӨӨНӨТ ........ 240
ИШЕНИМ ........ 240
ЖАШААР ЭЛЕМ ........ 241
АКЫН ЖОЛУ ........ 241
ИЮЛЬ АЙДА СОҢ-КӨЛДӨ ........ 242
КАЙЫҢДАР ........ 242
ТУРМУШ АЙТАР ........ 243
ЭСКИРБЕСКЕ БАРАСЫҢ ........ 243
АЙРЫБАСЫН ........ 244
ГЕТЕ ........ 244
ТОКТОГУЛ ........ 245
ТАГДЫР ........ 246
ЦЫГАНДАР ........ 247
КУР-ТАШ АСКА ........ 247
САЛГЫЛАШТА ........ 248
БИЗ – ВЕТЕРАНДАР ........ 248
ҮҢСҮЗ ЖАҢЫРЫК ........ 249
КЫПЧАКТАР ........ 249
ЮЛИЙ ЦЕЗАРЬ ........ 250
СОКРАТТЫН ЖООБУ ........ 251
ЭҢСӨӨ ........ 252
ҮРӨҢ-БАРАҢ ........ 252
ЖАМГЫРДАН КИЙИН ........ 253

АЧ ТАЛАА ........ 253
АЙЫЛДА ........ 254
МЕНИН ЖАНЫМ ........ 255
СУРАНУУ ........ 256
ӨТКӨНҮМӨ ........ 256
АК ТАҢДАР ........ 257
АЙ АСМАНДА ........ 258
ТҮШҮНҮП КОЙ ........ 258
СӨЗ КАЛАТ ........ 258
УНУТТУҢБУ ........ 259
ОШОЛ БОЙДОН ........ 260
ФРУНЗЕДЕ КҮН АПТАП ........ 260
ОРУС БИЙИ ........ 261
САЯПКЕР ........ 263

*1990–1999*

ЖАҢЫ КҮН ДАБЫШТАРЫ ........ 265
ЖОГОТТУМ ........ 265
СҮЙҮҮ ДЕГЕН ........ 266
БИЛБЕЙМ ........ 266
«АТА-БЕЙИТ» БАШЫНДА ........ 267
СЕНИН ТЕРЕЗЕҢ ........ 270
А... ГА ........ 270
ДЕМОКРАТИЯ ........ 271
ИЗДЕП КЕЛЕМ ........ 272
САНАРКОО ........ 272
ООР ДАГЫ ........ 273
ТААРЫНГАНДА ........ 273
ШЕКЕР АЙЛЫНА ........ 274

*2000–2006*

ЭҢ ОБОЛУ СӨЗ БОЛГОН ........ 275
АЛТЫН ЖЕР ........ 276
ЖАШАР ЭЛЕК ........ 276
ЫР ЖАЗАРДА ........ 278
ӨЛҮМ ТУУРАЛУУ ........ 278
ТАҢДА ........ 279
БИЗДИН МЕЗГИЛГЕ ........ 279
ӨЗҮМ ЖӨНҮНДӨ ........ 280
УЧУР ЫРЫ ........ 281
АЙ КИМ БИЛЕТ ........ 282
САГА АРНОО ........ 282
АК ШУМКАРЫМ ........ 283
КЕСИБИМ ........ 284

**ПОЭМАЛАР**

АК МӨӨР ........................................ 286
УЯҢ ЖЫЛДЫЗДАР ........................................ 421
ЖЫЛДЫЗДАРГА САЯКАТ ........................................ 431
ЖОЛ ........................................ 453
АК ЖЫТТАР ........................................ 489
ЫСЫК-КӨЛ ЛЕГЕНДАСЫ ........................................ 498
МЕЗГИЛ ВОКЗАЛЫ ........................................ 515
ЖАҢЫЛ МЫРЗА ........................................ 526
КОШОЙДУН ЖЕРИ ........................................ 556
КЕСИРИНСАН ........................................ 581

*Адабий-көркөм басылма*

«Окурмандын китеп текчеси» сериясы

31-том

# СҮЙҮНБАЙ ЭРАЛИЕВ

*Тандалган чыгармалар*

Түзгөндөр: *Акматалиев А., Кадырманбетова А.*
Тех. редактор: *Өмүров Б.*
Корректор: *Кадырманбетова А.*
Компьютердик калыпка салган: *Тилекматова Н.*

Терүүгө 06.06.2018. берилди. Басууга 17.07.2018. кол коюлду.
Кагаздын форматы $60x84^{1}/_{16}$.
Көлөмү 39,5 б.т. Нускасы 500. Заказ № _____.

---

**«Турар» басмасында басылды.**